**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН К. ДЫЙКАНБАЕВ АТЫНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

Диссертациялык кеңеш Д.23.15.508

Кол жазма укугунда
УДК 327.27(575.2)(043.3)

**ИБРАХИМ КОНЖАК**

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ МАМИЛЕЛЕРГЕ САЯСЫЙ АНАЛИЗ (ПОЛИТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ КЫРГЫЗСКО-ТУРЕЦКИХ ОТНОШЕНИЙ В ПЕРИОД НЕЗАВИСИМОСТИ)

Адистиги: 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар

Саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

Илимий жетекчиси: саясий
илимдердин доктору,
профессор Жоробеков Ж. Ж.

Бишкек – 2015

# М А З М У Н У


КИРИШҮҮ ………………………………………………….. 3-11

1-бап. БОРБОРДУК АЗИЯ-ТҮРКИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН АРАСЫНДАГЫ САЯСЫЙ МАМИЛЕЛЕРДИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АНЫН ӨСҮШ ДИНАМИКАСЫ .................................................... 12-66

§ 1. Постсоветтик Борбордук Азия жана Түркия ортосундагы саясый мамилелерди илимий анализге тартуунун негизги булактары ……………………………………………… 12-42

§ 2. Постсоветтик Борбордук Азия-Түркия мамлекеттеринин дүйнөлүк геосаясый кызыкчылыктардан алган орду жана ролу ……..................................................... 42-66

2-бап. КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ САЯСЫЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЭВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА ЭКИ ЖАКТУУ КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ӨЗӨКТҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ …............................................. 67-129

§ 1. Саясый-экономикалык өнөктөштүктүн негиздери, сырткы соода жана инвестиция ……........................................ 67-90

§ 2. Маданият жана билим берүү жаатындагы кызматташтыктар ..................................................................... 90-129

3-бап. МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК САЯСЫЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН АЙРЫМ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ МҮМКҮНДҮКТӨРҮ …………………………………………… 130-171

§ 1. Эки тараптуу кызматташтыктагы айрым көйгөйлүү маселелер ........................................................................ 130-157

§ 2. Кыргызстан жана Түркия: өз ара алакалардын келечеги ………………………………………………….…… 158-178

КОРУТУНДУ ………………………..………………… 179-183

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ .. 184-214

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Заманбап доорго мүнөздүү болгон ааламдашуу (глобализация) процессинин, ошондой эле цивилизациялар аралык өз ара алака (контакт) менен геосаясый карама-каршылаштыктардын шарттарында түрк тектүү элдер менен мамлекеттердин этномаданий жана коомдук-саясый мамилелерин илимий анализге тартуу өтө маанилүү маселелердин катарына кирет десек жаңылышпайбыз.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы Түркия менен Кыргыз Республикасынын өз ара алакаларында, алардын тышкы саясый мамилелеринде маанилүү өзгөрүүлөр менен коштолгон тарыхый кесинди деп баалоого толук болот.

Биринчиден, кеп болуп жаткан өлкөлөр ортосундагы өз ара мамилелердин мүнөзү орчундуу өзгөрүүгө дуушарланып, маңыздуу жаңылануларга кириптер болууда.

Экинчиден, эл аралык мамилелердин жалпы тарабынан кабыл алынган принциптерине таянуу менен Түркия да, Кыргыз Республикасы да өз ара алакалашуунун борборуна улуттук-мамлекеттик, геосаясый, стратегиялык жана экономикалык кызыкчылыктарды коюшууда.

Үчүнчүдөн, тарыхтын кылымдарга созулган мезгил аралыгында Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы өз ара алакалар дээрлик болбой, болсо да өтө солгун маанай күтүп келсе, көз карандысыздык жылдар ичинде эки өлкөнүн саясый диалогу кескин активдешип бара жатат. 1991-жылы Түркия биринчилерден болуп Кыргыз Республикасын көз карандысыз мамлекет катары тааныган, ал эми 1992-жылдын февраль айында Бишкекте Түркиянын Кыргызстандагы элчилиги ачылган. Ошол мезгилден тарта Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык, маданий жана саясый кызматташтык орноп, ал күн санап алга карай өнүгүүдө.

Төртүнчүдөн, XX кылымдын 90-жылдарынын 1-жарымында Кыргызстанда демократиялык принциптер менен базар экономикасына таянган

либералдуу жана экономикалык реформалар болуп өткөн. Кыргызстандын базар экономикасына таянган чарбасынын өнүгүүсүндө Түркия мамлекетинин да үлүшү, салымы зор.

Бешинчиден, эки мамлекеттин кызыкчылыктарына тиешеси бар айрым эл аралык көйгөйлөр (проблемалар) боюнча мамлекеттер аралык кызматташтыктын механизми түзүлгөн.

Жогоруда сөз болгон жаңы тенденциялар эки жактуу мамилелерди жакшыртууга көмөк берип, узак мөөнөттүү жана стратегиялык мүнөз күтөт деген жакшы ниетке олуттуу негиздер бар.

Ошол себептен түрк тектүү жана түрк тилдүү эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин өнүгүүсү менен жакшырышы эки өлкөнү тең кызыкдар кылган эки тараптуу процесс болуп саналат да, аталган мамлекеттердин стратегиялык милдеттерин аныктоо зарылдыгын жаратат. Эки жактуу мамилелерге тигил же бул маанайдагы оң же терс таасирин тийгизген социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн ар кыл мүнөздөгү объективдүү жана субъективдүү факторлорун илимий анализге тартуу да илимий иштин актуалдуулугун жаратат.

Аталган эки өлкөнүн тарыхын, андагы саясый жана экономикалык мамилелер жөнүндө бул мезгилге чейин кээ бир окумуштуулар изилдөөчүлөр тарабынан айрым бир пикирлер айтылып, кепке алынганы болбосо, терң изилдөөгө алган илимий иштин жоктугу да теманын актуалдуулугун шарттап турат.

Диссертациялык иштин алкагында көз карандысыз мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерге жана социалдык-экономикалык маселелерге терең изилдөө жүргүзүлүп, аларды илимий анализдөөдө коюлган милдеттерди өз деңгээлинде ачып берүүгө аракеттер жасалды.

**Изилдөөнүн предмети** болуп кыргыз-түрк мамилелеринин калыптануу жана өнүгүү процесстери, эки мамлекеттин ортосундагы эки жактуу жана көп жактуу деңгээлдердеги өз ара алакалардын азыркы абалын, динамикасын,

келечегин калыптандырган негизги факторлор, Кыргыз Республикасы менен Түркиянын өнөктөш (партнердук) жана шериктеш (союздаш) мамилелерин калыптандыруу менен тыгыз байланышкан саясый жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн бүтүндөй бир комплекси алынды.

**Иштин хронологиялык чектери** 1991-жылдын 31-августунан баштап бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди өз ичине камтыйт. Кыргыз-түрк байланышынын калыптанышы менен өнүгүшүндө бул мезгил кесиндиси Кыргыз Республикасы менен Түркия көз карандысыз өнөктөштөр (партнерлер) катары доордун ар кыл факторлорунун таасири астында ар кандай трансформацияларга туруктуу түрдө дуушарланып турган эл аралык мамилелер системасында өз мамлекетинин орду менен ролун аныктоо жана кайра карап чыгуу менен байланышкан өтө маанилүү учур болуп саналат.

**Изилдөөнүн принциби.** Көз карандысыз мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый жана социалдык-экономикалык маселелерди жана алардын келечегин аныктоодо изилдөөнүн принциби катары саясый илимдердеги теориялык түшүнүктөргө, аталган эки мамлекеттин саясый жана экономикалык маселелерин изилдөөгө алган же болбосо, илимий эмгектеринде бул маселе тууралуу кандайдыр бир деңгээлде сөз кылган белгилүү саясатчылардын ойлоруна, көз караштарына таянуу менен бул эки мамлекеттин ортосундагы саясый жана социалдык-экономикалык маселелерди жана алардын келечегин изилдөөгө алып, ачып берүүгө аракет жасалды.

Иштин жүрүшүндө изилдөөнүн **негизги объектиси** катары көз карандысыз мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый жана социалдык-экономикалык маселелер алынды.

Изилдөөнүн **методологиялык негизин,** биринчиден, көз карандысыз мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый жана социалдык-экономикалык маселелер жөнүндөгү илимий эмгектер, маанилүү ой-пикирлерин, көз караштарын билдирип кеткен окумуштуулардын пикирлери, илимий эмгектери, илимий монографиялар жана илимий макалалары түзөт. Экинчиден, аталган эки мамлекеттин саясый жана социалдык-экономикалык

маселелерин изилдөөдө экономика жана саясый илимдердин негизги жоболору негизги кызмат өтөйт. Үчүнчүдөн, саясый илимдерде калыптанган илимий жыйынтыктар, белгилүү саясатчылардын илимий эмгектери көз карандысыздык мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый жана социалдык-экономикалык маселелерди аныктоодо пайдаланылат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Тема Кыргыз Республикасынын мамлекеттик программасына, о.э. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин саясат таануу кафедрасы менен Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институтунун (ИИМОП) эл аралык мамилелер факультетинин тармактык программасынын планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Иштин негизги максаты болуп көз карандысыздык жылдар ичинде Кыргызстан-Түркия ортосундагы социалдык-экономикалык мамилелердин, алардын ичинде соода, инновациялык, инвестициялык жана билим берүү чөйрөлөрүндөгү проблемалар менен мүмкүндүктөрдү илимий негиздөө саналат.

Коюлган максатка жетүү төмөнкүдөй бир катар маанилүү милдеттерди чечүүнү шарттайт:

- Постсоветтик Борбордук Азия жана Түркия ортосундагы саясый мамилелерди илимий анализге тартуунун негизги булактарын аныктоо;
- Постсоветтик Борбордук Азия-Түркия мамлекеттеринин дүйнөлүк геосаясый кызыкчылыктар менен зарылдыктардан алган ордун жана ролун тактоо;
- Кыргызстан-Түркия мамлекеттери аралык саясый-экономикалык өнөктөштүктүн негиздерин, сырткы соода жана инвестицияны иликтөө;
- Маданият жана билим берүү жаатындагы кызматташтыктардын өзгөчөлүктөрү менен багытын тастыктоо;
- Эки тараптуу кызматташтыктагы айрым көйгөйлүү маселелердин себеп-натыйжасын жана чечилүү жолдору менен мүмкүндүктөрүн аныктоо;

- Кыргызстан жана Түркия мамлекеттеринин өз ара алакаларынын келечегине аналитикалык талдоолорду жүргүзүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары көз карандысыздык жылдары ичинде Түркия менен Кыргызстандын өз ара алакаларынын мисалында аталган мамлекеттердин ортосундагы саясый мамилелердин калыптанышы жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн ар кыл мүнөздөгү объективдүү жана субъективдүү факторлорун илимий анализге тартууга карата алгачкы аракет жасалган. Ошондой эле бул анализ менен мындан аркы илимий талдоону мүмкүн кылган теориялык базаны өнүктүрө алат. Мындан сырткары, изилдөө ишинде Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы эки жактуу кызматташтыкты жаңыча баалоону жана аларга илимий талдоону мүмкүн кылган бир катар документтер менен башка булактар илимий булак катары пайдаланылды.

**Диссертациялык иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөө ишинин материалдарын, тыянактарын жана натыйжаларын илимий-теориялык жана практикалык деп аталган эки негизги деңгээлде баалоого болот.

Иштин илимий-теориялык мааниси берилген диссертацияда иштелип чыккан методологиялык жоболор менен алынган корутундулар изилденип жаткан маселенин социалдык процесстердеги мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тенденцияларында, аталган маселени анализге тарткан гуманитардык илимдердеги ар кыл көз караштарды тең салмактоодо турат. Иштин корутундулары менен тыянактары көз карандысыздык жылдар ичинде Кыргызстан-Түркия мамилелериндеги социалдык жана экономикалык проблемалар менен мүмкүндүктөрдү түшүнүү менен байланышкан маселелерди келечекте илимий талдоого тартууга, мамлекеттер ортосундагы социалдык-экономикалык кызматташтыкты активдештирүүнүн социалдык-саясый жана экономикалык стратегияларын иштеп чыгууга негиз боло алышат.

Диссертациянын практикалык мааниси анын натыйжаларын кыргыз-түрк мамилелеринин негизги багыттарын, динамикасын, артыкчылыктарын

(приоритеттерин) андан ары чыңдоо, мамлекеттер аралык өз ара кызматташтык менен өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн колдонуу менен тыгыз байланышкан. Жалпысынан диссертант тарабынан сунуш кылынган теориялык жоболор менен корутундулар мамлекеттер аралык өз ара кызматташтык менен өнөктөштүктү өнүктүрүү чөйрөсүндө айрым олуттуу чечимдерди кабыл алуу ишинде Кыргыз Республикасы менен Түркиянын мамлекеттик жана коомдук структуралары тарабынан колдонула алат. Изилдөөнүн натыйжаларын саясат таануу, эл аралык мамилелер, социалдык философия, этносоциология, этнопсихология, этноконфликтология боюнча лекция окуу жана окуу китептерин даярдоо процессинде, ошондой эле мамлекеттер аралык конкреттүү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү прогноздоодо жана анализдөөдө пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.** Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде төмөнкүдөй корутундулар коргоого сунуш кылынат:

1. Көз карандысыздыкка ээ болгон алгачкы жылдардан тартып эле Түркия Республикасы менен СССРдин курамына кирген түрк тектүү мамлекеттердин, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын ортосундагы тышкы саясый ишмердүүлүктүн негизги багыттары белгиленип, түрк тектүү өлкөлөрдүн эл аралык мамилелер системасындагы орду менен ролун аныктоо процесстери тынымсыз өнүгүп турган.

2. Борбордук Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттерде орун алган “күч боштугу” тууралуу жаңылыш көз караштар Советтер Союзунун учурундагы “темир парда” саясатынан жана Батышка таандык илимий адабиятта бул чөлкөм тууралуу жетиштүү маалымат болбогонунан улам келип чыккан. Маалыматтын жетишсиздигинин натыйжасында Түркия дагы бир катар иш-аракеттерде ийгиликке жете алган жок. Айтсак, 1992-жылы өткөн түрк тилдүү мамлекеттердин башчыларынын жолугушуусунда Түрк орток рыногу өңдүү түркиялык сунуштар Казакстан баштаган көптөгөн Борбордук Азия өлкөлөрү тарабынан колдоого алынган эмес.

3. 1991-2014-жылдар арасында эки өлкө ортосунда бир топ өтө маанилүү келишимдерге кол коюлуп, эки тараптуу дипломатиялык байланыштар түптөлүп, өнүгүүдө. Байланыштардын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө

- мамлекеттүүлүктө лидерлердин орду менен ролунун чоң болушу,
- Түркиянын тышкы саясатында Борбордук Азия өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргызстандын өзгөчө орунга ээ болушу сыяктуу көптөгөн факторлор зор роль ойноп, эки тараптуу байланыштардын чыңдалышына салым кошкон.

4. Борбордук Азия мамлекеттерине, алардын ичинде, Кыргызстанга карата Түркия өзүнүн жумшак күч (мягкая сила) саясатын абдан сабаттуу ишке ашырып жаткандыгын баса белгилөөгө болот. Бул саясат кичинекей кадамдарды жасоо аркылуу улам күч алып жаткандыгын Кыргызстандагы түрк билим берүү мекемелери айгинелеп турат. Бул жаатта Орусия жумшак күч саясатын турмушка ашыруунун алгачкы кадамдарын эми гана баштап жаткандыгын эске алсак, анда Түркия бул чөйрөдө бир топ жемиштүү ийгиликтерди жасап койду жана келечекте да жасай алмакчы деген пикирдебиз.

5. Окумуштуулар арасында талашты жаратып келсе да, өз ара студенттерди алмашуу программалары канчалык пайдалуу болгону менен бул программалар Кыргызстанда түркиялык тарап жагынан ачылган мамлекеттик жана жеке менчик окуу жайларындай таасирдүү боло албайт деген пикирди жактайбыз.

6. Азыркы күндө Түркияда окуган Кыргызстандын жарандары, Кыргызстанда окуган Түркиянын жарандары мамлекеттик жана жеке менчик тармакта эмгектенип, өлкөлөрдүн ортосундагы байланыштарды чыңдоого өз салымдарын кошууда. Эки өлкөнүн маданий көпүрөлөрүнүн курулушунда ЖОЖдорду бүтүргөн адистер зор салым кошуп жаткандыгын өзгөчө айырмалап көрсөтүүгө болот. Кыргызстанда да, Түркияда да ийгиликтүү чарба жүргүзүп жаткан ишканалардын, мекеме уюмдардын айрым жетекчилери ушул бүтүрүүчүлөр экенин айтууга болот. Ал тургай, Орусияда чарба жүргүзүп

жаткан түрк ишканаларында дагы Түркиядагы же Кыргызстандагы түрк окуу жайларын бүтүргөн адистер эмгектенишээрин белгилей кетүүгө болот.

7. Экономикалык жана социалдык маанайдагы көйгөйлүү маселелерди жаап жашыруунун ордуна аларды илимий деңгээлде изилдөө жана себептерин таап, маселени оң жагына чечүү эки тараптуу мамилелердин келечеги үчүн зор мааниге ээ. «Импаш Холдинг» компаниясы жана «Ак-Кеме» мейманканасы өңдүү көйгөйлүү маселелердин кайталанбашы үчүн мамлекеттик жетекчилер жана ишкана жетекчилери укуктук базаны чыңдоо, материалдык жана укуктук инфраструктураны калыптандыруунун үстүндө иштөөгө тийиш. Бул процессте келишимдер рационалдуулукка негизделип, үчүнчү өлкөлөрдүн тынчын албай турган формада болууга тийиш. Кол коюла турган келишимдерди жана колдонулган саясый иш-аракеттерди даярдоодо мамлекеттик кызматкерлер, бейөкмөт уюмдар жана илим тармагындагы адистердин көз караштарын эске алуу зарыл.

8. Түрк тилдүү мамлекеттердин ортосунда чек ара, суу өңдүү маселелерден улам экономикалык интеграциянын жоктугу Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык жана соода мамилелеринин өнүгүшүнө тоскоол болууда. Андыктан, аталган эки өлкө тең келечекте курулуучу аймактык интеграцияны колдоп келүүдө. Бирок, тилекке каршы, азырынча бул маселе чечилбеген бойдон калууда. Көйгөйлүү маселелерди четке кагуу саясаты мезгил мезгили менен өзгөрүп тургандыктан, же кечигүү менен чечилгендиктен, туруктуу түрдө болбосо дагы, бир катар маселелерди аңдап түшүнүү жана эки өлкө жетекчилеринин бул маселелерди келечекте жоюуга кызыкдар экени баарыбызды жакшы жакка үмүттөндүрөт.

9. Түркияда динамикалуу башталган «инновациялык умтулуулардын» негизинде, көп кырдуу жана көп өңүттүү кыргыз-түрк алакаларында өтө жакынкы келечекте инновациялык чөйрөдөгү кызматташтык деп аталган жаңы багыт пайда болоору толук ыктымал деген жетишээрлик ишенимдүү гипотезаны сунуш кылууга болот.

**Иштин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмуну ВДЕНІС Поиск, Международный научный журнал-приложение Республики Казахстан 2014, №1(1) журналына, Çankırı Karatekin Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi (Түркияда, 2012-2013-жылдагы чыгарылыштарына), Жусуп Баласагын атындагы КУУнун жарчысынын 2012, 2013 чыгарылыштарында, К.Карасаев атындагы БГУнун жарчысынын 2013, №1(24), №2 (25), 2014, №2 (28) сандарына, «Alatoo Academic Studies, International Ataturk Alatoo University Publication» журналынын 2012, №1, 2013, №1, №2, 2014, №1-сандарында жарыяланган. Диссертациянын мазмуну боюнча 18 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максаты менен милдеттерин толук чагылдырат. Көлөмү - 214 бет.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, изилдөөнүн максаты жана милдети такталды.

**«Борбордук Азия-Түркия мамлекеттеринин арасындагы саясый мамилелердин калыптанышы жана анын өсүш динамикасы»** деп аталган биринчи бапта Борбордук Азия менен Түркиянын ортосундагы саясый-экономикалык мамилелердин олуттуу өнүттөрү, айтсак, постсоветтик Борбордук Азия-Түркия мамлекеттеринин дүйнөлүк геосаясый кызыкчылыктар менен зарылдыктардан алган орду жана ролу, ошондой эле Кыргызстан жана Түркия ортосундагы саясый мамилелерди илимий анализге тартуунун негизги булактары концептуалдык рефлексиянын деңгээлинде анализденди.

**«Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый-экономикалык мамилелердин эволюциясы жана эки жактуу кызматташтыктын өзөктүү проблемалары»** деп аталган экинчи бапта мамлекеттер ортосундагы алакалар саясый-экономикалык өнөктөштүк, сырткы соода, инвестиция, маданият жана

билим берүү аркылуу гана өзгөчө баалуулукка ээ боло алаары илимий анализден өткөрүлдү.

**«Мамлекеттер аралык саясый-экономикалык мамилелердин айрым көйгөйлүү маселелери жана аларды чечүү мүмкүндүктөрү»** деп аталган үчүнчү бапта Кыргызстан жана Түркия ортосундагы саясый-экономикалык мамилелердин айрым көйгөйлүү маселелери жана аларды чечүү мүмкүндүктөрүнүн айрым өңүттөрү илимий маанайда экспликацияланды.

# 1-бап.
# БОРБОРДУК АЗИЯ-ТҮРКИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН АРАСЫНДАГЫ САЯСЫЙ МАМИЛЕЛЕРДИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АНЫН ӨСҮШ ДИНАМИКАСЫ

## § 1. Постсоветтик Борбордук Азия жана Түркия ортосундагы мамилелерди илимий анализге тартуунун негизги булактары

Саясый мамиле деген эмне?

Саясый мамиле деп саясат субъекттеринин бири бирине жана бийлик менен болгон өз ара алакаларынын жыйындысын аташат. Коомдун жашоо-тиричилигинде экономикалык, социалдык жана руханий мамилелер кандай маанилүү ролду ойносо, саясый мамилелер да ошондой эле олуттуу мааниге ээ болгон ролду ойнойт. Саясый мамилелер социалдык процесстерди башкаруу жана бийлик тарабынан жөнгө салуу зарылдыгы жаралганда пайда болот жана мамлекеттин активдүү катышуусу менен ишке ашат.

Саясый мамилелер жергиликтүү (локалдуу), чөлкөмдүк (регионалдык), улуттук, эл аралык, глобалдык; ошондой эле тышкы саясый жана ички саясый деңгээлдерде калыптана алышат. Мындан сырткары, саясый мамилелер горизонталдык жана вертикалдык багыттарда да болушу мүмкүн.

Жалпы жонунан, Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерди **ИЗИЛДӨӨ БУЛАКТАРЫН** төмөнкүдөй топторго ажыратууга болот:

**ИЗИЛДӨӨНҮН АЛГАЧКЫ БУЛАГЫН** изилдөөнүн илимий-теориялык бөлүгүн байытууга, эки мамлекеттин ортосунда болуп жаткан саясый процесстердин өнүгүү реалийлерин эл аралык–саясый жана тарых илимдеринин системалаштырылган өзөктүү жоболору менен корутундуларына салыштырып анализдөөгө мүмкүндүк берген Е. Бажанов [2004], З. Бжезинский [1998,1986], Б. Бьюзен [1991], К. Гаджиев [1997,2003], Э. Поздняков [1976,1994], П. Цыганков [2002], А. Уолферс [1962], А. Шутов [1999] ж.б.у.с. Орусиялык жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектери түздү.

Жогоруда аты аталган эмгектерде СССРдин чагылгандай тез кулоосу

1) постсоветтик геосаясый мейкиндикте саясый күчтөр кандай орун алат?

2) жаңы көз каранды эмес өлкөлөрдүн, алардын ичинде, БАдагы мусулман өлкөлөрүнө ким шериктеш болот?

3) алардын тышкы саясаты кандай факторлордон көз каранды болот?

4) бул мамлекеттердин эгемендүү болушунун өзү эле континенттик жана глобалдык масштабдагы эл аралык мамилелер системасына кандай таасир эте алат? ж.б. көп сандаган көйгөйлөр менен жооп берүү татаал болгон суроолорду жаратканы баса белгиленет.

Ысымдары аталган авторлор Улуу Осмон империясынын мураскору катары Түркия дайыма мусулман дүйнөсүндө өзгөчө орунду ээлеп келгендигин жазышат. Алардын пикиринде СССР мамлекети пайда болгондон кулаганга чейин Түркия менен бир жактуу эмес, мүнөзү өтө эле татаал болгон алакаларды түзгөн. Орусиянын түштүктөгү жылуу деңиздерге чыгуусуна дайыма Түркия тоскоол болуп келсе, Орусия болсо Түркиянын Орто Азиядагы мусулман республикалары менен Орусиянын өзүндөгү мусулман анклавдарына карай экспансия жасоо жолуна бөгөт болуп калган. Айтсак, 1914-жылы 23-февралда орус аскер министрлигинин жашыруун билдирүүсүндө “Түркстанда жарадар түрк аскерлерге жардам иретинде акча жыйналып жаткандыгына байланыштуу иш-аракеттер жүрүүдө”, - деп жазылганын Орусиядагы архивдик булактарга таянуу менен Д. Сапаралиев билдирет [Сапаралиев,2007].

Саясый мамилелердин чөйрөсү индивиддердин, топтордун, таптардын, жамааттардын саясый аң-сезими менен тыгыз байланышкан. Адискөй (профессионал) саясатчылардын (лидерлердин), идеологдордун аракети менен теориялык деңгээлдеги идея, окуу, концепция, доктрина сымал саясый аң-сезимдин конкреттүү формалары, ошондой эле эмпирикалык деңгээлде конкреттүү социалдык проблемалар менен байланышкан программалар, уставдар ж.б. түзүлөт.

Мындан сырткары, саясый мамилелер мейкиндик жана убакыттык ченемдерде ишке ашырылат. Саясый мейкиндик – бул саясый субъекттер,

идеялар, теориялар, ураандар, процесстер аракеттенген чөйрө. Саясый мейкиндик социалдык мейкиндиктердин экономикалык, укуктук, идеологиялык, маданий ж.б.у.с. жалпы системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Айтылгандарга байланыштуу Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерди **ИЛИКТӨӨ БУЛАКТАРЫНЫН ЭКИНЧИ ТОБУН** XX кылымдын соңундагы абдан радикалдуу мүнөзгө ээ болгон пантүркизм идеясы менен өз кучагына баардык түрк тилдүү өлкөлөрдүн калкын камтыган “Улуу Туран мамлекетин түзүү” тууралуу долбоор түзөт.

Пантүркизм деген эмне?

Түрк тилдүү элдердин өз ара маданий алакасы анча деле коркунуч туудурганына карабастан, пантүркизмдин саясый программасы түрк тилдүү элдер менен жакын кошуна жаткан, ошондой эле түрк тилдүү диаспораларга ээ мамлекеттерде бир катар кооптонууларды жаратат [Gökalp,1958]. Пантүркизмдин Орусиядагы, Болгариядагы, Армениядагы, Грециядагы, Кытайдагы ж.б. өлкөлөрдөгү аныктамалары «реакциялуу», «экспансивдүү», «ирредентисттик» (түрк тилдеринде сүйлөгөн элдер жашаган аймактардын баарын бириктирүүнү талап кылуу) деп аталган күчөтмө сын атоочтор менен коштолуп келет. Акыркы он жылдыктарда пантүркизмдин негативдүү аныктамасы Батышта да үстөмдүк кылып келген.

Орусия империясы мезгилинен тартып эле Орусия мамлекетинде пантүркизм идеологиясы өтө коркунучтуу деп таанылган [Крымский, 1956]. Айтсак,

- Д. Н. Ушаковдун 1935-1940-жылдары жарык көргөн сөздүгүндө “Пантүрки́зм – түрк тилдүү элдердин баарын Түркиянын гегемониясы астында бир буржуазиялык-помещиктик мамлекетке бириктирүүгө болгон буржуазиялык-улутчул агым; Пантүркизм империалисттик мамлекеттер тарабынан басып алуу саясаты максатында колдонулат. Бул саясат советтик республикалардагы эл душмандары болуп саналган буржуазиялык

реставраторлордун негизги куралы болуп эсептелет” [Толковый словарь,1935-40].

- Советтик тарыхый энциклопедияда пантүркизм түрк тилдеринде сүйлөгөн бардык элдер, ири алдыда, түрк-мусулмандар бир улут (нация) болууга тийиш жана Түркиянын жетекчилиги астында Балкандан Сибирге чейинки кеңири аймактарга созулуп жаткан Туран деген аталыштагы бир мамлекетке биригүүлөрү зарыл деген агрессивдүү расисттик доктрина катары каралат [ Советская историческая энциклопедия, 1973-1982].
- Советтик историографияда “...1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин Кавказ артындагы (Закавказье) жана Орто Азиядагы пантүркизмдин желегине жамынып алган көп сандаган контрреволюционерлер Совет бийлигине каршы чыкса да, эл массаларынан колдоо таба алышкан жок”, - деп жазылган. Совет историографиясында үстөмдүк кылган мындай догма пантүркизм идеясын антисоветтик жана элге каршы деп баалап, аны «фашизмдин түркиялык түрү» деп атаган [ Большая советская энциклопедия, 1969-1978.].

Советтер Союзунун мезгилинде пантүркизм ТАКУ (НАТО) блогунун өлкөлөрү тарабынан Орто Азия жана Азербайжан республикаларынын аймагында коммунисттик идеология менен теңтайлаша атаандашууга жөндөмдүү идеология катары пайдаланылган. Аталган себептерден улам бүгүнкү күнгө чейин Орусияда Түркия мамлекетинин пантүркисттик идеяларга болгон колдоосуна абдан терс мамиле кылып келет. Москва «пантүркизм» СССРдин мурдагы республикаларындагы Орусиянын соода жана стратегиялык кызыкчылыктарына гана эмес, жалпы эле Орусиянын бүтүндүгүнө да коркунуч келтирген идеология болуп саналат деп эсептейт.

Ошол эле учурда советтик мезгилдеги белгилүү мамлекеттик ишмерлер менен окумуштууларды камакка алуу үчүн шылтоо катары пантүркизм идеясы кеңири пайдаланылган. КПСС БКнын документтери боюнча пантүркизм беренеси боюнча жалган жеринен айыпталган 361 адамдын атын атайт [Абдакимов,1994]. XX кылымдын 30- жана 40-жылдары СССРде түрк элдерине

таандык маданиятты изилдеген көп сандаган чыгаан окумуштуулар репрессияланган [Ашнин,2002]. Айтсак, тыңчылык кылды деген жалган жалаа менен профессор Чобан-заде (1937) , [Ашнин,С.75-86], профессор Поливанов (1938), СССР ИАнын академиги Самойлович (1938) [Биб.сл.,1991] жана башка көп сандаган белгилүү илимпоздор атылып кеткен.

Акыркы он жыл аралыгындагы орусиялык энциклопедиялык басмаларда пантүркизм үстүртөн гана эскерилип, «бул феноменди объективдүү маанайда изилдөө ишинде орусиялык коом таануу илимдери толук бойдон өзүн жоготуп таштады жана кол көтөрүп жеңилүү ызасын тартууда» (Показательно, но в российских энциклопедические изданиях последних десятилетий пантюркизм упоминается только вскользь, что говорит «о полной растерянности и капитуляции российской общественной мысли перед задачей объективного исследования этого феномена» [Червонная, 2003], - деп айтылат.

Улуу Туран мамлекетин түзүү тууралуу идея 1992-1994-жылдары БА мамлекеттеринин лидерлери менен абдан кеңири талкууланган. Мисалы, 1995-жылы Бишкекте кыргыз элинин “Манас” деп аталган баатырдык эпосунун миң жылдыгы майрамдалып, анда “Туран” идеялары талкууга коюлса да, төмөнкүдөй себептерден улам ал идеяларды колдоо же түшүнүү менен кабыл алуу болгон эмес:

Биринчиден, өлкө ичинде популярдуу болсо да, аскерлер тарабынан ишмердигине катуу тыюу салынган Ислам жыргалчылык партиясына байланыштуу Түркиянын ички саясатындагы аныксыздык;

Экинчиден, Анкара тарабынан түзүлгөн Түндүк Кипр Түрк Республикасынын тегерегинде ТАКУнун курамына киришкен Түркия менен Грециянын ортосундагы чыңалуу уламдан улам күчөп келет. Бул чыңалуу Орусия Никосияга өтө төмөн учуп келе жаткан бутаны да жок кылууга жөндөмдүү ракета кармап калгычтардын эң эле заманбап комплекстеринин бир нече партиясын саткандан кийин мурункудан да күч алган;

Үчүнчүдөн, 1963-жылдан бери Еврошериктештиктин ассоциацияланган мүчөсү болуп саналса да, бир катар себептерден улам Түркия менен ТАКУ

блогунун толук кандуу мүчөсү боло албай келет. 1997-жылы болуп өткөн Еврошериктештик төбөлдөрүнүн Люксембургдагы кезектеги жолугушуусу учурунда Түркиянын Еврошериктештикке кирүүгө болгон өтүнүчүн дагы бир жолу четке кагып,

- адам укуктары менен эркиндиктерин орой бузгандыгы,
- улуттук азчылыктарды кырып жок кылгандыгы жана зомбулук жолу аркылуу ассимиляциялаганы,
- ошондой эле агрессивдүү мүнөзгө ээ тышкы саясаты үчүн Еврошериктештиктин лидерлери Түркияны бул шериктештикке кирүүнү каалаган мамлекеттердин узун тизмесинин аягына жылдырып, азырынча Европа бул мамлекетти өз курамына кабыл алууну жактырбай турганын жашырбай билдиргени эле жогоруда айтылгандарга ачык далил боло алат. Анын үстүнө, Түркия чоң өлчөмдөгү аскердик жана финансылык күчтөрдү күрддөр менен болгон жарандык согушка жумшоого аргасыз. Өздүк күрд диаспорасына ээ болгон Казакстан да бул маселеде Түркиядан оолак болуп турууну жактырат.

Туран деген аталыш эмнени түшүндүрөт?

Тура́н (авестада Tūiriiānəm Dahyunəm, пехлеви тилинде Tūrān, персче توران, тажикче Турон - «турлардын өлкөсү») – бул Ирандын түндүк-чыгышында жайгашып, «тура» [www.tyurk.ru] деген жалпы аталышка ээ көчмөн иран уруулардан [Edward,1994] куралган өлкө.

«Тур» этноними алгачкы жолу «Авестада» төмөнкүдөй эки формада чагылдырылат [Эдельман,1990]:

1. Байыркы формасы «tūiriiānąm» (арийлердин (авестада «airiiānąm») жана саиримдердин (авестада «sairimanąm») этнонимдери катары);
2. Соңку формасы«tūra» («tūr»).

Берилген этнонимдин соңку формасы кийин байыркы иран жана орто кылымдагы перс мифологиясында, ошондой эле диний жана тарыхый адабияттарда, документтерде, андан сырткары, орто кылымдагы орто азиялык

мусулмандардын перс жана араб тилиндеги тарыхый жана географиялык адабиятында [Bahar,1997] эскерилген Туран топониминин негизине коюлган.

Турандыктар (тура) деп 3 миң жыл мурда Чыгыш Ирандын талааларында жашап, көчмөн мал чарбачылыгы экономикасынын негизин түзгөн жана иран тилинде сүйлөгөн урууларды атай башташкан. Алгачкы жолу өздүк аталышы «сак» болгон ушул көчмөн урууларды «турандыктар» деп алардын Казакстандын территориясы менен түштүк-батыш Сибирде жашап, көчмөн турмуш кечирбеген туугандары атай баштаган. Өздөрүн көчмөн турандыктардан айырмалоо максатында бул отурукташкан уруулар өздөрүн б.з.ч. I миң жылдыктын алгачкы кылымдарында «сак» деп атоону уланта берген [Абакумов,2002].

Кийинки тарыхый мезгилдерде турандыктар деп сактар, массагеттер, кушандар, парфяндар, эфталиттер сыяктуу чыгыш иран элдерин аташкан. Бул термин ушул элдер жашаган Орто Азиянын дээрлик бардык аймагын туюндурган. Перс тилдүү адабиятта Иран менен Турандын ортосундагы көптөгөн кылымдарга созулган карама-каршылыктын темасы кеңири чагылдырылган.

Этникалык («түрк» - тюрок, турок) жана географиялык (Туран) аталаштардын фонетикалык жакындыгынан улам «түрк концепциясын» жактоочулар БАны мифо-эпикалык Туран топоними менен идентештиргенди жактырышып, түрктөрдүн эң байыркы мекени дал ушул БАда болгонуна басым жасашат. Мындай мифологиялык түшүнүмдөр Алтайдан баштап Жер ортолук деңизине чейинки түрк чөйрөсүнө ушунчалык терең сиңип калгандыктан, Кавказда жайгашкан түрк тилдүү Азербайжан Республикасынын заманбап маалымат агенттиги да «Туран» деп аталат [www.slavica.abacumov.kiev.ua]. Илимий маалыматтарга ылайык, Туранда жашаган Ирандын душмандары теги боюнча түрк эмес, көчмөн да, отурукташкан да жашоо кечирген ирандык элдер болгон [www.iranicaonline.org/articles/iran-ili-traditional-history].

«Пантүркизмди» жактоочулар иран дүйнөсүнүн ичиндеги мындай байыркы карама-каршылыкты тарыхый жактан өтө эле кийинки мезгилдерде

пайда болгон тышкы иран-түрк карама-каршылыгынын схемасы менен алмаштырышат. Бул схемада соңку орто кылым менен заманбап Ирандын мамлекеттик чек арасынын ичинде жайгашкан индоевропалык «Иранга» тээ байыркы замандардан бери эле түрк элдери жашап келген БАдагы «Туран» карама-каршы коюлат. Илимдин так маалыматтарына каршы келген мындай орун алмаштыруу эрте орто кылымдагы кандайдыр бир мифтик «туран-түрк» маданий мейкиндигине ислам-иран цивилизациясынын Авиценна, Ал-Хорезми, Бируни ж.б. чыгаан өкүлдөрү менен катар эле БАнын материалдык маданиятынын байыркы эстеликтерин да таандык кылууга алып келет [Шукуров,2001].

565-жылы Согдду түрктөр басып алгандан кийин коңшулаш жаткан мамлекеттерде, өзгөчө авесталык мезгилдерден бери иран-туран кагылыштарын кеңири чагылдырган булактардын мекени болуп саналган Иранда «тур» (ирандык) жана «түрк» (түрк тилдүүлөргө таандык) деген эки этнонимдин фонетикалык жакындыгынан улам «Туран» (турлардын өлкөсү) жаңылыш түрдө «Түркстан» (түрктөрдүн өлкөсү) маанисинде пайдаланыла баштаган.

Иран менен Туранды бир таажы алдында бириктирип турган Саманиддер мамлекети Иранды басып алган Газневиддер жана Туранды ээлеп алган Караханиддер сыяктуу түрк династиялары тарабынан бөлүнүп алгандан кийин гана, башкача айтканда, X кылымда түрк элдеринин өздөрүнүн «туранизациясы» башталат. Өзүнүн Туранга болгон бийлигин мыйзамдаштыруу максатында караханид өкүмдарлары өз тегин Турандын легендарлуу шахы Афрасиаб менен байланыштырып, өз династиясын «Афрасиабдын үйү» деп атай баштаган. Ал эми Афрасиабдын өзүн болсо түрк жомокторундагы баатыр Алп-Эр-Тонга менен тең маанилештиришкен [Бартольд,1968].

Социалдык жамааттардын катышуучуларынын ортосунда, алардын жеке, топтук жана жалпы кызыкчылыктарын ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болгон жана мамлекеттик башкаруу каражаттарын пайдаланууну талап кылган мамилелер саясый мамилелердин маңызын түзөт.

Коомдук мамилелердин өз алдынча чөйрөсү болуп саналган саясый мамилелердин өзгөчөлүгүн төмөнкү мүнөздөмөлөр аркылуу туюнтууга болот:

- саясый мамилелердин маңызы болуп социалдык субъекттердин (социалдык топтордун, инсандардын) жашоо-тиричилигин бүтүндөй социалдык жамаатка таандык болгон проблемалар жана кызыкчылыктар менен байланыштыруу эсептелет; анткени, аң-сезимдин активдүү катышуусу менен пайда болгон саясый мамилелер адамдардын баштарында гана эмес, алардын иш-аракеттеринде, кылык-жоруктарында, саясаттын субъекттеринин ортосундагы өз ара алакада жашайт;
- саясый мамилелердин ишкер жана активдүү мүнөзү коомго алардын жардамы менен өз жашоосунун көп сандаган тышкы жана ички параметрлерине таасир этүүгө мүмкүндүк берет;
- саясый мамилелердин спецификалуу инструменти болуп бийлик эсептелет.

Жогоруда сөз болгондой, саясый мамилелер мейкиндиктик гана эмес, убакыттык да ченемге ээ. Саясый убакыт деп саясый субъекттин ишмердигинин убактысын, саясый окуялар менен процесстердин жүрүү мөөнөтүн, тигил же бул идеялардын жашоого жөндөмдүүлүк жана таасирдүүлүк мезгилин атайбыз. Окуялардын жүрүшүнө жараша саясый убакыт ылдам, же жай жүрүшү ыктымал.

Саясый убакыт концепциясы консерватизм, традиционализм, жаңылануучулук, авангардизм, прогрессизм сыяктуу бир катар саясый агымдар менен идеологиялардын аталышында кездешет. Мындан сырткары, саясый убакыт калыптануу, көтөрүлүү, гүлдөп-өнүгүү, сенектик, өзгөрүү, реформа, революция мезгили сыяктуу кандайдыр бир баалуулук мүнөздөмөлөрүнө ээ.

Ошол себептен, Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерди терең **ИЛИМИЙ АНАЛИЗГЕ ТАРТУУНУН ҮЧҮНЧҮ ТОБУН** кыргыз-түрк мамилелеринин чыңдалышына түздөн-түз таасир бере алган тарыхый факторлорду изилдөөгө алган эмгектер түздү. Азырынча кеңири масштабдарда илимий талдоого алынбай келе жаткан кыргыз-түрк элдеринин тарыхый

байланыштарын тарыхчылар терең изилдөөгө алышы керектигин баса белгилеген Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Түркиянын тарыхчылары капа болушпасын, бирок түрк тарыхын орус окумуштуулары жакшыраак жазышат. Эгер биз тарыхыбызга маани берсек, анда келечегибиз кең болот" [Атамбаев,2012], - деген пикирди билдирген.

А. Атамбаев мырзанын пикирин колдоо менен берилген илимий ишти жазууда Орусия илимдер академиясынын, Чыгыш таануу Институтунун жана башка Чыгыш таануу борборлорунун Н. Г. Киреев [1996], С. М. Мамедов [1991], С. Мейер [1989,1996], П. П. Моисеев [1997], Б. М. Поцхверия [1976] Н. Ю. Ульченко [2002,2006,2008], И. Ф. Черников [1977,1983], ошондой эле постсоветтик БАнын Д. Кыдырбекулы [1996], Д. Сапаралиев [2007], К. Үсөнбаев [1967] өңдүү окумуштуу түркологдорунун жеке жана коллективдүү монографиялары [Сб.ст.1998] менен илимий макалаларына олуттуу кайрылууну туура көрдүк.

Бул авторлордун пикиринде совет империясы кулап, Орусиядан алыстай түшкөн БАдагы жаңы көз карандысыз мамлекеттер төмөнкүдөй себептерден улам өз көңүлдөрүн Түркияга карай бура башташкан:

Биринчиден, БА менен Түркиядагы түрк элдери жалпы тарыхый тамырларга ээ. Азиянын түпкүрүнөн (Монголия, Алтай, Түндүк Кытай) чыккан түрк тилдүү көчмөн уруулар Элдердин улуу көчүү мезгили деп аталган б.з. V кылымында Батышты көздөй жыла баштайт. Алардын айрым бөлүктөрү, башкача айтканда, түркмөндөр менен огуздар XI кылымда Анадолуга кирип барышып, алардын көпчүлүгү отурукташкан жашоого өтүшөт да, түрктөр деп аталган жаңы этникалык топтун жаралуусуна себеп болуп калат. Батышты көздөй кеткен түрк уруулары акырындык менен БАдагы тууганлары менен байланышпай, алардан алыстай түшүшөт. Анадолуга көчүп келген түрктөрдү Сельджукиддер династиясынын уруу көсөмүнүн атынан (от имени вождя племени) сельджуктар деп атай башташкан. Сельджуктардын тез арадагы жетишкен жеңиштерин алардын жолунда өз ара уруу согуштарынан алсыраган

Византия менен Армения сыяктуу анча күчтүү эмес душмандар менен кездешкени менен түшүндүрүүгө болот.

Экинчиден, XIII кылымда Анадолу монгол жапырыгынан жан соога издеп, Орто Азия менен Ирандан качып келген теги боюнча түрк жана түрк эмес жаңы көп сандаган урууларды кабыл ала баштайт. Мисалы, монголдор “Кыпчактар өлкөсүн” басып киргенден кийин кыпчак урууларынын бир бөлүгү Анадолуга көчүп келген. Мындан соң да Кичи Азиянын көп сандаган элдери агылып келип жатып, тышкы антропологиялык белгилери боюнча европеоид болуп калган түрк эли калыптанган. Бирок, түрктөрдө тышкы келбет, же антропологиялык тип элдин этникалык түспөлү үчүн маанилүү болуп саналбайт. Этностун эл катары негизги белгилери деп тил менен маданиятты түшүнүүгө болот.

Үчүнчүдөн, түрк тили грамматикалык түзүлүшү боюнча эч өзгөрүүсүз түрк тили бойдон кала берген да, анын башка тилдерден ооп келген сөздөрдөн арылуу процесси дайыма тынымсыз жүрүп турат. Бул иш-чара XX кылымдын башында улутчул маанай күтүп, жаш түрктөр деген аталышка ээ болгон жаштар тарабынан башталган. Эгерде XX кылымдын 20-30-жылдары арабизм жана фарсизм сөздөрү түрк тилинин лексикасынын жарым-жартылайын түзсө, Мустафа Кемаль Ататүрк баштаган революциячыл кайра түзүүлөрдүн учурунда, жалпы жонунан, жаңы түрк тили деп атоо мүмкүн болгон тил түзүлгөн. Жаңы сөздөрдү жаратуу ишинде түрк лингвисттери өзгөчө кылдаттык менен чебердикти көрсөтө алышкан. Айтсак, заманбап Түркияда мурда арбын колдонулуп келген арабдын "мектеб" деген сөзүнүн ордуна кулакка жагымдуу угулган "окул" деген түрк сөзү пайдаланылат. Биздин жеке байкообузда, Кыргызстан менен Казакстанда да азыр ушундай эле процесс болуп, орус, араб ж.б. тилдерден келген сөздөрдөн арылуу иши жүрүп жатат.

Төртүнчүдөн, кыргыз-түрк байланыштары БАнын Орусиянын курамына каратылгандыгынан кийин күч алган [1701-жылы Стамбулда Орус падышачылыгынын элчилиги ачылгандан кийин орногон.]. Бирок, алгачкы байланыштар Осмон империясы курулганга чейинки эле доорлордо

башталгандыгын Анадолудагы тарыхый эстеликтер далилдеп турат. Анадолудагы кыргыздардын издери архивдик материалдар жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизинде терең талдоого муктаж илимий багыттардан болуп саналат. Анадолуда кыргыз-түрк байланыштарын далилдеген белгилер жана издер абдан арбын кездешет. Айтсак, Түркиянын Изник шаарында “Кыргыз мунарасы” аттуу мунара, Изник шаарын куткаруу маалында шейит болушкан кыргыз жоокерлердин урматына Осмон империясынын султаны Орхан Гази тарабынан тургузулган. Түркиянын башка шаарларында дагы мындай мунаралар болгон деген көз караштар айтылып келет. Мисал катары, Токат шаарынын Никсар кыштагында орун алган жана жазма булактарда “Кырккыздар мунарасы” катары белгилүү болгон мунараны Исмаил Йагжы кыргыздарга тиешелүү экенин тастыктаган көптөгөн далилдердин бар экенин белгилеп кеткен [http://www.huzuradogru.tv.]. Анын пикиринде XII кылымга таандык бул мунара Орто Азиядан келген кыргыз жоокерлери үчүн курулган болушу мүмкүн деген көз караашты жактайт. Иагжы Изниктеги мунара жалгыз эмес экенин, Токат шаарынан башка Кайсериде дагы окшош типтеги мунаралардын бар экенин белгилеп кеткен [http://www.huzuradogru.tv.]. Эгерде илимпоз Йагжынын айткандарына таяна турган болсок, анда кыргыз-түрк байланыштары Анадолу Селджуктары мамлекетинин мезгилине барып такалаарын көрүүгө болот.

Бешинчиден, Дөөлөтбек Сапаралиев аттуу илимпоз орус императорлугунун баскынчы мезгилинде Шабдан Жантай уулу, Чолпонкул Тынаалы уулу, Дүр Сооронбай уулу, Канат Абыке уулу, Мөкүш Шабдан уулу ж.б. кыргыз башчылары Түркияга барышып, маданий жана саясый байланыштарды түзгөндүгүн жазат [Сапаралиев,Б.53-66]. 1904-жылы 8-мартта Шабдан Баатыр Стамбулга барып, Шамдан Мединага чейинки аралыкта курулуп жаткан Хижаз темир жолу учун 2000 алтын кошумчалагандыгы үчүн султан Абдулхамид II тарабынан мамлекеттик орден ыйгарылган. Аталган темир жол ажыга бара тургандар үчүн курула башталган жана Абдулхамид II нин тышкы саясатынын символу катары кабыл алынган долбоор эле.

Долбоорго мусулман өлкөлөрү гана кошула алган жана анда мусулман инженерлери гана иштешкен [Eugene,2002]. Долбоорго Европа өлкөлөрүнөн карыз же жардам албоого өзгөчө көңүл бурулган.

Алтынчыдан, 1902-1938-жылдар аралыгында кыргыз-түрк байланыштары андан да тереңдегендигин тарыхый далилдер айгинелеп турат. Мисалга алсак, К. Үсөнбаев 1902-жылдын 18-январында Кыргызстанда, Ош шаарында Салих Мухаммед Кадирогу аттуу түрк атуулунун колго түшкөндүгүн жазган [Усенбаев,1967]. Салих Мухаммед өзүн перс кожосу Мегди Жаваддын уулумун деп жашырып койгон [Усенбаев,С.76] Салих Мухаммеддин Кыргызстанда өз атын жашырып жүрүүсүнө караганда ал регионго жашыруун кызмат үчүн, же Ферганадагы орустарга каршы көтөрүлүшкө байланыштуу барган болушу мүмкүн. Ошондой эле Д. Сапаралиев 1903-жылы май айында Осмон мамлекетинин дагы бир аскер кызматкери -Хамид Эфенди аттуу адам Нарын аймагында, Ат-Башыда мусулман өлкөлөрүнүн биримдиги деген идеяны жайгандыгы үчүн орустар тарабынан колго түшүрүлгөндүгүн Казакстандын архивдик материалдарына таянып жазган [Сапаралиев,Б.550-566]. 1907-жылы жай айларында Ысык-Көл аймагында түрк аскерлерине жардам топтогондугу үчүн Султанмурат Аркам Төрө уулу кармалып, жазасын тартканкандыгын да тарых барактары айтып турат [Паяковский,1958]. Ошондой эле 1915-жылы Кыргызстандын 37 калк жашаган аймактарынан кыргыз жетекчилердин демилгеси менен калктан жыйналган акча каражаттары Афганистан аркылуу Түркияга жиберилген [Зорин,1931].

Биринчи дүйнөлүк согуш маалында Осмон империясы тарабынан Түркстанга мамлекеттик кызмат адамдары жиберилген. 1914-жылы 22-июнда Түркиядан жолго чыккан Селим Сами мырза (1877-1927), Адил Хикмет мырза, Хусейин Эмруллах Мырза (1877-1952), Хусейин мырза жана Хаклыер Ибрахим мырза аттуу түрк аскер адамдары Жети-Суу аймагына келишип, жергиликтүү элдин улуттук аң-сезимин ойготууга аракет кылышкан [Hikmet,1999]. Аталган адамдар кыргыздардын ошол доордогу оор абалы тууралуу маанилүү маалыматтарды беришкен [Hikmet,1999]. 1916-жылы кыргыздардын

көтөрүлүшү маалында Мөкүш Шабдан уулу тактыга келгендигин жазып кетишкен [Hikmet,1999].

Кыргыз улутундагы мамлекеттик ишмер жана тарыхчы Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” аттуу китебинде түрктөрдүн 1915-жылдагы Чанаккаледеги жеңишин сыймыктануу менен жазат [Солтоноев,2003]. Ошондой эле Жусуп Абдырахманов улуу баласына Енвер деген ат койгондугун божомолдоо менен илимпоз Д. Сапаралиев кыргыздын белгилүү мамлекеттик ишмери Жусуп Абдырахманов 1917-1922-жылдар арасында Фергана аймагында түрктөрдүн жаш лидерлери Енвер Паша жана Селим Паша менен жолуккан болушу мүмкүн деген пикирде [Сапарлиев,2007].

Саясый мамилелер төмөнкүдөй негиздер боюнча классификацияланышат:

1) саясаттын субъекттери боюнча улуттардын (этностордун), социалдык катмарлардын, индивиддердин, ошондой эле мамлекет, партия, уюм сыяктуу саясый институттардын ортосундагы мамилелерди атоого болот;

2) субъекттердин өз ара алакалашуусунун мүнөзү боюнча үстөмдүк кылуу жана баш ийүү, кызматташтык, атаандаштык жана нейтралитет мамилелери айырмаланат;

3) бийлик институттарынын ишмердигине таасир этүүнүн даражасы жана формасы боюнча реалдуу жана формалдуу, тике жана кыйыр мамилелердин болушу мүмкүн;

4) саясатка катышуу формасы боюнча лоялдуулук, колдоо көрсөтүү жана оппозиция мамилелерин айырмалашат;

5) туюнтуу ыкмасы боюнча 1) партиялар менен уюмдардын укук нормаларында, уставдарында расмий бекилген жана 2) формалдуу жана расмий мүнөзгө ээ эмес мамилелерди ажыратууга болот.

Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелердин классификациясын анализдөөдө **БУЛАКТАРДЫН ТӨРТҮНЧҮ ТОБУН** көз карандысыз мезгил аралыгындагы кыргыз-түрк мамилелеринин негиздерин калыптандырган эки жактуу келишимдер, декларациялар, өкмөттөр аралык

макулдашуулар түздү. Белгилей кетчү жагдай, көз карандысыздыктын 20 жыл ичиндеги мезгил аралыгында эки жактуу кыргыз-түрк мамилелеринин бардык чөйрөлөрүн жөнгө салган олуттуу мүнөздөгү эл аралык - укуктук база иштелип чыккан. Кеңири масштабдагы нормативдик-укуктук материалды окуп-үйрөнүү постсоветтик мезгилдеги кыргыз-түрк мамилелеринин динамикасы менен негизги параметрлерин аныктоого мүмкүндүк берет [Resmi Gazeti,2010].

Жогоруда белгиленген система түзүүчү мамлекеттер аралык акттардан сырткары, Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасы тарабынан кол коюлуп, эки мамлекеттин интеграциялык бирикмелер менен коллективдүү коопсуздук системасындагы тең катышуусун жөнгө салган бир катар негиздүү жана көп жактуу келишимдери менен макулдаштыктары изилдөөгө тартылды [http://online.adviser.kg.].

Кыргызстан-Түркиянын дипломатиялык байланыштары 1992-жылы 29-январда башталган. 1992-жылы Бишкекте жана Анкарада элчиликтер уюштурулган. Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда билим берүү, соода жана экономика, транспорт жана коммуникация, аскердик жана башка тармактар боюнча 100 дөн ашуун келишимдерге кол коюлган. Эки өлкөнүн президенттери тарабынан 1997-жылы «Түбөлүк достук жана кызматташтык келишими», 1999-жылы «Түркия-Кыргызстан 21 кылымга бирге» билдирүүсү жана 2011-жылы жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык консейин куруу боюнча келишимдер негизгилерден болуп саналат [http://www.kyrgyzembassy.org.tr.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин эгемендүүлүк жылдар ичиндеги өз ара алакаларынын эволюциялык өнүгүүсүн төмөнкүдөй төрт негизги этапка бөлүп алуу максатка ылайык деген пикирге келдик:

1. Кыргызстан-Түркия байланыштарынын 1991-2005-жылдардагы мезгили.

2. Кыргызстан-Түркия байланыштарынын 2005-2010-жылдардагы мезгили.

3. Кыргызстан-Түркия байланыштарынын 2010-жылдан кийинки мезгили.

Түркия-Кыргызстан байланыштарында Аскар Акаев - Тургут Өзал мезгили (1991-2005). Кыргызстан эгемендик алары менен 1991-жылдын 18-декабрында Түркия алгачкылардан болуп аны көз каранды эмес мамлекет катары тааныды жана эки мамлекеттин ортосундагы расмий дипломатиялык байланыштар 1991-жылдын 24-декабрынан тарта башталган [Токтомушев,2001]. 1992-жылдын 29-январындагы протоколдун негизинде эки өлкөдө элчиликтер ачылган [http://www.kyrgyzembassy.org.tr.]. 1991-жылы 23-декабарда Кыргызстандын тунгуч Президенти Аскар Акаев алгачкы расмий иш сапарын Түркиядан баштаган жана бул иш сапары учурунда бир катар кызматташтык келишимдерине кол коюлган. Аскар Акаев алгачкы иш сапарын Түркиядан баштоо менен Түркиянын алгачкылардан болуп тааныгындыгына оң жооп кайтарган жана Кыргызстандын тышкы саясатында Түркиянын мааниси чоң экендигине басым жасаган.

А. Акаевдин 1997-жылдын 22-декабрындагы Түркияга жасаган иш сапарында Түбөлүк достук жана Кызматташтык антына кол коюлган [Resmi Gazete,1998]. Кийинчерээк бул келишим А. Акаевдин 1999-жылы 1-июлда Түркияга жасаган иш сапарында кол коюлган "Түркия-Кыргызстан XXI кылымга бирге" келишими менен толукталган [http://www.mfa.gov.tr.]. Эгемендик жылдарында эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштар президенттер, өкмөт башчылары, парламент жана ар кыл министриликтердин өз ара жасалган иш сапарлар менен жогорку деңгээлге чыккан. 2000-жылдарга чейин Кыргызстандан алты, Түркиядан төрт жогорку деңгээлдеги расмий иш сапары болуп өткөн.

Аскар Акаев мезгилинда эки өлкө арасындагы байланыштардын негизин өз ара кол коюлган келишимдер түзгөн. Алгачкы он жылдык учурунда саясый, соода жана экономика, каржы (финансы) жана банк тармагы, билим берүү жана илим, маданий жана социалдык, туризм, транспорт жана коммуникация өңдүү көптөгөн тармактар боюнча келишимдерге кол коюлган [Токтомушев,С.114].

"Түркия-Кыргызстан XXI кылымга бирге" келишими 2011-жылы, 26-27-апрелде Анкарада кол коюлган "Жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык келишиминин" негизин түзгөн [Akçal,2012]. Бул келишим эки өлкөнүн эл аралык уюмдарда жана жыйындарда биргелешип аракеттенүүсүнө милдеттендирет.

Тарыхта да, азыркы күндө дагы түрк тилдүү мамлекеттердин ички жана тышкы саясатында, ошондой эле коомдук түзүлүшүндө лидерлердин орду чоң болгон. Бул абал башка элдерге да мүнөздүү болгонуна карабастан, түрк тилдүү элдерде өзгөчө байкаларын танууга болбойт. Мисалы, Түркия Республикасы калыптанып жаткан учурда ички жана тышкы саясат Мустафа Кемал Ататүрктүн көз караштарынын алкагында түптөлгөн жана бул саясат кийинчерээк да кемализм идеологиясынын нугунда уланып келүүдө. Тактап айтканда, Кемал Ататүрк саясый лидер катары бул системанын негизги таянычын жана өзөгүн түзөт. Ошондой эле, Кыргыз мамлекеттүүлүгү Манас баатырдын ысымына байланыштуу түзүлгөндүгүн ачык айкын көрүүгө болот. Демек, түрк тилдүү мамлекеттерде лидердин же жетекчинин орду башка коомдорго салыштырганда өзгөчө экенин байкоого болот. Бул абал Түркиянын кээ бир Орто Азия өлкөлөрү менен болгон байланыштарына тескери таасирин тийгизсе дагы, Кыргызстан менен болгон байланыштарына оң таасирин тийгизип келет.

Кыргызстандык изилдөөчү Ормушев Асан Сулайман уулу кыргыз-түрк байланыштарынын жыйырманчы жылына арнаган китебинде эки өлкө ортосундагы дипломатиялык байланыштарда лидерлердин салымын өзүнчө темада карап, төмөнкүлөрдү жазат: “Эки өлкөнү байланыштырган ишеним көпүрөсүнүн курулушуна Ала-Тоодогу эгемендүүлүк күнү шарт түздү. Бул көпүрө улуу саясатчы Тургут Өзалдын демилгеси менен турмушка ашты. Анын расмий чакыруусу менен Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти алгачкы расмий иш сапарын 1991-жылы 22-декабрда Түркияга жасады. Бул иш сапар маалында Аскар Акаев жана Тургут Өзал Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда Достук келишимине кол койгон. Он бир пункттан турган алгачкы

келишим эки өлкө ортосундагы саясый, экономикалык жана маданий кызматташтыкты эл аралык нормаларга ылайык жүргүзүү жолун ачып, достуктун негизин түзгөн алгачкы келишим катары тарыхта калды.

Эки өлкө ортосунда курулган достук мамилелер кыргыз-түрк байланыштарын чыңдаган. Ошентип, Кыргызстан тышкы дүйнөгө алгачкы дипломатиялык кадамын жасап, тышкы байланыштарды боордош Түркия Республикасы менен баштаган" [Ормушев,2012].

Тургут Өзал 1993-жылы 7-апрелде Кыргызстанга алгачкы жана акыркы иш сапарын жасаган. Бул расмий иш сапар эки өлкө ортосундагы экономикалык жана маданий байланыштарга оң таасирин тийгизген. Иш сапары маалында келечекте кол коюла турган эки тараптуу келишимдер талкууга алынган. Т. Өзал, эреже катары, чет өлкөгө жасаган иш сапарларында ишкерлер жана министрлерден турган делегация менен баруучу. Кыргызстанга да ушундай делегация менен келгендиктен, кыргыз-түрк экономикалык байланыштарынын негизи түзүлгөн эле. Ушул иш сапардан соң түрк ишкерлеринин инвестиция жасай турган өлкөлөрүнүн катарына Кыргызстан дагы кирген болчу. Т. Өзалдын Орто Азия, анын ичинде Кыргызстанга жасаган акыркы иш сапары Түркиянын эл аралык мамилелеринде жана Кыргызстан менен болгон байланыштары үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Т. Өзалдын Кыргызстанга жасаган иш сапары массалык маалымат каражаттарында чагылдырылып, эки өлкөнүн эли терең кызыгуу менен байкоо салышкан. Бул иш сапар эки өлкөнүн ортосундагы байланыштардын негизи болуп калды десек жаңылышпайбыз. Т. Өзалдын мезгилсиз дүйнөдөн кайтышы иш сапары маалындагы келишимдердин аткарылышын кечеңдетсе да, экономикалык жана маданий байланыштардын негизин түзүп кеткен.

Түркиянын Орто Азияга карата тышкы саясаты Ахмет Неждет Сезердин мезгилинда өзгөчө пассивдүү бойдон калган. Абдуллах Гүлдүн президенттикке келиши менен кайрадан байланыштар жанданган. Абдуллах Гүл 2009-жылдын 26-28-майында Кыргызстанга жасаган иш сапарында өнөр жай жана соода министри Нихат Эргун, министр Фарук Челик, парламенттин депутаттарынан

турган 84 кишилик расмий делегация жана 90 кишилик ишкерлер менен Кыргызстанга келген [http://www.youtube.com/watch?v=soLkLVfyoPM.]. Андан бир жыл мурун Курманбек Бакиев жана Премьер- министр Игорь Чудинов ар кандай себептер менен Түркияга каттап турушкан [www.yenisafak.com.tr]. 2010-жылы 26-январда Тышкы иштер министри Кадырбек Сарбаев жетектеген кыргызстандык делегация Стамбулда өткөн "Афганистан жана Афганистанга коңшу өлкөлөрдүн аймактык жыйынына" байкоочу катары катышкан [www.haberler.com.].

Түркия-Кыргызстан байланыштары Роза Отунбаева мезгилинде (2010-2011). Роза Отунбаева өзүнүн бир жарым жылдык президенттик мезгили учурунда Кыргызстандын тышкы саясатында узак мөөнөттөргө чейин таасири сактала турган иш-аракеттерди аткарып кетти. Тышкы иштер министрлигинде жана дипломатиялык тармакта бай тажрыйбасы бар Р. Отунбаева татаал шарттарга карабастан, Кыргызстандын тышкы саясатын кайрадан жандандырууга жетише алды. 2010-жылдын 27-июнунда өткөн референдумдун негизинде президенттикке келген Р. Отунбаеванын президенттик инагурациясына Түркиянын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглу катышкан [http://www.yenisafak.com.tr/Dunya/?i=266399.].

Роза Отунбаева президенттик кызматын Алмазбек Атамбаевге өткөрүп берүү аземине президенттик деңгээлде катышкан жалгыз өлкө Түркия болгон. Андан бир аз мурунураак Абдуллах Гүл менен жолугушуу маалында Р. Отунбаева «Түркия Кыргызстандын жан досу, Кыргызстандагы татаал учурларда Түркиядан көптөгөн колдоо тапты» [www.tccb.gov.tr/yurt-disi/254/81418/kirgizistan.html.], - деген пикирин билдирген. Бул жолугушууда Абдуллах Гүл Түрк кеңешинин курулуш этабында сиңирген эмгегин эскерип, Роза Отунбаевага ыраазычылык билдирип, Р. Отунбаева мезгилинде эки өлкөнүн байланыштары стратегиялык чекитке жеткендигин баса белгилеген [ www.avrupagazete.com/haberler/4745-roza-otunbayeva-en-yakin-muttefikimiz-cin.html ].

2010-жылкы Ош окуялары учурунда зарыл болгон 10 миллион долларлык жардам жана башка иш-аракеттер эки тараптуу байланыштардын чыңдалышына шарт түзгөн [www.mfa.gov.tr/2010-yardimlari.tr.mfa.]. Бул жагынан алганда сөз болуп жаткан байланыштар рационалдуу кызыкчылыктарга караганда тарыхый боордоштукка көбүрөөк таянган формага ээ болгон.

2011-жылдын 25-28-апрелинде Кыргызстандын премьер-министри Алмазбек Атамбаев Түркияга расмий иш сапар менен барган. Бул иш сапардын учурунда эки өлкөнүн ортосунда «Жогорку деңгээлде стратегиялык кызматташтык консейи» курулган. Аталган уюмдун курулушу менен Түркия-Кыргызстандын стратегиялык байланыштары институттук механизмдер менен чыңдалган. Аталган консейдин экинчи жыйыны 2013-жылдын 13-апрелинде Бишкекте өткөн. Эл аралык коомчулук тарабынан Азиядагы демократия аралы катары таанылган Кыргызстанда парламенттик демократиянын чыңдалышы Түркияны да кубандырууда жана Түркия бул багыттагы колдоосун улантып келүүдө. Кыргызстандын Түркияга болгон 51 миллион долларлык карызын кечүү чечими кабыл алынган жана ар кыл долбоорлорду каржылоо максатында 106 миллион доллар кайрадан кредит берилген [www.mfa.gov.tr/turkiye-kirgizistan-cumhuriyeti-siyasi-iliskileri.tr.mfa.].

Түркиянын коопсуздук боюнча чечкиндүү сунуштары, экономикалык колдоосу жана эки мамлекеттин өз ара расмий иш сапарлары байма-бай уланып келүүдө. Түркия Кыргызстанга алгач 60 миллион доллар грант берген [www.kabar.kg/tur/economics/full/1424.] жана премьер-министр Р. Т. Эрдоган Кыргызстан-Түркия жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык кеңешине катышуу үчүн келгенде 6 миллион доллар грант, 100 миллион доллар узак мөөнөттөгү кредит [www.mfa.gov.tr/2010-yardimlari.tr.mfa.] берүүгө макулдугун билдирген.

Түркиянын Кыргызстанга карата болгон саясатында бирин бири толуктаган көптөгөн факторлордун таасири бар. Парламенттик демократиянын Кыргызстанда ийгиликтүү иштеп кетиши Түркия жана АКШ, ошондой эле

Европа үчүн маанилүү болуп саналат. АКШнын Орто Азияга болгон саясаты Түркия аркылуу болушу зарыл деген көз караш АКШдагы уюмдар тарабынан жазылып, жарыяланып келе жатат. Массалык маалымат каражаттарында Р. Т. Эрдоган Американын аскер базасы боюнча далдалчылык (посредничество) кылгандыгы тууралуу кабар анын Кыргызстанга жасаган иш сапарынын алдында Американын Түркиядагы элчиси менен жолугушуусу жана иш сапарынан соң АКШнын Кыргызстандагы элчиси Алмазбек Атамбаев менен жолугушуусун бирге карай турган болсок, чындыктан алыс эмес экенин айтууга болот.

Көп секторлуу тышкы саясатты жүргүзүүнүн эң ыңгайлуу жолу прагматизм болушу керек. Кыргызстан менен Түркия дал ушундай мүнөздөгү лидерлер тарабынан башкарылып жаткандыктан, эки өлкөнүн байланыштары стратегиялык деңгээлге жетти десек жаңылышпайбыз. А. Атамбаевдин эл аралык атуулдук авиация үчүн Кыргызстанды борбор кылуу максаты жана Түркиянын колдоосу экономикалык байланыштардын келечеги үчүн зор мааниге ээ. Акыркы жылдарда өсүү жагынан мыкты көрсөткүчтөргө жеткен Түрк аба жолдорунун Ош шаарына түздөн-түз учушу жана Пегасус аба жолдору ишканасынын Бишкек-Стамбул маршрутун ачышы бул багыттагы маанилүү кадамдардын бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын элчиликтеринин архивдерин изилдөө ишинде чогултулган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен Түркия Республикасынын Улуу улуттук жыйынынын (Büyük Millet Meclisi) Кыргызстан менен Түркиянын тышкы саясатынын маселелери боюнча материалдары [www.tbmm.gov.tr/ul_kom/turkpa/genel_bilgiler.html], Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын жетекчилеринин жолугушуулары, алардын расмий визиттери жана иш сапарлары тууралуу отчёттору [Архив КР,д.2779] да берилген диссертациялык ишти жазуу үчүн чоң кызыгууну жаратат. Бул документтер берилген эки өлкөнүн өз ара, башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен болгон алакаларынын өнүгүү

процессин кароого мүмкүндүк берип, тышкы саясый чечимдерди кабыл алуу механизмдери тууралуу түшүнүмдөрдү бере алат.

**БУЛАКТАРДЫН БЕШИНЧИ ТОБУН** Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын жетекчилеринин сүйлөгөн сөздөрү, жарлыктары, кайрылуулары, берген пресс-конференцияларынын материалдары түзөт. Кыргыз-түрк жетекчиликтеринин жогорку деңгээлдеги жолугушууларынын натыйжалары боюнча кабыл алынган биргелешкен жыйынтык документтер өзгөчө кызыгууну туудурат [www.youtube.com/watch?v=tKgNDXq7BOQ.]. Бул материалдарды булак катары пайдалануу эки жактуу мамилелердин өнүгүүсүнүн негизги багыттары, эки жактуу мамилелерди, чөлкөмдүк (регионалдык) жана эл аралык саясатты өнүктүрүүнүн өзөктүү маселелери боюнча эки мамлекеттин жетекчилеринин позициялары тууралуу тикелей маалыматты алууга көмөк берет.

Эгемедүүлүк мезгил аралыгында Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелер көп түрдүүлүгү жана көп кырдуулугу менен айырмаланган. Жалпы жонунан, мындай мамилелерди төмөнкүдөй төрт негиз боюнча классификациялоого болот:

- өз ара алакалашкан субъекттердин ортосундагы мамиленин түрү боюнча: партия активисттеринин, партиялардын; мамлекеттик институттардын; коомдук бирикмелердин ж.б. ортосундагы мамиле;
- мамилелердин предмети боюнча: бийлик, саясый башкаруу, саясый лидерлик ж.б. менен байланышкан мамилелер;
- мамилелердин мүнөзү боюнча: кызматташтык, атаандаштык, жаңжалдык (конфликттик) мамилелер;
- көрүнүү механизми боюнча: баш-аламан жана ырааттуу мамилелер.

Айтылгандардан, Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерди **ИЗИЛДӨӨ БУЛАКТАРЫНЫН АЛТЫНЧЫ ТОБУН** Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын тышкы саясатын түшүнүү жана аны ишке ашыруу менен байланышкан маселелерди анализге тарткан изилдөөлөр түздү. Ушундай мазмундагы илимий адабиятты изилдөө Кыргыз Республикасы менен

Түркия Республикасынын тышкы саясый стратегиялары менен аталган эки мамлекеттин эл аралык аренада алган позицияларынын параметрлеринин калыптануу, өнүгүү процесстерин жана алардын келечегин анализдөөгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз-түрк мамилелеринин тигил же бул өңүттөрүн анализге тарткан бир катар илимий жана башка мүнөздөгү эмгектердин ичинен постсоветтик мезгил аралыгындагы кыргыз-түрк мамилелерине комплекстүү политологиялык анализ берген бир да эмгекти бөлүп көрсөтүү азырынча мүмкүн эмес. Бул багытта архивдик документтерге таянуу менен Кыргызстан менен Түркиянын дипломатиялык байланыштарын талдоого алган профессор А. Ормушевдин “Кыргыз-түрк кызматташтыгы” аттуу китеби бир кыйла айырмаланып турат [Ормушев,2012].

**БУЛАКТАРДЫН ЖЕТИНЧИ ТОБУНА** ар кандай массалык маалымат каражаттарында чагылдырылган материалдар кирди. Заманбап массалык маалымат каражаттарынын көпчүлүгү ашкере саясатташып кетсе да, окуяларды чагылдыруу ишинде алар өзүнүн ыкчамдыгы (оперативдүүлүгү) боюнча эч кимди алдыга чыгарбагандыгы менен айырмаланышат. Мындан сырткары, мезгилдүү басма сөз менен телекөрсөтүүлөрдүн басымдуу көп бөлүгү маалыматтарды салыштыруу жана анализдөө аркылуу акыр аягында кызыкдар болуп жаткан окуялардын объективдүү элесин (картинасын) түзүүгө мүмкүндүк берет. Түркия менен постсоветтик БА мамлекеттеринин, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын ортосундагы мамилелерди комплекстүү анализге тартуу максатында Батыш мамлекеттеринин, ири алдыда, түркиялык басма сөз булактарына, айтсак, Стамбулдагы соода жана Стамбул өнөр жай палаталарынын “Экономист” журналы, Анкарадагы экономикалык маалыматтардын Агенттигинин бюллетени (EBA) ж.б. атайы басылмаларда жарык көргөн макалаларды пайдаландык [ Interfax Business Report,1996].

Берилген басылмалардан сырткары, **БУЛАКТАРДЫН АТАЙЫН**, же **СЕГИЗИНЧИ ТОБУН** ЮНЙДО, Эл аралык валюта фонду, Батыш европалык Шериктештик сыяктуу эл аралык уюмдардын; кыргыз жана түрк мамлекеттик

органдары менен ар кыл иштерман жана илимий чөйрөлөрүнүн; аталган мамлекеттердин Мамлекеттик статистика уюмдарынын, Кыргызстан менен Түркиянын Башкы каржы жана тышкы соода башкармалыктарынын, Түркия биржалар Союзу менен палатасынын, аталган эки мамлекеттин тышкы экономикалык байланыштар боюнча Агенттиги менен экономикалык коомдорунун басылмаларында жарык көргөн материалдар да колдонулду [Interfax Business Report,2000].

Бүткүл дүйнөлүк "Интернет" тору **ИЗИЛДӨӨНҮН ТОГУЗУНЧУ ТОБУН** түзүү менен кеңири спектрдеги булактарына кайрылууга мүмкүндүк берип, изилдөөнүн фактологиялык базасын калыптандыруу менен ар кыл мамлекеттердин адистеринин көп сандаган эмгектери менен таанышууга көмөк кылгандыгын белгилеп кетүү абзел. Мындай өңүттө Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын президенттеринин, парламенттеринин жана тышкы саясый ведомстволорунун расмий сайттары өзгөчө кызыгууну туудурду [www.tccb.gov .tr; www.mfa.gov.tr.].

Акыр аягында, **ИЗИЛДӨӨНҮН ОНУНЧУ**, же **БӨТӨНЧӨ ТОБУ** катары постсоветтик мезгилдеги Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы эки жактуу мамилелердин калыптанышы менен өнүгүшүн тигил же бул деңгээлде чагылдырган мамлекеттик ишмерлер менен дипломаттардын мемуарлары менен эскерүүлөрүн, алардын жеке архивинде сакталып турган маанилүү документтерди атоого болот [Абылов, www.fergananews.com/articles/6375; М. Шеримкуловдун жеке архиви].

Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы дипломатиялык кызматты мыйзамдаштыруу максатында 1991-жылы 23-декабрда Анкара шаарында «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда консулдук өкүлчүлүктөрдү алмашуу жөнүндө» макулдашууга Кыргыз өкмөтүнүн атынан А. Муралиев, Түркия өкмөтүнүн атынан Хикмет Четин кол коюшкан.

Бул тарыхый документте Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасы Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын жана консулдук

маселелер жөнүндө 1963-жылдагы Вена концепциясынын максаттарына жана шарттарына ылайык, эки мамлекеттин ортосунда консулдук өкүлчүлүктөрдү ачуу жөнүндө макулдашышкан [През.КР архиви,д15].

Бул чечимдин негизинде Түркия Республикасынын элчилиги 1992-жылы апрелде Бишкекте ачылса, Кыргыз Республикасынын элчилиги 1993-жылы Анкара шаарында өз ишин баштаган. 1994-жылы 2-декабрда Стамбул шаарында Кыргыз Республикасынын Генералдык консулдугун ачуу жөнүндө Президенттин Указы чыккан [През.КР архиви,д159].

Түркия Республикасына эң алгачкы элчи болуп белгилүү кинорежиссер Т. Океев [Океев] дайындалган. Ал 1993-жылы 19-августта Түркия Республикасынын Президенти С. Демирелге ишеним грамотасын тапшырган [Панорама,1993].

Т. Океев менен бирге иштешкен тышкы иштерин уюштуруу боюнча тажрыйбасы бар, түрк тилин мыкты билген адис Д. Сарбагышева, тарых илимдеринин доктору А. Мокеев, тажрыйбалуу дипломаттар Н. Кемелбаев, Т. Кушчубеков, Б. Калманбетова жана Р. Казакбаевдер эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтыктын бардык тармактарын өнүктүрүүгө өз салымдарын кошушкан.

Профессор А.С. Ормушев Түркияда Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын коргоп, улуу даражалуу элчилик кызматта иштеген адамдар жөнүндө маалыматты төмөнкү таблица түрүндө берет [Ормушев,Б.30-32]:

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮРКИЯДАГЫ ТОЛУК ЫЙГАРЫМДУУ ЭЛЧИЛЕРИ | | | |
|---|---|---|---|
| | ЭЛЧИНИН АТЫ-ЖӨНҮ | ИШТЕГЕН ЖЫЛДАРЫ | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН УКАЗЫ |
| 1. | Төлөмүш ОКЕЕВ | 1993-1998 | КР Президентинин Указы:<br>-№ 113, 08.04.1993-ж. дайындалган.<br>-№ 339, 02.11.1998-ж. бошотулган. |
| 2. | Медеткан ШЕРИМКУЛОВ | 1998-2002 | КР Президентинин Указы:<br>-№ 340, 02.11.1998-ж. дайындалган.<br>-№ 118, 01.08.2002-ж. бошотулган. |
| 3. | Аманбек КАРЫПКУЛОВ | 2002-2005-жж. | КР Президентинин Указы:<br>-№ 189, 15.07.2002-ж. дайындалган.<br>-№ 135, 25.04.2005-ж. бошотулган. |
| | Мамбетжунус | 2005-2009. | КР Президентинин Указы: |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | АБЫЛОВ | | -№ 232, 14.06.2005-ж. дайындалган.<br>-№242, 18.06.2009-ж. бошотулган. |
| 5. | Ташбоо ЖУМАГУЛОВ | 2010-2010 | КР Президентинин Указы:<br>-№ 4, 14.01.2010-ж. дайындалган.<br>-№ 12, 08.04.2010-ж. бошотулган. |
| 6. | Эрмек ИБРАИМОВ | 2011-жылдан баштап, бүгүнкү күнгө чейин | КР Президентинин Указы:<br>-№ 88, 14.04.2011-ж. дайындалган. |

Таблицадан көрүнүп тургандай, эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилелерди бекемдөөгө зор салым кошкон элчилердин биринчиси Т. Океев болгон. Анын Түркия Республикасынын ошол мезгилдеги президенти С. Демирель менен болгон өзгөчө мамилеси Кыргызстандын көп маселелерин бат, жеңил чечүүгө мүмкүндүк түзгөн. Ошондуктан, ал алты жылга жакын Анкара шаарындагы Кыргыз Республикасынын элчилигин жетектеп турган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Түркия Республикасындагы элчилери М. Шеримкулов менен А. Карыпкуловдор бул эл аралык жооптуу кызматта эки-үч жылдан иштесе, М. Абылов туура төрт жыл, ал эми Т. Жумагулов 2 айга жакын кызмат өтөгөн. Анткени, 2010-жылдын 7-апрелиндеги Элдик революциянын колдоосу менен бийликке келген Убактылуу өкмөт К. Бакиевдин элчиликтеги жакын адамдарын кызматтан алган [Ормушев,Б.31-32]. Бүгүнкү күндө элчилик кызматты жаш дипломат Э. Ибраимов аткарууда [Ормушев, - Б.32].

Эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилени бекемдөөгө Бишкек шаарындагы Түркия Республикасынын элчилиги да зор салым кошууда. Анткени, Кыргыз Республикасына элчи катары кызматка келген дипломаттар тажрыйбалуу, билимдүү, мурда бир нече мамлекеттерде элчи болгон, калыс, өз иштеринде Түркиянын жана Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн кызмат кылган инсандар болушкан.

| ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТОЛУК ЫЙГАРЫМДУУ ЭЛЧИЛЕРИ [Ормушев,2012] | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № | ЭЛЧИНИН АТЫ-ЖӨНҮ | ИШТЕГЕН ЖЫЛДАРЫ | № | ЭЛЧИНИН АТЫ-ЖӨНҮ | ИШТЕГЕН ЖЫЛДАРЫ |
| 1. | Метин Гокер | 1992-1996 | 5. | Серпил Альпмандар | 2004-2009 |
| 2. | Турел Өзкарол | 1996-1998 | 6. | Нежат Акчал | 2009-2013 |
| 3. | Доган Акдур | 1998-2000 | 7 | Метин Кылыч | 2013- |
| 4. | Мучаффер Эректом | 2001-2004 | | | |

Таблицадан көрүнүп тургандай, 1992-жылдын 29-апрелинде ачылган Түркиянын Кыргызстандагы элчилиги өз ишмердүүлүгүнүн алгачкы күнүнөн тартып эле кыргыз коомчулугунун сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Түркиянын Кыргызстандагы атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси М. Гокер 1996-жылга чейин кызмат өтөгөн. Ал Кыргызстанда өткөрүлгөн көптөгөн иш-чараларга дайыма активдүү катышып, эки элдин ортосундагы достукту бекемдөөгө көп аракеттерди жасаган. 1998-2000-жылдары Түркиянын Кыргызстандагы атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеген Доган Акдурга эки элдин ортосундагы боордоштук байланыштарды чыңдоого кошкон жеке салымы үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекетик жогорку сыйлыгы «Даңк» медалы тапшырылган [Архив,д.1807].

2009-2013-жылдары Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси катары мырза Н. Акчал эмгектенди. Ал 1975-жылы Анкара университетинин саясий факультетинин эл аралык мамилелер бөлүмүн бүтүрүп, Түркиянын Тышкы иштер министрлигинде эмгек жолун баштаган. Мырза Н. Акчал 1980-жылы Нюрнберг Консулдугунда, 1983-жылы Багдаддагы элчиликте 2-, 1-секретарь, 1985-жылы Нью-Йоркто, 1993-жылы Хельсинкиде, 2004-2008-жылдары Штутгарт Консулдугунда иштеп келген тажрыйбалуу, дасыккан адис. Бул кызматтардын ортолорунда Тышкы иштер министрлигинде эл аралык бөлүмдүн башчысы, директору кызматтарын аркалаган [Түрк элч.маалыматы,2011].

Эки мамлекеттин аты аталган элчилери постсоветтик мезгилдеги Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы эки

жактуу мамилелердин калыптанышы менен өнүгүшүн мемуарлар же эскерүүлөр формасында чагылдыруу аракеттерин жасашкан. Бул жагдайда Кыргызстандын Түркиядагы мурдагы элчиси Мамбетжунус Абыловдун «Не нужно считать киргизов турклерами!» [Абылов, www.fergananews.com/articles/6375.] деп аталган эмгегин атайылап айырмалоону мүмкүн кылат.

Жогоруда айтылгандар төмөнкүдөй корутундуларга негиз боло алышат:

1. Диссертациялык иштин берилген параграфы көз карандысыздык жылдар ичинде Кыргызстан-Түркия мамилелериндеги саясый мамилелерди илимий анализге тартууга арналды. Эгемендүүлүк мезгилдеги Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелерди изилдөө булактарын, же негизги базасын ар кыл мүнөздөгү булактар, фактылар, документтер, ошондой эле автордун жеке байкоолору түздү.

2. Саясый мамиле деп социалдык жамааттардын, топтордун, жарандардын жана институттардын ортосундагы бийлик, мамлекеттик түзүлүш жана коомду башкаруу менен байланышкан алакаларынын жыйындысы аталаары тастыкталды. Каалагандай түрдөгү саясый мамилелердин, алардын ичинде эгемендүүлүк мезгил аралыгындагы Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелердин спецификасы төмөнкүчө аныкталат: биринчиден, алар субъекттер ортосундагы (биздин учурда эки мамлекеттин ортосундагы) өз ара алаканы бийлик аркылуу туюндурушат, экинчиден, тигил же бул деңгээлде коомдогу калган мамилелердин (айтсак, кыргыз-түрк мамилелеринин) баардыгын алдын ала шартташат.

3. Кыргызстан менен Түркия ортосундагы саясый мамилелерди илимий изилдөөгө негиз болгон материалдардын өзөктүү тобун Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын жетекчилери тарабынан кол коюлган эки жактуу жана көп жактуу документтер, эки мамлекеттин жетекчилеринин программалуу кайрылуулары, сүйлөгөн сөздөрү жана ой-тилектери, дүйнөлүк жана кыргыз-түрк окумуштууларынын эмгектери,

архивдик материалдар, массалык маалымат каражаттарынын материалдары түздү.

4. Кыргызстан менен Түркия ортосундагы саясый мамилелер конкреттүү мейкиндик жана убакыт ченемдеринде аракет кылып жаткан субъекттердин, башкача айтканда, аты аталган эки мамлекеттин саясый кызыкчылыктары менен зарылдыктарын турмушка ашыруу процессинде калыптанат. Тынымсыз болуп турган астрономиялык убакыттан айырмаланып, саясый убакыт бир нече сааттан, бир нече күндөн бир нече жүз жылдыктар сыяктуу кыска жана орточо кыска хронологиялык мөөнөттөргө ээ чектүүлүгү жана аягына чыгуу өзгөчөлүгү менен кескин айырмаланат.

5. Саясый убакытты оптималдуу пайдалануу саясат менен бийликтин эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Бул көрсөткүч коомдун саясый маданиятынын деңгээли менен анын саясый өнүгүшүнүн даражасынан көз каранды. Саясый убакытты эффективдүү пайдаланууга саясый мейкиндиктин өзгөчөлүктөрү зор таасир берет. Мындан сырткары, ар тектүү жана зор ченемдерге ээ саясый мейкиндик саясый убакыттын өтүшүн жайлатып, саясый процесстердеги паузаларды пайда кылат.

6. Осмон империясы менен Орто Азия элдери, анын ичинде, Осмон империясы менен кыргыздардын байланыштарына орус жетекчилиги тоскоолдуктарды жаратып келгендигин тарыхый жана даректүү иш кагаздары айгинелеп тураары айтылды. Бул тарыхый жана даректүү эмгектерде совет империясы кулап, Орусиядан алыстай түшкөн БАдагы жаңы көз карандысыз мамлекеттер кандай себептерден улам өз көңүлдөрүн Түркияга карай бура башташканы да кеңири чагылдырылган.

7. Саясый мамилелердин жакшырышы, аларда ар кыл социалдык кызыкчылыктардын жогору даражада камтылуусу саясый прогресстин мазмунун түзөт. Кыргызстан-Түркия ортосундагы саясый мамилелердин прогрессинин критерийи катары төмөнкүлөрдү атоого болот: 1) саясый мамилелердин структуралык дифференциациясы; 2) саясый ишмердүүлүктүн стимулдарынын мүнөзү; 3) саясый мамилелердин калыптанган системасын так,

сын көз караштa баалоого жөндөмдүү болгон компоненттер менен структуралардын болушу; 4) саясый чөйрөдөгү билим менен рационалдуулук факторунун деңгээли, саясый аң-сезимдин саясый активдүүлүктү тушаган мифологиялык түшүнүмдөр менен нормалардан оолак болушу; 5) эки мамлекеттин ортосундагы саясый мамилелерди андан ары өнүктүрүү үчүн зарыл болуп саналган Кыргызстан менен Түркиянын жарандарынын саясый маданиятынын жана баалуулук ориентацияларынын бийик деңгээли.

8. 1991-жылдан 2005-жылга чейин Кыргызстандын Түркия менен байланыштары үзгүлтүксүз өнүгүп келгендиги жана эки өлкөнүн байланыштарынын фундаменти ошол мезгилде орнотулганы кеңири айтылды. Эки өлкө ортосундагы ички жана тышкы саясаттагы эң негизги айырмачылык, Кыргызстанда жетекчинин кескин алмашуусу менен байланышкан радикалдуу өзгөрүүлөрдүн болушу мүмкүн болсо, Түркияда мындай ыкчам өзгөрүү байкалбагандыгы болуп саналат.

9. 2005-2010-жылдар аралыгында Орусия жана АКШ сыяктуу глобалдык күчтөргө байланыштуу тең салмактуу саясатта өзгөчө маанайдагы оош-кыйыштыктар болуп кеткен. Ал эми, Түркия өңдүү орто деңгээлдеги аймактык күчтөргө карата Кыргызстандын тышкы саясатында олуттуу өзгөрүү болгон эмес. Бул мезгилинде эки өлкө ортосундагы байланыштар Кыргызстандын тышкы саясатындагы өзгөрүүлөргө карабастан, эки мамлекет ортосундагы саясый-дипломатиялык алакалар нормалдуу нукта өнүгүп келген деген жыйынтыкка келүүгө болот.

10. Түркиянын А. Атамбаевдин ант берүү аземине президенттик деңгээлде катышуусун кыргыз тарап А. Атамбаевдин бийлигине жана парламенттик демократияга карата колдоо катары кабыл алды. А. Атамбаев, өз кезегинде, бул колдоонун жообу катары алгачкы расмий иш сапарын Түркиядан баштоо менен жооп кылган. Эл аралык мамилелерде бул маанилүү кадам болуп саналат. Түркия парламентинде түрк тилинде сүйлөгөн сөзү менен А. Атамбаев түрк депутаттарына жана түрк коомчулугуна оң таасир бере алды.

11. Түркия-Кыргызстан байланыштары эки өлкө үчүн стратегиялык жана коопсуздук кызыкчылыктарына таянат. Белгилүү болгондой, АКШ Орто Азия саясатын Түркия аркылуу жүргүзүү тенденциясына ээ. Анан, албетте, жекече достук мамилелер дагы эки тараптуу мамилелердин чыңдалышына өз салымын кошпой койбойт.

## § 2. Постсоветтик Борбордук Азия-Түркия мамлекеттеринин дүйнөлүк геосаясый кызыкчылыктардан алган орду жана ролу

Заманбап саясый процесстер 1) саясаттын субъекттеринин ишмердүүлүгүнүн негизги себеби жана стимулу болуп саналган саясый кызыкчылык (political interest) жана саясый зарылдык (political necessary) түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан.

Саясый кызыкчылык саясаттын субъекттеринин ортосундагы мамиле менен алаканы туюндурса, саясый зарылдык саясаттын субъектисинин өз жашоосу көз каранды болуп саналган жана анын аракети ага объект катары багытталган турмуш-тиричилик шарттарына карата жасаган мамилесин билдирет. Демек, саясый кызыкчылыктар менен саясый зарылдыктардын ортосундагы айырма саясый мамилелерди орнотууга көмөк берген предметтер жана жактар аркылуу аныкталат.

Саясый кызыкчылыктар татаал түзүлүштөгү курамга ээ болуу менен төмөнкүдөй бир нече негиздер боюнча классификацияланышат:

1) саясаттын субъекттери боюнча улуттук, этникалык, партиялык, таптык ж.б. саясый кызыкчылыктардын болушу мүмкүн;

2) алган багыты боюнча саясый кызыкчылыктар прогрессивдүү, реакциялуу, консервативдүү маанайга ээ боло алышат;

3) аракеттенүү чөйрөлөрү боюнча ички саясый жана тышкы саясый кызыкчылыктарды айырмалашат;

4) мүнөзү боюнча саясый кызыкчылыктар баш аламан жана ырааттуу боло алышат;

5) убакыт факторунун көз карашында туруктуу, перспективалуу, утурумдук (текущие) саясый кызыкчылыктарды ажыратууга болот.

Саясый кызыкчылыктар коомдогу социалдык топтор менен катмарлардын зарылдыктары менен муктаждыктарын чагылдырган саясый көз караштарды, коомдун саясый маанайларын, идеологиялык приоритеттерин калыптандырган база болуп саналышат.

Бүгүнкү күндөгү саясый кызыкчылыктардын динамикасында төмөнкүдөй 2 карама каршы тенденцияны байкоого болот: 1) аз сандагы алдыңкы саясый күчтөр тарабынан саясый кызыкчылыктарды топтоо, ирилештирүү, агрегатташтыруу; 2) саясый кызыкчылыктарды диверсификациялоо, башкача айтканда, алардын көп түрдүүлүгүн, ошондой эле ар кандай позициядагы көз караштардын санын өстүрүү.

Заманбап Түркиянын бийликтеги партиясынын негизги девизи болуп «коңшу мамлекеттер менен ноль проблемада болуу» («ноль проблем с соседями») деген ураан саналат. Айтсак, бул принциптин жардамы аркасында Түркия бир нече жылдар мурда өз коңшулары Ливия, Сирия, Иран сымал мамлекеттер менен өз ара мамилелерди бир кыйла чыңдай алган. Ошондой болсо да, дүйнөлүк масштабдагы геосаясый мамилелер менен маселелер, ошондой эле айрым өлкөлөрдүн географиялык алган орду алардын ички жана тышкы саясатына олуттуу таасирин тийгизээри талашсыз. Заманбап доордун тарыхый жана саясый окуялары күбөлөгөндөй, революциячыл маанайдагы «араб жазынын» келиши менен Анкара жогоруда аталган араб тилдүү мамлекеттер менен болгон өзүнүн алакасын ыкчам (экстрендүү түрдө) кайра карап чыгууга мажбур болду. Түркия ТАКУнун аракеттеги мүчөсү экенин эске алуу менен Анкара акыркы жылдары араб тилдүү чөлкөмдө болуп жаткан революциячыл маанайларды колдоого аргасыз.

Албетте, Түркиянын мындай саясый жүрүшү анын түндүгүндө жайгашкан коңшусу Орусия Федерациясы менен болгон алакага өз кедергисин тийгизбей койбойт. Белгилүү болгондой, араб дүйнөсүндө болуп жаткан саясый окуяларды баалоодогу принципиалдуу карама каршы позициялар Москва менен

Анкаранын ортосундагы мамилелердин салкындашын шарттаганы – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анын үстүнө, мурда Орусия менен Түркия бирин бири материалдуу колдоого алып, Орусиядан Түркияга ар кандай техника, автомобилдер келип турса, азыр бул байланыш бир кыйла солгундап кеткен.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй, геосаясый мамилелер дүйнөлүк ар кыл күчтөрдүн салыштырмалуу биримдиги менен абсолюттуу күрөшү болуп саналат. Жалпы жонунан, геосаясый мамилелер кургактык менен деңиз, борбор менен периферия сыяктуу карама каршылыктардын ич ара күрөшүн туюнтат. Дүйнөлүк тарыхый процессте карама-каршылыктардын биримдиги дайыма убактылуу, мөөнөтү абдан чектелүү кубулуш болуп келген. Ошол себептен, Улуу Британиянын чыгаан саясый ишмери Уинстон Черчиллиль (1874-1965) “Англиянын туруктуу достору менен шериктештери жок, бирок анын түбөлүктүү саясый (геосаясый) кызыкчылыктары гана бар. Ал эми Англиянын кызыкчылыктары анын достору менен шериктештеринин кызыкчылыктарына дал келбейт. Ошондуктан, карама каршылыктардын күрөшү дайыма абсолюттуу жана түбөлүктүү болуп саналат” [Нартов, 2004.- с.34], - деген таамай ойду бекер жеринен айтпаса керек.

Борбордук Азия (БА) түрк тилдүү мамлекеттер эгемендик алган соң эл аралык саясатта жана илим чөйрөсүндө Батыш изилдөөчүлөрү тарабынан сунуш кылынган “күч боштугу” (Security Gap) [Olcott,B.M., 2005p.72] деген жаңы термин пайда болуп, кеңири колдонула баштаган. Бирок, бул термин орунсуз экени кийинчерээк белгилүү болгон. Мезгилдин өтүшү менен эл аралык мамилелерди анализге тарткан парадигмалар өзгөрүп, БАда толук түрдө Орусташып кетпеген, өзүнө гана таандык улуттук аң-сезимге ээ жаңы мамлекеттер пайда болгону ырасталган. Тактап айтканда, БА аймагында күч боштугу эмес, күч потенциалы, эскинин саркындысы катары сакталып калган хандыктар эмес, заманбап мамлекеттер орун алганы түшүнүктүү болгон.

Эл аралык аренада Америкалык жана Европалык мамлекеттердин атаандаштыгын жаратып, дүйнөлүк державалардын тымызын да, ачык да кызыгуусун арттырып келген постсоветтик БАга карата дүйнөдөгү ири

державалар менен коңшу жаткан мамлекеттердин амбициялары менен өз таасирин орнотууга карата күч-кубаттуу саясый далалаттары бул чөлкөмдүн дүйнө мамлекеттери үчүн кызык экендигин иш жүзүндө дагы бир жолу ырастоодо.

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА ОРУСИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ.** БА чөлкөмүндө өзгөчө геосаясый кызыкчылыктарга ээ өтө таасирдүү өлкө болуп Орусия эсептелет. Постсоветтик мезгилдин башында ички маселелерин чечүү менен буйдалып калган Орусия БАга карата толук кандуу стратегияны иштеп чыгууга чолосу тийген жок. Ошол кездеги Орусия Федерациясы (ОФ) БАдагы жүрүм-туруму карама-каршылыгы менен айырмаланган да, Орус мамлекети бул чөлкөмдө кыска мөөнөттүү кызыкчылыктарга гана приоритет берүүнү жактырган.

Айтылгандарга байланыштуу постсоветтик мезгилдин алгачкы он жылдыгында Орус аскерлерининин постсоветтик БА аймагынан орун алуусун Орусия үчүн өтө ыңгайлуу кадам катары баалоого болот. Анткени, экономикалык жана саясый байланыштарды өнүктүрүүгө караганда аскерлерди жайгаштырып коюу анча көп чыгымдарды талап кылбайт. Анын үстүнө, өз аскерлерин башка мамлекеттин аймагына жайгаштырып коюу геосаясый кызыкчылыктарды турмушка ашыруунун эң эле эффективдүү ыкмасы болуп саналат. Орусиянын мындай ыкмага өтө эле ынтаа коюусун Афганистан тараптан келген ислам радикализминин жайылуусу сыяктуу коркунуч менен түшүндүрсө болот. [Trenin,P.77-79].

Постсоветтик Москва үчүн стратегиялык маанилүү милдет болуп Афганистандан келген ислам радикализминин жайылып кетүү коркунучуна каршы аракеттенүү эсептелет. Бул максаттарды көздөө менен Орусия өз аскер базасын Тажикстандын аймагына жайгаштырып койгон.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында БА менен экономикалык алакаларды түзүү Орусия үчүн приоритеттүү болгон эмес. Инвестициялар менен "жандуу" акчага абдан кызыкдар болгон Орусияны чөлкөм менен болгон

соода-экономикалык мамилелердин ошол кездерде калыптанып жана кеңири жайылып бара жаткан бартердик мүнөзү таптакыр канааттандырган эмес.

Ошондой болсо да, Орусия чөлкөмдүн энергоресурстарын транспорттоону өзү үчүн өтө пайдалуу болуп саналган багытта өнүктүрүүгө кызыкдар экендигин жашырбай келет. ОФ (Орусия Федерациясы) мунай-газ кендерин өздөштүрүүгө, түтүктөрдү курууга жана эксплуатациялоого катышкан башка мамлекеттер үчүн энергоресурстарды транспорттоо экономикалык гана эмес, саясый да маселе болуп саналат. Энергоресурстарын транспорттоого катышуу чөлкөмдөгү абалды эффективдүү тескөөгө мүмкүндүк берет.

Байкоочулар, алардын ичинде, БАдагы проблемалар боюнча эксперт болуп эсептелген белгилүү Француз изилдөөчүсү О. Руа белгилегендей, чөлкөмгө болгон Орус таасири жылдан жылга азаюу тенденциясына ээ. О. Руанын пикири боюнча “Москванын чөлкөмгө карата неоколониалдык экспансияны жүргүзүүгө, ошондой эле сырттан келген агрессиянын учурунда аскердик коргоо чарасын кепилдик кылууга каражаты да, каалоосу да жок” [Руа,1999]. Дал ушул себептен улам БА чөлкөмүндөгү өлкөлөр ЕККУ (ОБСЕ) уюмуна кирип, ТАКУ менен байланыштарын өнүктүрүп жатканын четке кагууга болбойт.

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА КЫТАЙ**. Бүгүнкү Кытай Элдик Республикасы (КЭР) бүткүл дүйнө үчүн өзгөчө кызыкчылык жараткан өлкө болуп саналат. Бул 1) тез экономикалык өсүш, 2) ички саясый жагдайдын стабилдүүлүгү жана 3) КЭРдин эл аралык мамилелер системасындагы өтө ишенимдүү жана ырааттуу позициясы сыяктуу бир катар факторлор менен шартталган.

Көпчүлүк окумуштуулардын прогноздору боюнча КЭР XXI кылымда эң алдыңкы экономикалык державага айланмакчы. КЭРдин позицияларынын күч алышы экономиканын бардык багыттары боюнча жүрүп, анын глобалдык экономикалык системадан алган орду менен ролу да өсүүдө.

КЭРдин БА мамлекеттери менен болгон экономикалык кызматташтыгы негизги 3 багытка ээ:

1. Энергетикалык фактор. БА мамлекеттеринин энергетикалык ресурстары КЭР үчүн өзгөчө мааниге ээ. Албетте, жакынкы келечекте Пекин мунайды (нефть) Кытайга алып келүүнүн негизги маршруттарын өзгөртүүнү көздөбөйт. Ошондой болсо да, КЭРдин жетекчилиги мунай берүүчүлөрдү, көмүр суутектерин (углеводород) транспортто жана сатып алуу ыкмаларын ар тараптан диверсификациялоого умтулууда. Себеби, КЭРге энергоресурстарын сунуш кылган негизги өлкөлөр саясый жактан өтө кооптуу чөлкөмдөрдө жайгашышкан. Мындан сырткары, Кытайга келген мунайдын 70-80%ы АКШнын аскер-деңиз күчтөрү тарабынан тескелген Малакк кысыгы аркылуу өтөт. БА өлкөлөрүнөн мунай транспорттоо салыштырмалуу коопсуз, кыска жана кургак жердин бети менен өтөт. Мындан сырткары, Кытай өзүнүн БАдагы кургак жол магистралын Түндүк Иран жана андан да ары Жакынкы Чыгышка чейин созууну көздөйт.

2. Соода-экономикалык байланыштар. Постсоветтик БА мамлекеттери менен соода-экономикалык байланыштарды интенсивдештирүү аркылуу Пекин өзүнүн экономикалык жактан артта калган батыш аймактарын өнүктүрүүгө умтулууда. Бүгүнкү күндө Синьцзянь-Уйгур автономиялуу районунун БА мамлекеттери менен болгон соода айлампасынын көлөмү жалпы Кытайдын БА менен болгон соода айлампасынын 80%дан көп бөлүгүн түзөт [Аалиева, С.201].

Мындай өңүттө СССР кулагандан кийин андан бөлүнүп чыккан республикалардын жетекчилиги мурдагы Советтер Союзунун борбору менен перифериаларынын ортосундагы чарбалык жана экономикалык байланыштар талкаланып, анын натыйжасында пайда болгон боштукка карата Кытайдын экономикалык таасиринин күндөн күнгө өсүшү сыяктуу жаңы геосаясый факторду моюнга алгысы келбегендигин ачык мисал катары көрсөтүүгө болот. Постсоветтик өлкөлөрдүн Кытайга карата мындай кош көңүлдүгүнө карабастан, 1994-жылы эле КЭР БА чөлкөмүндөгү, өзгөчө, Кыргызстандагы

экспорттун эң чоң рыногуна, ал эми импорттун экинчи рыногуна айланган [Kyrgyzstan Country report,1999].

Постсоветтик республикалардын ичинен Бүткүл дүйнөлүк соода бирикмесине (ВТО) биринчилерден болуп кирген Кыргызстан үчүн Кытай, анын товарлары жана соода менен алектенген адамдар Кыргыз Республикасынын ички экономикалык жагдайын стабилдештирүүгө эбегейсиз зор көмөк берген. Кыргызстандын майда жана орто бизнеси КЭРдин уламдан улам өсүп жаткан экономикасына багыт алгандыктан, бул ролду Кытай бүгүн да ойноп келет. Ошол себептен, көпчүлүк адистердин баалоосу боюнча жакынкы келечекте Кытай Кыргызстандын соода-экономикалык өнөктөшү болуп калмакчы [Аалиева,С.157].

БАнын транзиттик потенциалы. Пекин үчүн БА өзүнүн көмүр суутек (углеводород) ресурстарынын потенциалы менен гана маанилүү эмес. Пекин келечекте БА аркылуу Иранга, андан ары Европага чыгууга мүмкүндүк берген кургак жол магистралына ээ болууну көздөйт.

Кытайды Батыш менен байланыштырган БАдагы негизги кургак жол коммуникациялары болуп темир жолдору саналмакчы. Мында кеп Трансазиялык темир жолу (ТАТЖ) тууралуу болуп жатат. ТАТЖ Кытайдын Тынч океандагы портторун (Ляньюнган, Циндао, Тяньцзин) Түркия менен байланыштырууну көздөйт. Албетте, темир жолдорун деңиз жолдору менен салыштырууга болбойт. Ошондой болсо да мындай кургак жол маршрутунун түзүлүшү Кытайга жеткирүү мөөнөтүн кыскартуунун эсебинен анын товарларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет.
Мындан сырткары, Европага транзиттик товарларды жеткирүү чөйрөсүндө ТАТЖ Пекинге Кытайдын Россиядагы Транссиб, БАМ сыяктуу темир жол магистралдарынан болгон көз карандылыгын бир кыйла төмөндөтөт. Бул максатта 2010-жылдан тарта КЭР 1) Кытай-Кыргызстан- Өзбекстан жана 2) Казакстандын темир жолдору менен кошулууга тийиш болгон Цзинхэ-Инин-Хоргос деп аталган 2 багыттагы темир жолдорун курууну баштады.

Айтылгандардан сырткары, БА мамлекеттери үчүн аларга коңшу жаткан КЭР бир катар олуттуу тобокелдиктерди шарттаган өлкө да болуп саналат. Бүгүнкү күндө бир катар изилдөөчүлөр белгилегендей, постсоветтик республикалар, алардын ичинде БА өлкөлөрү, Кытайдан келген демографиялык экспансия коркунучуна кириптер боло башташты [URL: www.liberal.ru].

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ.** СССР кулагандан кийин АКШнын БАдагы позициясы бир кыйла бекемделген. АКШнын БАдагы мамлекеттерге карата болгон тышкы саясый стратегиясы, жалпы жонунан, АКШнын өзүнүн стратегиялык приоритеттери менен кызыкчылыктарын эске алган геосаясый түшүнүмдөр менен карандай эле прагматизмге сугарылган жоболорго таянат. Америка дайыма өз кызыкчылыктарын ишке ашырууга көмөк берген БАдагы күч балансын колдоо аракетин кылып келет [America and The Muslim Middle East,1998].

Албетте, ыраакы келечекте АКШ БАны өз таасиринин чөйрөсүнө киргизүүнү абдан каалайт. Бирок, бүгүнкү күндө Вашингтондун алдыга койгон негизги максаты болуп АКШнын БАдагы таасирин чектеп, же начарлатып салууга жөндөмдүү ОФ, КЭРжана ИИР өңдүү мамлекеттердин же мамлекеттер коалициясынын пайда болушуна жол бербөө эсептелет.

АКШ БА чөлкөмүндөгү Түркиянын активдүүлүгүн, ири алдыда, Түркиянын БАнын энергоресурстарын транспорттоо чөйрөсүндөгү активдүүлүгүн дайыма колдоого алып келет. Жалпы жонунан, АКШ Түркияны өз саясатын жүргүзүүгө карата далдалчы катары пайдалануу аракетинин үстүндө. Анын үстүнө, Афгандык жана Кавказдык долбоорлорду кошуп эсептебегенде, транспорт долбоорлорун ишке ашырууда БА чөлкөмүндө Орусия Федерациясы (ОФ), КЭР жана Иран Ислам Республикасы (ИИР) өңдүү мамлекеттердин биринин позициясы күчтөнүп кетет дегенди туюндурат. Мындай абалдын жаралышы АКШнын пландарына дал келбейт.

АКШ БА чөлкөмүндө Евроазиалык коридор, Чыгыш-Батыш маршруту деп аталган батыш багытындагы транспорттук инфраструктураны өнүктүрүүгө

абдан кызыкдар. Ошол себептен, 1999-жылдын март айында АКШ Сенаты "Жибек жолу стратегиясы: XXI кылым" деп аталган мыйзам долбоорун кабыл алып, бул мыйзам долбоор АКШ Конгрессинин өкүлдөр Палатасы тарабынан каралган. [Hon,1999]

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА ЕВРОШЕРИКТЕШТИК**. Эгемендүүлүк жылдары европа өлкөлөрү да БА чөлкөмүнө карата өз кызыгууларын ачык билдире баштаган. Бирок, алардын позициялары ОФ жана АКШга салыштырмалуу бир кыйла сабырдуулугу жана мелүүн мүнөзү менен айырмаланат [Адарчев,1998;Борко,2001].

Еврошериктештик мамлекеттери менен БА чөлкөмүнүн өз ара алакаларын активдүү өнүктүрүүгө тоскоол кылган бөгөт катары саясый-экономикалык пландагы төмөнкү факторлорду атоого болот:

- Европалык-БАлык маршруттун бардык узундуктарындагы транспорттук тарифтердин абдан жогору болушу;
- бул маршруттун айрым бөлүктөрүнүн өтө кооптуулугу;
- бул аймактагы бир катар мамлекеттер ортосундагы айрым карама каршылыктардын сакталып турушу.

Ошондой болсо да айрым европалык аналитиктердин пикиринде Еврошериктештиги Чыгыш Европа, Кавказ жана БА өлкөлөрүн интеграциялоо жана кооперациялоо идеяларына дайыма абдан кызыккандыгын жашырбай келет [Britain and The Middle East,1997].

Ошону менен катар эле төмөнкү жагдайлардан улам Европалык өлкөлөр үчүн Борбордук Азия аймагын транспорттук коридор катары толук кандуу пайдалануу зарыл жана маанилүү экендигин баса белгилеп келишет [The New Silk Road",P.150]:

- Еврошериктештигинин Тынч океанга БА аркылуу чыгууга кызыкдардыгы;
- ОФнын коммуникациялык мааниси начарлап жаткан абалдан пайдаланып Азиялык – тынч океан чөлкөмүнүн өлкөлөрү менен өз ара алаканы күчөтүү.

БАдагы жана ага жакын жаткан мамлекеттердеги, ошондой эле Кавказдагы инфраструктуралык долбоорлордун көбүнчөсү Еврошериктештик Комиссиясынын Европа - Кавказ – Азия транспорттук жана маалыматтык (информациялык) магистралынын (ТРАСЕКА) комплекстүү программасына киргизилген.

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА ИРАН ИСЛАМ РЕСПУБЛИКАСЫ.** Биринчи эле кезекте АКШ тарабынан БА чөлкөмүн изоляцияга алууну жана ага кысым көрсөтүүнү сактап туруунун шарттарында, бул чөлкөмдөгү геосаясый оюндардын дагы бир актёру болуп саналган ИИР да өзүнүн БАдагы экономикалык, саясый жана маданий таасирлерин күчөтүү аракеттерин көрүп келет.

Иран Орусия, Европалык өлкөлөр, КЭР жана Индия менен өнөктөш байланыштарын орнотуп келет. Бул байланыштар Ирандын БАдагы окуяларга таасир көрсөтүү шанстарын бир кыйла өстүрөт.

Ошол эле учурда Иран жана анын салттуу түрдө атаандашы болуп калган коңшулары Пакистан, Сауд Аравиясы, ошондой эле Түркия мамлекеттеринин ортосундагы карама-каршылыктар четке кагылбай, дагы деле болсо сакталып турууда [Shaumian,1998,71p.]. Айтсак, Иран БА чөлкөмүндө пантүркизм идеялары кеңири жайылып кетишинен абдан чочулайт. Мындан сырткары, Иран Сауд Аравиясындагы ислам кыймылдары тарабынан колдоого алынган сунниттик фундаментализм БАда орноп калаарынан абдан коркот. Ошол себептен улам Иран БА өлкөлөрү менен узак мөөнөттүү мамилелерди курууну каалабайт. Ирандын мындай сактыгы анын саясатын прогноздоону кыйынчылыкка айландырат.

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА ПАКИСТАН.** Ирандын жакын коңшусу болгон Пакистан да БАдагы чөлкөмдүк лидердин ролуна талаптанганын жашырбайт [Hunter, 2005,166p.]. Пакистан БАдагы мамлекеттер менен интеграциялануута, бул чөлкөм менен болгон ар тараптуу саясый-экономикалык мамилелердин интенсификациясына абдан кызыкдар. Ушуга байланыштуу Пакистандын өтө маанилүү приоритеттеринин бири болуп

БА менен транспорттук байланыштарды калыптандыруу эсептелет. Исламабад Афганистан аркылуу кеткен байланыштын магистралдык жолдорун түзүүгө өзгөчө көңүлүн бөлөт.

Бирок, Пакистандын БА менен активдүү саясый алака түзүү ниети менен байланышкан каалоо-тилектерине төмөнкү факторлор тоскоол болууда:

- өлкөнүн материалдык-финансылык кыйынчылыктары;
- ички саясый стабилдүүлүктүн жоктугу;
- Индия менен узактан бери конфронтацияда болуп келүү;
- өлкөнүн Афган жаңжалына олуттуу тиешеси болгондугу.

Ошондой эле жогоруда аталган моменттер Пакистандын эл аралык репутациясын бузуп, бул өлкө БА багытындагы ири саясый кадамдарды жасоого карата дүйнөлүк коомчулуктан колдоо таба албай келет.

Пакистандын геосаясый кызыкчылыктардын логикасын жактаган айрым чөйрөлөрү талибдерди БА чөлкөмүнө таасир берүүнүн негизги куралы катары пайдаланууну улантып келишет. “Талибан” кыймылы 1997-жылга чейин Пакистан мамлекетинин өтө активдүү колдоосуна ээ болуп келген. Дүйнөлүк коомчулуктун алдында “Талибан” кыймылы өздөрүн өздөрү дискредитациялап алгандыктан, бүгүнкү күндө Исламабад өзүнүн талибдерге көрсөткөн көмөгү менен колдоосун ачык билдирүүгө умтулбайт [Khan,1999,No.2].

Афганистандын аймагында Пакистанга жакшы санаалаш, салыштырмалуу стабилдүү, бирок, экономикалык жана саясый планда алсыз, өзүнө боордош болгон Пакистанга карата тил алчаак мамлекеттин курулушу Исламабаддын саясый кызыкчылыктарына дал келет. Бирок, Афганистанда бир катар мамлекеттердин кызыкчылыктары кездешкендиктен, Исламабаддын жогорудагы таттуу кыялын ишке ашыруу абдан эле оор.

Мындан сырткары, Пакистан мамлекетинин талибдерге болгон таасирин бир жактуу процесс катары кароого болбойт. Пакистанда ”Талибан” кыймылынын тамыры терең сиңген, бул кыймыл Пакистандагы исламдык улуттук уюмдар, аскер түзүмдөрү жана мамлекеттик атайын кызматтар менен тыгыз байланыштарга ээ. Айтылгандар талибдер Пакистан мамлекетинин

коомдук-саясый абалынын өнүгүшүнө абдан күчтүү таасир эте алаарын күбөлөйт [Report,1998].

Адистер божомолдогондой, келечекте Пакистан талибдерди тескей албай калышы толук ыктымал [Heider,1998,No.38]. Дал ошондо Пакистан коңшу жаткан өлкөлөр менен дүйнөлүк коомчулукка коопсуздук проблемаларынын кеңири спектрин берген коркунучка айланышы толук мүмкүн. Айтылгандарга байланыштуу талибдерди башкаруунун деңгээли кандай, аларды "чөлкөмдүк сахнадагы өз алдынча оюнчуга айланып бара жаткан" [18,153-б.] афган мамлекетинин тышкы саясатын аныктаган башкы күч катары кароого мүмкүнбү деген мыйзам ченемдүү суроолор жаралат.

Пакистан мамлекети Иран менен талибдердин ортосундагы конфронтация болуп кетүү ыктымалдыгын четке кага албайт. Стратегиялык да, экономикалык да себептерден улам Исламабад Иран менен жаңжалдашууга жол бере албайт [Khan, 1999,P.16].

Мындан сырткары, Пакистандагы абал Афган радикалдарынын ишмердигинен жаралган Ислам таасиринин өсүшү менен мүнөздөлөт. Айта кетчү жагдай, экономикадагы жана саясый жашоо-тиричиликтеги кризистик кубулуштардын фонунда Ислам альтернативасы абдан жагымдуу жагдай болуп саналат.

**ПОСТСОВЕТТИК БОРБОРДУК АЗИЯ ЖАНА ТҮРКИЯ**. Түркия постсоветтик БА мамлекеттеринин көз карандысыздыгын таанып, бул өлкөлөргө өзүнүн экономика, эркин соода жана демократия жаатындагы тажрыйбасы менен тең бөлүшүүнү ачык билдирген алгачкы өлкө болуп саналат.

Эгемендүүлүккө ээ болгон соң ошол кездеги жаңы президенттер баш болгон БАнын жогорку деңгээлдеги мамлекеттик жетекчилери эгемендикти чыңдоо, мамлекет куруу боюнча тажрыйба топтоо жана экономикалык жактан калыптануу максатында жогорудагы күчтөр менен активдүү тышкы байланыштарды түзүү аракетине киришкен. Мындай саясаттын табигый натыйжасында БА мамлекеттери бардык глобалдык жана аймактык уюмдарга

мүчө боло баштаган. БАнын тышкы саясаттагы бул абалына анын географиялык жайгашкан орду кайсыл бир деңгээлде таасир берген десек жаңылышпайбыз. Эмне үчүн?

Анткени, БА Европа жана Азиянын ар кыл өлкөлөрү менен кызматташуусунун негизинде ар кыл маданиятка толеранттуу мамиле жасоо сыяктуу кылымдарды карыткан каада-салт жатат. Тарыхый жана географиялык жактан БА Батыш менен Чыгыштын чок ортосунда, башкача айтканда, геосаясат илиминин тилинде Heartland (англисчеден heart - жүрөк, land - жер) деп аталып, дүйнөлүк күчтөрдүн балансын, жер планетасындагы стабилдүүлүк менен тынчтыкты сактап туруунун негизи катары түшүнүлгөн Евразиянын борборунда жайгашкан. Ошол себептен, Батыш менен Чыгыш маданияттарынын бир бөлүгү болуп саналган, эки маданияттын диалогунун чегинде өзүнүн кылымдарды карыткан тарыхын калыптандырган БА баардык мамлекеттердин бирдейлиги менен тең укуктуулугун тааныган жаңы дүйнөлүк тартипти калыптандыруунун активдүү катышуучусу болуп эсептелет.

Геосаясат илиминде Heartland деп аталган аймакта жайгашкан постсоветтик БАга карата болгон Rimlandди (англисчеден rim – чет жак, жээк, кыр, land - жер) мекендеген Түркиянын геосаясатын кош мүнөздүү деп баалоого болот. Анткени, бир жагынан, геосаясый алган абалы боюнча Азия, Европа жана Африка континенттеринин кесилишкен жеринде жайгашкан Түркия Тынч океандын Rimland деп аталган «жээктеги зонасынан» орун алып, ТАКУ блогуна кирсе да, өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө ал эч качан талассократиялык (грекчеден thalasso - деңиз, kratos - бийлик) мамлекет катары өзгөчөлөнгөн эмес. Жалпы жонунан Түркия башка мамлекеттер үчүн кара жол жана деңиз байланыштары үчүн коридор катары гана кызмат аткарып келген.
Экинчи жагынан, байыркы ата-бабалары Евразиянын түпкүрүнөн суурулуп чыгып, Батышты көздөй ооогон түрктөрдү теллурократиялык (латынчадан telluros - кургактык, kratos - бийлик) текке ээ эл деп айтууга толук негиз бар.
Үчүнчү жагынан, 1) дүйнөлүк масштабдагы сооданын борбору болгон Атлантика жана Инд океандарына чыгууга мүмкүндүгү жок Heartlandдин

кожоюну болгон СССР менен 2) америкалык политолог Н. Спайкмен тарабынан иштелип чыккан “Анаконда сыйыртмагы” деп аталган геосаясый стратегиянын жардамы аркасында дүйнөлүк үч океандын жээгинде жайгашкан Rimlandге үстөмдүк орнотуу аркылуу Heartlandди муунтуп жоготууну көксөгөн АКШ мамлекеттери тирешип турган кансыз согуш маалында Rimlandдеги мусулман мамлекеттери менен батыш европалык маданияттын ортосунда жайгашкан Түркия өз коопсуздугун сактоо максатында ТАКУ блогуна кирип, АКШ жүргүзгөн бир тараптуу саясатты колдоп келген. Кансыз согуш аяктаган соң Түркия тышкы саясаттагы жаңы багыттарды издөөгө киришкен да, жалпы жонунан, континенталдык архетиптерге багыт алган мамлекет катары белгилүү болууда.

Орусия империясы кожоюн болуп саналган Heartland менен Rimlandди мекендеген Осмон империясынын ортосундагы мамилелердин тарыхын узакка созулган согуштар менен тынчтык келишимдерин түзүүнүн тарыхы деп айтууга болот. Орус тарыхчылары бул эки империянын ортосундагы мамилелердин башын Византия кулап, анын герби Ивана III башкарып турган Москва княздыгына өтүүсү менен байланыштырышат. Ошол доордон тарта кошуна эки мамлекет бири бири үчүн “жакшы ниетке ээ эмес досторго” айланышат. Түркияга карата орус падышасы Петр I, орус генералдары Суворов менен Потемкин жортуул жасаса, орустардын Севастополь шаары, өз кезегинде, Түркиянын, Англиянын, Франциянын аскерлери тарабынан курчоого алынган. Түркиянын Москва башында теллурократиялык Чыгышка караганда АКШ жетектеп турган талассократиялык Батышка боор тартып турганын ушул себеп менен да түшүндүрүүгө болот.

Бирок, Түркия дайыма эле Батышты жактап келген эмес. Батышка боор тартуу ориентациясы идеология катары XIX кылымдын аягында гана калыптанган. Мында кеп саясый исламдын бир түрү болуп саналган пантүркизм тууралуу болуп жатат. Анын негиздери түрк национализминин теоретиктери, биринчи кезекте, И. Гаспирали жана Ю. Акчура тарабынан орнотулган эле. Бирок, пантүркизм идеялары 1908-жылы жаш түрктөрдүн

бийликке келиши менен кеңири жайылтылган. Алгач бул көз караштар 1) Европа өлкөлөрүнөн келген колониалдык баскынчыларга каршы чыгуу, 2) түрк тилин араб жана перс тилдеринин таасиринен тазалоо үчүн курал катары пайдаланылган. Бирок, XX кылымдын 20- жылдарында Антанта Союзу (бул учурда анын курамында СССРге айланып кеткен Орусия жок эле) осмон султанын Мудрос тынчтык келишиме кол коюуга мажбурлашат. Бул келишимге ылайык Осмон империясы союздаштардын ортосуна чачыратылып жиберилмек [Митрофанов,230с.].

Бүтүн өлкөнү башка мамлекеттердин пайдасына бириндетип чачыратууга Кемаль-паша каршы чыгат. Анкара шаары жайгашкан райондо (1922-жылга чейин бул шаар Ангора деп аталган) Кемаль-паша түрк националисттерин Антанта Союзу менен суу жүрөк султандын аскерлерине каршы күрөшүүгө чакырат. “Кавказ артындагы фронттун баардык курал-жарактары Кемаль-пашага өткөрүлүп берилген эле” [Митрофанов,231с.], - деп жазат А. В. Митрофанов. Түрк тарыхчысы Джавдет Керимдин маалыматы боюнча түрктөр орустардан өтө көп сандаган курал- жарактарды, ок-дарыларды жана снаряддарды алышкан.

Дал ушул учурда Түркиянын аймагында Орусия менен АКШнын геосаясый кызыкчылыктары бетме-бет кагылышат. Түркияны көптөн бери изилдеп жүргөн америкалык генерал Харбод 1919-жылы алгачкы жолу Анкараны (ошол кездеги Ангораны) АКШнын диктатына баш ийдирүү тууралуу ойду сунуш кылган. Американыктар дароо эле түрктөрдүн мунай, тамеки жана автомобиль рынокторун өз колдоруна өткөрүп алууга шашышкан.

1924-жылдын январь айында Кемаль-пашанын аскерлери орустар бүгүнкү күнгө чейин Константинополь деп атоону жактырган Стамбул шаарына кирет. Кемаль-паша дароо эле Советтик Россия менен алакалашуудан баш тартса да, америкалыктар менен кызматташууну уланта берген. Натыйжада, пантүркизмдин негизги тезиси болуп “Социализмди колдойбуз, бирок, орустарды колдоодон баш тартабыз!” деген ураан эсептелип калган. Түрктөрдүн чийки заты (сырьёсу) менен товар сатуу рынокторун ээлеп алып,

аларга өзүнүн саясый линиясын таңуулоого үлгүрүп калган америкалыктар 1924-жылдан кийин да Түркиянын аймагында жылуу-жумшак орун-очок алып, кала беришкен.

Heartlandде жайгашкан БА мамлекеттери, алардын ичинде Кыргызстан менен болгон эл аралык мамилелердин системасында Rimlandди мекендеген Түркия бирден бир маанилүү орунду ээлейт. Иштин мурунку бөлүктөрүндө айтылгандай, Түркия биринчилерден болуп постсоветтик БА мамлекеттеринин көз карандысыздыгын тааныса, БА өлкөлөрүнүн лидерлери бул чөлкөмдө бейдиний (светтик) мүнөздөгү мамлекеттик түзүлүш менен мелүүн исламды жана технологиялык модернизацияны өз ара айкалыштырган өнүгүүнүн түрк моделин киргизүү ниетин ачык билдирген эле [Idris,B.,2012,No.3]. 90-жылдардын башындагы БАнын массалык маалымат каражаттарында мамлекеттик өнүгүштүн «түрк модели», анын артыкчылыгы жана оң жактары тууралуу идея активдүү чагылдырылып турган.

Ошентип, 1990-жылдардын башында постсоветтик БА түрк дипломатиясынын активдүү ишмердигинин аренасына айланат. Советтер Союзунун кулашы менен түркиялык аскердик жана саясый элита тарабынан салттуу түрдө Түркия Республикасынын коопсуздугунун негизги коркунучу катары каралып келген Орусия мамлекети алсырап, Кавказ артындагы (Закавказье) өлкөлөрү аркылуу түрк чек араларынан алыстап, Украинага расмий өтүп кеткен Кара деңиз жээгинин көп бөлүгүнөн кол жууп калган. Өз мезгилинде СССР империясынын башы болгон Орусия менен мамилелерди түзүү Түркиянын АКШ мамлекетине карата стратегиялык маанисине жана анын ТАКУ блогунун чегиндеги ролуна карата жагымсыз тобокелдиктерди жаратып, америка-түрк шериктештиги менен Түркиянын тышкы саясатынын приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналган Евросоюзга кирүү келечегине терс таасир тийгизмек.

Анкаранын БА өлкөлөрү менен болгон тыгыз карым-катнашын орнотууга болгон аракетине 1991-1992-жылдары бул чөлкөмгө карата Ирандын келечектеги саясый жана идеологиялык экспансиясынан чочулаган АКШ, Улуу

Британия жана ТАКУ жетекчилиги моралдык жана саясый колдоолорду көрсөткөн [Winrow,1998,P.135]. Орусиянын тышкы саясатынын баш-аламандыгынан пайдаланып, дал ушул мезгилде Түркия жетекчилиги мындай артыкчылыктарды БА өлкөлөрү менен болгон саясый, экономикалык жана маданий алакаларды тез түзүүгө жана өнүктүрүүгө эле эмес, бул чөлкөмдө (региондо) лидерлик позицияны ээлөөгө карата да пайдаланууга натыйжалуу аракеттерди жасаган [Сафронов, 1998,С.18].

СССРдин кулоосуна байланыштуу XX кылымдын 90-жылдардын башында Түркиянын ошол кездеги президенти Тургут Өзал жана ал учурдагы тышкы саясаттын башындагы чөйрөлөр Түркиянын тышкы саясатынын приоритеттерин кайрадан карап чыгууга киришкен. 1989-жылы Түркиянын Еврошериктештикке мүчөлүгүнүн четке кагылышы таасир тийгизсе дагы тышкы саясаттагы приориттерди жаңылоо жана кайра түзүү эртеби же кечпи башталышы зарыл болгон процесс эле. 1990-жылдагы экономикалык жана саясый көйгөйлөрдөн улам Тургут Өзал баштаган тышкы саясатты жана анын приоритеттерин ишке ашыруу кечеңдегени менен бул иш-чара кийинчерээк Сүлейман Демирель тарабынан андан ары улантылган. Постсоветтик Кыргызстандагыдай эле Түркиянын жаңы тышкы саясаты коопсуздукка негизделген бир тараптуу тышкы саясаттан экономикалык кызыкчылыктарды алдыңкы планга койгон көп тараптуу тышкы саясатка багыт алган.

Натыйжада, мурдагы СССР мамлекети кулагандан кийин Анкара төмөнкүдөй саясый иш-чараларды жүргүзүүгө жана бекемдөөгө умтулган:

- СССРдин мурдагы мусулман дининдеги жана түрк тилдүү республикаларына карата Орусиянын таасирин чектөө менен анын курамына кирген Кавказ артындагы (Закавказье) жана БАдагы жаңы көз карандысыз мамлекеттер менен тыгыз байланыштарды өнүктүрүү жана чыңдоо;
- Мурдагы СССР мамлекетинин курамына кирген ислам мамлекеттерине Ирандын таасирин жайылтууга жол бербөө;
- Түркиянын АКШ жана алдыңкы Европа өлкөлөрү үчүн маанилүүлүгүн баса белгилөө [Токаев,2000, С.381].

Мындай корутундуларды түрк өкмөтүнүн башчысы Б. Энджевиттин программалык сөздөрүнүн негизинен табууга болот. Өкмөт башчы өз сөзүндө Түркиянын тышкы саясый курсунун приоритеттүү багыттары катары төмөнкүлөрдү атаган:

- трансатлантикалык кооперацияны, АКШ жана ТАКУ менен болгон байланыштарды чыңдоо;
- Еврошериктештигине интеграциялануу;
- БА жана Кавказ менен ар кыл өңүттөгү мамилелерди өнүктүрүү [Мураталиева,2013,-197-б.].

Түрк дипломатиясы БА чөлкөмүнө карата 1991-жылдын аягынан тартып эле энергиялуу иш-аракеттерди жүргүзө баштаган. 1991-жылдын 16-декабрында Түркия СССРдин расмий кулашын күтпөстөн туруп эле мурдагы советтик республикалардын көз карандысыздыгын тааныган алгачкы мамлекет болуп калган. 1991-жылдын сентябрында Н. Назарбаев Түркияга визит менен барат; 1991-жылдын декабрында Анкарада иш сапары менен Өзбекстандын, Кыргызстандын жана Түркмөнстандын президенттери болушкан. 1992-жылдын март айында Түркиянын тышкы иштер министри Х. Четин, ал эми 1992-жылдын апрель-май айларында премьер-министр С. Демирель БА өлкөлөрүнө келип кетишкен. 1992-жылдын башында чет өлкөлөрүнө, ири алдыда, БА жана Кавказ артындагы (Закавказье) мамлекеттерине жардам көрсөтүү максатын көздөгөн эл аралык кызматташтык жана өнүгүүнүн Түркия агенттиги деп аталган жаңы ведомство түзүлүп, Түркиянын тышкы иштер Министирлигинде БА өлкөлөрү боюнча атайын департамент пайда болгон.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында БА мамлекеттери сырткы дүйнө менен Түркия аркылуу гана алака (контакт) түзүүнү жактырышкан. Постсоветтик БА мамлекеттеринин лидерлери Брюссель жана Вашингтон менен бир далай мезгилдерден бери жакшы санаалаш мамилелерин күтүп келген Анкарага өз мамлекеттерин бүткүл дүйнөлүк саясый жана экономикалык системага тез арада интеграциялап жиберүүгө дарамети бар ортомчу катары терең үмүт артышкан. Анкаранын кийлигишүүсү астында

постсоветтик геосаясый мейкиндиктеги түрк тилдүү жаңы мамлекеттер ЭККУ, экономикалык кызматташтык уюму, Кара деңиз боюндагы экономикалык кызматташтык, ислам конференциясынын уюму өңдүү чөлкөмдүк (регионалдык) экономикалык жана саясый бирикмелердин катарына кирген. Бул иш-чараны жүргүзүү маалында Түркия мамлекети айрым расмий документтерди даярдоо менен жасалгалоо ишин өз мойнуна алып, жаңы мамлекеттерге карата агалык милдетти аркалай алган. БА мамлекеттерин ТАКУнун «Тынчтык үчүн өнөктөшүү» («Партнерство ради мира») деп аталган программасына киргизүү ишинде да Түркия маанилүү роль ойногон. Мындан сырткары, БАнын жаңы мамлекеттерин эл аралык валюта фонду, Бүткүл дүйнөлүк банк, өнүгүүнүн Азия банкы өңдүү эл аралык финансылык уюмдарга кирүүсүнө да Анкара чоң көмөк берген. Давостогу эл аралык экономикалык форумда Түркия менен БА мамлекеттеринин лидерлеринин жолугушууларын өткөрүү салтка айланып калган.

Ошентип, Анкаранын тышкы саясый активдүүлүгү БАнын өзү үчүн уламдан улам маңыздуу факторлун бирине айланып, Түркия менен БА өлкөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин калыптануусуна төмөнкү факторлор тикелей таасир эткен:

- Түркиянын экономикалык ийгиликтери;
- түрктөр менен БАдагы түрк тилдүү элдердин этникалык тектештиги жана тилдик жакындыгы;
- ислам динине бекем берилген мусулман калкы болуп туруп Батыш демократиясынын элементтерине ээ светтик (бейдиний) саясый системаны курган «түрк модели».

Түркиянын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглу Түркия мамлекетинин тышкы саясаттагы геосаясый планын жаа менен жебеге окшоштурат. Казакстандын консулдугунун ачылышында сүйлөгөн сөзүндө А. Давутоглу Түркиянын геосаясатын төмөнкүчө сыпаттаган: "Жааны Азиянын терең аймагына карай канчалык кере алсаң, жебе Батыш жана башка горизонтторго карай ошончолук күү менен кетет. Азиянын тереңинен алган

ылдамдыгыбыз Европага, Латын Америкасына жана Африкага чейин жетет. Биздин негизги миссиябыз ушул. Түркиянын тышкы саясатынын негизгин ушул маселе түзөт. Өкмөт башчыбыз жана президентибиздин дүйнөнү кыдырып, дүйнө лидерлерине жар кылган миссиябыз ушул" [URL: www.haberler.com ].

Бул концепция айкын көрсөтүп тургандай, Түркия геосаясаты жааны БАны карай канчалык күч менен кере тартсак, анын жебеси ошончолук узакка, башкача айтканда, Европа, Америкага жетет деген пикирге таянат. Түркиянын геосаясый пландары тууралуу түрк профессору Х. Чомактын илимий макалаларында да айтылат. Профессордун пикиринде ШКУ (Шанхай кызматташтыгынын уюму, же ШОС) мейкиндигинде Түркия өтө таасирдүү эл аралык уюмдардын ишмердигине катышуу менен БА чөлкөмүнө таасир көрсөтүү потенциалдарын өнүктүрө алмакчы [URL: www.haberler.com/bakan-davutoglu-ndan-ok-ve-yay-benzetmesi-haberi.].

XX кылымдын 90-жылдарында түрк жетекчилигинин риторикасында «Адриатикадан Улуу Кытай дубалына чейин созулган гигант масштабдарга ээ түрк дүйнөсү» [Winrow,17-б.], БА өлкөлөрү үчүн Түркия «модель», «маданий борбор жана тарыхый магнит» [Robins,P.135] болуп санаалары тууралуу тезистер кездеше баштаган эле. БА өлкөлөрүнүн лидерлери да Анкаранын дарегине айтылган мактоо сөздөрдөн алыс болгон эмес. Айтсак, И. Каримов Түркияны «улуу ага» [Winrow,13-б.] деп атаса, Н. Назарбаев түрк шериктештигин түзүү мүмкүндүгү тууралуу кеп козгогон [Известия, 1992,17 фев.].

Айтылгандардан төмөнкүдөй корутундуларды алууга болот:

1. Акыркы 20 жыл ичинде Борбор Азиянын айланасындагы геосаясый жагдай маанилүү трансформацияга дуушарланган. Бүгүнкү күндө постсоветтик Борбор Азияга болгон өз кызыкчылыктарынын негизинде дүйнөлүк саясаттын субъекттери берилген чөлкөмгө карата бир жагынан Орусия, экинчи жагынан Кытай, үчүнчү тараптан ислам дүйнөсү, төртүнчү жактан Батыш мамлекеттери сыяктуу күч параллелограммасын түзүп алышкан. Мында берилген 4 тараптын

чөлкөмдүн өлкөлөрүнө карата болгон таасири тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө ар кандай багыттагы өзгөрүүлөрдү баштан кечирип келет. Бир катар факторлордун таасири астында жогоруда аталган баардык «күч борборлорунун» реалдуу геосаясый салмагы менен активдүү саясаты да динамикалуу түрдө өзгөрүлүп турганын тарых күбөлөөдө.

2. Заманбап дүйнөдөгү саясый мамилелер саясаттын субъекттери үчүн өтө маанилүү болуп саналган кандайдыр бир конкреттүү саясый же геосаясый кызыкчылыктар менен зарылдыктарга таянган аң-сезимдүү саясый ишмердүүлүктүн натыйжасында жаралган процесс болуп саналат. Айтсак, СССР мамлекети кулагандан соң мурда узак мезгилдер бою Орусиянын көзөмөлү астында турган Борбордук азия мамлекеттери менен Түркиянын ортосундагы стратегиялык өнөктөштүк мурда болуп көрбөгөндөй күч алган. Мындай активдүү жана прогрессивдүү алака тарыхый өнүгүштүн башка этаптарында болбогондугун эске алсак да, Түркиянын постсоветтик Борбордук азия мамлекеттери менен болгон саясый алакасына Орусия Федерациясы, Америка Кошмо Штаттары, Кытай Элдик Республикасы, Иран Ислам Республикасы, Пакистан, Афганистан өңдүү Борбордук азияга күчтүү таасири бар жана бул чөлкөмгө жакын жаткан мамлекеттердин геосаясый кызыкчылыктары менен стратегияларын эске алуу менен саясый алакаларды курууга далалат кылышы абзел.

3. "Күч боштугу" көз карашы алгач падышалык Орусиянын, кийин СССРдин карамагында болуп келген БА өлкөлөрү тышкы саясатта пассивдүү бойдон калып, кой оозунан чөп албаган момун мамлекеттер болуп саналат деген калпыс пикирге таянган. Бирок, бактыга жараша, түрк тилдүү мамлекеттердин жетекчилери эл аралык мамилелер системасында тең салмактуу саясатты жүргүзүүнү жакшы өздөштүрүшкөнүн жана бир кыйла олуттуу ийгиликтерге жете алууга дарамети бар экенин бир канча жолу татыктуу көрсөтө алышкан. Убакыт көрсөткөндөй, аталган өлкөлөр чөлкөмдүк (регионалдык, же аймактык) күчтөрдүн, гана эмес, глобалдык (дүйнөлүк) күчтөр болуп саналган ири державалардын тышкы саясатына таасир берүүгө

жөндөмдүү саясат жүргүзүүгө мүмкүндүктөрү да, дараметтери да бар экенин далилдей алышты.

4. БА чөлкөмүнө болгон жогоруда аты аталган ОФ, АКШ, Еврошериктештиги, ИИР, Пакистан, Түркия сыяктуу мамлекеттердин кызыгуулары кандайдыр бир принциптерге негизделгени мүнөздүү. Эң кызыгы, ошол принциптердин ичинен ар дайым геосаясый регионализм принциби өтө айырмаланып турат. Бул принцип БА чөлкөмүн тарыхый калыптанган территорияга, жалпы саясый жана экономикалык кызыкчылыктарга ээ бирдиктүү геосаясый мейкиндик катары кароого мүмкүндүк берет.

5. Айтылгандардан көрүнүп тургандай, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында ОФ БА өлкөлөрү менен карым-катнаш түзүүдө бул чөлкөмүндөгү өз таасири уламдан улам начарлоо тенденциясына ээ экендигин жашырбай келген. Анткени, Орусиянын ички социалдык-саясый жана экономикалык жагдайынын татаалдыгы Москванын көңүлүн бул чөлкөмдөгү мамлекеттер менен мамилелерди өнүктүрүүнүн жаңы стратегияларын калыптандыруу ишинен алагды кылып турган. Көпчүлүк эксперттердин пикири боюнча бул чөлкөм менен алакалашуунун негизине өз ара пайдалуу экономикалык кызматташтыкты коюу менен Москва далай олжолуу максаттарды ишке ашыра алмак эле.

6. Ошондой болсо да, орус жетекчилигинин Чеченстандын айланасында санитардык бөгөт (санитарный кордон) түзүүгө болгон активдүү иш-аракеттеринин натыйжасында жаралган ийгилик ОФнын Кавказдагы гана эмес, БАдагы да позицияларын бир кыйла күчтөндүрүүгө көмөк берген.

7. СССР кулаганы менен постсоветтик геосаясый мейкиндик, анын ичинде БА мамлекеттери, Орусиянын маалыматтык, саясый жана маданий таасири астында калуусун улантып келет. Орусиянын күчтүү таасири постсоветтик өлкөлөрдүн ички жана тышкы саясатында да ачык-айкын байкалат.

8. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында БА мамлекеттеринин саясый жетекчилигинин тышкы саясат чөйрөсүндө өз алдынча чечимдерди

кабыл алууга карата чабалдыгынын натыйжасында алардын Кытай менен болгон расмий мамилелери ОФ менен макулдашылган иш-аракеттердин чегинен чыга алган эмес.

9. КЭРдин миграциялык саясаты Кытай мамлекетинин саясый курсу менен анын өнүгүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп саналат. Кытай жетекчилигин ишениминде дүйнөлүк лидер болуп саналган “Джунь го” – “Ортолук падышалыктын” (Кытайдын расмий аталышынын котормосу) өзгөчө миссиясы Кытайдын экономикалык жана демографиялык күч-кубатын шарттап, анын башка мамлекеттер менен болгон өз ара алакасынын маанилүү инструменти болуп калмакчы.

10. БА өлкөлөрүндөгү көп сандаган адистердин пикирине ылайык геосаясый балансты колдоо жана чөлкөмдү эл аралык жамааттарга интеграциялоо жаатындагы америкалык саясат БАда жетишээрлик прогрессивдүү ролду ойномокчу.

11. Ошону менен катар эле Вашингтондун айрым иш-аракеттери, айтсак, БА чөлкөмүндөгү көпчүлүк мамлекеттерде болуп жаткан либерализация процесстерине ашкере мүнөздө эле күчтүү таасир берүүгө болгон далалаттары айрым бир скептицизмди жаратат. БА өлкөлөрүндөгү байкоолор боюнча АКШнын саясый чөйрөсүнүн айрым өкүлдөрүнүн БАга "кыска мөөнөттүн ичинде Батыш үлгүсү боюнча демократия куруу" тууралуу идеалисттик каалоо-тилектери бул чөлкөмдөгү бир топ коркунучтар менен кооптуулуктарды эске албайт. Албетте, Вашингтондун БАдагы кадыр-баркы менен беделинин жогорулоосу бул чөлкөмгө карата жергиликтүү кырдаалдын спецификасын эске алып, прагматизм жобосуна таянган тышкы саясатты жүргүзүүгө, ошондой эле бул жерге демократия менен эркин коомдун элементтерин калыптандырууга мүмкүндүк бермек эле.

12. Саясый деңгээлде, ири алдыда, коопсуздук чөйрөсүндө Еврошериктештиктин БА менен алакаларынын маанилүүлүгү БАдагы баардык мамлекеттер ЕККУнун мүчөсү болуп саналгандыгы сыяктуу факт менен аныкталат.

13. Бир катар байкоолор боюнча БА менен алакалашууну андан ары өнүктүрүү Еврошериктештиги үчүн пайдалуу гана болот. Айрым европалык аналитиктердин пикиринде Еврошериктештиктин БА менен өтө интенсивдүү экономикалык, саясый жана дипломатиялык кызматташтыгы бул чөлкөмдөгү ОФнын, АКШнын, ошондой эле саясый-экономикалык жана аскердик потенциалы бар Кытай Элдик Республикасынын ашкере үстөмдүгүнө бөгөт коюп, бул чөлкөмдөгү гана эмес, жалпы Евразиядагы стабилдүүлүктү бекемдөөгө көмөк берип коймок.

14. Ирандын чөлмөк сымал дипломатиясы (челночная дипломатия) күч алып, өлкөнүн жетекчилери Жакынкы жана Орто Чыгыш мамлекеттерине, Европага визит жасай баштаганы көрсөтүп тургандай, азыркы күндөгү ИИР саясый жана экономикалык изоляциядан чыгып, дүйнөлүк коомчулук менен алаканы күчөтүү ниетин көздөөдө.

15. Иран БАдагы геосаясый балансты сактоого умтулат. Ошол эле учурда иран коомундагы идеологиялык бөлүнүп-жарылуучулуктун уламдан улам өсүүсү, Ирандын АКШ, ошондой эле жакын коңшулары болуп саналган Сауд Аравиясы, Пакистан, Түркия менен болгон карама-каршылыгынын курчушу анын БАга карата узак мөөнөттүү саясатты жүргүзүүсүнө мүмкүндүк бербейт.

16. Афганистандагы бүгүнкү кризистүү абал Пакистан менен БА мамлекеттеринин ортосундагы тике байланыштарды орнотуу жолундагы олуттуу тоскоолдук болуп саналат. Афган мамлекетиндеги стабилдүүлүктүн жоктугу жана БА өлкөлөрүнө диний кысымдын күч алышы Пакистан-БА байланыштарындагы кандайдыр бир деңгээлдеги сенектик мезгилин жаратkan.

17. Ошол себептен, Исламабаддын афган проблемасы боюнча ички жана эл аралык (ири алдыда, "6+2" формуласынын чегинде) диалогго активдүү катышуусу, Афганистандагы тынчтык макулдашуусуна жетишүү максатында “Талибан” кыймылына колдон келген таасирин көрсөтүүсү, ислам радикализминин идеяларын БАга жайылтууну нейтралдаштыруу тенденциясын

баштоосу заманбап Пакистан мамлекетинин улуттук-кызыкчылыктарына толук жооп бермек деген пикирдебиз.

18. 1990-жылдардын башындагы Анкаранын БАдагы активдүү саясаты жана анын чөлкөмдүн өлкөлөрүн эл аралык уюмдарга кирүүсүнө көмөк берүүсү Түркиянын БА мамлекеттери менен тышкы саясый жана тышкы экономикалык байланыштарды диверсификациялоону тездетип, бул мамлекеттердин эл аралык мамилелердин субъектиси катары тез арада калыптануусун шарттаган.

# 2-бап.
# КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ САЯСЫЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЭВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА ЭКИ ЖАКТУУ КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ӨЗӨКТҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

## § 1. Саясый-экономикалык өнөктөштүктүн негиздери, сырткы соода жана инвестиция

Түркия Европанын да, Азиянын да аймагында жайгашкан өтө ири чөлкөмдүк (регионалдык) держава болуп саналат. Анын калкы 76 млн. адамды түзөт [www.tuik.gov.tr/HbGetirHTML.do?id=13425.] Жетишерлик кыска мезгил аралыгында Түркия начар өнүккөн өлкөдөн өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошула алган. Түркия Еврошериктештиктин ассоциацияланган мүчөсү болуп саналат. ТАКУ блогунун мүчөсү катары Түркия 630 миң аскер жана офицерден турган көп сандаган армияга жана өзү жайгашкан чөлкөмдөгү өтө модернизацияланган аскер-деңиз флотуна ээ.

Экономикалык жактан СССР мамлекетинин кулашы Түркияга абдан оң таасир берген. Айтсак, 90-жылдары мурдагы Союздун өлкөлөрү менен болгон күтүүсүз жерден жаралган “чөлмөк” соодасы ("челночная" торговля) Түркиянын өнүгүүсүнүн жылына 5-6%ти түзгөн жогорку жана стабилдүү темптерин камсыз кылган [http://www.Ekutup.Dpt.Gov.Tr/Dunya/Rusya.Pdf]. Адистердин баалоолору боюнча постсоветтик өлкөлөрдөн келген "чөлмөк ишкерлери" менен туристтер Түркияга жылына 10 млрд. АКШ доллары өлчөмүндөгү кирешелерди берген. Мындай жол менен алынган кирешелер түрк өкмөтүнө 1994-жылы болуп өткөн оор экономикалык кризисти баштан жеңил кечирүү мүмкүндүктөрүн жараткан. Мурдагы СССРден келген миллиондогон адамдар үчүн капитализм мектеби болуп калган Стамбул шаары, өз кезегинде, "чөлмөк" соодасынын борборуна да айланып кеткен. Бирок, Түркия "чөлмөк" соодасы үчүн өз мезгилинде преференцияларды камсыз эте албагандыктан, өтө ыңгайлуу мүмкүндүктөрдү пайдалана албай калып, Бириккен Араб Эмираттары (БАЭ), Кытай, Пакистан сыяктуу коңшу мамлекеттерде жаралган күчтүү экономикалык атаандаштыкты сезе баштаган. Стамбул бийликтери

авиабилеттерге жана "чөлмөк" ишкерлеринин мейманканада жашоосуна карата бааларды арзандатуу, чартер рейстеринин процедураларын жөнөкөйлөштүрүү менен аларга карата жеңилдетилген тариф колдонуу сыяктуу экстремалдуу иш-чараларын кылбай, Стамбул районуна эркин соода зонасы статусу киргизилген эмес. Натыйжада, 1997-жылы "чөлмөк" соодасы 4 млрд. АКШ долларына чейин кыскарып, КМШ өлкөлөрүнөн агып келип жаткан "чөлмөк" соодасынын борбору Джебель-Али деп аталып, дүйнө жүзү боюнча 3-орунду ээлеген эркин экономикалык зона жайгашкан Бириккен Араб Эмираттарына ооп кеткен. БАЭ мамлекетинде аэропортко тургандыгы үчүн самолёттордон жана деңиз портуна токтогону үчүн кемелерден төлөмдөрдү алуу жоюлуп, авиабилеттерге болгон баалар бир кыйла арзандатылган. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында элиталуу европалык курортторго эс алууга чөнтөгү жукалык кылган мурдагы СССРден келген туристтер Түркиядагы көгүлтүр деңиз жээгинде жайгашкан анатолийлик курортторго келип, эс алууну абдан жактыра башташкан эле. Бирок, Персид булуңунда жайгашкан араб курорттору өзүнүн арзан баалары менен Түркиянын потенциалдуу туристтерин өз жагына тартып кеткен.

Түркия энергоресурстарга болгон ички керектөөнүн 13 %ын гана өз алдынча камсыз кыла алат. Демек, энергоресурстарга болгон эбегейсиз зор таңсык (дефицит) Түркияны ошол ресурстарды импорттоп алуунун кошумча булактарын активдүү издөөгө багытталган тышкы экономикалык саясатты жүргүзүүгө мажбур кылат. Мындай иш-чараны жүргүзүүдө Түркия өзүнүн ыңгайлуу геосаясый абалы менен мунай заттарына ээ түрк тилдүү мамлекеттерге этникалык жакындыгын максималдуу түрдө пайдалануу аракетин кылат. Ошол себептен, Түркиянын демилгеси менен 1992-жылдын 25-июнунда Кара деңиз боюнда жайгашкан өлкөлөрдүн экономикалык кызматташуу уюму (КДБЖӨЭКУ) түзүлүп, азыр ага 11 өлкө кирет. Бул уюм актуалдуу проблемаларды чечүүдө тышкы соода менен кызматташтыкты, о.э. кандайдыр бир саясый алакалашууларга көмөк берүү максатында түзүлгөн.

Түркиянын БА өлкөлөрү менен экономикалык кызматташтыгынын маанилүү багыттарынын бири болуп каспий мунайы жана аны транспорттоонун

ыктымалдуу жолдору эсептелет. АКШнын колдоосуна таянуу менен Түркия өзүнүн негизги соода, мунай жана газ агымдарын Чыгыштан Батышка карай Азербайжан жана Грузия аркылуу “Джейхан” деп аталган түрк портуна карай багыттоого умтулат. Орусия үчүн Каспий деңизинин мунайы Түркия тарабынан тескелген Кара деңизинин порттору боюнча эмес, Баку-Новороссийск маршруту боюнча багытталганы өзгөчө маанилүү. Бул максатта Орусиянын демилгеси менен Каспий түтүк өткөрүүчү консорциуму (КТК) түзүлгөн. Кандайдыр бир мамлекеттин жеке басар монополиясынын курмандыгы болуп калбоо максатында Казакстан үчүн түштүккө багыт алган ирандык жана чыгышка багыт алган кытайлык долбоорлор сыяктуу бир нече варианттарга ээ болуу ыңгайлуу болуп саналат. Каспий деңизининин мунайы менен байланышкан проблемалар БА чөлкөмүндө өз кызыкчылыктарын көздөп жүргөн ири державалар менен АКШнын колдоосуна таянган Түркиянын геосаясый кызыкчылыктарын алаканга салгандай эле көрсөтүп койгон.

1994-жылдын сентябрында Азербайжан жана сегиз өлкөнүн он үч мунай компанияларынан турган консорциум менен Каспий деңизинин жээгинде жайгашкан Азери, Чираг жана Гүнешли деп аталган мунай кендерин иштетүү боюнча кол коюлган ири контракт Түркиянын Кавказ жана БА жаатындагы саясатынын жаңы мезгилине негиз салган. Түрк жетекчилиги Түркияны Каспий деңизинин энергоресурстарын транспорттоочу негизги коридорго айландыруу менен өзүнүн постсоветтик Кавказ артындагы (Закавказье) жана БА чөлкөмдөрүнө карата сезилерлик таасирин орнотуу аркылуу келечекте Түркиянын АКШ жана Европа өлкөлөрү үчүн стратегиялык маанисин арттырып, түрк экономикасынын мунай менен газга болгон керектөөлөрүн канааттандырууну терең түшүнгөндүктөн, Анкара Каспий деңизинин мунайы менен газын Түркиянын территориясы боюнча өткөрүү боюнча абдан активдүү аракеттерди жасаган. Бул келишимге кол коюуда Анкара биринчи эле кезекте азербайжан ресурстарынын экспортунун багытын аныктап, коңшулаш жаткан Кавказ артындагы (Закавказье) чөлкөмдөгү түрк кызыкчылыгын камсыз этүүнү максат кылган. Түрк маршрутуна Казакстан менен Түркмөнстандын кошулушу

келечектүү жана маанилүү, бирок, узак мөөнөттүү, эмгекти көп талап кылган жана анчалык зор стратегиялык мааниге ээ эмес милдет катары түшүнүлгөн.

Баку-Джейхан маршруту боюнча кеткен азербайжан мунайынын негизги көлөмдөрүн транспорттоо багытындагы 1990-жылдардын аягына чейин созулуп кеткен күрөштө Анкара Вашингтон менен тыгыз кызматташтыкта аракеттенип, БА өлкөлөрүнүн колдоосуна үмүт арткан [Ахундова,2000]. 1994-жылдын октябрында Стамбулга чогулган түрк тилдүү мамлекеттердин башчыларынын экинчи жолугушуусунун катышуучулары өздөрүнүн жыйынтык документинде Каспий деңизинин мунайы менен газын Түркиянын территориясы аркылуу өткөн түтүктөр боюнча экспорттоо идеясын колдоого алышкан [Winrow,30-б.]. Кийинки жылдары да БА мамлекеттери Баку-Джейхан долбоорун колдой тургандыктарын бир нече ирет баса көрсөтө билдиришкен. Мында БА чөлкөмүндөгү мунайдын негизги экспортёру болуп саналган Казакстандын позициясы өзгөчө мааниге ээ болгон. 1998-жылдын октябрында Казакстан жана Өзбекстан Түркия, Азербайжан жана Грузия мамлекеттери менен бирдикте Баку-Джейхан долбоорун колдоо тууралуу декларацияга кол коюшкан. 1999-жылдын ноябрында Түркия, Азербайжан жана Грузия мунай түтүгүн куруу тууралуу өкмөттөр аралык макулдашууга кол койгондо, Казакстан долбоорду ишке ашырууга ар тараптан колдоо көрсөтүүгө даяр экендигин билдирген өлкөлөрдүн катарына кошулган жана бул маршрут боюнча «мунайдын басымдуу көп бөлүгүн транспорттоону камсыз кылууга» даярдыгын билдирген [ URL: www.payvand.com/news/02/sep/1060.html.]. Бирок, төмөнкү жагдайлардан улам Астана Баку-Джейхан мунай түтүгү боюнча мунайды транспорттоо боюнча конкреттүү милдеттерди өз мойнуна алуудан баш тарткан:

- долбоордун коммерциялык наркы абдан жогору болгондуктан, инвесторлорду тартуу өтө кыйын болорун алдын ала түшүнүктүү болгон;
- Актау-Баку багытындагы транскаспийлик мунай түтүгүн куруп, ал аркылуу мунайды башка мамлекеттерге жогору баада сатуу идеясы Казакстан үчүн өтө ыңгайлуу эле;

- Түркиянын кызыкчылыгын көздөгөн долбоорду колдоо аркылуу Казакстан өзүнүн Орусия менен болгон саясый-экономикалык мамилелерин ырбатып алмак;
- Баку-Джейхан мунай түтүгү менен байланышкан долбоордун экологиялык тобокелчилиги Астананын энтузиазмын жарата алган жок.

Мунайды Босфор аркылуу экспорттоону бир кыйла жогорулатуу мүмкүн экендиги тууралуу Анкаранын бир нече жолу берген сунуштарына карабастан, Казакстан үчүн Тенгиз-Новороссийск долборуу приоритеттүү бойдон калган. Ошентип, Казакстандын Баку-Джейхан маршрутуна болгон мамилесин кыскача төмөнкүчө баалоого болот:

- АКШ менен болгон мамилелерди начарлатып албоо максатында Казакстан Баку-Джейхан маршрутуна саясый колдоо көрсөтүү менен гана чектелди;
- Тенгиз-Новороссийск мунай түтүгүнүн курула башташы Казакстандын Орусия менен болгон жакшы санаалаш саясый жана экономикалык мамилелерди андан ары улантууга позитивдүү шарттарды жараткан;
- Казакстан эгемендүү мамлекет катары Түркиянын стратегиялык амбициялары менен экономикалык кызыкчылыктарын тең бөлүшпөстүгүн ачык, так билдирген.

Анкара түркмөн газын транспорттоо чөйрөсүндөгү Орусиянын үстөмдүгүн четке кагуу аракеттерин да жасап көргөн. 1992-жылы эле кол коюлган меморандумда түркмөн-түрк газ түтүгүн куруу каралса да, анын маршруту белгисиз бойдон кала берген. Экономикалык жактан абдан ыңгайлуу болуп саналгандыктан, Ашхабад Ирандын территориясы аркылуу өткөн маршрутту кызуу колдогон. Бирок, аны ишке ашырууга АКШнын позициясы менен салтка айланып калган түрк-иран карама-каршылыгы бөгөт болуп турган. Бирок, 1996-жылдын июнь айында Анкарада жыргалчылык Ислам партиясынын лидери Н. Эрбакан тарабынан жетектелген коалициялык өкмөт бийликке келет. Н. Эрбакан Түркия жана ислам өлкөлөрүнүн ортосундагы

байланыштарды, алардын ичинде түрк-иран кызматташтыгын интенсивдүү өнүктүрүүнү жактаган. 1996-жылдын август айында Түркия менен Иран Түркияга иран газын берүү жана иран-түрк газ түтүгүн куруу тууралуу макулдукка кол коюшат. 1996-жылдын аягында Түркия, Иран жана Түркмөнстан мамлекеттери Түркмөнстандан Түркияга кеткен газ түтүгү Ирандын территориясы аркылуу өтүүсүн өз ара түшүнүшүү тууралуу меморандумга кол коюшат. Бирок, 1997-жылдын башында эле Түркиянын аскер жетекчилиги Тегеранды терроризмди, курд сепаратизмин колдогондугу жана Түркиядагы абалды дестабилизациялоо аракеттери үчүн күнөөлөп, Ирандын дарегине кескин сындар менен чыгат [Ozcan, 2001]. Бир нече айдан соң аскерлердин кысымы астында Эрбакандын кабинети отставкага кетүүгө мажбур болот. Кийинки өкмөттөр Эрбакан тарабынан кол коюлган макулдашуулардан расмий түрдө баш тартпастан туруп, иран-түрк газ түтүгүнүн Түркияга тиешелүү бөлүгүндөгү курулуш иштерин токтотуп койгон.

Иран аркылуу газды экспорттоонун альтернативасы катары Вашингтон менен Анкара Түркмөнстанга транскаспийлик газ түтүгүн куруунун пайдасына тандоо жүргүзүүсүн таңуулай башташат. 1997-жылдын декабрь айында Түркмөнстан менен Түркия бул долбоорду ишке ашыруу тууралуу меморандумга кол коюшат. 1999-жылдын май айында Анкара менен Ашхабад 30 жыл аралыгында транскаспий маршруту боюнча Түркияга жылына 16 млрд $м^3$ түркмөн газын берүү тууралуу мөөнөтү чектүү макулдашууну түзүшөт. Бирок, бул долбоордун ишке ашуусуна төмөнкү факторлор тоскоол болуп калган:

- долбоордун наркынын өтө кымбаттыгы;
- Азербайжан жана Түркмөнстан мамлекеттеринин ортосунда Каспий деңизинин жээгинде жайгашкан Сердар (Кяпаз) кени кайсы өлкөгө таандык деген суроо менен байланышкан талаш;
- Ашхабад үчүн күтүүсүз болуп саналган Бакунун Азербайжан газын транспорттоо үчүн газ түтүгүнөн 50 пайыздык квотаны талап кылуусу.

Түркмөн жетекчилиги үчүн тышкы иштер Министрлиги менен БОТАШ деп аталган мамлекеттик газ түтүгү компаниясынын ортосундагы карама-каршылыкты чагылдырган Түркия өкмөтүнүн эки жактуу позициясы да түшүнүксүз болуп калган: Түркмөнстандан сырткары Анкара Кара деңиздин түбү менен Орусиядан келүүчү газ түтүгүн орнотууну жана Орусиялык газды Түркияга экспорттоону жылына 16 млрд м³ көбөйтүүнү көздөгөн «Көгүлтүр агым» («Голубой поток») долбооруна тең катышып жаткан эле [Bacik,2001]. Түркиянын бир эле мезгилде түркмөн газын да алып, орус газынын кошумча көлөмдөрүн да алууга умтулушу Түркмөнстандын жогорку бийлик өкүлдөрүндө күмөн саноолорду жаратпай койгон эмес. 1999-жылдын сентябрь айында түркмөн башы С. Ниязов Түркиянын энергетика министрин «Көгүлтүр агым» долбоорун колдогондугу үчүн кескин сынга алып, транскаспийлик газ түтүгүнүн курулушу жарым жыл ичинде башталбай турган болсо, анда бул газ түтүгүнөн Түркмөнстан баш тартат деп билдирген. [URL: www.hurriyetdailynews.com]. 2000-жылдын март айында долбоордун финансылык шарттарынан жана АКШ менен Түркиянын түркмөн кызыкчылыктарын четке кагып салып, Азербайжанды колдоп кеткенинен иренжиген Ашхабад өзүнүн транскаспийлик долбоорго катышуусунан баш тарткан.

Түркияга багыт алган мунай менен газдын экспортунун маршрутуна Казакстан менен Түркмөнстанды кошууга болгон аракеттери анча майнап бербегенинен улам Анкара өзүнүн Кавказ артындагы (Закавказье) чөлкөмүндөгү позицияларын бекемдөөгө далалаттанып, жалпы жонунан, Түркиянын БА чөлкөмүндөгү саясый ролу чектүү экендигин мойнуна алууга аргасыз болгон. Түрк тилдүү мамлекеттердин жогорку деңгээлдеги жолугушуулары протоколдук гана мүнөз күтүп, анча байкала бербеген иш-чарага айлана баштаган. Айтсак, 1998- жана 2000-жылдарда өткөн түрк тилдүү мамлекеттердин саммитине С. Ниязов, ал эми 2000- жана 2001-жылдарда болсо бул иш-чарага И. Каримов катышкан эмес.

Натыйжада, түрк тилдүү мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын жападан жалгыз институтташкан формасы болуп ТҮРКСОЙ гана калган. БА чөлкөмүнө болгон түрк таасири түркиялык өкмөттүк эмес уюмдар менен өзбек оппозициясынын ортосундагы тыгыз алакаларга (контакттарга) кыжырланган Ташкенттин Анкарага карата сак мамилесинен улам бир кыйла чектелүүлөргө дуушарланган. 1999-жылдын февралында Ташкентте болуп өткөн жарылуулардан соң өзбек бийлиги бир катар түрк дипломаттарын теракттарды уюштурууга катыштыгы бар деп күнөөлөгөн. Түркия бул кылмышка катыштыгы бар деп шектелген эки өзбек жаранын Өзбекстанга берсе да, Ташкент Анкаранын теракты изилдөө ишине берген жардамын жетишсиз деп тапкан [Winrow,212-213-б]. Эки жактуу мамилелердин кризисин 2000-жылдын октябрь айында Түркия Президенти  Х.А. Сезердин Өзбекстанга жасаган визити учурунда гана жоюу мүмкүн болгон. Бул визиттин жүрүшүндө терроризм менен күрөшүүдө жана аскер чөйрөсүндө кызматташуу тууралуу макулдуктарга кол коюлган. Өзүнүн колдоосун билдирүү ниетинде Түркия Өзбекстанга курал-жарак партиясын жөнөткөн [URL: http://www.eurasianet.org/departments/insight/articles/eav102600.shtml ].

Постсоветтик БАда тарыхый жана диний каада-салты, этникалык жана тилдик жалпылыгы боюнча Түркияга боордош, тектеш, тили менен дили өтө жакын мамлекеттер пайда болуп жаткандыктан, Анкаранын алдында этникалык жактан тектеш өлкөлөрдүн бүтүндөй бир конгломератына жетекчилик кылуу менен байланышкан таттуу жана келечектүү перспективалар жаралган да, Түркия өзүн түрк жамаатынын лидери катары жаңы иденттүүлүктү калыптандырууга өткөн [ URL: www.danielpipes.org/article/242 ].

| ТҮРКИЯНЫН БАдагы КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫ | ТҮРКИЯНЫН БАдагы ПРИОРИТЕТТЕРИ |
|---|---|
| ЯДРОЛУК КООПСУЗДУК | АКШ жана Еврошериктештигинин Казакстан ядролук куралга ээ эмес өлкө катары статусун колдогон позициясы; |
| | Казакстан менен болгон мамилелерин өзүнүн ядролук программасы үчүн пайдаланып жиберген Ирандын аракеттеринен чочулоо; |
| БИЗНЕС ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯ | БА мамлекеттеринин мунай, газ ресурстарын эксплуатациялоого катышуу; |

| | |
|---|---|
| | Орусиядан айланып, Түркияга чейин жана Түркия аркылуу Түркмөнстан жана Казакстандын аймагы аркылуу өткөн түтүктөрдү куруу долбоорлорун колдоо; |
| | БА мамлекеттеринин рынокторунда түрк компанияларынын болушу жана алардын үстөмдүгү; |
| | жогорку кирешелүү чийки зат иштетүү тармагын (сырьевые отрасли), айтсак, пахта иштетүүнү, инвестициялоо; |
| | чөлкөмдүн өлкөлөрү менен кургак жол жана аба каттамдары сымал байланыштарды орнотуу; |
| | Европа өлкөлөрүнүн үлгүсү боюнча түрк лидерлиги астында БА мамлекеттерин интеграциялоо долбоорлорун колдоо. |
| ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫ | БА мамлекеттеринде адам укуктарын коргоо проблемасы боюнча мелүүн позицияны ээлөө. |
| ИСЛАМ ФАКТОРУ | БАдагы постсоветтик өлкөлөргө теократиялык мамлекеттин Ирандык вариантына карама-каршы келген Түркиянын светтик (бейдиний) имиджин пропагандалоо. |
| НАРКОБИЗНЕС МЕНЕН КҮРӨШҮҮ | БАдагы наркотиктердин мыйзамсыз айлануусу жана аларды Түркия аркылуу Батышка экспорттоо менен күрөшүү. |
| ГЕОСАЯСЫЙ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР | БА мамлекеттеринин арасында лидерлик позицияны ээлөө; |
| | пантүркизм идеяларын пропагандалоо; |
| | БА чөлкөмүнө Орусиянын таасир көрсөтүүсүн четке кагуу же чектөө; |
| | БА чөлкөмүнө лидерлик кылууну максат кылган Иран менен саясый атаандашуу. |

Таблицада сунуш кылынган кызыкчылыктар менен приоритеттерди аныктап алгандан кийин Түркия мамлекети БА чөлкөмүндөгү өлкөлөрдүн саясый жана экономикалык жетишкендиктерин бириктирүү аракетин көздөгөн. Мындай өтө бай табигый жана адамдык ресурстарды мобилизациялоо эл аралык кызматташтык менен инвестицияларды талап кылат. Натыйжада, Түркия БА чөлкөмүндөгү эң башкы экспорттоочу өлкө болуп калган.

БА мамлекеттеринин экономика жана билим берүү чөйрөлөрүндө Түркиянын позициялары дээрлик бекем бойдон сакталып калган. 1990-жылдардын аягында Түркия Түркмөнстандагы эң алдыңкы инвестор болуп калса, чет өлкөлүк инвесторлордун ичинен Казакстанда төртүнчү, ал эми Кыргызстанда экинчи орунду ээлеген. Жалпы жонунан, бул үч өлкөдөгү түрк инвестицияларынын көлөмү болжол менен 1 млрд, 450 млн жана 50 млн долларды түзгөн [URL: www.unctad.org ]. Түркия менен БА чөлкөмүнүн

өлкөлөрү ортосундагы товар айлануу 1992-жылдагы 142 млн доллардан 2000-жылы 896 млн долларга чейин өсүп, Түркиянын сырткы соодасындагы БА мамлекеттеринин үлүшү 0,4 %дан 1,1 %га чейин көтөрүлгөн. Түркия менен БА чөлкөмүнүн өлкөлөрү ортосундагы товар айлануунун 52 %ы Казакстанга, 24 %ы Түркмөнстанга, 19 %ы Өзбекстанга таандык болгон. Мында Түркмөнстан үчүн Түркия бирден бир сырткы соода өнөктөшү болуп калган: 2000-жылы Түркмөнстандын Түркия менен болгон соодасы өлкөдөгү товар айлануунун 10 %ын түзгөн, ал эми 1998-1999-жылдары Украинага газ берүү токтоп калган мезгилде соода көлөмү боюнча Түркия Түркмөнстандагы лидер болуп калган. 2000-жылы Казакстан менен Өзбекстандын сырткы соодасында Түркиянын үлүшүнө 1,4 % жана 4 % таандык болгон [IFM,2002].

1992-жылы Түркиянын тышкы иштер министирлигинде түрк кызматтыгы менен өнүгүүсүнүн Агентствосу (ТИКА) түзүлүп, бул мекеме экономикалык, маданий жана техникалык кызматташтык маселелери, ошондой эле маданият жана искусство жаатындагы өнөктөштүктү түзүү менен алектене баштаган. ТИКАнын ишмердигинин негизги багыттары болуп

- экономикалык жардам көрсөтүү,
- биргелешкен долбоорлор менен программаларды өнүктүрүү,
- кызматташтыктын укуктук, техникалык, экономикалык, социалдык жана экологиялык маселелерин жөнгө салуу эсептелген.

ТИКАнын приоритеттүү милдеттеринин катарына БАдагы түрк тилдүү мамлекеттердеги түзүмдүк (структуралык) жана рыноктук кайра жанданууусуна, ошондой эле бул мамлекеттердин дүйнөлүк чарбага тезирээк интеграцияланып кетүүсүнө көмөк көрсөтүү кирет. Бул функцияларды ишке ашырууда ТИКАнын өкүлдөрү айрым долбоорлорду ишке ашыруу максатында мамлекеттик министирликтерди, ишканаларды жана банктарды кошо катышууга чакырат, БУУ (ООН) башында турган эл аралык уюмдар, ошондой эле чет өлкөлүк түзүмдөр (структуралар) менен тыгыз кызматташат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып Түркиянын БА мамлекеттерине жакындоосу кескин активдешкен. 1992-жылдын жаз

мезгилинде БА өлкөлөрүнө түркиялык кредиттер берилип, гуманитардык жардам көрсөтүлө баштаган. БА чөлкөмүнө түрк телевидениесинин трансляциясы башталган. Тажикистанды эсепке албаганда, БАнын ар бир жаңы мамлекетине студенттерди Түркиянын жогорку окуу жайларында окутуу максатын көздөгөн 2000 стипендия бөлүнүп берилген. Анкара постсоветтик геосаясый мейкиндиктеги түрк тилдүү мамлекеттер менен аскер кадрларын даярдоо жаатында кызматташуу тууралуу келишимдерге кол коёт [Соглашение Между Правительством КР и Правительством ТР о безвозмездной помощи; М. Шеримкуловдун жеке архиви. Обращение и.о. министра обороны КР Н. Чомоева Чрезвычайному и полномочному послу КР в ТР М.Ш. Шеримкулову от 22.12.1999]. БАда түрк мектептери менен маданий борборлору ачыла баштаган. Стамбул менен Алма-Ата, Стамбул менен Ташкент, кийинчерээк, Стамбул менен Ашхабад шаарларынын ортосунда үзгүлтүксүз аба каттамдары ачылган. БАга курулуш, тамак-аш жана жеңил өнөр жайы тармактарында, мейманкана жана туристтик бизнесте эмгектенген түрк компаниялары агылып келе баштаган. 1992-жылы июль айында БМБ деп аталган түрк компаниясы Казакстан менен алты мунай кенин иштетүү боюнча ири контрактка кол койгон [Winrow,1995].

Ошентип, Анкара БА мамлекеттеринин экономикалык жана маданий чөйрөлөрүнө түркиялык факторду бекемдей алган. 1993-жылы Түркиянын улуттук мунай компаниясы (ТПАО) менен «Казмунайгаз» Батыш Казакстандын мунай кендерин иштетүүгө укук алган «Каз-түркмунай» деп аталган биргелешкен ишкананы түзгөн [URL: www.ngv.ru/article.aspx?articleID=22870 ]. БУУнун соода жана өнүгүү боюнча Конференциясынын маалыматтары боюнча, 1990-жылдардын ортосунда Казакстандагы түрк инвестициясынын көлөмү 213 млн. долларды түзүп, Түркия Казакстандагы чет өлкөлүк инвесторлордун ичинен АКШ менен Түштүк Кореядан кийинки үчүнчү орунду ээлеген [UNCTAD,2000]. Түркиялык массалык маалымат каражаттарынын маалыматына ылайык Түркия Түркмөнстандын экономикасына 650 млн. доллар салган алдыңкы инвестор болуп калган. Түрк компаниялары тарабынан БА

мамлекеттеринде аткарылган курулуш жумуштарынын жалпы көлөмү 1990-жылдардын ортосунда 3,7 млрд доллар өлчөмүндө бааланган. Берилген чөлкөмдүн өлкөлөрү Түркиянын мамлекеттик экспорттук-импорттук банкы тарабынан бөлүнгөн 350 млн доллар өлчөмүндөгү кредиттерди пайдаланышкан [Winrow, 35-39-б].

БАдагы постсоветтик беш республикага Түркия тарабынан берилген кредиттердин толук суммасы 1.5 миллиарддан ашык АКШ долларын түзөт. 8 миллиарддан ашык АКШ доллары 200дөн ашуун сандагы түрк компаниялары тарабынан ишке ашырылган долбоорлорго салынган. Мындан сырткары, Түркиянын БА чөлкөмүнө көрсөтүлгөн техникалык жана билим берүү жаатындагы жардамы 10.000 билим берүү ишканалары жана студенттер менен кызмат адамдарын университеттерде окутуу мүмкүндүгү түрүндө туюнтулат.

1993-жылдын 15-январында Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда 75 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү кредит берүү тууралуу макулдашууга кол коюлган. Түркия Өкмөтүнүн кредитинин төмөнкүдөй 3 бөлүктөн турган кредити Кыргыз Республикасына берилген чет өлкөлүк кредиттердин эң алгачкысы болуп эсептелет:

| ТҮРКИЯ ӨКМӨТҮНҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА БЕРГЕН АЛГАЧКЫ КРЕДИТИ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Информация о сотрудничестве между Кыргызской Республикой и Турецкой Республикой в рамках Турецкого кредита] | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № | КРЕДИТТИН БӨЛҮГҮ | СУММА | %тик СТАВКА | МӨӨНӨТҮ | ЖЕҢИЛДЕТИЛ-ГЕН МЕЗГИЛ |
| 1 | Инвестициялык бөлүк | 41,141,556-00 АКШ доллары | Жылына 8 % | 6 жыл | 3 жыл |
| 2 | Товардык бөлүк | 32,058,444-00 АКШ доллары | LIBOR+ 1,75% | 4 жыл | 2 жыл |
| 3 | Ветеринардык дары-дармектер менен айыл чарба химикаттарын сатып алуу | 1,800,000-00 АКШ доллары | LIBOR+1% | 3 жыл | |
| | ЖАЛПЫСЫ | 75,000,000-00 АКШ доллары | | | |

М. Шеримкуловдун маалыматы боюнча Түркия Өкмөтү тарабынан берилген 75 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү кредиттин 48,5 млн. АКШ доллары түрүндөгү каражат Кыргызстан тарабынан төмөнкүчө пайдаланылган:

| ТҮРКИЯ ӨКМӨТҮНҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА БЕРГЕН АЛГАЧКЫ КРЕДИТТИН ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Информация о сотрудничестве между Кыргызской Республикой и Турецкой Республикой в рамках Турецкого кредита] | | |
|---|---|---|
| № | КРЕДИТТИН ЭСЕБИНЕН КАПИТАЛ САЛЫНГАН ДОЛБООРЛОР | БААСЫ |
| 1 | Товардык кредит формасындагы ветеринардык дары-дармектер менен жер семирткичтерди сатып алуу | 1,8 млн. АКШ доллары |
| 2 | Кредиттин товардык жана инвестициялык бөлүктөрүн төмөнкү инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн пайдалануу: | 46, 7 млн. АКШ доллары |
| | • Бишкек шаарында 400 орунга эсептелген “Ак-Кеме” 4 жылдыздуу мейманканасын куруу | 8, 7 млн. АКШ доллары |
| | • Ысык-Ата булгаары-тери фабрикасынын базасында жылына 125 миң даана даяр булгаары-тери буюмдарын чыгаруу кубатына ээ өндүрүш | 2, 0 млн. АКШ доллары |
| | • Бишкектеги жумшак эмерек (мебель) фабрикасынын базасында жылына 26 миң даана жумшак эмерек буюмдарын чыгаруу кубатына ээ | 2, 263 млн. АКШ доллары |
| | • Токмоктогу радиозаводдун базасында алгачкы жылы 57700 түстүү телевизор чыгаруу кубатына ээ өндүрүш | 9, 97 млн. АКШ доллары |
| | • Токмоктогу радиозаводдун базасында байланыштын сан-ариптик каражаттарын (цифровые средства связи) чыгаруу | 8, 41 млн. АКШ доллары |
| | • Сокулуктагы соода жабдыктары заводунун базасында мини наабайканалар (пекарня) өндүрүшү | 4, 28 млн. АКШ доллары |
| | • КРнын транспорт Министрилиги тарабынан “ТЕМКА” фирмасынын өндүрүшүнөн чыккан “Мицубиси Маратон” маркасындагы 40 автобусту сатып алуу | 5, 19 млн. АКШ доллары |
| | • “Кыргызэнергохолдинг” компаниясы тарабынан комплектүү трансформаторлук подстанциялар менен трансформаторлорду сатып алуу | 3, 67 млн. АКШ доллары |
| | • КРнын ички иштер Министрилиги тарабынан керектүү буюм-тайымдарды сатып алуу | 2, 5 млн. АКШ доллары |

Кыргызстанга Түркия тарабынан берилген тикелей жардам тууралуу айта турган болсок, анда Түркия Кыргызстандагы чет өлкөлүк инвесторлордун ичинен экинчи орунду ээлейт да, Кыргыз Республикасынын экономикасына салынган түрк инвестициясынын жалпы көлөмү болжол менен 450 млн. АКШ долларын түзөт [ http://www.biskek.be.mfa.gov.tr/ShowSpeech.aspx?ID=2032 ]. 2011-жылы Түркия Кыргызстанга 20 млн. АКШ доллары өлчөмүндө гранттык жардам сунуш кылган [http://kabar.kg/kyr/economics/full/6509]. Ошондой эле ОШ коогалаңынан соң талкаланган Кыргызстандын түштүгүн калыбына келтирүү ишине 11 млн. АКШ долларын бөлүп берген [Дыйканова, www.erkintoo.kg/news4874]. Мындан сырткары, 2011-жылдын 1-декабрында Бишкек шаарында Кыргызстан жана Түркия өкмөттөрүнүн ортосунда 51 млн.

АКШ долларына барабар карызды кечүү тууралуу макулдукка кол коюлган [www.erkintoo.kg/news4874].

ТИКАнын координациясы астында Кыргыз Республикасынын экономикасындагы рынок инфраструктураларын өнүктүрүүнүн ар кыл маселелери боюнча 30дан ашуун долбоор жана 324 иш-чара турмушка ашырылган. Мамлекеттер ортосундагы кызматташтык маданий-билим берүү чөйрөсүндө да жүрүп келет. Айтсак, Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы приоритеттүү багыттардын бири болуп студенттик гуманитардык алмашуу эсептелет.

Кыргызстан-Түркия экономикалык кызматташтыгы 1991-жылы 29-майда Анкарада кол коюлган экономикалык жана соода кызматташтыгы боюнча келишимдин негизинде башталган. 1991-жылы 25-декабрда түрк-кыргыз ишкердик консейи түзүлгөн [Karluk]. Бишкекте кыргыз-түрк ишкерлер ассоциациясы (КЫТИАД) түзүлгөн жана ТИКАнын кеңсеси ачылган. Эки өлкөнүн ортосунда болжол менен 50гө жакын экономикалык жана соода багытындагы кызматташтык келишимдерине кол коюлган [www.pda.kabar.kg/analytics/full/18990]. Кол коюлган келишимдерди эске ала турган болсок, эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык жана соода мамилелерин жөнгө сала турган укуктук база түзүлгөн. Бирок, ошого да карабастан, иш жүзүндөгү абал тиешелүү деңгээлде эмес экенин жана эки өлкө ортосундагы соода көлөмүн өстүрүү зарылдыгын өлкө жетекчилери айтып келишет [http://www.akparti.org.tr .]

Түркиянын өкмөт башчысы Режеп Тайип Эрдогандын 2003-жылдын октябрь айында Кыргызстанга жасаган расмий иш сапары эки тараптуу соода мамилелерин чыңдоо жана соода көлөмүн өстүрүүгө жаңы бир дем кошкон [http://www.pda.kabar.kg/analytics/full/18990 ]. Иш сапары учурунда конкреттүү экономикалык максаттар, ошондой эле соода көлөмүн жогорулатуу боюнча мүдөөлөр аныкталган.

Кыргызстан чет элдик инвестициялар үчүн укуктук жактан ыңгайлуу шарттарды сунуштоодо. Эки өлкөнүн ортосунда экономикалык багытта кол коюлган негизги келишимдер болуп төмөндөгүлөр саналат:

- экономикалык жана соода кызматташтыгы боюнча келишим (1991-жыл, 23-декбарь);
- инвестицияларды өз ара стимулдаштыруу жана коргоо келишими (1992-жыл, 28-апрель);
- аралаш экономикалык комиссия түзүү боюнча келиши (1995-жыл, 16-август);
- Кыргызстан жана Түркия өкмөттөрүнүн ортосунда соода жана экономикалык кызматташтык келишими (1997-жыл);
- Түркия жана Кыргызстандын ортосунда киреше салыгы боюнча эки жолу салыктандырууну чектөө жана салыктан качууну чектөө келишими (1999-жыл, 2-июль).

Эки өлкөнүн ортосунда 1997-жылы башталган аралаш экономикалык комиссия жыйындарынын өзүнүн акыркы чогулушун 2012-жылдын 4-апрелинде өткөргөн. Аталган жыйында кабыл алынган чечимдер эки өлкө ортосундагы:

- экономика жана соода кызматташтыгын жандандыруу,
- структуралык инфраструктураны түзүү,
- жеке жана мамлекеттик уюмдардын ортосундагы келишпестиктерди өз убагында чечүүгө зор салымын кошуп келүүдө.

Комиссия жыйындары укуктук база, соода жана экономикалык кызматташтык, энергия, транспорт жана коммуникация, ЧОИ, интеллектуалдык менчик, техникалык тейлөө, инвестициялар, кредиттик байланыштар, финансылык рыноктор, бажы, стандартизация, эмгек жана социалдык саясат, айыл чарбасы, тамак-аш жана мал чарбасы, билим берүү, маданият жана туризм, саламаттыкты сактоо, токой чарбасы жана суу чарбасы, техникалык кызматташтык, жергиликтүү башкаруу, өзгөчө кырдаалдар, статистика жана

башка көптөгөн башка тармактар боюнча талкууларды жасап, чечимдерди кабыл алды [www.web.ogm.gov.tr/].

Кыргызстан-Түркия экономикалык байланыштарын өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө карай төмөндөгү төрт негизги доорго бөлүп кароого болот:

1. 1991-1995-жылдарды камтыган биринчи доор. Экономикалык перспективадан алып караганда 1990-жылдардын биринчи жарымы эки өлкөнүн расмий уюмдары менен жеке тармак өкүлдөрү бирин-бири менен таанышууга аракет кылган мезгил болуп саналат. Бул мезгилде кол коюлган келишимдер соода мамилелеринин базасын түзгөн менен, убагында терең талдоого алынбай, кыска убакыт аралыгында даярдалгандыктан, чала жасалган жумуш болуп калганы түшүнүктүү. Өзгөчө 2002-жылдардан кийин кол коюлган келишимдерде кыргыз-түрк мамилелериндеги экономикалык алаканын алгачкы мезгилине тиешелүү келишимдердин кээ бир бирөөлөрүн өзгөртүү зарылдыгы жогорудагы көз караштын адилеттигин таасын далилдеп турат [URL: www.resmigazete.gov.tr].

Ошону менен эле катар, соода-экономика чөйрөсүндө түрк ишкерлери башка өлкөлөрдүн ишкерлерине салыштырмалуу көбүрөөк иш-аракет жасап, өз активдүүлүгү менен айырмаланышкан. Бул жагынан алганда жеке тармактын субъекттери мамлекеттик расмий уюмдарга салыштырганда бир топ алдыга кеткен.

Биринчи мезгил аралыгы өз ара таанышуу жана аз көлөмдөгү продукцияларды импорттоо жана экспорттоо аркылуу алгачкы кадамдар ташталган. Бул доордо жасалган ири инвестицияларда келишимге байланыштуу пикир келишпестиктердин келип чыгышын алдын алган тобокелдик даражасын көрсөтүү үчүн айта кетүү зарыл. Бул мезгил аралыгындагы инвестицияларга жана биргелешкен ишкердик аракеттерине тиешелүү анализдер жасалбай, же алар жетишсиз деңгээлде жүргүзүлүп келген. Натыйжада, өзгөчө ири инвестицияларда долбоорлор менен байланышкан бир катар пикир келишпестиктер келип чыкканын мыйзам ченемдүү деп баалоого болот.

2. 1996-2001-жылдар ичиндеги экинчи доор. Экономикалык жана соода кызматташтыгын кайрадан карап чыгуу, жаңы нукка буруу процесси экинчи доорго таандык. Өтө ылдам темп менен башталган саясый жана экономикалык байланыштар убакыттын өтүшү менен 1996-2001-жылдар аралыгында бир кыйла рационалдуу формага өтө баштаган. Кыргыз жетекчилери менен ишкерлери да, түрк жетекчилери менен ишкерлери да соода-экономикалык байланыштар менен инвестициялардын экономикалык, техникалык жана финансылык анализин жасоо зарыл экенин түшүнө башташкан. Бул мезгил аралыгында Кыргызстандын дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болуу процессин аяктап, көптөгөн укуктук базалар түзүлгөнгө байланыштуу бир катар алгылыктуу иш-аракеттер жасалган. 1998-жылы Кыргызстан Азиядагы өлкөлөрдүн жана КМШ мамлекеттеринен ичинен алгачкылардан болуп Дүйнөлүк соода уюмуна кирген. Бул Кыргызстандын экономикасы Орто Азиядагы эң либералдуу мүнөзгө ээ экенин туюндурган көрсөткүч эле [Karluk,Anadolu Univ.].

Экинчи доорго таандык 1996-жылдан кийин Кыргызстанга инвестиция салган ишканалардын бир бөлүгү ишкердик аракеттерин токтотсо, экинчи бөлүгү бир катар көйгөйлүү маселелерди чечүүгө дуушар болушкан. Мисал катары, 1992-жылы Бишкекте төрт жылдыздуу мейманкана куруу боюнча ири долбоорго катышкан «Систем Мүхендислик» жана «Ак-Кеме» ишканалары деп аталган тараптардын ортосунда пикир келишпестик пайда болуп, бул маселе массалык маалымат каражаттары жана эки өлкөнүн расмий өкүлдөрүнүн күн тартибине коюлган [ www.carnegieendowment.org ].

Азыр “Пинара» деп аталган мурдагы “Ак-Кеме» ишканасынан тышкары, кыргыз-түрк ишкерлери бирге баштаган башка долбоорлор боюнча дагы көптөгөн пикир келишпестиктер болгон. «Пинара» мейманканасы боюнча мисалды талдай турган болсок, кол коюлган келишим шашылыш жана үстүртөдөн каралуу менен гана башталып кеткен [ICSID,2009]. Бул маселеге тиешелүү эл аралык инвестициялар боюнча келишпестиктерди жоюу борборунун отчетуна таяна турган болсок, эки ишкана келишимге кол коюдан

мурун жетиштүү деңгээлдеги долбоорлоо ишин жүргүзгөн эмес. Мындан тышкары, иш тиешелүү рыноктук изилдөө жасалбастан башталгандыктан, бир топ ишканалар жабылып да калган.

3. 2001-2009-жылдар аралыгындагы үчүнчү доор. 2002-жылы эки өлкөнүн ортосундагы соода жана экономикалык байланыштардын жаңы этабы башталган. Үчүнчү доордун эң негизги өзгөчөлүгү болуп соода-экономикалык кызматташтыктын биринчи жана экинчи этаптарында кагаз үстүндө гана калган келишимдерди аткаруу, экономикага тиешелүү өз ара байланыштарды андан ары чыңдоо болуп саналат.

2001-жылга чейин түрк өкмөтү көпчүлүк коалиция тарабынан башкарылып келген эле. Бул жылы Түркияда өткөн шайлоодо Адилеттүүлүк жана Өнүгүү партиясы (АК Партия) бийликке келет. Анын натыйжасында жаңы өкмөт түзүлүп, колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен Түркия көп векторлуу тышкы саясатты ишке ашырууга өткөн. Бул болсо 1991-2001-жылдар аралыгында өнүгүп келген Кыргызстан-Түркия байланыштары 2001-2013-жылдарын кучагына алган акыркы он эки жыл ичинде башкача траекториядагы өнүгүүнүн өзгөчө абалына жеткирген.

4. 2010-жылдан тарта калыптанган төртүнчү доор. 2010-жылдан кийин эки өлкөнүн экономикалык өз ара байланыштары илимий адабиятта “жумшак күч” деп аталган «стратегиялык» деңгээлге чейин өсүп жеткен. БА мамлекеттеринин саясый элитасы түрк бир туугандардын амбициясына карата күмөн саноо жана ишенбестик менен мамиле жасай баштаганын түшүнгөн Түркия акырындык менен өз саясатын кайрадан оңдоп, түздөөгө өткөн. Натыйжада, Түркиянын БАга карата тышкы саясатынын жаңы вариантында негизги приоритет жумшак күч стратегиясына, башкача айтканда, маданий жана экономикалык кызматташууну күчөтүүгө берилген. Маданий өз ара алаканы күчөтүү жана тереңдетүү аркылуу калган дивиденддерди акырындык менен автоматтык түрдө колго тийгизүүгө басым жасалганын абдан рационалдуу кадам катары баалоого болот.

Кызматташуу жана өнүгүү боюнча Түрк башкармалыгынын (ТИКА) БАдагы долбоорлорго кошкон салымын чагылдырган цифралар да жумшак күч менен аны ишке ашыруунун ролу тууралуу айтып турушат. 2012-жылы бул уюмдан түшкөн жардамдын жалпы саны 1,5 млрд. АКШ долларын түзөт. Мында долбоорлордун негизги керектөөчүлөрү болуп бүгүнкү күндө Түркия активдүү публикалык дипломатияны жүргүзүп жаткан Жакынкы Чыгыш эмес, дал ушул БА мамлекеттери саналышат. 2011-жылы ар кыл долбоорлордун жалпы саны 1,473 түзүп, алардын 805и БА менен Кавказ өлкөлөрүндө, 425и Балкан мамлекеттери менен Чыгыш Европада, 202и Жакынкы Чыгыш менен Африкада ишке ашырылган [Мураталиева, Prudent Solutions].

Бул цифралар ачык күбө болуп тургандай, Р. Т. Эрдогандын өкмөтү Жакынкы Чыгышта абдан активдүү саясатты жүргүзүп жатканына карабастан, жумшак күч (мягкая сила) формасындагы Түркиянын гуманитардык жардамы Түркиянын кызыкчылыктарындагы негизги приоритет болуп дагы деле болсо Кавказ менен БА өлкөлөрү санааларын дагы бир жолу ачык, так айгинелейт.

Кыргызстан-Түркия ортосундагы соода көлөмү. Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы соода көлөмү 1992-жылы 2623 миллион АКШ долларынан башталып, аз өлчөмдө болсо да, барган сайын анын өсүү темпи байкалууда. Эки өлкөнүн мамилелеринин мүнөзүнө 1996-жылы байланыштуу соода көлөмү 47 083 миллион АКШ долларына жеткен. Эки өлкөнүн статистикалык маалыматтарынын ортосунда айырмачылыктар бар. Мындан тышкары, расмий каттоодон өтпөгөн көмүскө соода иш-аракеттерин да эске ала турган болсок, Кыргызстандын жалпы тышкы соода көлөмүнүн ичинде Түркия менен болгон соода көлөмү анчалык чоң эмес.

Таблица 1. 1992-1996-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДАГЫ ЭКСПОРТ ЖАНА ИМПОРТ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ (МЛН$) [ www.stat.kg ]

| ЖЫЛ | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 1.181 | 17.014 | 16.696 | 38.156 | 47.082 |
| Импорт | 1.442 | 3.470 | 4.295 | 5.513 | 5.879 |
| КӨЛӨМ | 2.623 | 20.484 | 21.264 | 43.669 | 52.961 |

1999-жылы Түштүк Азияда башталып Орусияны да каптаган оор кризистен улам соода көлөмү жарым эсе кыскарган жана 2002-жылга чейин

уламдан улам төмөндөгөн деңгээлде уланган. Мындан 1999-жылы Кыргызстан Орусиядагы экономикалык кризистин катуу таасирине чалдыккан деген корутундуга келүүгө болот. Таблицада көрүнүп тургандай, 1998-жылы жалпы соода көлөмү 48,236 миллон АКШ доллары болсо, 1999-жылы бул көрсөткүч 25,236 миллон АКШ долларына чейин төмөндөгөн.

Таблица 2. 1997-2002-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДАГЫ ЭКСПОРТ ЖАНА ИМПОРТ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ (МЛН$) [ www.stat.kg ]

| ЖЫЛ | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 49.356 | 41.463 | 23.198 | 20.572 | 6.307 | 17.623 |
| Импорт | 7.395 | 6.773 | 2.779 | 2.349 | 17.350 | 24.005 |
| КӨЛӨМ | 56.751 | 48.236 | 25.236 | 22.921 | 23.657 | 41,628 |

2-таблицада көрүнүп тургандай, 1999-2001-жылдар аралыгында оор экономикалык кризистин таасиринен улам соода көлөмү өзүнүн эң төмөнкү деңгээлине жеткен. Бул аралыкта экспорт дагы, импорттук көрсөткүчтөр дагы төмөндөп кеткен. Ошондой эле 2001-жылы Кыргызстанда экспорт импорттон жогору көрсөткүчкө ээ болгон. Жалпысынан, экспорт-импорт тең салмактуулугу бардык жылдарда Түркиянын пайдасына жогорулап келген. 1992-жылды эсепке албаганда, Түркияга жөнөтүлгөн экспорттун эң төмөнкү көлөмү 2000-жылы болгон. Бул абал Түркияда 2000-жылы башталган экономикалык кризис менен тыгыз байланышка ээ.

Таблица 3. 2003-2012-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДАГЫ ЭКСПОРТ ЖАНА ИМПОРТ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ (МЛН$) [ www.stat.kg ]

| ЖЫЛ | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 10.906 | 13.384 | 14.113 | 27.455 | 45.020 | 47.974 | 31.446 | 30.900 | 48 | 50,2 |
| Импорт | 40.862 | 74.702 | 89.529 | 132.172 | 181.311 | 191.351 | 140.002 | 129.202 | 164 | 178,5 |
| КӨЛӨМ | 51,78 | 88,06 | 103,2 | 159,627 | 226,331 | 239,325 | 171,448 | 160,102 | 212 | 228,7 |

Эки өлкө ортосундагы соода көлөмү 2006-жылдан кийин 100 миллион АКШ долларынан ашып, жылына эки эсеге өсүү менен уланууда. Дүйнөлүк кризистен улам 2009-жылы соода көлөмү бир аз төмөндөгөнү менен 2011-жылдан тарта кайрадан өсүү жолуна түшкөн.

Кыргызстан Түркияга негизинен фасоль, учактарга күйүүчү май, пахта продукциялары сыяктуу чийки затты (сырьёну) экспорттойт. Ал эми Түркиядан

Кыргызстанга текстиль буюм-тайымдары, өнөр жай жабдуулары, пластик, килем сыяктуу өнөр жай өндүрүмдөрү (продукциялары) импорттолуп келет. Түркия Кыргызстанга экспорттогон товар группаларынын ичинде шекер, таттуулар, кир жуучу каражаттар, пластикалык буюмдар, кийим-кече, темир буюмдары, жабдуулар бар.

Акыркы жылдарда, өзгөчө, аба жолу транспорту тармагында Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда көптөгөн ири инвестициялар жасалды. Мамлекеттик ишкана болуп саналган Түрк аба жолдору жуманын ар бир күнү Бишкек-Стамбул каттамдарын улантып келүүдө. Ошондой эле, аталган компания 2012-жылдан тарта Ош-Стамбул багытында дагы жаңы каттамдарды баштаган. Атуулдук авиация тармагында жеке менчик ишкана болуп саналган Түрк ишканалары да Кыргызстанга инвестиция салууда. Мисалы, «Пегасус аба жолдору» ишканасы Кыргызстандын мамлекеттик ишканасы "Манас Эйр" компаниясынын 49% акциясын сатып алып, Бишкек-Стамбул каттамдарын баштады. «Пегасустун» максаты Стамбул-Бишкек менен эле чектелбей, Азия жана Ырааккы Чыгышка чейин каттамдарды ачуу болуп саналат. Атуулдук авиация дирекциясынын эки тараптуу келишимдерине ылайык, жеке менчик аба жолу ишканалары каалаган өлкөсүнө, каалаган шаарга, каалаган убакта каттамдарды уюштура албайт. Ошондуктан, бул тармактагы жеке менчик ишканалары акыркы убактарда Ыраакы Чыгышта өсүп келе жаткан суроо-талапка жооп бере албай келишет. Мисалы, Кытайдын борбор шаары Пекинге «Түрк аба жолдору» менен «Аир Чайне» компаниясы менен бирге уюштурган каттамдар аркылуу гана жетүүгө болот. Ошол себептен, сапарга чыгаардан бир нече ай мурун бара турган жерди тактап, андан соң гана билет алыш зарыл. Өзгөчө, транзиттик жүргүнчүлөр көп болгондуктан, түрктөр билет алууда далай кыйынчылыктарды башынан кечирип келишет. Ушул проблеманы чечүүнү көздөгөн «Пегасус» бир аз убакыттан кийин Бишкек аркылуу Ырааккы Чыгышка каттамдарды жүргүзө баштайт. Ишкана Стамбулдан учкан учакты алгач Бишкек, андан соң Пекин,

Сеул, Гонконг өңдүү шаарларга чейин багыттоону көздөп жатат [www.akşam.com.tr]

Кыргызстандын бийлиги 2014-жылы АКШнын базасы жабылган соң пайда боло турган бюджеттеги дефицитти жабуу максатында өлкөгө стратегиялык артыкчылык алып келе турган “Манас” аэропортун эл аралык борборго айландырууну ойлонуштурушууда [www.akşam.com.tr.].

Жогоруда айтылган пикирлерден улам төмөнкү корутундуларды чыгарсак болот:

1. КМШ геосаясый аймагында биринчилерден болуп Кыргызстандын дүйнөлүк соода уюмуна 1998-жылдан тарта мүчө болушу, ошондой эле бул республиканын БАнын чок ортосунда жайгашуусу, анын Кытай, Казакстан жана Өзбекстан өңдүү өлкөлөр менен коңшу жатышы, Түркия менен байыркы тарыхый тамырларга ээ экендиги бул өлкөгө чет элдик инвестицияларды тартуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

2. Постсоветтик геосаясый аймакта экономикалык байланыштар үзүлүп, инфляция тез өсүп, өндүрүш тоталдуу түрдө кулап, ошол эле мезгилде жалпы каптаган кризистен чыгуу жолун издөөгө умтулуп, жаңы эгемен өлкөлөр бүткүл дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке кирген учурда БА мамлекеттери үчүн Түркия экономикасы Батыш багытында өнүккөн өлкө катары белгилүү болгон. Орусиянын империялык амбицияларынан жана СССРдин административдик-командалык моделине негизделген пландуу экономикасынан кутулууну каалаган БА мамлекеттери үчүн өнүгүүнүн түрк модели өзгөчө кызыгууну туудурган.

3. Түркиянын БА чөлкөмүндөгү өлкөлөр менен болгон соодасында импортко караганда экспорт басымдуулук кылган. Негизинен, Түркия бул өлкөлөргө жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын өндүрмөлөрүн (продукцияларын) сунуш кылып, Түркмөнстан менен Өзбекстандан пахта, Казакстандан кара металл менен жезди сатып алган.

4. Транскавказдык транспорттук коридору Анкараны келечекте Түркиянын БА чөлкөмүнө экономикалык жана саясый таасир көрсөтүүсүн күчөтөт деген үмүткө бөлөйт.

5. Ушул мезгил аралыгында Түркиянын айрым өкүлдөрүнүн экстремисттик ислам күчтөрүнө катыштыгы бар экендиги тууралуу фактылар учурай баштаган. Ташкенттеги 1999-жылдын февраль айындагы террористтик актылардын айрым уюштуруучулары Түркияда кандайдыр бир мезгил аралыгында жашырынып жүргөндүгү тууралуу маалымат Түркия менен Өзбекстандын ортосундагы мамилелердин кескин солгундашына алып келген. Булардын бардыгы келип БА-түрк байланыштарынын башталышында БА мамлекеттери да, Анкаранын өзү да күтпөгөн бир катар кошумча тоскоолдуктардын пайда болуусуна себеп болуп калган.

6. 1990-жылдардын аягындагы «КМШ чөлкөмүнүн жарым-жартылай талкалануу шарттарында» Анкаранын саясый жана экономикалык ресурстары БАга туруктуу жана комплекстүү саясый таасир көрсөтүү үчүн жетишсиз эле. Анын үстүнө, БА чөлкөмү менен жанаша чек араларга ээ эмес болгондуктан, Түркия өзүнүн тышкы саясаты үчүн Европа, Жакынкы Чыгыш жана Кавказ чөлкөмдөрү менен алакалашуу бир кыйла маанилүү деп тапкан. Бул маанайда тажик жана афган жаңжалы сыяктуу БА чөлкөмүнүн коопсуздугунун өзөктүү маселелери менен байланышкан комплекстүү иш-чараларга Анкаранын дээрлик катышпоосу буга ачык күбө.

7. 2002-2010-жылдар аралыгында өз ара кол коюлган келишимдер аркылуу түптөлгөн байланыштар 2011-жылдан кийин гана экономика үчүн стратегиялык мааниге ээ боло баштаган. Эки өлкөнүн жетекчилери бирдей байланыштарга стратегиялык деген түшүндүрмө берүүгө өтүшкөн. Бул мезгил аралыгында ар жылы болуп туруучу жыйындарда экономика жана соода маселелери кеңири талкууга алына баштаганын көрүүгө болот. Жалпысынан алганда, 2002-жылдан кийин Түркиянын БА багытындагы, анын ичинде Кыргызстанга жасаган саясатында экономикага басым жасоо күчөгөнү байкалат.

8. Экономикалык байланыштардын акыркы этабы 2010-жылдан кийинки доор болуп саналат. Кыргызстан-Түркия экономикалык кызматташыгы 2010-жылдан кийин институционалдашуу формасындагы нукта өнүгө баштаган. Расмий тараптар үзгүлтүксүз жолугуп, узак мөөнөттүү чечимдерди кабыл алышууда. Эки өлкөнүн ортосундагы географиялык узактык жана соода көлөмүнүн аз экендигин эске алына турган болсок, анда ортодогу байланыштарды стратегиялык деп баалоо канчалык максатка ылайык экенин түшүндүрүү зарыл. Тактап айтканда, Түркия-Кыргызстан мамилелери, өзгөчө экономика жана соода жаатындагы байланыштар Түркия БА мамлекеттерине чыныгы модель боло тургандай деңгээлде өнүгүп келүүдө деп терең ишенебиз. Бирок, албетте, жасала турган иштер арбын, өзгөчө, соода көлөмүн толук потенцилдык деңгээлге жеткирүү чечүүнү талап кылган маселеге кирет.

## § 2. Маданият жана билим берүү жаатындагы кызматташтыктар

**ТҮРКСОЙ ЭЛ АРАЛЫК УЮМУ**. Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркия жана Түркмөнстандын маданият министрлери 1992-жылы Стамбулда жана Бакуда жолугушуп, маданий кызматташтыкты талкуулашкан [ www.turksoy.org.tr/tr/turksoy/hakkimizda ]. Натыйжада, 1993-жылы 12-июлда Алматыда өткөн жыйында түрк тилдүү мамлекеттер түрк тилдүү маданият менен искусствону биргелешип өнүктүрүү боюнча ТҮРКСОЙ деп аталган Уюмду түзүү тууралуу келишимге кол коюшат. Аталган келишимге ылайык курулган уюмга кийинчерээк ОФна караштуу Алтай, Башкырстан, Хакасия, Якутия, Татарстан, Тыва республикалары, Молдова Республикасына караштуу Гагауз автономдуу аймагы жана Түндүк Кипр Түрк мамлекеттери байкоочу катары киришкен.

Жогоруда айтылгандай, ТҮРКСОЙ түрк тилдүү өлкөлөрдүн маданият жана көркөм өнөр тармактарындагы кызматташтыгын камсыздаган, мүчө өлкөлөрдүн ички жана тышкы саясатына аралашпаган эл аралык уюм болуп саналат. ТҮРКСОЙго мүчө болгон жана байкоочу катары кирген тараптар

бирдей укуктарга ээ. Уюмдун эл аралык мамилелери түрк тилдүү географиялык аймактар менен гана чектелүү эмес.

ТҮРКСОЙдун жетектөөчү органы болуп маданият министрликтеринин Туруктуу кеңеши болуп калган да, уюмдун штаб-квартирасы Анкарада жайгашкан жана расмий тили түрк тили болуп саналат [URL: http://www.mfa.gov.tr/turksoy-joint-administration-of-turkic-culture-and-art_.en.mfa].

Максаты, милдети жана багыттары боюнча ЮНЕСКОго окшоштурулуп түзүлгөн ТҮРКСОЙ уюму түрк тилдүү мамлекеттердин аймагынын өз ЮНЕСКОсу катары кызмат кылат. Бул уюм түрк тилдүү мамлекеттердин улуттук аң-сезиминин ойгонушуна, мамлекеттик түзүлүшүнө жана демократиялашуу процесстерине ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Өз иш-аракеттерин ишке ашырууда аталган эл аралык уюм адам укуктарын коргоо принцибине таянган бардык расмий жана расмий эмес мекеме-уюмдар менен кызматташууда.

Интернет баракчасында ТҮРКСОЙдун негизги максаттары расмий түрдө төмөнкүчө аныкталган:

- Түрк тилдүү элдердин жана өлкөлөрдүн арасында достук мамилелерди куруу, орток түрк маданиятын, тилин, тарыхын, көркөм өнөрүн, салт-санаасын изилдөө, өнүктүрүү, коргоо жана келечек муундарга өткөрүп берүү. Илимий, маданий, көркөм өнөр тармактарында изилдөө иш-аракеттерин жүргүзүү менен маданий биримдик жана өз ара колдоо менен дүйнөлүк тынчтыкка, маданиятка, илимге жана көркөм өнөргө салым кошуу болуп саналат.

- Түрк маданияты сүйүү, толеранттуулук жана рационалдуулук принциптерине таянаарын эске алуу менен түрк маданиятынын эл аралык деңгээлде кабыл алынышына аракет кылуу. Бул жол аркылуу дүйнөлүк тынчтыкка жана адам укуктарына кызмат өтөө. Түрк дүйнөсүнүн жалпы тарыхын, тилин жана адабиятын, маданиятын камтыган изилдөөлөрдү

күчтөндүрүү. Улуттук тарыхты, эне тил, адабиятты, маданият жана көркөм өнөрдү, салт-санааларды келечек муундарга өткөрүп берүүгө шарт түзүү. Эл аралык байланыштарда тең салмактуулуктар болорун эске алуу менен аймактык жана дүйнөлүк деңгээлде жаңы маданий түзүлүштөрдү колдоого алуу болуп саналат [www.turksoy.org.tr/TR/belge/1-73744/amaclari.html].

**ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЖАЗУУЧУЛАРЫ МЕНЕН МАДАНИЙ ИШМЕРЛЕРИНИН (ТҮРКСАВ) ФОНДУ**. Бул Фонд 1996-жылы түзүлүп, анын түзүүчүлөрү болуп төмөнкү инсандар саналышкан:

| ТҮРКСАВ ФОНДУНУН УЧРЕДИТЕЛДЕРИ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Фонд писателей и деятелей тюркоязычных государств ТЮРКСАВ. Краткая справка] | | |
|---|---|---|
| 1 | Йяхиа Акенгин | ТҮРКСАВ Фондунун башкаруу Кеңешинин төрагасы |
| 2 | Профессор, доктор Ахат Андижан | Түркия Республикасынын экс-мамлекеттик министри, ТР Парламентинин депутаты |
| 3 | Профессор, доктор Абдурахман Гүзел | |
| 4 | Профессор, доктор Самир Касымоглу Таызаде | |
| 5 | Намык Кемаль Зейбек | ТРнын Орто Азия иштери боюнча экс-мамлекеттик министри, экс-маданият министри, Ахмет Ясеви атындагы Университеттин колдоочулар кеңешинин Төрагасы |
| 6 | Профессор, доктор Умай Гунай | |
| 7 | Профессор, доктор Камиль Угурлу | |
| 8 | Профессор, доктор Садык Кемаль Турал | ТРнын Өкмөтүнүн алдындагы Ататүрк Фондунун Төрагасы |
| 9 | Сулейман Динч | |
| 10 | Эмине Коч | |
| 11 | Төлөмүш Океев | Белгилүү кыргыз кинорежиссеру |
| 12 | Профессор, доктор Бейхан Карамааралы | |
| 13 | Мехмет Атабей | |
| 14 | Шереф Ташлыова | |
| 15 | Ахмед Оздемир | |
| 16 | Доцент, доктор Эркин Эмет | |

Фонддун максаты болуп түрк дүйнөсү менен дүйнөлүк коомчулукту түрк тилдүү мамлекеттердин элдеринин маданият, адабият, классикалык искусство, элдик-колдонмо (прикладдык) чыгармачылык, элдик фольклор, көркөм жана театр искусствосу, кинематография жана телевидение, архитектура, скульптура жана дизайн тармактарындагы баалуулуктары жана

ийгиликтери менен тааныштыруу эсептелет [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Фонд писателей и деятелей тюркоязычных государств ТЮРКСАВ. Краткая справка]. Фонддун эң башкы максаты катары маалымат жана тажрыйба алмашуу аркылуу түрк тилдүү элдердин жетишкендиктерин байытуу жана баалуулуктарын сактап калуу үчүн түрк тилдүү мамлекеттердин адабият, маданият жана өнөр тармагындагы ишкерлерин өз ара жакындатууну атасак болот.

Фонддун максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Фонд писателей и деятелей тюркоязычных государств ТЮРКСАВ. Краткая справка]:

- түрк тилдүү мамлекеттердин тил, дин, этнография, археология, билим берүү, архитектура, элдик-колдонмо (прикладдык) чыгармачылык, классикалык жана элдик музыка, көркөм сүрөт өнөрү, бий, кино, телевидение, фотография жана дизайн тармактарындагы илимий жетишкендиктерди коргоо, сактап калуу жана өнүктүрүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- адабият, искусство жана маданият тармактарындагы жетишкендиктерди талкуулоо жана пропагандалоо максатында жыл сайын өтүп туруучу семинарлар менен симпозиумдарды, көргөзмөлөр менен фестивалдарды өткөрүп туруу.

Фонд түзүлгөн мезгилден тарта төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылган:

| ТҮРКСАВ ФОНДУ ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛГАН ИШ-ЧАРАЛАР<br>[М. Шеримкуловдун жеке архиви. Фонд писателей и деятелей тюркоязычных государств ТЮРКСАВ. Краткая справка] | |
|---|---|
| 1 | Кырккале ГуберТАКУрлугу менен кызматташуунун жардамы аркасында “Ходжа Ахмет Ясевиден Хасан Дедеге чейин” деген темада өткөрүлгөн Эл аралык симпозиум |
| 2 | Фонддун колдоосу аркасында Байбурт (Түркия) шаарында жыл сайын “Деде Коркут” аталышындагы маданий майрамдар өткөрүлүп келет |
| 3 | Фонддун колдоосу аркасында Элаза (Түркия) шаарында жыл сайын “Каспий ырлары менен музыкасынын кечтери” өткөрүлүп келет |
| 4 | Фонддун колдоосу астында жыл сайын Акчай (Түркия) шаарында акындар менен композиторлордун Фестивалы өткөрүлүп келет |
| 5 | 2000-жылы Фонд Анкара шаарында түрк элдеринин төкмө акындарынын алгачкы фестивалын өткөргөн |
| 6 | Мерв (Түркмөнстан) шаарынын 2500 жылдыгына карата үч тилде “Мерв” аталышындагы китеп жарык көргөн |

| | |
|---|---|
| 7 | Фонддун аракети астында дүйнөнүн 100 өлкөсүнүн балдарынын ырлары чагылдырылган китеп чыгарылган |
| 8 | Жыл сайын көркөм сүрөт көргөзмөлөрү өткөрүлүп турат |

Фонд тарабынан түркология, маданият, искусство, адабият, билим берүү жана саясат тармактары боюнча 20дан ашык номинациядагы сыйлыктар негизделген.

| ТҮРКСАВ ФОНДУ ТАРАБЫНАН НЕГИЗДЕЛГЕН СЫЙЛЫКТАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭЭЛЕРИ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Фонд писателей и деятелей тюркоязычных государств ТЮРКСАВ. Краткая справка] | | |
|---|---|---|
| 1 | НОМИНАЦИЯ | СЫЙЛЫККА ТАТЫКТУУ БОЛГОНДОР |
| | "Түрк дүйнөсүнүн мамлекеттик ишмери" | Түркия Президенти С. Демирель (1996) |
| | | Казакстан Президенти Н. Назарбаев (1997) |
| | | Азербайжан Президенти Г. Алиев (1998) |
| | | Түркмөнстан Президенти С. Ниязов (1999) |
| | | Кыргызстан Президенти А. Акаев (2000) |
| 2 | "Түрк дүйнөсүнүн адабиятынын, маданиятынын жана искусствосунун өнүгүшүнө кошкон чыгаан салымы үчүн" | • ТРнын Премьер-Министри Б. Эжевит<br>• Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Президенти Р. Денкташ |
| | | • акын жана композитор Барыш Манчо |
| | | • казак акыны Мухтар Шаханов |
| | | • кыргыз кинорежиссеру Төлөмүш Океев |
| | | • профессор, доктор Илбер Ортайлы |
| | | • кыргыз тилчи-түркологу Салижан Жигитов |
| 3 | "Түрк дүйнөсүнүн маданиятын пропагандалагандыгы үчүн" | • СНН Түрк телеканалы<br>• НТВ телеканалы |
| | | • ТРТ телеканалы |
| | | • Хюрриет газетасы |
| | | • Заман газетасы |

**ӨНӨР ЖАНА МАДАНИЯТ ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК**. Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы маданий байланыштар дипломатиялык байланыштар аркылуу курулуп, келишимдерге кол коюлгандан тарта башталган. 1992-жылы 3-мартта Түркиянын тышкы иштер министри Хикмет Четин Кыргызстанга жасаган расмий иш сапары учурунда «Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана маданият министрлиги менен Түркия Республикасынын билим берүү министрлигинин ортосундагы кызматташтык» [www.turksoy.org.tr/TR/belge/1-73744 / amaclari.html] сыяктуу эки тараптуу келишимдерге кол коюлган. Социалдык жана

маданий тармактарда, опера жана театр багытында кызматташтыкты өнүктүрүүнү өкмөттүк деңгээлде колго алуу чечими кабыл алынган [T.C. Resmi Gazete,1996]. Түркиянын маданият министрлигинин демилгеси менен Кыргызстандын улуттук фольклор топтору, комузчулар, чоорчулар, дастанчы жана манасчылар 1993-жылдан баштап Түркияда өткөн фестивалдарга чакырылып келет [www. tbmm. gov. Tr / sirasayi / donem24 / yil01 /ss495.pdf]. Атактуу манасчы Уркаш Мамбеталиев, төкмө акын Эстебес Турсуналиев, комузчулар Самара Токтакунова, Нурак Абдрахманов, ырчы Саламат Садыкова өңдүү өнөрпоздор өздөрү катышкан фестивалдарда байгелүү орундарга жетип, кыргыздын көркөм өнөрүн Түркияда өз деңгээлинде тааныштыра алышкан [Ормушев,Б.80.]. 1993-жылы Улуттук билим берүү министри Көксал Топтандын чакыруусу менен «Ак-Шоола» балдар театры Анкара, Стамбул, Анталия, Фетхие жана Сиде шаарларында концерт беришкен [Ормушев,Б.80.]. Аталган топ 1994-жылы 23-апрелде өткөн программанын ачылышын жасаган.

Эгерде 54-Өкмөттүн учурунда Түркия-Борбор Азия ортосундагы кызматташтык бир аз солгундай түшсө, 1997-жылы бийликке келип, Түркия үчүн Батыш өлкөлөрү менен болгон кызматташтык абдан приоритеттүү, бирок, Борбор Азия мамлекеттери менен болгон бир туугандык мамилелер Түркия мамлекетинин тышкы саясатында артыкчалуу болуп кала бермекчи деген 55-Өкмөттүн билдирүүсү эки жактуу мамилелерди бир кыйла жанданткан. Айтсак, ушул жылы Кыргыз Республикасынын Түркиядагы элчилиги Түркияда өткөрүлгөн төмөнкүдөй Эл аралык иш-чараларга активдүү катышкан:

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮРКИЯДАГЫ ЭЛЧИЛИГИ АКТИВДҮҮ КАТЫШКАН АЙРЫМ МАДАНИЙ ИШ-ЧАРАЛАР [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Сотрудничество в культурно-гуманитарной сфере. Отчет Посольства КР в ТР за 1997 год] | |
|---|---|
| 1 | Түрк тилдүү мамлекеттер менен жамааттардын 6-Курултайы |
| 2 | Новрузга (Ноорузга) арноалган майрамдык иш-чаралар |
| 3 | Кыргыз Эл жазуучусу Ч. Айтматовдун 70 жылдык маарекесине арналган Эл аралык конференция |
| 4 | Түрк тилдүү элдердин маданияты менен маданий мурастарына арналган бир канча Эл аралык конференциялар жана семинарлар |
| 5 | Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясы менен Түркиянын атомдук энергетика боюнча Комитетинин ортосундагы кызматташтыктын жаңы багытын орнотуу максатында академик Т. Иманакунов менен профессор Б. Орозбаков 1997-жылдын июнь айында Стамбул шаарында ядролук энергетиканы тынчтык багытында колдонууга арналган кеңешмеге катышышкан |

| | |
|---|---|
| 6 | ТҮРКСОЙго кирген мамлекеттердин маданият министирлеринин туруктуу Кеңешинин 10 жылдык юбилейине арналган иш-чарага КРнын билим берүү, илим жана маданият министри С. Токтомушев менен Элчи Т. Океев активдүү катышкан. |
| 7 | КРдин ТРдагы Элчилиги тарабынан “Маданияттын, искусствонун, илимдин жана туризмдин Евразиялык Академиясын” жана КМШ өлкөлөрүндөгү “Мир” телеканалына окшош болгон Эл аралык телеканалды түзүү тууралуу сунуштарды киргизген. Кыргызстан, Түркмөнстан, Түркия жана Өзбекстандын мамлекеттик телерадиоберүү корпорацияларынын жетекчилеринин ортосундагы кызматташтык тууралуу 1998-жылдын май айындагы Протоколуна кол коюлгандан кийин Эл аралык телеканалды ишке киргизүү реалдуу болгон. |
| 8 | Түрк тилдүү мамлекеттер менен жамааттардын 6-Курултайынын чегинде эстрадалык ырлардын Фестивалы өтүп, ага композитор М. Бегалиев менен ырчы Г. Сатылганова катышкан да, Г. Сатылганова байгелүү 2-орунду ээлеген. |
| 9 | ТҮРКСАВ Фондунун колдоосу астында Түркиянын шаарларында белгилүү кыргыз сүрөтчүлөрү М. Акматкулов менен Д. Адашканованын көргөзмөлөрү уюштурулган. |
| 10 | ТРнын Президенти С. Демирель ТҮРКСАВ Фонду тарабынан “Түрк дүйнөсүнө өтөгөн кызматы үчүн” деген сыйлыкты белгилүү кыргыз скульптору Т. Садыковго салтанаттуу тапшырган. |
| 11 | Элчиликтин финансылык-экономикалык жана маалыматтык көмөгү астында студенттердин ай сайын жарык көргөн “Булак” газетасы менен “Ата Журт” журналы чыгарылып турган. |
| 12 | ТРнын тарыхы боюнча Комитет берген гранттын жардамы менен 1) Кыргызстан тууралуу көркөм жасалгаланган журнал, 2) КРнын ТРдагы Элчилигинин көмөгү астында окумуштуу Ахмет Гюнгор редакциялаган кыргыз эл макалдары кыргыз жана түрк тилдеринде жарык көргөн ж.б. |

Маданий иш-чараларды өткөрүүдө Түркияда жашаган кыргыздар да унутулган эмес. 2001-жылы 14-16-сентябрда Кыргызстандын Түркиядагы элчиси М. Шеримкуловдун демилгеси менен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 10 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу жыйын Ван шаарына караштуу Улуу Памир кыштагында өткөрүлгөн. Аталган жыйынга Түркиянын мамлекеттик министри, профессор, доктор Абдулхалюк Мехмет Чай баш болгон министрлер, Түркия Межилисинин депутаттары, обласττык жана райондук жетекчилер, коомдук уюмдардын жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышкан. Кыргызстан тараптан бул маарекеге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары катышып, кинорежиссер Дооронбек Садырбаев, Кыргыз Республикасынын Эл артисттери Орозбек Кутманалиев, Саламат Садыкова баш болгон өнөрпоздор тарабынан түркиялык кыргыздарга арналган концерт берилген [Ормушев, 2012].

Эки өлкөнүн маданий байланыштарынын 20 жылдык тарыхында өнөр адамдары өз маданиятын бири-бирине тааныштыруу аркылуу дүйнөлүк маданиятка зор салым кошо алышты. Ааламдашуу мезгилинда көркөм өнөр дипломатиясы катары каралган мындай программалар эки өлкөнүн элин бири-

бирине жакындан тааныштырып, аларга өз ара достошууга жана байланыштарды чындоого көмөк берип келет. Айтсак, 1995-жылдан азыркы күнгө чейин Стамбулда профессор Түрк Йазгандын аракети менен түрк тилдүү мамлекеттердин эл аралык балдар фестивалы уюштурулуп келет. 2005-жылы 21-29-октябрда Кыргызстанда түрк маданиятынын жумалыгы болуп өткөн. Түркиянын маданият жана туризм министрлиги уюштурган иш-чарага Түркиянын көптөгөн өнөр адамдары катышкан. Алардын ичинен 7 кишилик музыкалык топ Бишкекте жана Токмокто концерт берген [Ормушев,106-б.]. Эки өлкөнүн маданият министрликтеринин ортосундагы кызматташтык келишимдеринин алкагында өз ара маданият күндөрүн өткөрүү колго алынган. Мисалы, 2009-жылы күз айларында Анкара, Бурса, Стамбул шаарларында кыргыз маданиятынын күндөрү уюштурулган [ www.haberler.com/turk-kazak-ve-kirgiz-opera-sanatcilari-birlikte-haberi/]. Иш-чаранын алкагында кыргыздын рухий мурастары эң жогорку деңгээлде көрсөтүлгөн. Жалпысынан, Түркиянын түрк тилдүү мамлекеттер, анын ичинде Кыргызстан менен болгон маданий байланыштары ТҮРКСОЙ тарабынан колдоого алынып, жүзөгө ашырылып жатканы чоң ийгилик десек туура болот.

ТҮРКСОЙ уюму өзү уюштурган, же колдоого алган иш-аракеттер аркылуу кыргыз-түрк байланыштарына зор салым кошуп келет. 2009-жылы 8-9-сентябрда Бишкекте эл аралык опера фестивалы өтүп, ТҮРКСОЙдун колдоосу менен А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында «Көроглу» операсы алгачкы жолу көрүүчүлөргө тартууланган. «Көроглу» операсына Кыргызстан, Казакстан, Азербайжан жана Татарстандан өнөрпоздор катышкан [TÜRKSOY Faliyet Raporu2008]. 2010-жылдын 10-29-майында Хажеттепе университетинин Түркология Изилдөө институту менен биргеликте эки эл аралык форум өткөн [TÜRKSOY Faliyet Raporu2008]. «Орхон-Энесай эстеликтерин жаңыдан жоромолдоо» жана «Түркология XXI кылымда: Орхон-Энесай эстеликтеринин ачылышына 120 жыл» аттуу илимий жыйындар өткөн [TÜRKSOY Faliyet Raporu,2008] .

Маданий байланыштарды чыңдоо жана өнүктүрүү максатында эки өлкө өкмөтү жаңы чечимдерди да кабыл алууну улантышууда. Түркия өкмөт башчысы Р. Т. Эрдоган 2013-жылдын 10-апрелинде Кыргызстанга жасаган иш сапары учурунда Бишкекте «Юнус Эмре» атындагы түрк маданият борборун куруу боюнча сөз болуп, ага Р. Т. Эрдоган өз оюн төмөнкүчө билдирген: «Бул багытта бизге борбордук жерден ылайыктуу жана кенен жер бөлүнүп берилсе, маданият борбору сиздер үчүн дагы, биз үчүн дагы маданий тармакта журулушууга ыңгайлуу шарт түзмөк. Бул борбор түрк дүйнөсүндө боло турган көптөгөн иш-чараларды өткөрүүгө ыңгайлаштырылып долбоорлонуп, анын курулушун баштоого болот эле» [ www.akparti.org.tr].

Кыргыз маданиятын Түркияда жайылтууга Түркияда окуп жаткан кыргызстандык студенттер дагы өз салымын кошууда. Бул багытта элчи Мамбетжунус Абылов төмөндөгүлөрдү айткан: Түркиядагы кыргыз диаспорасынын саны өсүүдө. Түркиянын ЖОЖдорунда окуган 1700дөн ашуун студенттер бар. Түркияда кыргыз окуу жайлары жок, бирок «Памир Кыргыз» кызматташтык коому бар. Бул уюм кыргыз маданиятын жана тилин коргоо, өнүктүрүүнү каалаган тараптарга материалдык колдоо көрсөтүп келет» [www.fergananews.com].

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫКТАР.** Кандайдыр бир мамлекеттин жеке жана юридикалык жактары башка өлкөлөрдө билим берүү иш-аракеттерин жүргүзүшү конкреттүү максаты жана тарыхый өтмүшү бар абал болуп саналат. Өзгөчө Осмон Империясынын күчү жоголо баштаган мезгилде түрк бийлиги көзөмөлдөй албай калган аймактарда Батыштын таасири күч ала баштап, анын натыйжасында билим берүү системасында өзгөрүүлөр башталган [Khatib,1977]. Башка өлкөлөрдө окуу жайларын ачуу практикасы Түркияда XVIII жана XIX кылымдарда эле башталган. XX кылымдын экинчи жарымынан тарта башка экономикалык системалар сыяктуу эле башка өлкөлөрдө окуу жайларын ачуу практикасы формасын жана максатын өзгөртсө да, азыркы күндө алардын саны күн өткөн сайын өсүп келүүдө. Эл аралык билим берүү кызматташтыгын

стимулдаштырган себептердин арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- ааламдашуу жана рынок экономикасы,
- көп улуттуу ишканалар,
- өлкөлөр аралык дипломатиялык иш-аракеттер жана миграция,
- экономиканын бир бөлүгүн түзгөн билим берүү тармагынын ишкерлер үчүн рентабелдүү тармакка айланып бара жатышы.

Постсоветтик геосаясый мейкиндиктеги түрк тилдүү мамлекеттердин жазуусун латиницага которууда түрк дипломатиясынын жетишкен ийгилиги катары Өзбекстан менен Түркмөнстандагы латиницага өтүү тууралуу расмий чечимдердин кабыл алынышын атоого болот. Ислам теологу Ф. Гүлен тарабынан жетектелип, ашкере активдүүлүгү менен айырмаланган диний жамаат сыяктуу Түркиянын өкмөттүк эмес уюмдарынын жана жеке фонддорунун аракети астында БА мамлекеттеринде түрк мектептеринин тору түзүлгөн [Balci,URL:http://www.fethullahgulen.org/press-room/review/1204-central-asia-fethullah-gulens-missionary-schools.html]. Бир нече мектептер жана Түркстан шаарында жайгашкан казак-түрк университети Түркиянын билим берүү Министирлиги тарабынан ачылган. Дин иштери боюнча өкмөттүк Башкармалык БА чөлкөмүндө мелүүн исламдын баалуулуктарын жайылтууга көмөк бере алган диний билим берүү борборлорун уюштурган [Aras, 2009].

Анкара менен БА мамлекеттеринин ортосундагы өз ара алаканын маанилүү багыты болуп бул чөлкөмдөн келген аскер кадрларын Түркияда окутуу эсептелет. Түркиянын басма сөзүнүн маалыматы боюнча өлкөнүн аскер окуу жайларында 1999-жылдын жаз мезгилинде Түркмөнстандан 212, Казакстандан 90, Кыргызстандан 46 өкүл даярдыктан өтүшкөн. Жалпы жонунан, 1990-жылдар ичинде Түркияда постсоветтик түрк тилдүү мамлекеттерден 1800 аскер кызматкери окуп, анын жарымынан көп бөлүгүн Азербайжандын өкүлдөрү түзгөн [URL:www.hri.org/news/cyprus/tcpr/1999/99-04-06.tcpr.html]. Мындан сырткары, 1998-жылы Анкарада ТАКУнун «Тынчтык үчүн өнөктөшүү» («Партнерство ради мира») деп аталган программасынын

офицерлерин даярдоо борбору ачылган. 1990-жылдардын аягында Түркия Казакстан менен Кыргызстанга аскер техникасын берүү аркылуу жардам көрсөтө баштаган.

2000-жылдардын башында БАдагы түрк билим берүү мекемелеринин тору кеңейген. Казакстанда, Кыргызстанда жана Түркмөнстанда Түркиянын билим берүү министирлиги тарабынан ачылган жыйырма чакты мектеп жана эки университет (казак-түрк жана кыргыз-түрк), ошондой эле Ф. Гүлендин жамааты тарабынан түзүлгөн элүүдөн ашык мектеп жана үч университет иш алып барган [Aras,P.20]. 1990-жылдардын аягында Түркияда 2 800 казак, кыргыз жана түркмөн студенттери билим алган. Бирок, Өзбекстан билим берүү чөйрөсүндө Түркия менен кызматташууну тап-такыр токтотуп койгон. 1997-жылы өзбек өкмөтү бул өлкөдө билим алуу радикалдуу исламдык көз караштарды жайылтууга көмөк берет деп билдирүү менен өзүнүн 2 000 студентин Түркиядан чыгарып кеткен. 2000-жылы Өзбекстандагы бардык түрк мектептери менен лицейлери жабылып, Түркия менен студенттерди алмашуу тууралуу макулдук бузулган [http://subscribe.ru/archive/news.world.turkestan 200804 / 18121114.html].

Кыргызстан-Түркия арасында 1991-жылдан тартып дипломатиялык байланыштар кескин жанданганын бир нече жолу баса белгилеп айттык. Эки тараптуу байланыштар саясый, экономикалык, маданий тармактар менен катар эле билим берүү тармагында да калыптанган. Эки өлкөнүн билим берүү тармагы боюнча биргелешкен иш-аракеттери жана жетишкен жыйынтыктарды эске ала турган болсок, билим берүү тармагындагы кызматташтык башка тармактарга салыштырмалуу алда канча бийик деңгээлде өнүгүп жатканын айтууга болот.

Түркия мамлекети БАдан баштап, башка чет өлкөлөрдө жүргүзгөн билим берүү иш-аракеттерине терең маани берет жана бул багытка ири өлчөмдөгү акча каражаттарын бөлүп келет. Түркиянын мамлекеттик жана жеке тармакка тиешелүү болгон билим берүүгө жасаган инвестицияларынын эң көп бөлүгү Кыргызстан менен Казакстанга туура келет.

Билим берүү тармагына жасалган инвестициялардын Кыргызстанда жогорку деңгээлде ийгиликке жетишинин бир катар себептери бар.

Биринчиден, БА аймагында Кыргызстан менен Казакстан бул чөлкөмдөгү башка мамлекеттерге салыштырмалуу билим берүүгө көбүрөөк маани берет.

Экинчиден, билим берүү көптөгөн чыгашаларды талап кылган узак мөөнөттүү инвестиция болуп саналаары баарыбызга маалым. Бюджеттин тартыштыгынан улам кыргыз өкмөтү элдин билим алуу муктаждыгын канаатандыруу үчүн жеке менчик билим берүү уюмдары жана чет элдик инвестициялардын билим берүү тармагына киришин стимулдаштыруу максатында бир катар келишимдерге кол койгон [ Şişman M.& Arı A,2009].

Үчүнчүдөн, рынок экономикасына өтүү менен Кыргызстанда жаңы шарттарга ылайык адистерди даярдоо жана билим берүү системасын реформалоо боюнча үлгү боло турган билим берүү методдоруна муктаждыгы бар эле.

Эгемендүүлүк жылдары саясый темир тосмо ачылып, анын натыйжасында, мамлекеттик органдарда жана өлкөдө активдүү түрдө пайда боло баштаган эл аралык ишканаларда эмгектенүүгө мүмкүндүк берген чет тилдерин билген адистерди даярдоо муктаждыгы курч турган болчу.

Бул маселени чечүү иши төмөнкүдөй бир катар жолдорду колдонуу менен ишке ашкан:

- биринчиси, чет өлкөгө студенттерди жиберүү,
- экинчиси, өлкөнүн ичинде чет тилин тереңдетип үйрөткөн окуу жайларды түзүү.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын эл аралык масштабдагы жогорку окуу жайларды ачууга укуктук мүмкүндүк бериши Кыргызстанда чет өлкөлүк мамлекеттер менен биргелешкен эл аралык университеттерди ачуусуна жол ачты. Билим берүү багытындагы байланыштын эң алгачкы кадамы 1991-жылдын 12-июлунда Анкара шаарында Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлиги

менен Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлигинин ортосунда билим берүү жана маданият тармагында биргелешип кызматташуу жөнүндө макулдашуусуна кол коюлган күндөн башталган [ Абдраимова,1999]. Ошондон көп өтпөй, 1992-жылы 3-мартта «Кыргызстан жана Туркия Республикаларынын билим берүү, илим жана маданият тармагында кызматташтыгы жөнүндө» Келишим кабыл алынган. 1992-жылы 6-апрелде Бишкек шаарында «Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлиги менен Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлигинин ортосундагы Келишим жөнүндө» протоколуна кол коюлган. Кызматташтыктын башталышына жол салган ири иш-чаралардын бири катары 1992-жылдын май айында Анкарада өткөн түрк тилдүү өлкөлөрдүн Билим берүү министрлеринин биринчи кеңешмесин белгилөөгө болот. Анын жүрүшүндө Түркия мамлекети менен башка түрк тилдүү өлкөлөрдүн ортосунда окуучуларды, студенттерди, мугалимдерди алмашуу сыяктуу узак мөөнөткө пландаштырылган чечимдер кабыл алынган [Асипова,2004]. 1992-жылдын 28-июлунда Анкара шаарында «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы адистерди даярдоо жөнүндө» [ Ормушев, 2004] протоколуна кол коюу менен эки өлкөнүн ортосундагы билим берүү багытында биргелешип иштөөгө мыйзамдуу түрдө кеңири жол ачылган.

1991-жылдан кийин сынак аркылуу тандалып алынган окуучулар Түркиянын ар кайсыл шаарларындагы окуу жайларга жиберилген. Түркия “Чоң окуучу” долбоорунун алкагында кыргызстандык окуучуларга 672 квота бөлүп берген [Йазган,2003]. 1992-1993-окуу жылына Түркия мамлекетиндеги жогорку, кесипчилик жана орто окуу жайларында билим алуу үчүн түрк тилдүү мамлекеттерге 35108 орундук квота бөлүп берген. Булардын ичинен 4808 орун Кыргызстанга берилген [Ормушев,2012]. 1993-1995-жылдар аралыгында 140 окуучу бул мүмкүнчүлүктү колдонгон. Алардын ичинен 77 окуучу окуу программаларын ийгиликтүү аяктаса, калган 66 окуучу Түркиянын окуу жайларында окуу укуктарын жоготушкан [Йазган, 2-9-б.]. 1992-1997-жылдар аралыгында экономика, туризм боюнча кесиптик лицейлерде 160 окуучу билим

алган. Бүтүрүүчүлөрдүн көбү өз тармактары боюнча ийгиликтүү эмгектенишүүдө. Бирок, мурунку жылдары Кыргызстан үчүн 1000 орун берилсе, акыркы жылдары 100 орун гана берилип жатканын айтууга болот [КР билим беруу министирлиги,2011]. Анын үстүнө, Бишкекте мамлекеттик эки Анадолу лицейи жана жеке менчикке таандык Себат билим берүү мекемелери тарабынан лицейлер ачыла баштаган эле [Ормушев,2012]. Лицейлер менен катар ЖОЖдордун да студенттерин алмашуу боюнча бир катар алгылыктуу иш-аракеттер да жасалган.

| ТҮРКИЯДА БИЛИМ АЛГАН КЫРГЫЗСТАНДЫК СТУДЕНТТЕР МЕНЕН АСПИРАНТТАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Сведения о студентах и аспирантах, обучающихся в Турции на 25.11.1998, представленные представителем МОиН КР в министерстве национального просвещения ТР Б. Бусурмановой] | | |
|---|---|---|
| 1 | Аспиранттар | 46 адам |
| 2 | Магистранттар | 63 адам |
| 3 | 4 жылдык окутуу программасы менен келгендер | 630 адам |
| 4 | 2 жылдык окутуу программасы менен келгендер | 100 адам |
| 5 | Лицеисттер (Бурса шаары) | 35 адам |
| 6 | Түрк тилин үйрөтүүчү ТӨМЕР курсунун угуучулары | 11 адам |
| | **ТҮРКИЯ МАМЛЕКЕТИНИН ЭСЕБИНЕН БИЛИМ АЛГАН ЖАЛПЫ ОКУУЧУЛАРДЫН САНЫ** | **885** |
| | Жогорудагылардан сырткары, **ТҮРКИЯГА ӨЗ АЛДЫНЧА КЕЛИП, КОНТРАКТТЫК НЕГИЗДЕ ОКУГАНДАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫ** | **110** |

1991-жылдын 31-августунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө» Декларациясына жана 1992-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинде кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө»[КРнын мыйзамдары,1993] Мыйзамына ылайык Кыргызстанда Эл аралык университеттерди ачууга мүмкүндүк түзүлгөн. 1993-жылдын 5-майында Жогорку Кеңештин он экинчи сессиясы кабыл алган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинде билим берүү жөнүндө:

•«Кыргыз Республикасынын ар бир жараны билим алууга укуктуу».

•«Жалпы негизги билим - милдеттүү жана акысыз, аны ар бир адам мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларынан алууга укуктуу» [ Кыргыз

Республикасынын Президентинин Администрациясынын жарчысы. - Бишкек, 2007], - деп көрсөтүлгөн.

2003-жылдын 25-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны «Билим берүү жөнүндө» жаңы Мыйзамды кабыл алган [«Билим берүү жөнүндө» мыйзамы,2003]. Бул Мыйзам билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты, билим берүү уюмдарынын ишин, Кыргыз Республикасында билим алуунун жол-жоболорун белгилеп, аны жүзөгө ашыруунун укуктук базасын негиздеген.

Мыйзамдын 4- жана 49-беренелерине ылайык - Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерге жана фактыларга, адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациялык жана гуманисттик баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет», ошондой эле «... билим берүү уюмдары... чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер ... уюмдар менен түз байланыштарды түзүүгө, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү ... программаларын жүзөгө ашырууга ... укуктуу» [Билим берүү жөнүндө мыйзамы,Б.4-29], - деп белгиленген.

Кыргыз өкмөтүнүн колдоосу менен эгемендик жылдары Кыргызстанда жаңы эл аралык университеттер, жеке менчик окуу жайлар, борборлор жана академиялар ачылды. Билим алуу тармагында мамлекеттер аралык байланыштын өнүгүшү кыргызстандык жаштардын англис, немис, турк, жапан, кытай, араб, фарс, француз, корей тилдерин үйрөнүүсүнө шарттарды түздү.

Азыркы мезгил эл аралык мамилелерди чыңдоо жана өнүктүрүү аркылуу келечекте бир нече тилде эркин сүйлөгөн, дүйнө өлкөлөрүнүн тарыхын, маданиятын, экономикасын, каада-салтын жакшы билген илимпоз, саясатчы, экономист, инженер-техник сыяктуу мыкты адистерди даярдоону талап кылууда.

1992-2010-жылдардын аралыгында Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын саны 13тен 51ге чейин өссө (33 мамлекеттик, 18 жеке менчик), аларда билим жана таалим-тарбия алган студенттердин саны 53,6 миңден 243 миңге чейин көбөйгөн [Билим берүү жөнүндө» мыйзамы,Б.10].

Кыргыз Республикасындагы жогорку билим берген окуу жайларда демократиянын таасири менен ишке ашып жаткан билим жана тарбия берүү багытындагы реформалардын жүрүшүнө эл аралык окуу жайлардын тийгизип жаткан таасирлери зор.

1990-жылдары Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети, Кыргыз-Орус Славян университети, Кыргыз-Өзбек университети, Кыргыз-Кувейт университети (азыркы Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети), Борбордук Азия Америка университети, Кыргыз-араб факультети (КГУСТА), перс, япон, кытай, корей тилдерин үйрөтүүчү Борборлор ачылып [Ормушев,19-б.] ар кимдин мүмкүнчүлүгүнө, жөндөмүнө, каалоосуна жараша билим жана таалим-тарбия алууга толук мүмкүндүктөр түзүлгөн.

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы билим берүү багытындагы кызматташтыктарынын жемиштери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

- Түркия жана Кыргызстандын эки тараптуу келишимине ылайык ачылган кыргыз-түрк “Манас” университети,
- жеке жактар тарабынан курулган жана каржыланган эл аралык Себат билим берүү мекемелери, лицейлери жана бул уюмга таандык эл аралык Ататүрк-Алатоо университети,
- “ТӨМЕР” түрк тилин үйрөтүү борбору,
- түрк дүйнөсүн изилдөө фонду тарабынан ачылган Жалал-Абаддагы экономика жана ишкердик университети,
- Ош мамлекеттик университетинин теология факультети,
- “ТИКА” тарабынан каржыланган билим берүү программалары жана 1992-жылы башталган студенттерди алмашуу программалары.

Йазган аттуу изилдөөчү Түркиянын түрк дүйнөсүндөгү билим берүү иш-аракеттеринин негизги үч максатын белгилейт [Йазган,2003]:

а) түрк тилинин колдонуу горизонтторунун жайылышы,

б) боордош элдердин билим алуу муктаждыктарына колдоо көрсөтүү жана

в) түрк тилиндеги билим менен билим берүүнүн престижин (кадыр-баркын, беделин) жогорулатуу.

Билим берүү багытында түзүлгөн келишимдердин негизинде 1995-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентинин «Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк университетин түзүү жөнүндө» [Кыргыз Республикасынын Президенттинин указы. Бишкек шаары. Өкмөт Үйү. – 1995. 19-апрель. VII-№ 103] Указы чыккан. Анда жаңыдан уюшулган жогорку окуу жайга «Кыргызжолтрансдолбоор» долборлоо институтунун имаратын берүү маселесин чечүү боюнча Өкмөткө тапшырма берилген.

1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында Түркия Республикасынын Президенти менен Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз-Түрк биргелешкен жогорку окуу жайын ачуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, келишимдин долбоору даярдалган [Кыргыз-Турк «Манас» университетинин архиви.].

Келишимге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Кыргыз Республикасыньш Премьер-министринин орун басары О. Ибраимов, Түркия Республикасынын атынан Түркия Республикасынын билим берүү министри Невзат Айаз кол коюшкан. Бул келишим 25 жылдык мөөнөт менен түзүлүп, 17 беренеден турган.

1995-жылдын 28-июлунда Кыргыз Республикасыньш Президентинин Указы менен (VII-№ 183) Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биринчи ректору болуп көрүнүктүү саясый ишмер, философия илимдеринин кандидаты, профессор Карыбек Молдобаев дайындалган [Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архиви. Ф. 1445]. 2007-жылдын 25-январында бул окуу жайдын ректору болуп белгилүү адабиятчы, фольклорчу С. Кайыпов дайындалып, ал 2010-2011- окуу жылдын аягына чейин эмгектенген.

1995-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республкасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз-Түрк университетин уюштуруу иштеринин шарттары тууралуу» №

586 токтому жарыяланган. Ал эми Түркия Өкмөтү тарабынан 1996-жылдын 23-сентябрында Кыргыз-Түрк университетин ачуу боюнча даярдалган чечим Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Межлисинде жактырылып, атайын токтом менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 1997-жылдын 28-июлундагы «Кыргыз-Түрк университетин уюштуруу тууралуу» № 445 Токтому менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Уставын жана Камкорчулар Кеңешинин Жобосун бекиткен [Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому. - Бишкек, 1997. 28-июль. - № 445].

1997-1998-окуу жылдары Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1 жылдык даярдоо бөлүмүнө компьютер-инженердик, менеджмент, тарых, түркология адистиктери боюнча 86 студент кабыл алган [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Окуу бөлүмүнүн иш кагаздары. 1995-2000-жылдар]. Бул университеттин окуу программалары эл аралык стандартка ылайыкташтырылып, эркин ой жүгүртүүгө, ар кыл маселелерди чечүүгө жөндөмдүү, лидерлик, тапкычтык сапаттарга ээ жаш кадрларды тарбиялоого багытталган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бүтүрүүчүлөрү бакалавр даражасына ээ болуп, эки өлкөдө иштөөгө жарактуу дипломдорду алышат. Ошондой эле башка өлкөлөрдө магистратурага кирүү укугуна ээ болот.

Камкорчулар Кеңешинин Жобосуна ылайык Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин башкаруучулук иш-аракеттери Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнөн көп жагынан айырмаланып турат. Мисалы, университеттин бүтүндөй эсеп-кысабы, кадрларды дайындоо жана бошотуу маселелери Камкорчулар Кеңешинин көпчүлүк мүчөлөрү катышкан жыйындарда гана чечилет. Кеңештин мүчөсү 8 адамдан туруп, анын жарымы Түркиядан, жарымы Кыргызстандан болушу каралган. Кеңештин төрагалыгына Түркия Республикасынын Премьер-министринин буйругу менен Түркиянын каржы министринин орун басары дайындалат. Калган 3 мүчөсү Түркиянын

билим тармагында көп жыл эмгектенген, тажрыйбалуу, белгилүү профессорлор болушу зарыл.

Кыргызстандан бул Кеңешке Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Мамлекеттик катчысы, Билим берүү министри жана Бишкек шаарынын мэри мүчө болуп киришет.

Камкорчулар Кеңеши жылына бир жолу университеттин жылдык бюджетин бекитет, жаңы факультеттерди ачууну сунуштайт, кадрларды дайындоо жөнүндө чечим чыгарат жана ректордун отчетун угат.

Университеттин бардык иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин көзөмөлүндө жана толук колдоосунда болуусу зарыл экендиги эки тараптуу келишимде баса көрсөтүлгөн.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети эки мамлекеттин келишиминин негизинде ачылган жогорку окуу жайлардын эң алгачкысы. Ошону менен бирге бул университет студенттер акы төлөбөй окуп, стипендия алган жападан жалгыз окуу жай болуп саналат. Университеттин Уставында «Кыргызстан, Түркия Республикаларынын жана башка түрк мамлекеттеринин жаштары үчүн бир жерден билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү менен аларды дүйнөлүк стандарттын деңгээлиндеги билим менен камсыз кылуу, адам укугун, дин ишенимин сыйлаган, демократиялык коомдогу жашоо-тиричиликке даяр, терең фундаменталдуу билимдер менен сугарылган жана кесиптик ыкмаларга ээ болгон, XXI кылымдын талабына жооп берген алдыңкы адистерди даярдоо»[ Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. 1997, 26-бет] башкы максаты катары жазылган.

Кыргызстандагы көптөгөн окуу жайлардан Кыргыз-Түрк «Манас» университети айырмаланып жана өзгөчөлөнүп турат. Анткени, ал бүгүнкү замандын талабына жооп берген жаңы окуу имараттарга ээ, окутуучу-профессорлордун алган маяналары өтө жогору жана чыгармачыл иштөөгө бүтүндөй мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Студенттер Батыш өлкөлөрдүн өнүккөн окутуу ыкмасы менен билим алышат. Алар компьютер, көркөм өнөр, дүйнө

жана түрк элдеринин цивилизациясы, статистика, дене тарбия сабактарын милдеттүү түрдө окууга тийиш.

Университетте китепкана акысыз кызмат көрсөтөт. Интернет жана компьютерлерди студенттер каалаган убагында пайдалана алышат.

2005-жылдан 2014-жылга чейин Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде факультеттердин, жогорку окуулардын жана бөлүмдөрдүн сандарынын өскөндүгүн байкоого болот.

| КЫРГЫЗ-ТУРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ БӨЛҮМДӨРҮНҮН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ (2005-2010-ЖЫЛДАР)[ Кыргыз-Турк «Манас» университетинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2005-2010-жылдар; *Ормушев А*. Кыргыз-түрк кызматташтыгы. – Бишкек, 2012. 9-бет.] | | |
|---|---|---|
| КӨРСӨТКҮЧТӨР | 2005 | 2010 |
| Факультеттердин саны | 4 | 8 |
| Жогорку окуу жайга таандык программалардын саны | 2 | 5 |
| Бакалавриат программасынын саны | 14 | 32 |
| Магистратуры программасынын саны | 7 | 12 |
| Китепканалык фонд (окуу адабияттары) | 49885 (11665) | 60436 (28570) |
| Окуу имараттарынын жалпы аянты | 34949 | 38164 |
| Компьютерлердин саны | 510 | 951 |
| Жатаканалардагы орундардын саны | 583 | 966 |

Таблицада көрсөтүлүп тургандай, 2005-жылдан 2014-жылга чейин факультеттердин саны 4төн 8ге чейин өскөн, ал эми жогорку окуу жайга таандык программалар 2ден 5ке жеткен. Ошондой эле европалык стандарттын негизинде окууну баштаган бул окуу жайда бакалавриат программасы 14тен 32ге чейин өссө, магистратура программасы 7ден 12ге жеткен.

Мындан сырткары, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин социалдык илимдердин жана табигый илимдердин институттарында магистратура, докторантура боюнча билимдерди өркүндөтүү да ишке ашырылат [Кыргыз-Турк «Манас» университетинин архиви. Илим иштери боюнча проректордун отчету. 2010-жыл].

Кыргыз-Түрк «Манас» университети акыркы жылдары Кыргызстандагы эң мыкты жогорку окуу жайына айлануу менен жаштардын сүймөнчүлүгүнө ээ болууда. Өзгөчө, Кыргыз Республикасынын айылдарынан, райондорунан,

облустарынан, башкача айтканда, элеттен келген улан-кыздар «Манас» университетинде татыктуу билим алууну абдан каалашат. Андыктан, өз билимин сынап көрүү шартын койгон чоң сынактан өтүү талабы бар. Каалоочулар көп, бирок, билимдүүлөр гана окууга мүмкүнчүлүк алат. Ошондуктан, бул окуу жайдын студенттеринин саны жылдан жылга өсүүдө. Айтсак, 2005-2006-окуу жылында университетте 1900 студент билим алса, 2009-2010-окуу жылында студенттердин саны 3420га жеткен [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2010-жыл].

Бул окуу жайда окуган студенттердин көпчүлүк бөлүгүн, башкача айтканда, 2209 студентти (же 82%) кыргызстандык улан-кыздар түзсө, 314 студентти (же 12%) Түркиядан келген жаштар түзөт. Кыргыз-Түрк «Манас» университети эл аралык окуу жай болгондуктан, көптөгөн чет өлкөлөрдөн келип окуган студенттер да бар. Айтсак, 2010-жылы Россия Федерациясы, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Грузия, Афганистан, Иран, Монголия, Кытай сыяктуу мамлекеттерден келип билим алып жаткан студенттердин саны 154 (6%) адамды түзгөн [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2010-жыл].

Университетте бардык сабактар түрк, кыргыз жана англис тилдеринде окутулат. Мындай жакшы жөрөлгө түрк тилдүү мамлекеттерден келген жаштардын ортосундагы достук, бир туугандык мамилелердин өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болууда [Ормушев, А. С. Кыргызстандагы эл аралык университеттер // Эл деп соккон жүрөк. Ю. Абдрахмановдун 100 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. - Бишкек, 2002. Б.20-21].

Кыргызстанда эл аралык университеттин ачылышы менен Түркиядагы дүйнөгө белгилүү университеттердин дасыккан, тажрыйбалуу профессорлору, доценттери келип иштей башташкан. Билим берүү тармагындагы биргелешкен кызматташуу эки элдин ортосундагы биримдикти бекемдөө менен чыгармачыл байланышты чыңдоодо. Бул окуу жайда эмгектенген профессор, доктор, доцент жана илимдин кандидаттарынын саны жылдан жылга өсүүдө. Эгерде 2005-2006-окуу жылында болгону 29 илимдин доктору, 48 илимдин кандидаты, 195

ага окутуучусу болсо, 2009-2010-окуу жылында бул окуу жайда эмгектенген илимдин докторлору 37, илимдин кандидаттары 71, ал эми ага окутуучулардын саны 277ге чейин өскөн. Булардын ичинде Түркиядан келген 10 доктор, профессор, 18 доцент, 3 ага окутуучулар бар [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2005-2010-жылдар]. Университетте иштеген илимпоздор студенттерге лекция окуу менен бирге илимий багытта дагы алгылыктуу иштерди жаратууда.

Мындай кызматташтыктын натыйжасында билим тармагында иш-аракеттер күч алып, кыргыз жана түрк окумуштууларынын аракеттери менен окуу китептер, окуу куралдар, усулдук көрсөтмөлөр жана программалар иштелип чыгууда.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде эл аралык, республикалык, окуу жайлар аралык илимий-теориялык, практикалык жана методикалык конференциялар, форумдар, мастер класстар ырааттуу өткөрүлүп турат. Алсак, 2005-2010-окуу жылдары 35 эл аралык, республикалык илимий-теориялык жана 30 илимий-практикалык конференциялар өткөрүлгөн [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Илимий иштер боюнча проректордун отчету. 2010-жыл].

2001-жылдан тарта «Коомдук илимдер» деген ат менен чыккан илимий журналга кыргыз, түрк, англис, орус тилдериндеги илимий макалалар басылып чыга баштады.

Акыркы жылдары Кыргыз-Түрк «Манас» университети чет өлкөлөрдөгү окуу жайлар менен биргеликте иш жүргүзүү максатында Түркия, АКШ, Япония, Кытай, Казакстан жана Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен эки тараптуу келишимдердин негизинде байланыш түзүүдө [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Илимий иштер боюнча проректордун отчету. 2010-жыл].

Университетте кыргыз жана түрк тилдерин 24 улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүү жана улуттар ортосундагы ынтымакты чыңдоого багытталган тарбия иштери өз жемиштерин берүүдө. Жогорку окуу жайдын профессорлору тилди

окутуу менен катар аны окутуунун методикасын терең изилдөөгө алышып, үзүрлүү ыкмаларды иштеп чыгышкан [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. 2009-жыл].

Өнүккөн Батыш өлкөлөрүнүн окуу жайлары менен теңтайлашкан Кыргыз-Түрк «Манас» университети студенттерге жеткиликтүү таалим-тарбия бергендиги, ошондой эле дүйнөлүк билим берүү тармагын ийгиликтүү өнүктүргөндүгү үчүн 2007-жылы Англиянын Оксфорд Университетинин «Европа сапаты» Эл аралык сыйлыгына ээ болгон [Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин архиви. Илимий иштер боюнча проректордун отчету. 2008-жыл].

Бул чоң сыйлык университеттин терең билим, татыктуу таалим-тарбия бергендигин күбөлөп турат.

Түрк мамлекети тарабынан уюштурулган экинчи жогорку окуу жайы болуп саналган Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети 1996-1997-окуу жылы алгачкы студенттерди кабыл алган [Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин архиви. 1997, лицензия бөлүмү; *Атыф Ала*. Билим берүү системабызда жаңы доор // Заман Кыргызстан. – 1996. 29-ноябрь]. Бул окуу жай Бишкек шаарынын чыгыш районунда 2002-жылы 27-октябрда өзүнүн жаңы имаратын куруп бүткөн. Бул курулушка 1 миллион 200 миң АКШ доллары сарпталган.

Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин жаңы окуу имаратынын салтанаттуу ачылышында ошол кездеги ректор, профессор Ибрагим Хасгур: «...Биздин университетибиз Кыргызстандан, Түркиядан гана эмес, башка өлкөлөрдөн да балдар-кыздарды улам көп өзүнө тарта берет деп ишенебиз. Ушул окуу жайы келечекте Чыгыштын Оксфорду болуп, дүйнөнүн туш тарабынан билим издеп келгендердин ыйык жайына айлансын!» [ Ормушев А. С, Инанды О., Асан уулу Т. Себат - билим берүү уясы. - Бишкек, 2007,Б.70-71; Заман Кыргызстан, 2002, 27-октябрь] - деген жакшы тилегин билдирген.

Кыргызстандагы алгачкы менчик эл аралык университет билим алууну каалаган улан-кыздарды конкурстук негизде тандап алат. Алгачкы окуу

жылынан баштап студенттерди окутууда англо-саксондук деп аталып, Европа жана Америка өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларында кеңири таралган жаңы ыкма колдонулат. Бүгүнкү күндө бул жогорку окуу жайда: жаңы технологиялар, экономика жана башкаруу, гуманитардык илимдер факультеттери бар. Адистиктер боюнча даярдоо тууралуу кеңири, так маалыматтар төмөнкү таблицадан көрүнүп турат.

| ЭЛ АРАЛЫК АТАТҮРК АЛА-ТОО УНИВЕРСИТЕТИНДЕ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА ДАЯРДОО [Ормушев А. Кыргыз-түрк кызматташтыгы. – Бишкек, 2012. 98-б.] | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | БӨЛҮМ | 1-КУРС | 2-КУРС | 3-КУРС | 4-КУРС | 5-КУРС | БАРДЫГЫ |
| 1 | Менеджмент | 45 | 41 | 51 | 60 | 47 | 244 |
| 2 | Финансы жана кредит | 100 | 71 | 83 | 66 | 43 | 363 |
| 3 | Эл аралык байланыш | 94 | 77 | 66 | 60 | 47 | 344 |
| 4 | Электроника жана микроэлектроника | 18 | 12 | 6 | 15 | 4 | 55 |
| 5 | Информатика жана эсептөө техникасы | 31 | 33 | 31 | 27 | 15 | 137 |
| 6 | Колдонмо математика жана информатика | 14 | 15 | 6 | 7 | 25 | 67 |
| 7 | Чет тили | 29 | 39 | 49 | 27 | 36 | 180 |
| 8 | Филология (Түркология) | 18 | 18 | 17 | 22 | 16 | 91 |
| 9 | Дүйнөлүк экономика | 29 | 40 | 45 | 44 | 0 | 158 |
| 10 | Лингвистика жана өз ара маданий коммуникация | 45 | 30 | 34 | 26 | 0 | 135 |
| 11 | Инженер-менеджер | 14 | 25 | 27 | 0 | 0 | 66 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, университеттин финансы жана кредит бөлүмүндө окууну каалагандар - 363, эл аралык байланыштар адистигин тандагандар 344 талапкерлерди түзсө, менеджмент адистигине ээ болгусу келгендердин саны 244 улан-кызга жеткен. Андан кийин англис тили жана адабияты адистиги боюнча 180 студент болгон. Бул жагдай бүгүнкү жаштардын көпчүлүгү эл аралык банктарда кызмат өтөп жана дипломат катары чет мамлекеттерде иштегиси келсе, калган бөлүгү жеке менчик фирмаларда уюштуруучу, жардамчы, котормочу катары кызмат аткаргылары келерин тастыктайт. Ошондой эле компьютер боюнча инженер болууну каалагандардын саны 137ни түзгөн. Ал эми таблицада көрүнүп тургандай, бардык адистиктерде окугандардын акыркы курсундагылар сандык жагынан улам азайышын

- окууга болгон талаптын катуулугу,

- окутуучулардын билимине адилеттүү баа бериши,
- ошондой эле кээ бир студенттердин ден соолугуна, үй-бүлөлүк шартына байланыштуу билимин улантууга мүмкүн болбой калышы менен түшүндүрүүгө болот.

2014-2015-окуу жылында окуу жайда 1750 кыргыз, 92 түрк, 54 тажик, 7 орус, 21 афган, 5 африкалык, 1 өзбек, 9 казак, 27 түркмөн, 4 кытай ж.б. улуттун өкүлдөрү болгон студентери окушкан [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. 2006-ж.].

Акыркы жылдары Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети Кыргызстандагы менчик жогорку окуу жайларынын ичинен студенттерге терең билим тартуулоосу жана үлгүлүү таалим-тарбиясы менен кыргызстандык жаштардын арасында чоң кадыр-баркка ээ болууда. Жылдан жылга бул жогорку окуу жайда окуган студенттердин саны өсүүдө. Ал төмөндөгү таблицадан даана көрүнүп турат.

| ЭЛ АРАЛЫК АТАТҮРК АЛА-ТОО УНИВЕРСИТЕТИНДЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН САНДЫК ӨСҮШҮ [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. 2000-2010-окуу жылындагы отчеттордун негизинде түзүлдү; *Ормушев А*. Кыргыз-түрк кызматташтыгы. – Бишкек, 2012. 99-100-беттер.] | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ОКУУ ЖЫЛДАР | СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ | КӨБӨЙҮҮ ПРОЦЕНТИ | ОКУУ ЖЫЛДАР | СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ | КӨБӨЙҮҮ ПРОЦЕНТИ |
| 2000-2001 | 240 | - | 2006-2007 | 874 | 20% |
| 2001-2002 | 332 | 38% | 2007-2008 | 1172 | 34% |
| 2002-2003 | 353 | 6% | 2008-2009 | 1487 | 26% |
| 2003-2004 | 438 | 24% | 2009-2010 | 1717 | 15% |
| 2004-2005 | 540 | 23% | 2010-2011 | 1975 | 15% |
| 2005-2006 | 728 | 35% | | | |
| ОРТОЧО КӨБӨЙҮҮ ПАЙЫЗЫ 24% | | | | | |

Таблицада белгиленгендей, он жылдын аралыгында Эл аралык Ататүрк - Алатоо университетинде окуган студенттердин саны 240тан 1975ке өскөн. Окуу жайда студенттердин санынын жылдан жылга өсүшү билим берүү алардын талаптарына жооп бергендигин далилдейт. Анткени, окуу процесси көбүнчө англис тилинде жүргүзүлгөндүктөн, бүтүрүүчүлөр чет өлкөлөрдө иштөөгө толук мүмкүндүк бардыгына ишенишет.

Университеттин студенттеринин санынын өсүшү менен жогорку окуу жайда иштеген профессор-окутуучулар жамаатынын саны да өсүп, билим берүү сапаты жогорулоодо. Профессорлор жамаатынын эмгектенүүсү жөнүндөгү маалымат төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

ЭЛ АРАЛЫК АТАТҮРК АЛА-ТОО УНИВЕРСИТЕТИНДЕ ЭМГЕКТЕНГЕН ПРОФЕССОРЛОР, ОКУТУУЧУЛАР ЖАНА АДИСТИКТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. 2000-2010-окуу жылындагы отчеттордун негизинде түзүлдү; *Ормушев А*. Кыргыз-түрк кызматташтыгы. – Бишкек, 2012. Б.99-100-101]
(2010-2011-окуу жылына карата)

| № | | кыргызстандык профессорлор, доценттер, окутуучулар, адистер | чет мамлекеттен келип иштеп жаткан профессорлор, доценттер, окутуучулар, адистер | университетте эмгектенген профессорлордун жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | профессор-окутуучулар жамааты | 64 | 20 | 84 |
| 2 | окуу иштерин башкаруу бөлүмүндө иштеген адистер | 25 | 6 | 31 |
| 3 | техникалык-чарбалык адистер | 21 | 1 | 22 |
| | БААРДЫГЫ: | 110 | 27 | 137 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, акыркы жылдары эле университетте эмгектенген жогорку адистиктеги 84 окутуучу жаштарга терең билим берүүгө бардык күч-аракеттерин жумшоодо.

Акыркы жылдары сөз болуп жаткан университетти бүтүргөн жогорку билимдүү адистердин саны өсүүдө. Алсак, 2000-2001-окуу жылында алгачкы 15 бүтүрүүчүгө диплом берилсе, 2005-2006-жылы алардын саны 62ге жеткен. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

ЭЛ АРАЛЫК АТАТҮРК АЛА-ТОО УНИВЕРСИТЕТИНИН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН САНДЫК ӨСҮШҮ [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. 2000-2010-окуу жылындагы отчеттордун негизинде түзүлдү; *Ормушев А*. Кыргыз-түрк кызматташтыгы. – Бишкек, 2012. 102-бет.]

| ОКУУ ЖЫЛДАР | БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНЫ | ОКУУ ЖЫЛДАР | БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНЫ |
|---|---|---|---|
| 2000-2001 | 15 | 2007-2008 | 60 |
| 2001-2002 | 19 | 2008-2009 | 66 |
| 2002-2003 | 41 | 2009-2010 | 50 |
| 2003-2004 | 81 | 2010-2011 | 136 |
| 2004-2005 | 58 | 2011-2012 | 226 |
| 2005-2006 | 62 | 2012-2013 | 316 |
| 2006-2007 | 64 | | |
| ЖАЛПЫ: 1194 | | | |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 10 жылдан бери бул жогорку окуу жай Кыргызстан жана башка мамлекеттер үчүн 524 жогорку билимдүү, таалим-тарбиясы үлгүлүү, мыкты адистерди даярдоого өз үлүшүн кошкон.

Ошону менен бирге эле университетти ийгиликтүү бүтүргөндөрдүн көпчүлүгү өз адистиги менен ар кайсы тармактарда эмгектенүүдө. Мисалы, Мирбек Джолбонов Танзания шаарында аудит-консальтинг компаниясында (Африка), Акылбек Каркаев Далос университетинин магистратура бөлүмүндө (АКШ), Фатима Абитова Фатих университетинин аспирантурасында (Стамбул, Түркия), Автандил Замирбек уулу Эл достугу университетинин «Достук» фондунун билим берүү жана маданият бөлүмүндө (Орусия, Москва), Максат Суеркулов, Нуржамал Абдыкадырова Түркия аба жолдору, Лира Абдыкадырова лицейдин мугалими (Африка, Сенегал), Динара Мырзаева «Демир Банк» (Бишкек), Азамат Кайбалиев Малайзиядагы Кыргыз элчилигинин консулу, Абдусалим Жолдошев лицейдин мүдүрү (АКШ) [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. Бүтүрүүчүлөрдүн маалыматынан алынды, 2010-ж.] болуп иштеп жатышат.

2007-жылдын 8-февралында Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин кезектеги окуу имараты курулуп бүтүп, пайдаланууга берилген. Гуманитардык-педагогикалык факультеттине бөлүнгөн окуу имаратында 600 орундуу конференц-зал, 400 орундуу китепкана, 39 окуу аудиториясы, 3 компьютердик кабинет, 4 мультимедиялык аудитория, 450 орундуу студенттик ашкана жана башка иш бөлмөлөрү жайгашкан. Бул имаратты курууга 1,5 млн. АКШ доллары жумшалып, «Мешк-Иншаат» курулуш фирмасы тарабынан жогорку сапатта бүткөрүлгөн [Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинин архиви. 2009-ж.; Кыргыз Туусу, 2009].

1993-жылдын сентябрында Түркиянын колдоосу менен Ош мамлекеттик университетинде теология (дин таануу) факультети, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде түркология бөлүмү жана түрк тилин үйрөтүүчү ТӨМЕР деп аталган борбор ачылган. Ошондой эле Жалал-Абад

шаарында түрктордун коомдук уюмдары менен биргелешкен Коммерциялык Экономика институту деп аталган жеке менчик окуу жайы өз ишин баштаган.

ОшМУнун теология факультети 1993-жылы ОшМУ жана Түркиянын «Дианет фондунун» ортосундагы келишимдин негизинде 1993-жылдын 22-сентябрында ачылган [Ош мамлекеттик университетинин архиви. Теология факультети жөнүндө маалымат. 1994-ж.]. Ал Борбордук Азиядагы жогорку окуу жайларында ачылган эң алгачкы факультет болуп эсептелет.

Ар жылы Анкара университети менен кызматташтык келишимдин негизинде Түркиядан жана ОшМУдан тажрыйбалуу окутуучулар бул факультетке ишке тартылат [Ош мамлекеттик университетинин архиви. Теология факультети жөнүндө маалымат. 2010-ж.].

Теология факультети 1998-жылдан бери 219 бүтүрүүчүнү чыгарды. Учурда 23 бүтүрүүчү Түркияда магистратура жана докторантурада билимдерин улантышууда [Ош мамлекеттик университетинин архиви. Теология факультети жөнүндө маалымат. 2009-2010-жж.]. 3 докторант Түркиянын Анкара университетинде докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, факультетте иштеп жатышат [Ош мамлекеттик университетинин архиви. Теология факультети жөнүндө маалымат. 2010-ж.].

Жалал-Абаддагы коммерциялык экономика институтунун базасында Түркиянын түрк дүйнөсүн изилдөө фонду турат. Бул окуу жайда 9 өлкөдөн келген 12 улуттун өкүлдөрү, же 295 студент билим алууда. Институттун менеджмент бөлүмүндө 132, эл аралык мамилелер бөлүмүндө 163 студент окуйт. Бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыз кылуу маселеси жакшы жолго коюлган.

1996-1997-окуу жылында К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин базасында Түркия мамлекети тарабынан уюшулган түрк тилин үйрөнүү борбору (“ТӨМЕР”) ачылып, ал 2002-жылдан тарта Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин базасында өз ишин улантууда [Заман Кыргызстан. – 2006,10-фев.]. Өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жылдар ичинде түрк тилин үйрөнүү курсун 10

миңден ашык адам бүтүргөн. Борбордун негизги максаты Түркия менен түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы билим жана маданият тармагындагы мамилелерди бекемдөө, ошондой эле рухий, тарыхый жана маданий биримдикти калыптандыруу болуп саналат [Түрк тил үйрөнүү борборунун архиви. 2010-жыл.]. Ушул максатты жүзөгө ашыруу үчүн борбордун алдында жаштар жана бардык каалоочулар үчүн түрк тили курсу ачылган эле. Борбордун чыгымдары негизинен Түркиянын агартуу министрлиги тарабынан каржыланат.

Кыргызстан менен Түркиянын университеттеринин ортосундагы билим берүү багытындагы байланыштар тууралуу архивдик маалыматтар боюнча

- Бишкек гуманитардык университети менен Анкара, Мармара университеттеринин,
- Ош мамлекеттик университети менен Эгей, Анкара университеттеринин,
- Кыргыз экономикалык университети менен Түндүк Кипрдеги Ак-Деңиз университети,
- Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети менен Кожали университети өз ара келишимдеринин негизинде тажрыйба алмашуу иштери жана илимий конференциялар өткөрүлүп, студенттерди алмашып окутуу иштери жүргүзүлүүдө [Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. Ф. 1. Оп. 1. Д. 955. Л. 101; Эркин Тоо. – 2009, 21-апр.].

Бишкек шаарындагы Туризм Академиясы Түркиядагы «Agudmarine club» туристтик бирикмеси менен түзгөн келишимдин негизинде 1996-1999-жылдары 100дөн ашык студенттерди Түркияга практикага жөнөтүшкөн. Алар туристтерди тейлөөнүн эл аралык тажрыйбаларын үйрөнүп келүүдө [Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. Д. 17-3. Т. 2. Ф. 1. Оп. 1. Д. 1228. Л. 158.].

Жаштарга терең билим берүүнүн башаты орто мектептен башталат. Андыктан, көпчүлүк өлкөлөрдө окуучуларга билим берүүнүн эң алдыңкы ыкмаларын колдонууга бүт күч-аракеттер жумшалат.

Кыргыз Республикасындагы орто мектептерде, лицейлерде жана атайын кесиптик окуу жайларда эл аралык билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын (стандартын) колдонууда Түркия Республикасынын билим берүү тармагы чоң жардам берүүдө десек жаңылышпайбыз.

Түркия Республикасы Кыргызстандын улан-кыздарына билим берүү боюнча жардамын бир эле мезгилде үч багытта жүргүзө баштаган. Биринчиден, Кыргызстандын мыкты окуучуларын (сынактын негизинде) Түркиянын шаарларындагы лицейлерге окууга жөнөтүүнү колго алышкан. Экинчиден, Бишкек шаарында мамлекеттик Анадолу эки кыргыз-түрк лицейи ачылган. Үчүнчүдөн, жеке менчик "Себат" билим берүү мекемеси аркылуу кыргыз-түрк лицейлерин уюштуруу иштери башталган.

1992-жылдын жай айларында Түркиянын шаарларындагы жогорку окуу жайларга кабыл алуу менен бирдикте лицейлерге, атайын кесиптик билим берүү тармагына тестирлөө жолу менен улан-кыздарды тандоо сынагы жүргүзүлгөн. Кыргызстандан Түркиянын лицейлерине барып окуу үчүн атайын 672 орун бөлүнүп берилген. 1993-1995-окуу жылдары бул квотанын 140 оруну гана пайдаланылган. Ушул параграфтын баш жагында айтылгандай, булардын ичинен 77 окуучу окуусун ийгиликтүү бүтүрсө, 66 окуучу стипендия алуу укугунан ажыраган. Мисалы, 1992-жылдан 1997-жылга чейин Түркияга коммерция, мейманкана тейлөөсү, туристтик бизнес адистери боюнча кесипке ээ болуу үчүн 160 окуучу жөнөтүлгөн [Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин архиви. Кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин отчету. 1998-жыл; Заман Кыргызстан. – 1998, 17-апр.]. Алардын көпчүлүгү бүгүнкү күндө Кыргызстандын коммерциялык жана туристтик тармактарында ийгиликтүү эмгектенип жатышат. Мисалы, 1996-жылы Бекжан Каипов Түркия мамлекетинин Бурса шаарындагы туризм жана мейманкана кызматы боюнча кенже адистерди даярдоочу колледжге өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган соң, Балыккесир шаарындагы туризм жана мейманкана кызматы боюнча адистерди даярдоочу жогорку окуу жайды бүтүрүп, азыр Бишкекте жеке туризм фирмасында башкы адис болуп иштеп жатат.

Кыргыз Республикасынын жумушчу кадрларды жана ээлик кылуучу ишкерлерди даярдоо комитети жана Түркия Республикасынын Эл агартуу министрлигинин макулдашуусунун негизинде 1992-жылдын 9-сентябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейин ачуу тууралуу № 447-токтомду чыгарган [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви,1992-ж].

Бул токтомдун негизинде Бишкек шаарынын Москва көчөсүндөгү №4-кесиптик-техникалык окуу жайынын 2 кабат имараты жана жатаканасы кыргыз-түрк кесиптик кыздар лицейине өткөрүлүп берилген. Лицейге кабыл алуу сентябрдын аягында жүргүзүлүп, түрк, англис тилдерин үйрөтүү менен кийим тигүүчү жана элдик кол өнөрчүлүк кесиптер боюнча адистиктер ачылып, 1992-1993-окуу жылына 65 окуучу даярдоо бөлүмүнө кабыл алынган [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви. 1992-ж]. Даярдоо бөлүмүндө окугандар кыргыз, орус, англис, түрк тилдерин терең үйрөнүшүп, кийин каалаган адистиктерди өздөрү тандап алышкан.

Кыргызстандагы 110 лицейдин арасынан кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейи эл аралык статуска ээ болгон жалгыз окуу жайы болуп эсептелет. Эки мамлекеттин макулдашуусунун натыйжасында уюшулган бул лицейде окуу жана өндүрүштүк окутуу иштери тажрыйбалуу кыргыз жана түрк мугалимдери тарабынан жүргүзүлөт. 2010-2011-окуу жылында лицейде 25 мугалим, 2 тарбиячы, 13 техперсонал үзүрлүү эмгектенишкен [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви. Кадрлар бөлүмүнүн отчету. 2010-ж.].

2006-жылдан баштап лицейде жаңы адистик - компьютердик технологияларды жана программаларды үйрөнүү бөлүмү ачылган [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2010-жыл.].

Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин материалдык-техникалык базасы бүгүнкү күндүн талабына толук ылайыкташкан. Анда заманбап технология менен жабдылган окуу бөлмөлөрү, компьютердик

класстар, ателье жана лабораториялар бар. Кыргызстандын баардык аймактарынан келген окуучу кыздар жатаканалар менен камсыз болушуп, лицейдин ашканасынан үч маал бекер тамактанышат. Ошондой эле билим алуу, мектеп формалары, окуу китептери. интернетти пайдалануу акысыз. Буларга кеткен чыгымдарды Түркия өкмөтү өзү каржылайт [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви. 2009-ж.]. 19 жылдан бери кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейин 500гө жакын кыз ийгиликтүү бүтүргөн. Бүгүнкү күндө бул лицейде 200 кыз билим алууда. Бул болсо билим тармагындагы эң чоң инвестициялардын бири.

Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейин бүтүргөндөн кийин ар кимиси өз адистиги менен жумуш ордун табууга толук мүмкүндүк түзүлгөн. Анткени, бул лицейди бүтүргөн тигүүчү адис кыздар кийим тигүүчү фабрикаларда, цехтерде иштесе, компьютердик адистигин алып чыккандар басмаканаларда, фирмаларда, мекемелерде, окуу жайларда эмгектенүүдө. Ошондой эле лицейди ийгиликтүү бүтүргөн алдыңкы окуучулар тесттик сынак менен Түркиянын шаарларындагы белгилүү университеттерде (Анкара-Гази университети, Стамбул-Мармара университети, Эскишехир-Анадолу университети, Коня-Селчук университети) бөлүнгөн квотага жараша стипендиат болуп, окуусун улантышууда [Кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейинин архиви. Окуу бөлүмүнүн отчету. 2010-ж.].

1992-1993-окуу жылдарында Аламүдүн районуна караштуу Таш-Дөбө айылында Кыргыз-Түрк Анадолу лицейи ачылып, анын даярдоо бөлүмүнө эркек балдар менен кыздар кабыл алынган. 1997-1998-окуу жылында лицей Бишкек шаарына көчүрүлүп келинген. Лицейдин эски имараты талапка жооп бербегендиктен, 2004-2005-окуу жылынан баштап Жал кичи районундагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жанындагы жаңы имаратта окуу башталган. Лицейди 19 жылдан бери 344 окуучу бүтүрүп,

- Кыргызстандын аттестатына,
- Түркиянын дипломуна,

- түрк тили, англис тили, информатика сабактары боюнча сертификаттарга ээ болушкан [Кыргыз-Түрк Анадолу лицейинин архиви. [2010-ж.].

Жогорудагы 344 бүтүрүүчүнүн 84ү Түркиянын жогорку окуу жайларына, 6 окуучу Орусиянын, 2 окуучу Казакстандын, калган 98 % Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын бюджеттик бөлүмдөрүнө өтүшкөн. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайын бүтүргөн окуучулардын көпчүлүгү чет өлкөлөрдө иштешет [Кыргыз-Түрк Анадолу лицейинин архиви. 2010-ж.].

Лицейде Түркия Улуттук агартуу министрлигинин конкурсунан ийгиликтүү өтүп келген 17 мугалим, Кыргызстандын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан тандалган 11 мугалим окуучуларга 4 тилде, өзгөчө программа менен сабак беришет. Лицейдин окуучулары бүгүнкү күндүн талабына ылайык билим алышат.

1992-жылдын 2-майында Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлиги менен Түркиядагы «Sebat A.S.» жеке менчик билим берүү мекемеси «Билим жаатындагы кызматташтык жөнүндө» [Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлигинин архиви. Мектептер башкармалыгынын жана эл аралык байланыш бөлүмүнүн маалыматтарынан. 1992-ж.] келишимге кол коюшкан. Натыйжада, билим берүү тармагын дүйнөлүк системага интеграциялоо жана кадрларды даярдоо максатында Кыргызстанда «Себат» билим берүү мекемеси түзүлгөн.

Окутуунун алдыңкы ыкмаларын колдонуу аркылуу окуучулардын билимин дүйнөлүк деңгээлге көтөрүү максатында «Себат» билим берүү мекемеси өзүнүн алгачкы ишмердүүлүгүн Кыргызстандагы биринчи кыргыз-түрк лицейлерин ачуу менен баштаган.

Эң алгачкылардан болуп Бишкекте (айнек заводунун жанындагы райондо), Ысык-Көлдө (Ак-Суу районунун борборунда), Ош шаарында («Черемушка» кичи районунда) эркек балдардын кыргыз-түрк лицейлери ачылган [Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин архиви. 1992-ж.].

1992-жылдын 14-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин №224-Указына жана 1992-жылдын 8-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 446-Токтомуна ылайык Бишкек шаарында эркек балдардын кыргыз-түрк лицейи уюштурулган [Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. Ф. 1. Оп. 1. Д. 2246.].

Кыргыз-түрк лицейлеринин Кыргызстандагы башка орто мектептерден айырмасы билим берүүдө табигый-математикалык окуулар англис тилинде окутулуп, ал эми гуманитардык багыттагы сабактар (Ата мекен тарыхы, эне тили, кыргыз адабияты, география, сүрөт өнөрү, дене тарбиясы) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинде, же расмий тилинде окутулат. Мындан сырткары, окуучулар түрк тилин дагы үйрөнүшөт.

Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги менен «Себат-1» жеке менчик билим берүү мекемесинин ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде «Кыргызстандын зээндүү балдары дүйнөлүк талапка ылайык билим алуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды түзүп берүү» [Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин архиви. 1992-жыл; Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин архиви. 1992-1994-окуу жылдар.] каралган. Буга ылайык, 1992-жылдын жай айында 6-классты бүткөн окуучулардын арасында жаңыдан уюшулган үч кыргыз-түрк лицейине окууга кабыл алуу үчүн сынак өткөрүлгөн. Натыйжада, 3 кыргыз-түрк лицейине 586 окуучу сынакка катышып, анын 200гө жакыны 7-класста окууга мүмкүндүк алышкан.

Кийинки 1993-1994-окуу жылдары Нарын, Жалал-Абад, Кадам-Жай шаарларында ачылган лицейлерге дагы окуучулар кабыл алынган. 1993-жылы апрель айында жети лицейге 4236 улан-кыз тестирлөө сынагына катышып, 500гө жакын улан-кыздар окууга мүмкүнчүлүк алышкан.

1994-1995-окуу жылында Токмок, Кызыл-Кыя шаарларында экономикалык багытта билим берүүчү кыргыз-түрк лицейлери, 1995-1996-окуу жылында Жалал-Абад шаарында экинчи кыздар лицейи, 1998-1999-окуу жылында Ош шаарында [Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин архиви.

2004-2005-окуу жылдар.], 2002-2003-окуу жылы Талас шаарында, 2004-2005-окуу жылында Ысык-Көлдүн Чок-Тал айылында кыздар лицейи, Талас шаарында [Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин архиви. 2005-окуу ж.] балдар лицейи уюшулган.

Кыргызстандагы кыргыз-түрк лицейлери окуучулардын ишеничине ээ болуп, бул мекемеде окууну каалагандардын саны жылдан-жылга өскөн. Өзгөчө, 2002-жылы тестирлөөгө катышкандардын саны 54186га жеткен. Лицейлердин тарыхында биринчи жолу 1 орунга 54 окуучу талапкер болуп өз күчтөрүн сынаган. Бирок, акыркы жылдары бул көрсөткүчтөр акырындык менен (2006-жылы 51200) ылдыйлап бара жатканы байкалууда.

1992-жылдан тартып 2004-жылга чейин эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарын камтыган 14 кыргыз-түрк лицейи ачылып, анын ичинде тогузу эркек балдарга, бешөө кыздарга ылайыкталган. Лицейлерде бүгүнкү күндө 4616 окуучу окуйт, башкача айтканда,, түрк лицейинде окугандардын саны Кыргызстандагы орто мектептерде билим алып жаткан 1 миллион окуучунун 4,5 пайызын түзөт.

Кыргыз-түрк лицейлердин окуучулары ар кайсы улуттун өкүлдөрү. Кыргыз-түрк лицейлерде окугандардын көпчүлүгүн кыргыздар (алар жалпы окуучулардын 74 пайызын), калгандарын орустар (13 пайыз) жана өзбектер (6 пайыз) түзөт. Андыктан, жаш өспүрүмдөргө бир тууганoccдыктын, достуктун, биримдиктин духунда таалим-тарбия берүү иштери билгичтик менен колго алынган.

Кыргыз-түрк лицейлеринде иштеген мугалимдерди атайын комиссиянын сынагынан өткөрүп, конкурстук жол менен контракттык негизде кабыл алуу - мекеменин талабы. Азыркы күндө «Себат» лицейлеринде кыргызстандык 309, Түркиядан келген 182 мугалим үзүрлүү эмгектенип жатышат [Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин архиви.].

Лицейлердин мугалимдери ар бир окуучу менен өз алдынча иштеп, ага жагымдуу мамиле түзүү аркылуу, анын ички дүйнөсүнө кошо сүңгүп кирип,

мээнеткеч окуучунун ачыла албай жаткан жөндөмүн, талантын таап, аны алдыңкылардын катарына кошууну эң башкы милдети катары санашат.

Кыргыз-түрк лицейлерин 1996-жылы 62 окуучу бүтүрүп, алардын 68 пайызы Түркиянын жогорку окуу жайларына, 26 пайызы Кыргызстандын окуу жайларына, 6 пайызы Малазияга окууга тапшырса, 1999-жылы 125 бүтүрүүчүнүн 65 пайызы Кыргызстанга, 33 пайызы Түркияга, ал эми 1 пайызы Грузия менен Болгарияга окууга өтүшкөн [Ормушев, А. «Себат» - билим берүү уясы. - Бишкек, 2007. - 24-б.; Мектеп. – 1998. - № 4. – Б.28-29.].

1996-1999-жылдары кыргыз-түрк лицейин бүтүргөн 984 окуучу дүйнөнүн эң мыкты деп эсептелген жогорку окуу жайларына тапшырышкан. Атайы көңүл буруп кетчү даты бир жагдай - алгачкы жылдары бүтүрүүчүлөрдүн 68 пайызы Түркиянын жогорку окуу жайларына тапшырса, акыркы жылы бул көрсөткүч 33 пайызды эле түзүп, Кыргызстандагы жогорку окуу жайларда окугусу келгендердин саны 26 пайыздан 68 пайызга чейин өскөн.

Алгач кыргыз-түрк лицейин, андан соң жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, өз адистиктери боюнча Кыргызстанда иштегендердин саны 1136га жетсе (65,4%), Түркияда - 287 (16,5%), Орусияда - 163 (9,4%), Казакстанда - 27 (1,55%), Германияда - 21 (1,2%), Америкада - 19 (1%), Англияда - 17 (0,98%) адам болгон.

2002-жылдын май айында Бишкектеги кыргыз-түрк лицейине кыргыз элинин белгилүү жазуучусу Ч. Т. Айтматовдун ысымы ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын президенттери, премьер-министрлери, депутаттары, өзгөчө билим берүү министрликтери дайыма лицейдин турмушу менен жакындан таанышып турушат. Мисалы, Бишкектеги кыргыз-түрк лицейине Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлери: Ч. Жакыпова (1993), А. Какеев (1996-жылдын 15-майы), К. Шаршекеева (2002-жылдын 27-майы), Кыргызстандын Түркиядагы элчиси М. Шеримкулов (1999-жылдын 19-сентябры), эл жазуучусу Ч. Айтматов (2001-жылдын 4-майы; 2002-жылдын 24-майы), ошондой эле жогорку окуу жайлардын ректорлору, илимдин

академиктери, Жогорку Кеңештин депутаттары, журналисттер, акындар, жазуучулар дайыма келишип, окуучулардын билим деңгээлине көңүл буруу менен жолугушууларды өткөрүшкөн.

Ошондой эле, Түркия Республикасынан Кыргызстанга расмий сапар менен келген өкмөттүк делегациянын өкүлдөрү дагы Бишкектеги кыргыз-түрк лицейине келишип, окуу жайдагы түзүлгөн шарттарга, окуудагы жетишкен ийгиликтерге күбө болушат. Маселен, 1993-2006-жылдары бул лицейде урматтуу адамдар - Түркия Республикасынын Президентинин кеңешчиси Намык Кемал Зейбек (1993-жылдын 22-февралы), Түркия Республикасынын Улуттук Мажлисинин трагасынын орун басары Хасан Коркмазжан (1996-жылдын 24-сентябры), Түркия Республикасынын Эл агартуу министри Турхан Таян (1996-жылдын 28-июну), Мамлекеттик министр, профессор, доктор Абдулхалук Мехмет Чай (1999-жылдын 10-декабры), Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Музаффер Эректем (2001-жылдын 15-марты), Түркия Республикасынын депутаттары: Кемал Албайрак, Ышлай Сайгын (2001-жылдын 16-майы), Исмаил Хаккы Жеррах оглу, Мустафа Гул, Мехмет Арслан, Бозкурт Яшар Озтурк (2000-жылдын 23-октябры), Айваз Гектемир (2001-жылдын 16-майы) ж.б. болушкан. Түркиядан иш сапары менен келген губерТАКУрлор, демөөрчүлөр, маданият кызматкерлери жана илим адамдары лицей менен таанышышкан.

Жакшы таалим-тарбияда окуп, билим алып жаткан «Айчүрөк» лицейинин кыздары 2002-жылы Президенттик балаты майрамында «2002-жылдын эң мыкты окуучу кыздары» [Алмазбекова, А. Билим очогу «Айчүрөк» II// Эркин Тоо. – 2003. – 20 -март.] деген ардактуу наамга татыктуу болушкан. Анткени, бул лицейдин окуучулары 2000-жылдан бери мектептер аралык дүйнөлүк олимпиадаларга катышып, байгелүү орундардын жеңүүчүлөрү болуп келген.

«Айчүрөк» лицейи өзүнүн эң алгачкы бүтүрүүчүлөрүн 1998-1999-окуу жылдары билим уясынан учуруп чыгарып, 73 кызга жетилүү аттестатын

тапшырган. Алардын дээрлик бардыгы республикадагы жана чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларына өтүшүп, мыкты адистиктерге ээ болушкан.

2007-жылдын февраль айында Бишкектеги кыргыз-түрк «Айчүрөк» кыздар лицейи 430 окуучулук орунга ылайыкташкан жаңы окуу имаратына көчкөн. Бул жаңы окуу жайына бир миллиондон ашык АКШ доллары сарпталып, курулуш иштерин «Эрко» жана «Онур Иншат» фирмалары жүргүзүшкөн.

Берилген параграфты төмөнкү корутундулар менен жыйынтыктоого болот:

1. Өз ара алакалардын интенсивдүүлүгү боюнча Орусия Федерациясы, Кытай Элдик Республикасы, Казакстан, Өзбекстан, АКШ, Япония жана Еврошериктештик өлкөлөрүнө жетпесе да, Түркия Кыргызстан үчүн өтө маанилүү тышкы саясый өнөктөш болуп саналат. Жогоруда аталган мамлекеттерден кийинки орунда тургандыгына карабастан, айрым маселелер жана проблемалар боюнча Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы алакалардын уламдан улам активдешип бара жаткандыгын байкоого болот. Айтсак, кыргыз-түрк маданий байланыштарынын тарыхы терең жана акыркы жыйырма үч жылда жаңы нукта өнүгүп, маданий байланыштар эки тараптуу байланыштардын ичинен эң ийгиликтүү өнүгүп бара жаткан бутагы болуп саналат;

2. Өзгөчө ТҮРКСОЙ өңдүү уюмдун иш-аракеттеринин аркасында кыргыз-түрк маданий байланыштарынын мындан да өнүгөт деген пикирди айтууга болот. Бишкекте «Йунус Эмре» маданият борборун ачуу чечими эки өлкөнүн өкмөт башчыларынын маданий байланыштарга терең маани берерин айгинелеп турат;

3. Түркия Республикасы Кыргызстанда мамлекеттер аралык келишимдин негизинде жогорку билимдүү адистерди даярдоо максатында Кыргыз-Түрк Манас университетин ачса, «Себат» жеке менчик билим берүү мекемеси Ататүрк Ала-Тоо университетин, коомдук «Дианет» уюму Ош мамлекеттик университетинде дин таануу факультетин, Жалал-Абад

коммерциялык институтунда түрк дүйнөсү фондунун жетекчиси Туран Язгандын демилгеси менен коммерциялык факультет ачылган;

4. Бул окуу жайлар эки өлкөнүн ортосундагы достук мамилелерди чыңдоого өздөрүнүн салымдарын кошууда. Алар жаңы муунга терең билим берүү менен бирге кыргыз элинин маданий мурастарын баалаган, өз эли-жерин сүйгөн жаштарга таалим-тарбия берүү багытында алгылыктуу иштерди жүргүзүп, эки өлкөнүн ортосундагы билим берүү тармагындагы кызматташуунун бир кыйла жемиштүү болушуна өз салымын кошууда;

5. Кыргызстандагы кыргыз-түрк лицейлери мезгилдин агымынан артта калбай, билим берүүнүн дүйнөлүк стандартына ылайык алгылыктуу иштерди жүргүзүп жатышат. Алар Кыргызстандагы орто мектептердин жалпы билим берүү системасынан кескин айырмаланган өңүттө жаштарды тарбиялоого кам көрүп келишет;

6. Бүтүрүүчүлөрдүн мындай беделдүү ишканаларда жумуш менен камсыз болуусун шарттаган факторлордун катарында сапаттуу билим менен катар эле чет тилдерин мыкты өздөштүргөндүктү атоо жетиштүү. Бул жагынан алганда, Түркия мамлекети баштаган студенттердин алмашуу программасы дээрлик максатына жетти деп айтууга болот;

7. Түркия Кыргыз Республикасындагы өнөр жайдын коргонуу боюнча тармактарына абдан кызыгуу артып, аскер кадрларын даярдоо боюнча өзүнүн кызматтарын сунуш кылып келет. Ошол себептен, Түркияда Кыргызстан үчүн аскер кадрларын даярдоо, ошондой эле гуманитардык жана аскер-техникалык жардамын көрсөтүү салттуу болуп саналат.

8. Акыркы жылдарда Түркияга билим алуу максатында барган студенттердин саны өскөн менен, Түркиядан Кыргызстанга келгендердин саны азайууда. Анын себеби катары түркиялык студенттердин Балкан өлкөлөрү жана Азербайжан сыяктуу географиялык жактан жакын өлкөлөрдө билим алууну каалоосун атасак болот. Кыргызстандан Түркияга бакалавр билимин алуу үчүн баргандар менен катар эле магистратура жана докторантура үчүн баргандардын

саны да арбын [Ersoy, H.Türk Cumhuriyetlerinden Gelen İlk Öğrenciler Ve Türkiye Deneyimleri// Bilig Dergisi. – 1998. – Is.7,7.- Б.14; 9.].

# 3-бап.
# МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК САЯСЫЙ-ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН АЙРЫМ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ МҮМКҮНДҮКТӨРҮ

## § 1. Эки тараптуу кызматташтыктагы айрым көйгөйлүү маселелер

Саясый мамилелердин мазмуну консенсустук (келишимдик), жаңжалдык (конфликттик), биримдик, кызматташтык, өз ара алакалашуу, үстөмдүк кылуу жана баш ийүү белгилерине ээ мамлекет менен коомдун; бийлик менен адамдын; социалдык топтор, катмарлар жана таптардын ортосундагы мамилелер аркылуу аныкталат.

БА табигый кен байлыктарына бай, стратегиялык маанидеги өндүрүмдөргө (продукцияларга) ээ болгондуктан, соода иш-аракеттеринин башталгыч чекити болуп саналган Кытай экономикасынын таасири астында дүйнөлүк деңгээлдеги эң маанилүү экономикалык борбор болууга талапкер аймак болуп саналат. Жалпы эле Азиянын жана БАнын өнүгүү темпи жана уламдан улам өзгөрүүгө дуушарланып бара жаткан абалы Кыргызстан-Түркиянын байланыштарына түздөн-түз таасирин тийгизүүдө.

Эки тараптуу байланыштар эмоционалдык жана саясый көз караштардан арылып, реалдуу жана рационалдуу экономикалык кызыкчылыктарга негизделгенде гана ийгиликтүү боло алаары баарыбызга маалым. Демек, эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей камтыган учурда гана байланыштар узак мөөнөттө уланышы мүмкүн. Ал эми экономикалык жана соода мамилелери азырынча эки өлкөнүн билим берүү, маданият сыяктуу башка тармактарга кызматташтыктарынын деңгээлинде эмес экенин эки өлкөнүн жетекчилери айтып келишет [Erdoğan 2013; Сатыбалдиев 2013.].

**ГЕОСАЯСЫЙ ӨҢҮТТӨГҮ МАСЕЛЕЛЕР**. Кыргызстан жана Түркия мамлекеттерине таандык эмес изилдөөчүлөр, жалпысынан, Түркиянын БА, анын ичинде Кыргызстан менен болгон байланыштары Түркияда көз жарган пантүркизм идеологиясына негизделгендигин баса белгилеп келишет. Мындай

божомолго таянуу менен байланыштарды ийгиликтүү деп эсептегендер дагы, ага тескери пикирин билдиргендер дагы чет элдик изилдөөчүлөр экенин байкоого болот [Астахова, М. А. «Турецкая модель развития» и причины ее несостоятельности для постсоветских стран Прикаспийского региона (1992–1993 годы). - Саратов, 2011; Калишевский Михаил (27октября 2011)]. Кыргызстандын орус тилдүү илимий адабиятында да “Түркиянын мамлекеттик жетекчилери менен чиновниктери БАга карата кандайдыр бир геосаясый амбициялар менен пландардын болушун расмий түрдө четке кагышат. Сөз болуп жаткан постсоветтик чөлкөмгө карата геосаясый кызыкчылыктарды четке кагуунун макулдашылган саясаты мамлекеттик деңгээлдеги расмий жолугушууларда да, эл аралык конференциялар жана семинарлар сыяктуу формалдуу эмес иш-чараларда да жүргүзүлүп келет. Бул болсо коомдук саясат (публичная политика) менен Realpolitik деп аталган кубулуштардын ортосундагы баналдуу мүнөздөгү шайкеш келбөөчүлүктү жаратат” [http://www.analitika.org], - деп белгиленет.

Ушул эле автор Түркиянын чыныгы саясатын орус тилдүү маалыматтарга таянуу менен терең түшүнүү мүмкүн экендигин жазат. Түркия мамлекетинин тышкы саясаттагы инициативалары (демилгелери) менен ниеттерин ар тараптуу жана толук кандуу түшүнүү максатында иштин биринчи бабынын 1-параграфында көрсөтүлгөндөй, берилген диссертацияны жазууда англис, түрк, орус жана кыргыз тилдериндеги ресурстар менен маалыматтарга таянууну туура деп таптык.

Айрым орус тилдүү авторлордун пикиринде Түркия БА чөлкөмүнө гана лидер болуу статусу менен канааттанбайт. Айтсак, 380 000 экземпляр менен жарык көрүүчү либералдык маанайдагы “Millyiet” деп аталган түрк журналына жарыяланган макалада «Жаңы Түркиянын» географиялык картасы жарык көргөн. Бул карта газетанын он-лайн басылмасынан тез эле чыгып, анда жаңы Түркиянын курамына Кипр, Сириянын түндүгү (анын ичинде Алеппо шаары менен Евфрат дарыясынын агымы боюнча азыркы Сириянын аймагы аркылуу өтүүчү территория), Ирак Күрдистаны, Ирандын бир бөлүгү, Нахичевань деп

аталган азербайжан эксклавы, Грузиянын бир бөлүгү (анын ичинде Батуми порту), Түндүк Греция менен Түштүк Болгария киргизилген [http://www.analitika.org].

Кыргызстандын ушул эле орус тилдүү автору “БА чөлкөмүндөгү өздүк пландардын болушун түрк тилдүү мамлекеттер тарабынан өткөрүлгөн Курултайлар, ТҮРКСОЙ, түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА), Түркиянын, Азербайжандын, Кыргызстандын, Монголиянын биргелешкен куралдуу күчтөрү (ТАКМ) сыяктуу түзүмдөр, ошондой эле мамлекеттин түрк модели жана түрк тилин жайылтуу боюнча саясат ачык далилдеп турат” [http://www.analitika.org], - деген ойду билдирет.

XX кылымдын 90-жылдарында популярдуу болгон долбоорго ылайык, Улуу Туран мамлекети Түндүк Кавказда жашаган азербайжандардын, балкарлардын, карачайлардын, кумыктардын, ногойлордун, чечендердин, ингуштардын, аварлыктардын, лезгиндердин, БАны мекендеген түркмөндөрдүн, өзбектердин, казактардын, кыргыздардын, уйгурлардын, ошондой эле Орусиянын курамына кирген Татарстандын, Башкортостандын, Якутиянын, Тыванын жана Хакассиянын башын кошмок эле.

Албетте, мындай долбоор, биздин жеке пикирде, Түркиянын геосаясый умтулууларын ишке ашыруу жолунда төмөнкүдөй олуттуу тоскоолдуктарды жаратат:

1. Улуу Туран мамлекетинин долбоору менен тыгыз байланышкан Түрк Союзу Орусия менен Кытайдын кызыкчылыктарына каршы келет. Якутия, Татарстан, Башкортостан, Тыва жана Хакассия сыяктуу түрк дүйнөсүнө таандык эбегейсиз зор аймактарга ээ Орусияда 20 млн. мусулман жашайт. Демек, Орусия Түрк Союзун өзүнүн территориалдык бүтүндүгүнө болгон коркунуч деп билет;

2. 2012-жылы REX маалыматтык агенттигинин эл аралык эксперттик тобунун координатору Сергей Сибиряков Макспарк социалдык торунда «Н. Назарбаевдин демилгеси ОФ менен жаңы курулуп жаткан Евразиялык Союздун кызыкчылыктарына коркунуч туудурбайбы?» деген темада сурамжылоолорду

жүргүзгөн [http://www.analitika.org]. Натыйжада, сурамжыланган 1707 респонденттин 69%и Түрк Союзу Орусия менен анын территориалдык бүтүндүгүнө коркунуч туудурат деп жооп беришкен. Орусия менен Түркиянын ушул эле маселенин тегерегиндеги кызыкчылыктарын учкунун от кылып тутандырып жиберүүдө Кыргызстан да зор роль ойноосу ыктымал. Айтсак, биринчиден, 2013-жылдын апрелинде премьер-министр Р. Т. Эрдогандын гидродолбоорлор чөйрөсүндөгү өз ара алакаларды жолго салуу боюнча Кыргызстанга жасаган визитинин учурунда Түркия мамлекети ГЭСтерди куруу боюнча Орусиянын демилгелерин колдон сууруп алган. Бирок, түрк премьери анын өлкөсү менен бизнесмендери кайсы долбоорлорго салым киргизүүнү ниет кылып жаткандыгын тактаган эмес. Экинчиден, ЭКСПО-2020 үчүн болгон атаандаштыктын натыйжасында Түркия Кыргызстан менен Орусиянын ортосундагы мамилелердин начарлашына түрткү берип коюшу ыктымал.

Өз кезегинде кыргыз саясатчылары Орусияга Бишкек өз добушун бүткүл дүйнөгө таанымал көргөзмөнү кабыл алууга камылга көрүп жаткан Екатеринбург шаарына берерин убада кылып койгонун эске салгыбыз келет. Ошол эле мезгилде А. Атамбаев Уралдагы орус шаарынан баш тартып, бул добушту Түркиядагы Измир шаарына берип коюшу мүмкүн деген күбүр-шыбыр кептер жүргөн эле [http://www.analitika.org];

3. БАнын өлкөлөрүнүн айрым лидерлери Түрк Союзун бул чөлкөмгө лидерлик кылууга болгон далалат катары баалашат. Буга чейин бул статуска жетүү үчүн Өзбекстан менен Казакстан жан алакетке түшүп келген эле. Айтылгандардын негизинде бул долбоор чөлкөмдүн элитасы тарабынан интеграциялык биригүүнүн запастагы альтернативалуу варианты катары каралат. Конкреттештирип, Кыргызстанга карата айта турган болсок, анда бул долбоор экономикалык долбоорлор менен финансылык биригүүлөрдү ишке ашыруунун, ошондой эле жалпы тарыхка ээ маданий мурастарды сактап калуунун мүмкүндүгү болуп саналат;

4. Каалагандай геосаясый долбоорлордун бир жерге тыгылып, от албай калышы, көп жагынан, географиялык көрсөткүчтөр менен байланышкан.

Түркия менен Кыргызстан бири-биринен 5000 км алыстыкта жайгашканын, ошондой эле боордош эки өлкөнүн ортосунда жалпы чек аралардын жок экенин эске ала турган болсок, анда БА өлкөлөрү менен алакалашууну каалаган Орусия, Кытай, Иран, Пакистан ж.б. коңшу мамлекеттерге салыштырмалуу Түркиянын позициясын абдан ыңгайлуу деп айтууга болбойт.

Бирок, ошол эле мезгилде Түркия менен БА мамлекеттеринин ортосундагы өз ара алакаларды турмушка активдүү ашырууга төмөнкү факторлор тоскоолдуктарды жаратып, Түркия БА чөлкөмүндө өтө активдүү ишмердикти азырынча кылбай турууга мажбур болгон:

- күрд маселеси;
- өнүгүүнүн исламдык жана бейдиний (светтик) жолдорун жактоочулардын ортосундагы ички күрөш;
- европалык түзүмдөргө кабыл алуу маселеси боюнча Евросериктештик менен болгон карама-каршылыктардын өсүшү,
- дүйнөлүк державаларга салыштырмалуу Анкаранын материалдык-финансылык жана саясый ресурстарынын чектүүлүгү.

| ТҮРКИЯНЫН БАДАГЫ КҮЧТҮҮ ЖАНА АЛСЫЗ ПОЗИЦИЯЛАРЫ (салыштырмалуу анализ) | |
|---|---|
| КҮЧТҮҮ ПОЗИЦИЯЛАРЫ | АЛСЫЗ ПОЗИЦИЯЛАРЫ |
| Постсоветтик БАдагы беш мамлекеттин төртөөсүнүн тарыхый, маданий жана тилдик жакындыгы; | Түркиянын БА мамлекеттеринен географиялык алыстыгы; |
| Мусулман мамлекети болуп туруп, светтик (бейдиний) державанын үлгүсүн көрсөтүп, маанилүү экономикалык ийгиликтерге ээ болгон Түркиянын Батышка таандык имиджи; | Түркиянын БА мамлекеттерине саясый лидер болууга карата амбициялары; |
| АКШнын, ТАКУ блогунун жана Евросериктештиктин колдоосу; | БА мамлекеттерине болгон Орусиянын күчтүү таасирин Түркиянын жетиштүү саясый баа бербөөсү . |

1992-жылдын жаз мезгилинде эле Түркиянын бүткүл түрк тилдүү дүйнөгө саясый лидер болуу ниети БАда Анкара күткөн энтузиазм менен кабыл алынган эмес. БА мамлекеттеринин кызыкчылыгын үчүнчү өлкөлөрдө Түркия тарабынан корголуусу тууралуу Х. Четиндин сунушу Ташкент тарабынан гана кабыл алынган. С. Демирелдин «рубль зонасынан» чыгуу тууралуу чакырыгы БА мамлекеттеринин борбор калаалары тарабынан жоопсуз калтырылган. БА

мамлекеттерине жасаган расмий визитинин учурунда Түркия премьер-министри улуттук конституциялардын Түркияда жазылган долбоорлорун постсоветтик түрк тилдүү жаңы мамлекеттердин президенттерине сунуш кылган. Түрк премьер-министринин бул далалаты жаңы эгемен мамлекеттердин конституциялык түзүмүн калыптандыруу процессине сырттан кийлигишүү катары жылуу кабыл алынган эмес [Winrow G. Turkey in Post-Soviet Central Asia. – L., 1995. – Б.24.]. С. Демирель түрк жетекчилиги пантүркизм көз караштарынан алыс, ал болгону эле «көз каранды эмес түрк мамлекеттеринин ассоциациясын» түзүүгө умтулаарын баса белгилеп айтканына карабастан [Winrow, G. Turkey in Post-Soviet Central Asia. – L., 1995. – Б.18.], расмий Анкаранын риторикасы менен иш-аракеттери БАда карама-каршылыктуу таасирлер менен пикирлерди жараткан. Анын үстүнө, түрк саясатчылары «түрктөр» («турки») жана «түрк тилдүү башка элдер» («тюрки») деп аталган түшүнүктөр европалык изилдөөчүлөр тарабынан жаралган формалдуулук деп, аталган түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды ажыраткан эмес. Анын үстүнө, БА мамлекеттери боюнча иш сапары учурунда С. Демирелди коштоп жүргөн делегациянын курамына пантюркизм идеологиясын кызуу колдогон улуттук иш-аракеттин ультра оңчул партиясынын лидери А. Тюркеш да киргизилген эле...

1992-жылдын октябрь айында Анкарада түрк тилдүү мамлекеттердин башчыларынын алгачкы жолугушуусу болуп өткөн. Бул жолугушуу Түркия БА чөлкөмүнө саясый лидер болууга азырынча эрте экендиги ачык байкалган. Жолугушуунун катышуучулары менен алдын ала консультацияларды жүргүзбөстөн туруп эле жолугушуунун уюштуруучусу болуп саналган түркиялык жак бул жолугушуунун жыйынтыктоочу документтеринде төмөнкү долбоорлорду ишке ашырууга карата колдоо болот деген терең ишеничте болгон:

- түрк өлкөлөрүнүн Жалпы рыногун түзүү;
- өнүгүүнүн Түрк банкын түзүү;

- Анкара үчүн маанилүү болуп саналган бир катар эл аралык проблемаларда Түркиянын позициясын колдоого алуу.

Бирок, Казакстан менен Өзбекистан Анкаранын жогорудагы сунуштарын кабыл алган эмес. Н. Назарбаев Казакстан үчүн КМШ өлкөлөрүнүн чегиндеги мамилелер менен жоопкерчиликтердин приоритеттүүлүгүн баса белгилесе, И. Каримов түрк тилдүү жамаатта улуттук кызыкчылыктарды эске албаган укуктарга ээ институттарды түзүүгө каршы чыккан (выступил против формирования в тюркском сообществе институтов с над национальными полномочиями). БА мамлекеттери:

- Түндүк Кипрдеги Түрк республикасын таануудан;
- Тоолуу Карабахтагы, Босния менен Герцеговинадагы жаңжалдар боюнча Түркиянын позициясын колдоодон баш тарткан.

Жолугушуунун жыйынтыктары боюнча кабыл алынган декларацияда БА мамлекеттери Түркия менен экономика, коопсуздук, маданият, билим берүү, тил, кылмыштуулук менен күрөшүү чөйрөлөрүнүн чегинде гана кызматташтыкка даяр экендигин билдиришкен. Ушул эле жолугушууда түрк тилдүү өлкөлөрдүн саммиттерин үзгүлтүксүз өткөрүп туруу чечими кабыл алынган. Берилген жолугушуунун чегинде Түркия менен Түркмөнстан эки өлкө ортосундагы газ түтүгүн курууну ниет кылган токтомго кол койгон [Winrow, G. Turkey in Post-Soviet Central Asia. – L., 1995. – Б.16-21.].

Анкарадагы жолугушуунун жүрөк жылытпаган натыйжалары ийгиликсиз иш-аракеттин башы болуп, ал 1990-жылдардын ортосунда түрк дипломатиясын түрк тилдүү дүйнөгө саясый жана экономикалык лидерлик кылуунун амбициялуу пландарынан баш тартууга аргасыз кылган. 1992-жылдын декабрь айында БМБ компаниясы менен Казакстандын ортосундагы ири келишим ишке ашпай, бузулган: келишимдин түрк жагы финансылык жоопкерчиликти мойнуна ала албасы анык болсо, казак тарап сунуш эткен кендердин жарымы мунай бербейт экен [Известия. – 1992. – 17 фев.]. Тоолуу Карабахтагы армян аскерлеринин ийгиликтери 1993-жылдын июнь айында Азербайжандын Түркияга жакын президенти А.Эльчибейдин бийликтен

кетишин шарттаган. 1993-жылга белгиленген түрк тилдүү мамлекеттердин экинчи саммити аныксыз мөөнөттөргө артка жылдырылган. 1994-жылдын башында Түркия курч мүнөздөгү финансылык-экономикалык кризисти башынан өткөрүп, түрк өкмөтү сарамжалдуулуктун иш-чараларын жасоого мажбур болот. 1994-жылы студенттерди түрк университеттеринде окутуу үчүн БА мамлекеттерине 240, ал эми Тажикистанга 40 эле стипендия бөлүнүп берилет [Winrow, G. Turkey in Post-Soviet Central Asia. – L., 1995. -26-б.]. Эл аралык кызматташтык жана өнүгүүнүн Түрк агенттиги да каражат каатына туш болот; Анкара арткан зор үмүттөргө карабастан, АКШ менен Еврошериктештик БА мамлекеттерине түркиялык ведомстволордун далдалчылыгы аркылуу эмес, тике жардам берүүнү чечишет. Түрк бийлиги жана өкмөттүк эмес уюмдарынын өзбек оппозициясы менен болгон алакалары (контакттары) эки мамлекет ортосундагы мамилелерге терс таасирин тийгизген. 1994-жылы жай мезгилинде «Эрк» партиясынын лидери М. Солихге саясый баш маанек берген Түркияга каршылык билдирүү ниетинде Өзбекстан Анкарадагы өз элчисин чакыртып алат [URL: http://www.cornellcaspian.com/pub/0010uzbekistan.html ]. 1992-жылы «Ататүрк чыйыр салган жол менен жүрүүнү» убада кылган И. Каримов 1994-жылдан кийин өнүгүүнүн «түрк модели» тууралуу сөз кылууну кескин токтоткон [Известия. - 1992. 22 июля.].

Ошентип, Москвадагы улуу ага тууралуу эс-тутум дагы деле болсо унутулбай, күтүүсүз келген көз карандысыздык менен суверенитеттин толкунунан жаралган эйфориянын натыйжасында түрк тилдүү туугандардын эгидасы астында интеграцияга карата БАнын макул эместиги 90-жылдардын башындагы Түркиянын БАдагы тышкы саясатынын ийгиликсиз болуусун шарттаган.

**САЯСЫЙ ТУРУКСУЗДУК ЖАНА КООПСУЗДУК МАСЕЛЕСИ.** Кыргызстан менен Түркиянын байланыштарынын жыйырма жылдык өтмүшүнө көз чаптыра турган болсок, эки өлкөдө тең орун алып, ички фактор катары каралган саясый баш аламандыктар жана тышкы фактор катары бааланган

коопсуздук маселесинин төмөн деңгээли эки тараптуу мамилелерге кедергисин тийгизип келет.

1) 1993-жылы Тургут Өзалдын дүйнө салышы;

2) 1994-2002-жылдар арасындагы Түркиядагы саясый туруксуздук жана анын натыйжасында пайда болгон экономикалык кризис;

3) Кыргызстандагы 2005- жана 2010-жылдарда болуп өткөн элдик төңкөрүш;

4) өзгөчө, 2010-жылдагы Ош окуясы эки өлкөнүн саясый-экономикалык мамилелерине терс таасирин ачыктан ачык тийгизген.

Сөз болгон саясый жана экономикалык кризистерден улам Түркия 1994-жылдардан тарта БАга, анын ичинде Кыргызстан менен болгон байланыштарына жетишээрлик деңгээлде көңүл буруууга чолоосу тийбей, кабыл алынган чечимдер кагаз бетинде гана калган [Астахова, М. А. «Турецкая модель развития» и причины ее несостоятельности для постсоветских стран Прикаспийского региона (1992–1993 годы). - Саратов, 2011. – С. 87.].

Кыргызстан менен Түркия 1997-жылдын 24-октябрында соода жана экономикалык кызматташтык тууралуу келишимге кол койгон. Аталган келишимдин 12-беренесинде “Бул келишимдин алкагында келип чыккан соода жана экономикалык келишпестиктер эл аралык сот тарабынан чечилет”, [Somuncuoğlu,T. 2011] - деп жазылып турат. Эки өлкө ортосунда өкмөттөр аралык түзүлгөн соода жана экономика комиссиясы жылына жолугушуп туруу чечимин кабыл алышкан [Кыргыз Респупликасынын Президентинин архиви Д. 17-13. Т. 1. Ф. 1. Оп. 1. 957]. Кыргыз Республикасынын Прьемер-министри А. Муралиев Түркиянын Тышкы иштер министри Исмаил Жем менен болгон 2000-жылдагы расмий жолугушуусунда “1997-жылдан бери чогулбай келе жаткан экономикалык комиссия экономикалык маселелер жана байланыштарга оң таасирин тийгизмек”, - деген пикирин билдирген [Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги Архиви. – 2000. – 13 Haziran.]. Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри М. Иманалиев дагы Түркиянын Тышкы иштер министри Исмаил Жемге 1997-жылдан бери комиссия бир да

жолу жолукпагандыгын, бул багыттагы иш аракеттердин аксап жатканын айтып өткөн [Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги Архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845,2000-ж.]. Архивдик материалдар тастыктап тургандай, өзгөчө 1996-2000-жылдар аралыгында экономикалык тармактагы расмий байланыштар аксап калган. Бул, өз кезегинде, эки өлкөнүн саясый мамилелерине да кедергисин тийгизбей койгон жок. Саясый ишенимсиздик Кыргызстандын расмий тараптарынын ортосундагы кат жазышууларда да чагылдырылган [Кыргыз Респупликасынын Президентинин архиви.(30.07.96). Ф. 1. Оп. 1. Д. 340.].

Кыргызстан тарабынан Түркэксимбанк аркылуу алган кредитти колдонуу жана кайтарууда дагы бир катар маселелер келип чыккан. Өкмөт башы А. Муралиев кредитти төлөө шарттарынын оор болгондугун айтып, аны кайрадан карап чыгууну Исмаил Жемден өтүнгөн [Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги Архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845]. 2000-жылдарга чейин Түркиядагы саясый туруксуздуктан таасирленип келген эки тараптуу мамилелер 2000-жылдан кийин Кыргызстандагы саясый туруксуздуктан улам да аксап келди.

**ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СООДА БАЙЛАНЫШТАРЫНДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР.** Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы соода-экономикалык мамилелердин анализи көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө Түркиянын жетишээрлик беделдүү экономикалык потенциалы Кыргыз Республикасынын экономикасына оң таасир бере албай келет. Эки тараптуу экономикалык мамилелердин өтө жайбаракат өнүгүшү төмөнкүдөй объективдүү факторлор менен шартталган:

| КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕ-ЛЕРДИН ИНЕРТТҮҮЛҮГҮН ШАРТТАГАН ФАКТОРЛОР [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Кыргызско-турецкое торгово-экономическое сотрудничество. Проблемы] | |
|---|---|
| 1 | Өлкөлөр ортосундагы аралыктын алыстыгы жана анын натыйжасында товарлар менен жабдууларды жеткирүү менен байланышкан техникалык жана финансылык көйгөйлөр |
| 2 | Кыргыз Республикасынын рыногунун потенциалы менен калкынын сатып алуу жөндөмүнүн чектүүлүгү |
| 3 | Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк инвесторлорду өзүнө тарткан мунай, газ сыяктуу энергоресурстардын ири запастарынын жоктугу |

| | |
|---|---|
| 4 | Кыргыз Республикасында калыпка салынган жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен иш алып баруу тажрыйбасына ээ банк системасынын жоктугу |
| 5 | Кыргыз-түрк экономикалык кызматташтыгына тартылган министирликтер менен ведомостволордун ортосундагы координациянын жана өз ара алакалашуунун начардыгы |
| 6 | Кыргыз товарларынын атаандаштык жөндөмсүздүгү (неконкурентоспособность) |

Ошол себептен, соода көрсөткүчтөрү жыл санап өскөнү менен эки тараптуу экономикалык жана соода байланыштары күтүлгөн деңгээлден алда канча төмөн экенин дагы бир жолу баса белгилеп кетүү керек [Келдибеков, А.,2011.].

2011-жылдан тарта Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы соода алмашуу өсүү жолуна түшкөнү менен, билим берүү жана башка тармактар тийешелүү деңгээлдеги өнүгүү көрсөткүчтөрүнө ээ боло албай келүүдө. А. Келдибеков соода мамилелелерине карата пикирин төмөндөгүчө билдирген: «Соода тармагындагы алакаларыбыз жыл өткөн сайын жакшырганы менен билим берүү тармагындагы жетишкендикдер өз деңгээлине чыга албай келет. Кыргызстанда чарба жүргүзүп жаткан ишканалардын 500 миллион долларлык инвестициясы бар, бирок, бул көрсөткүчтү жогорулатуу зарыл. Андыктан, түрк ишкерлерин Кыргызстанга инвестиция салууга чакырат элем. Бул багытта инвесторлор үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө, укуктук базаны жакшыртуу жана жаңылоого парламент дайыма даяр» [Келдибеков, А.,2011.].

Эки өлкө арасындагы соода жана экономикалык байланыштар күтүлгөн натыйжаларды бербей жаткандыгына себеп болгон бир катар факторлор бар. Атап айтсак:

Биринчиден, эки өлкөнүн ортосундагы соода байланыштары үчүн 1) кара жолдун алыстыгы, 2) транзиттик өлкөлөрдүн чек араларындагы кечиктирүүлөрдөн улам продукциялардын өз убагында рынокко жетпегендиги жана 3) чыгымдардын жогору болушу болуп саналат. Бир жүк ташуучу унаа чек ара жана бажы постторуна токтоого жана күтүүгө кеткен убакытты эсепке алганда, алар саатына болгону эле 16 км жол жүрөөрү эсептелген [URL: www.mfa.gov.tr]. Мындай кечигүү жана чыгымдардын жогору болушу Кыргызстандын рыногунда Кытайдан келген өндүрмөлөргө (продукцияларга)

салыштырганда түрк өндүрмөлөрүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн бир кыйла төмөндөтүүдө.

Роза Отунбаева Англиядагы Гентхан Хауста берген конференцияда Кытай менен болгон чек аралык жана соода мамилелерге басым жасап, Кыргызстандын тышкы саясатына төмөнкүдөй аныктама берген:

«... Экономикабыз Орусия, Казакстан кирген бажы биримдигине кирүү жана 1000 км орток чек арабыз бар Кытай менен кызматташтыкты жана соода байланыштарыбызды жандандыруу менен тыгыз байланыштуу. Кытайдан батышка карай кетчү темир жолдун 350 км Кыргызстан аркылуу өтөт жана ири мүмкүнчүлүктөрдү жаратат» [URL: www.avrupagazete.com /haberler/4745-roza-otunbayeva-en-yakin-muttefikimiz-cin.html.]. Өлкөдө, негизинен, текстиль жана алтын өнөр жайы негизги тармактар экенин айткан Р. Отунбаева бул багытта Кытай жана Түркия менен ийгиликтүү кызматташып, алгылыктуу иш алып барып жаткандыгын белгилеп өткөн [[URL:www.avrupagazete.com /haberler/4745-roza-otunbayeva-en-yakin-muttefikimiz-cin.html.].

Р. Отунбаеванын сүйлөгөн сөздөрүнөн байкалып тургандай, Кыргызстандын геоэкономикалык кызыкчылыктары жана Түркиянын Орто Азияга карата саясаты Кытайдан башталып, Кыргызстан аркылуу өтө турган темир жол долбооруна биригүүдө. А. Атамбаев дагы бул саясатты колдоого алып, аны андан ары улантып келүүдө.

Андыктан, бул темир жолдун курулушу эки өлкө ортосундагы жана башка өлкөлөр менен болгон соода мамилелерин жандантып, аймактын экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүн камсыздайт эле.

Экинчиден, БАдагы советтик мезгилден бери келе жаткан такталбаган көйгөй болуп чек ара маселелери саналат. Чек ара маселеси саясый маселе болгонуна карабастан, пикир келишпестиктер боло калган учурларда чек аранын жабылышы өңдүү күтүүсүз тоскоолдуктар соода жана экономикалык иш-аракеттерге түздөн-түз зыянын тийгизет. Бул багытта Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы чек ара маселесин, Түркмөнстан менен Азербайжан ортосундагы Каспий маселесин өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө болот. Ошондой

эле, бүгүнкү күндөгү кыргыз-түрк экономикалык байланыштарына тоскоол болгон жана келечекте да далай бөгөттөрдү жаратуу дарамети бар маселе катары Кавказдагы туруксуздукду атоого толук мүмкүн. Өзгөчө Азербайжан менен Армения ортосундагы келишпестик темир жол жана кара жол куруугa макул боло турган потенциалдуу инвесторлор үчүн бир катар кооптонууларды пайда кылбай койбойт.

Үчүнчүдөн, Кыргызстанда да, Түркияда да маал-маалы менен пайда боло калуусу адатка айланган саясый туруксуздук да соодо-экономика чөйрөсүндөгү кызматташтыкка өз кедергисин тийгизген көйгөйлүү маселе болуп саналат. Саясый туруктуулук, өзгөчө, ири инвесторлор үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон ишенимдүүлүк жана ишеним артуу менен байланышкан маселеге жол ачат. Кыргызстанда 300дөн ашуун чарба жүргүзүп жаткан түрк ишканаларынын бир канчасын эске албаганда, дээрлик баары чакан жана орто ишканалар экени белгилүү. Ал эми Түркияда Кыргызстандын атуулдарына тиешелүү 87 ишкана чарба жүргүзүп келет. Бул ишканалар Түркияда билим алган жана Кыргызстандагы түрк билим берүү мекемелеринде тарбияланган Кыргызстан атуулдарына тиешелүү болуп саналат.

Төртүнчүдөн, ири инвестицияларды Кыргызстанга тартуу үчүн инвестициялык климатты жакшыртуу, ишеним жана коопсуздук шарттарын түзүү зарыл. Акыркы жылдарда кээ бир ири инвестицияларга карата жергиликтүү калк наaразычылык билдирип жатканын эске ала турган болсок, келишимдердин укуктук негиздемесин так жана толук аткаруу керектиги канчалык маанилүү экенин түшүнүүгө болот. Ошол себептен, айрым эксперттер экономикалык долбоорлордо Анкара пайда табуу менен гана байланышкан прагматикалык максаттарды көздөйт деген пикирди жакташат [URL: http://analitika.org]. Кыргызстандын саясый истеблишменти менен карапайым калкы эки мамлекеттин тең кызыкчылыктары эске алынган узак мөөнөттүү долбоорлордун болушун эки колдоп, кызуу кубатташат. Айтсак, түрк ишкерлеринин Кыргызстанда бизнести жүргүзүүсүнүн мүнөзүнө карата бир катар дооматтар кездешет. Мисалы, Кыргызстандын борбор калаасындагы

эң ири жана көптөн үмүт эттирген “Бишкек парк” соода борбору коопсуздук техникасы чөйрөсүндө бир кыйла шалаакылыктарга жол берүү жана жакын жаткан көп кабаттуу үйлөрдө жашаган калктын кызыкчылыктарын эске албастан курулган [http://www.aibat.kg/archives/7062]. Адилеттик үчүн Кыргызстандын саясый бийлигинин мындай кубулуштарга жол берген жана чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн бизнес жүргүзүү процесстерин тескей албаган начарлыгы дал ушундай учурларда көрүнөрүн баса белгилеп айтууга аргасызбыз. Ушундай кемчиликтерге жол берилгендиктен улам кыргызстандыктар үчүн Түркия өзүнүн экономикалык кызыкчылыктарын бир тараптуу ишке ашырууга умтулган өлкө катары кабыл алынган стереотипке негиз болуп калган. Түркиянын негативдүү имиджинин түзүлүшүнө көмөк берген мындай кемчиликтер Кыргызстандын карапайым калкы үчүн боордош мамлекетти душман катары кабыл алууга мүмкүндүк бербейт деп терең ишенебиз.

Бешинчиден, Кыргызстандагы салык жүгүнүн оордугу жана негизсиз текшерүүлөрдүн өтө көп болушу инвесторлорду башка өлкөлөрдү тандап алууга түртүүдө. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында чет элдик капитал менен курулган ишканалар салыктан жана текшерүүлөрдөн тескери таасирленгени белгилүү болгон.

**ЭКОНОМИКАЛЫК КЕЛИШПЕСТИКТЕР.** Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы эки тараптуу мамилелер бирдей тарыхый, маданий, диний жана тилдик факторлорго негизделген. Буга карабастан, экономикалык кызыкчылыктар, соода жана ишкердик тармагында тиешелүү алдын алуу аракеттери каралбаса, ар кыл келишпестиктерге жол ачылып кетээрин турмуш көрсөттү. Ишкердик чөйрөсүндө шериктердин ортосунда келишпестиктер болуп келген көрүнүш катары каралса дагы, кыргыз-түрк шериктигинин ортосундагы айрым көйгөйлүү маселелер эки тараптуу байланыштарга кедергисин тийгизип жаткандыктан, берилген диссертациялык иш ошол маселелерди тереңирээк карап, талдап көрүүнү талап кылат.

Эгемендик жылдарында келип чыккан экономикалык келишпекстиктердин себептери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

| КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТҮРКИЯ ОРТОСУНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК КЕЛИШПЕСТИКТЕРДИН НЕГИЗГИ СЕБЕПТЕРИ [М. Шеримкуловдун жеке архиви. Кыргызско-турецкое торгово-экономическое сотрудничество. Заключение] | |
|---|---|
| 1 | 1993-жылы Түркия Өкмөтү тарабынан Түркэксимбанк аркылуу Кыргыз Республикасына берилген 75 млн. АКШ доллары түрүндөгү кредитти ишке ашыруу менен байланышкан негативдүү тажрыйба. Мындай деңгээлдеги кредитти Кыргызстан алгачкы жолу алып жаткандыктан, мамлекеттик да, жеке да структуралар ошол кредитти туура жана эффективдүү пайдалануу тажрыйбасына ээ болгон эмес. |
| 2 | Жогоруда аталган кредитти иштетүү үчүн жумшалган мекемелердин төлөм жөндөмсүздүгү (неплатежоспособность), алардагы менеджменттин жоктугу жана макулдашууга кол койгонго чейин ошол мекемелердин финансылык мүмкүндүктөрүн кылдат анализге албагандык да эки өлкө ортосундагы келишпестиктердин олуттуу себептеринин бири болуп калган. Турмуштук тажрыйба көрсөткөндөй, кредитти ишке ашыруу максатында тандалып алынган долбоорлор ошол долбоорлордун финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрү менен сатуу рыногун анализге албастан туруп эле жүргүзүлгөндүктөн, кредитти ойдогудай пайдалануу ишке ашпай калган. |
| 3 | Кредиттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болуп саналган жабдууларды өтө кымбат баага саткан жана сатып алган түрк жана кыргыз өнөктөштөрдүн ыймансыздыгы. |
| 4 | Жогоруда айтылган объективдүү себептерден улам долбоорлор толук кандуу иштеген эмес, экономикалык ишмердүүлүктүн натыйжалары кредит боюнча сарпталган каражатты актаган эмес, өндүрүлгөн продукциянын атаандаштыкка (конкуренцияга) жооп бербеген баалары карыздан кутулуу боюнча милдеттемелерди аткарууга көмөк берген эмес. |
| 5 | Түркиянын массалык маалымат каражаттарында кеңири чагылдырылып, кыргыз тарап көргөн иш-чараларга карабастан, коомчулукта чуулгандуу резонанска өтүп кеткен “Ак-Кеме” мейманканасынын тажрыйбасы көрсөткөндөй, алынган кредитти ишке ашыруу учурунда пайда болгон нукура чарбалык-экономикалык көйгөйлөр саясый боекко канығып кетпеши керек эле. Ушул себептен улам түрк фирмалары Кыргызстанга келип, ири капитал салымдары менен байланышкан өндүрүштүк жана башка ишмердүүлүк кылууга, өндүрүш кубаттуулуктарын куруууга ашкере дилгирленишпейт. |

Кыргыз Республикасынын Түркиядагы элчиси М. Шеримкулов элчиликтин өзүнүн жеке архивинде сакталып турган документтерине таянуу менен берген жогорудагы маалыматтардан сырткары, эки мамлекет ортосундагы экономикалык келишпестиктердин негизги себептери болуп, биринчиден, либералдык экономикалык реформалардын бюрократиялык тоскоолдуктарга дуушар болушу; экинчиден, чет элдик инвестициялар боюнча укуктук базанын чабалдыгы; үчүнчүдөн, инвесторлордун өзгөчө оптимистиги жана коррупция саналат. Кыргызстан постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен алгачкылардан болуп либералдык экономикалык системаны кабыл алган. Экономикалык реформалар жана саясатты өзгөртүү ылдам болгону менен мамлекеттик органдарда жана коомдо аң-сезимди өзгөртүү убакытты талап кылат. Ошол себептен, Корнел (2012) Түркиянын тышкы саясатындагы өзгөрүү

боюнча “Түркия тышкы саясатты өзгөртүүгө активдүү киришкени менен, өзгөчө бюрократиялык тоскоолдуктар пландарды ишке ашырууга залакасын тийгизүүдө. Андыктан, Түркиянын тышкы саясаттагы демилгеси жетиштүү деңгээлде пландалбастан башталууда” деген пикирин билдирген [Cornell S. E. (Winter 2012).What Drives Turkish Foreign Policy?// Changes in Turkey Middle East Quarterly. – 2012. – Vol. 19, No. 1. – P.13-24;16.].

Кыргызстан эгемендик алган соң, мамлекеттүүлүгүн чыңдоо процесси менен гана чектелген эмес. Ал бир эле учурда саясый реформалар менен катар эле экономикалык перспективадан буларга карама-каршы келген либералдуу экономикалык реформаларды ишке ашырууга киришкен. Өзгөчө ири инвестициялык долбоорлордогу мындай абал Кыргызстандын ишкердик дүйнөсүнүн, кыргыз элинин улуттук жана коргонуу сезимдеринин күчтөнүшүнө себеп болгон. Эгемендик жылдары экономикалык реформалардын социалдык-психологиялык таасирин эске албастан эле, мамлекетке тиешелүү жерлерди чет элдик инвесторлорго сатуу бюрократияга карата карапайым калктын тескери реакция кылуусуна себеп болуп калган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты экономикалык өсүүнү камсыздоо жана жумуш орундарын түзүү үчүн чет элдик инвесторлорду, анын ичинде Түркиянын ишкерлерин, Кыргызстанга инвестиция салууга стимулдаштырып келген. Бирок, ага карабастан, көптөгөн ири долбоорлор ишке ашпагандыгын, ишке ашкан долбоорлор дагы бир катар маселелер менен коштолгондугун архивдик материалдар тастыктап турат. Аскар Акаев расмий жолугушуулардын биринде “Кыргыз-Түрк мамилелериндеги соода жана экономикалык кызматташтыкка канааттандыраарлык деген баасын берип, “Энтес Каналет”, “Импаш Холдинг” өңдүү ири түрк фирмаларынын курулуш тармагындагы ишмердиги, Бишкек-Ош кара жолунун салынышы, “Камбар Ата” 2 долбоору, Бишкекте супермаркет жана 5 жылдыздуу мейманкананын курулушу өңдүү долбоорлорго кызыккандыгы соода жана экономикалык байланыштардын деңгээлин көрсөтүп

турат” [Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги Архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845], - деген пикирин айткан.

“Импаш” супермаркетинде жана мейманкананын салынышында жер тилкеси чыр-чатактуу маселелерге алып келген. Мындай чыр-чатактардын бирден бир себеби болуп аталган ишканалар президенттин деңгээлинде иш-аракеттерин баштап, төмөнкү деңгээлдеги мамлекеттик органдардын процедураларын капарына албагандыгы саналат. Инвесторлордун пикири боюнча өкмөт жетекчилери берген сөзүнө турбайт деген көз караш жогорудагы абалды чагылдырып турат. Ал эми, ийгиликке жеткен ири компаниялардын иш-аракеттерин талдай турган болсок, укуктук процедураларда жекече мамилелерге эмес, уюмдук жана укуктук процедураларга толук маани бергендигин байкоого болот. Жогорку деңгээлдеги жетекчилердин берген сөздөрү бюрократиялык жана укуктук тоскоолдуктарга учурашы инвесторлордун да, Кыргызстан экономикасынын да имиджине терс таасирин тийгизген. Мындай абалдын бирден бир курмандыгы катары Импаш Холдинг тарабынан ишке ашырылган гипермаркет жана мейманкана куруу долбоорун атоого болот.

“Импаш Холдинг” гипермаркет жана мейманкана инвестициясы. Импаш Холдинг Кыргызстандын Президентинин чакыруусу менен инвестициялык иш-аракеттерин баштаган. 100 миллион АКШ долларына барабар инвеситиция менен ишкердигин баштаган холдинг 20 кабаттуу мейманкана жана гипермаркет үчүн жер тилкесин алуу маселесин чече албагандыктан, Бишкектеги инвестициялык иш-аркеттерин токтотууга аргасыз болгон. Качан гана маселени чечүүгө өкмөт киришкенде холдинг жөн гана пассивдүү маанайда күтүп турууга аргасыз болгон. Жер тилкеси боюнча маселенин чечилишине президенттин аппараты кийлигишсе дагы, бул маселе чечилбеген бойдон калган. “Ипмаш” Бишкек шаарында жайгашкан “Инструментальшик” стадионун гипермаркет жана мейманкана үчүн алып жатып, алдын ала терең изилдөө жүргүзгөн эмес, ошондой эле, өкмөт дагы стадионду сатууда бюрократиялык жана укуктук процедураларды эске алган эмес. “Импаш

холдингге” Кыргыз Республикасынын өкмөтүнөн жиберилген катта тиешелүү соттук процесстер толук бүтпөгөнү ачык көрүнүп турат [Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлиги Архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 2729].

Кыргыз Республикасы гипермаркет жана мейманкана курулушу боюнча жер тилкесинин берилиши жана тиешелүү документтердин толукталышы боюнча келип чыккан маселеден улам тынчсызданууда. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун жана чет элдик тике инвестициялар комитетинин маалыматтарына ылайык “Инструментальшик” стадионунун сатылышы боюнча абал азырынча толук чечиле элек [Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 2779]. Каттын мазмунунан көрүнүп тургандай, расмий процедура бүтпөй жатып курулушту баштоо Кыргызстандын саясый жетекчилигинин дагы, түрк ишканасынын дагы ишке этият мамиле жасабагандыгынан деп түшүнсөк болот.

“Импаш Холдинг” өзүнүн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги менен түзгөн келишиминин негизинде “Инструментальшик” стадионун сатып алган, бирок, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү менчиктештерүү комиссиясы бул келишимди мыйзамсыз деп таап, аны ишке ашырууга каршы чыккан. Маселе массалык маалымат каражаттары аркылуу элге жетип, коомдук терс пикирди да пайда кылган. Кыргыз Парламентинин күн тартибине келген бул маселе түрк ишканасы инвестициясын токтото турсун деген чечим менен жыйынтыкталган [Локтева, С. Ошибка исполнения, или Смерть инвесторам? Досье // “ВБ”. – 2000. – 17нояб.]. Вечерний Бишкек газетасынын журналисти С. Локтеванын: “Импаш Холдингдин” дүйнө жүзүндө ар кайсыл өлкөлөрдө 30дан ашуун заводдору, Түркия жана Европада 150 миңден ашуун акционерлери бар. Ушунчалык бай тажрыйбага ээ болуп туруп, Кыргызстандын мыйзамдарын карабастан, келишимге кол койдуңуздар”, - деген суроосуна “Импаш-Манас” генералдык директору Осман Йеген төмөндөгүдөй жооп кайтарган: “Адвокаттарыбыз келишимдин үстүндө эч кандай изилдөө кылган эмес. Келишимдин тексти Холдингдин борбордук жетекчилиги тарабынан даярдалган. Ички иштер министрлиги стадионду

колдонбоптур жана инвесторго сатууну чечкен. Биз мындан эч кандай проблема болот деп ойлогон эмеспиз” [Локтева, С. Ошибка исполнения, или Смерть инвесторам? Досье // “ВБ”. – 2000. – 17нояб.]. «Импаш” өңдүү ири холдинг гипермаркет жана мейманкана үчүн стадиондон башка жер таппай калганы, укуктук актыларды талдабай туруп, иш-аракетин баштап жиберүүсүн, албетте, түшүндүрүү татаал. Стадионду сатууда коррупцияга жол берилген деген пикирлер дагы бар [Локтева, С. Ошибка исполнения, или Смерть инвесторам? Досье // “ВБ”. – 2000. – 17нояб.].

Кыргызстандын өкмөтүнүн Импаш-Манас ишканасынын жетекчилери менен болгон үч жолку жолугушуудан эч кандай майнап чыккан эмес. Президент Аскар Акаевдин өкүлү баштаган делегация 2001-жылы 7-9-ноябрда Евразия Экономикалык форумунун алкагында Түркиядагы “Импаш холдингдин” башкаруу кеңеши менен жолугушууга жиберилген [Локтева, С. Ошибка исполнения, или Смерть инвесторам? Досье // “ВБ”. – 2000. – 17нояб.].

Долбоордун улантылышын көздөгөн Кыргыз Республикасынын Президенттик аппараты канчалык маселеге аралашып, аны оң жагына чечүүгө далалат кылганы менен стадиондун гипермаркет жана мейманканага айланышы коомдо тескери реакцияны пайда кылган жана парламенттин кийлигишүүсү менен долбоор токтотулууга мажбур болгон.

**«АК КЕМЕ – ПИНАРА” МЕЙМАНКАНА ЧЫР ЧАТАГЫ.** Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык байланыштарына залакасын тийгизген дагы бир ийгиликсиз долбоор “Ак-Кеме-Пинара” мейманканасы болуп саналат. Бул келишпестик төмөнкү 3 жактын ортосунда пайда болгон [Караңыз: Куренева В. – С. 6]:

1. Кыргыз Өкмөтүнүн атынан кепилдикти өз мойнуна алган Кыргыз Республикасынын каржы (финансы) Министирлиги;
2. “Систем Мухендислик Иншаат ве Тижарет А.Ш.” деп аталган жеке менчик түрк компаниясы;
3. Жоопкерчилиги чектелген уюм (ОсОО) болуп саналган “Отель “Ак-Кеме” деп аталган кыргыз-малазиялык мекемеси.

Келишимдин шарттары боюнча 1992-жылы Түркия Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын каржы Министирлигинин кепилдиги астында берилген мамлекеттик кредитти пайдалануу менен “Ак-Кеме” мейманканасын түрк фирмасы курууга тийиш эле. Ал эми азыр мейманкана ээси болуп жаткан Р. Сарымсаков долбоордун заказчиги гана болуп саналган.

1990-жылдардын башында Кыргызстанды туристтик өлкөгө айландыруу идеясы көптү үмүттөндүргөндүктөн, “Ак-Кеме” мейманканасы чет өлкөлүк туристтер менен бийик даражалуу коноктордү да кабыл алуу мүмкүн болгон имидждик гана эмес, өтө кирешелүү долбоор болуп саналган. Ушул себептен, “Ак-Кеме” мейманканасы Фехим Йениже жана анын уулдарына таандык болгон “Систем Мухендислик” фирмасынын бизнесмендеринин көңүлүн бура баштаса керек. “Вечерний Бишкек” газетасынын маалыматы боюнча 1999-жылы Ф. Йениженин үй-бүлөсү кыргыз чиновниктерине “биз мейманкананы анын курулушуна кеткен суммага (11, 5 млн АКШ долларына) барабар каржыга сатып алабыз. Түркия өкмөтү болсо кредитти кечип коет да, бизден алган акча силердин чөнтөктө калат. Мейманкана иштетүү жаатында биздин тажрыйба мол болгондуктан, мейманкананы иштетүүнүн эсебинен түшкөн салыктардын эсебинен биз силердин өлкөнүн экономикасын көтөрүүгө жардам беребиз”, - деген сунушту киргизишет. Кыргыз Республикасынын вице-премьер министри болуп турган Борис Силаев бул сунушту кабыл алат [Караңыз: Куренева В. – С. 6]. Мындан соң “Ак-Кеме” мейманканасы түрк тарапка өтүп, Ф. Йениженин компаниясы аны “Пинара” деп атай баштаган. Бирок, менчик ээсине айланган түрк тарап 1) мейманкананын курулушуна кеткен 11, 5 млн АКШ долларын төлөп берген эмес; 2) мейманкананы иштетүүдөн салык жана башка социалдык төлөмдөр түрүндө Кыргыз Республикасынын бюджетине бир да тыйын түшкөн эмес [Караңыз: Куренева В. – С. 6].

2005-жылы мейманкананы сатуу – сатып алуу келишими чындыкка жатпайт (недействительный) деп таанылат да, мейманкана мурдагы ээлерине, б.а. жоопкерчилиги чектелген уюм (ОсОО) болуп саналган “Отель “Ак-Кеме” мекемесине кайтарылып берилет. Түрк фирмасы бул аракетти рейдерлик

баскынчылык деп табат да, эл аралык арбитраждык сотко кайрылат. Кыргыз Республикасынын аймагында болуп өткөн баардык соттордо түрк тарап жеңилип калган. Мындан сырткары, 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Генералдык Прокуратурасы 1) 1990-жылдардын башында Түркия өкмөтү тарабынан Кыргызстанга берилген жеңилдетилген кредиттен 5 млн 92 миң АКШ доллар өлчөмүндөгү акча каражатын жеп алган; ошондой эле 2) акыркы 5 жылдан бери Кыргыз Республикасынын бюджетине салык төлөөдөн жана Социалдык фондуна социалдык төлөмдөрдү киргизүүдөн баш тарткан деген айыптар менен Фехим Йенижени кылмыш-жаза жоопкерчилигине тарткан. Бирок, Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда кылмыш-жаза чечимдерин аткаруу тууралуу атайын келишим болбогондуктан, жогорудагы чечим бүгүнкү күнгө чейин ишке ашкан эмес.

Кыргызстандагы соттордон утулуп калгандан кийин Ф. Йениже уулдары менен Кыргызстанды таштап кетет. Кыргызстан Интерпол линиясы боюнча ага издөө жарыялаган. Ф. Йениже уулдары менен инвестициялык талаштарды жөнгө салуу боюнча Эл аралык борборго Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн жазага тартуу өтүнүчү менен кайрылат. 2009-жылы Ф. Йениже дүйнө салып, анын уулдары соттук териштирүүлөрдү улантууда. Инвестициялык талаштарды жөнгө салуу боюнча Эл аралык борбору Кыргызстан түрк компаниясына 8 млн АКШ долларынын тегеретесиндеги чыгымды төлөп берсин деген чечим чыгарат. Мындан соң Кыргыз Республикасынын каржы (финансы) Министирлиги түрк тарапка мамлекеттик бюджеттин эсебинен эмес, мейманакана ээсинин эсебинен акча төлөп берүү керек деген чечимге келет. Мейманкананын азыркы ээси Р. Сарымсаков “Кыргыз Республикасынын каржы (финансы) Министирлиги шылуун (мошенник) атка конуп, эл аралык издөөдө жүргөн түрк компаниясы менен тымызын келишим түзүп алып, 11 млн АКШ доллары көлөмүндөгү карызды биздин моюнга илгени бекеринен эмес”, - деп билдирет [Караңыз: Куренева В. – С. 6].

Ошентип, “Ак-Кеме - Пинара” мейманканасында чыккан чатак төмөнкүдөй схемадан турат:

1. “Систем Мухендислик Иншаат ве Тижарет А.Ш.” деп аталган түрк компаниясы сот аркылуу 1990-жылдардын башында жеңилдетилген шарттарда Кыргызстанга берилген (жылына 8 % үстөк менен) 75 миллион АКШ доллары түрүндөгү түрк кредитин кайра кайтарып алууну көздөйт;

2. Өз мезгилинде Кыргыз Республикасынын каржы (финансы) Министирлиги Түркия Өкмөтү тарабынан убада кылынган 75 млн АКШ долларынан 50 млн АКШ долларын гана алып, аны “Ак-Кеме” мейманканасын курууга жумшаган. Ошол себептен, каржы Министирлиги болгон чыгашаны төлөп берүү жоопкерчилигин аталган мейманкананын менчик ээлерине оодарат;

3. Жоопкерчилиги чектелген уюм (ОсОО) болуп саналган “Ак-Кеме” мейманканасынын бүгүнкү күндө менчик ээси болгон Руслан Сарымсаков биз эч кимге карыз эмеспиз деп билдирет.

Азырынча чатактын натыйжасы аныксыз бойдон кала берүүдө.

**КОРРУПЦИЯ ЖАНА САЛЫКТЫК ТЕКШЕРҮҮЛӨР.** Кыргыз Республикасынын бажы жана салык кызматкерлеринин укук бузуулары расмий иш сапарлар учурунда күн тартибине чыга калып жүргөн маселелердин катарына кирет.

Түркиянын тышкы иштер министри И. Жем 2000-жылдын 13-июнунда Кыргыз Республикасынын Премьер-министри А. Муралиев менен жолугушуу отчетунда: “Исмаил Жем Кыргызстандын бажы жана салык кызматкерлери укук бузууларга барып жатканын, бул абал түрк ишкерлерине олуттуу тоскоолдук жаратып жатканын билдирген. Экономикалык мыйзамдар кагаз бетинде мыкты жазылганы менен практикадагы абал таптакыр башкача болуп жатканын айткан. А. Муралиев, өз кезегинде, мындай абалдан түрк ишкерлери гана эмес, жергиликтүү ишкерлер дагы жабыркап жатканын айтып, тиешелүү чаралар көрүлөөрүн билдирген [Кыргыз Республикасынын Тышкы иштерминистрлиги архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845].

Коррупция эки тараптуу экономикалык байланыштардын өркүндөнүшүнө олуттуу зыяндарды келтирүүдө. Тактап айтканда, расмий эмес

чыгымдардын жогорку деңгээли тобокелдикти жогорулатып, чет өлкөлүк инвесторлордун өлкөгө инвестиция салуудан баш тартуусуна алып келүүдө. Коррупция транспорттук чыгымдарды да өстүрүүдө. Натыйжада, транзиттик өлкөлөрдөгү коррупция менен текшерүүлөрдөгү кезек күтүүгө кеткен убакыт түрк товарларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүүдө. Мындан дагы маанилүүсү, коррупция инвестициялардын туруктуу мүнөздө жана жер жерлердеги өнүгүшүнө бөгөт коюп, экономиканын инвестицияга эмес, экспорт жана импортко негизделүүсүн мажбур кылууда. Натыйжада, экспортко чыккан товарлар чийки зат түрүндө сатылып, жумуш орундарын түзүүгө эч кандай салымын кошпой келет. Анын кесепетинен, чет элдик инесторлорго, анын ичинде, түрк ишкерлерине карата жагымсыз стереотип пайда болуп, Кыргызстандын экономикалык имиджине жана инвестициялык климатына доо келүүдө. Мындан тышкары орунсуз текшерүүлөр, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексин чет өлкөлүк ишкерлердин толук түшүнбөөсү сыяктуу факторлор да инвестицияларга терс таасирин тийгизүүдө.

**СОЦИАЛДЫК ЖАНА МАДАНИЙ МАСЕЛЕЛЕР.** Кыргызстан-Түркия ортосундагы эки тараптуу социалдык жана маданий байланыштар, негизинен, жакшы нукта өнүгүп бара жатканы менен бул багытта дагы бир катар көйгөйлүү маселелер массалык маалымат каражаттарында чагылдырылып келет. Изилдөөнүн бул бөлүгүндө жазма булактарда жана илимий жыйындарда, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында күн тартипке чыгып жүргөн маселелер талдоого алынат.

Социалдык-маданий багыттагы көйгөйлүү маселелердин эң башкысы болуп түрк жана кыргыз элдеринин алфавитинин ар башка болушу саналат. Эки өлкөнүн тили жакын болгону менен алфавити башка болгондуктан, жазуу булактарды окуп түшүнүү дээрлик мүмкүн эмес. Кыргызстанда дагы Өзбекстан жана Түркмөнстан сыяктуу латын тамгасына өтүү маселесин эгемендиктин алгачкы жылдарында катуу талкууланган, бирок, саясый жана демографиялык себептерден улам, бул демилге токтоп калган. 2000-2005-жылдар аралыгында Стамбулда «Азыркы түрк алфавити» аттуу симпозиумдар өткөрүлгөн. Аталган

илимий жыйындарда баардык түрк тилдүү элдер үчүн 34 тамгадан турган бирдей алфавит кабыл алынган [URL: http: // kmb3. kloop. Kg / index. Php / 2011 /01/18/latyn-grafikasyna-t-g-kandaj-karajsyz/ ].

Белгилүү болгондой, кыргыз тилинин тарыхында латын тамгасы 12 жыл колдонулган. Ал доордогу тилчилер кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнө эң жакын болгон латын тамгасын кыргыз тилинин морфологиялык, грамматикалык жана фонетикалык түзүлүшүнө ылайык даярдашкан. Биздин жеке пикирде, эгерде, 1928-жылы кабыл алынган латын тамгасынан марксистик идеологиянын аркасында 1940-жылы орус тамгасына шашып өтпөгөндө, кыргыз тили чыныгы адабий тил катары өнүгүп, термин деген проблема болмок эмес.

Аскар Акаев Түркияга жасаган алгачкы расмий иш сапарынан кийин берген пресс-конференцияда «тамгабызды латын тамгасына өткөрө турган болсок, дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрү менен байланыштарыбыз үчүн пайдалуу болмок» [Кыргыз ТАГ. Аскар Акаевдин пресс-Конференциясы. Азаттыктын наркы зор аны баалай билели. 1991], - деген пикирин айткан жана ушундан кийин бул маселе талкуулана баштаган. Ал тургай, кыргыз тилин латын тамгасына өткөрүү боюнча атайын илимий жыйын да болуп өткөн [URL: http://kmb3.kloop.kg/index.php/2011/01/18/latyn-grafikasyna-t-g-kandaj-karajsyz/].

Социалдык-маданий байланыштарда маанилүү көпүрө боло турган орток алфавит маселеси жакынкы мезгилде чечилиши татаал маселелердин катарында орун алууда. Бул багытта Түрк тилдүү мамлекеттер орток сөздөрдү түзүү максатында иштелип чыккан сөздүктөр бар, бирок, мындай жетишкендиктер мамлекеттик уюмдарга жана калкка толугу менен жеткен эмес. Алфавиттен тышкары эң маанилүү маселелердин бири кабыл алуудагы айырмачылык болуп саналат.

Эки өлкөдө «түрк» деген түшүнүктү кабыл алуу эки башка болгондуктан бул маселе дагы бир топ тоскоолдуктарды жаратып келет. Түркиядагы улутчулдар бардык түрк тилдүү элдерди түрк катары кабыл алса, Кыргызстандагы улутчулдар «Кыргыздар – кыргыз» деген пикирди

карманышат. Социалдык байланыштарда өзгөчө улутчулдук сезимдер биринчи планга чыккан учурларда бул абал маселелерди жаратып келүүдө.

Мындай абалды окумуштуу Марус төмөнкүчө жоромолдойт: “Ар бир өлкө өз тарыхын, маданиятын, баалуулуктарын, тилин жана улуттук баатырларын кайрадан карап чыгып улуттук кимдигин чыңдоонун аракетинде. Маркс жана Лениндин эстеликтеринин ордуна Манас, Тимур жана башка улуттук каармандардын айкелдери тургузулууда» деген пикирин айтса, дагы бир илимпоз Эфегил БА өлкөлөрү өздөрүнүн улуттук мамлекеттерин куруу процессине киргендигин жана жергиликтүү баалуулуктарды кармангандыктарын жазган [Marcus, A., 1994. – 17.Oct.], [URL: http://www.cria-online.org.].

Ошол себептен, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Түркиянын демилгеси менен көтөрүлгөн орток тил, тарых жана маданият тууралуу чакырыктар БА элдерин улуттук жана жергиликтүү саясаттан алыстатып жибермек. Бирок, буга карабастан, эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстан жана башка түрк тилдүү мамлекеттерде орток маданият жана тил түзүү боюнча талкуулар жүргөн. Кусейин Карасаев “Кыргыз Туусу” газетасына жарыялаган макаласында төмөндөгүдөй пикирин жазып калтырган: «Урматтуу окурмандар Түрк Атанын тилдерин жакындаталы. Бизде жок терминдерди башкалардан алалы. Башка түрк тилдүү элдер дагы ушул жолду кабыл алсын. …Башка Түрк элдеринен терминдерди кабыл алсак тилибиз байыйт» [Karasay Uulu H., 1992)]. Тилди жакындаштыруу боюнча интеллигенция тарабынан аткарылган иш-аракеттер жана сунуштар болгон менен улуттук мамлекетти түптөө процессинде тил менен байланышкан маселе экинчи планда калып келген.

Түрк тилдүү мамлекеттердин ортосунда орток тилди түзүү ыктымалдуулугу менен бирге Түркия баштаган бардык өлкөлөр башка өлкөлөрдөн термин алуу жана бирдей шартта орток термин базасын түзүү эркине ээ болушу зарыл. Учурдагы шарттар жана стеоротиптер бул оңой-олтоң иш эмес экенин көрсөтүп турат. Молдалиев «кансыз согуш» учурунда

Түркиянын ТАКУдо жана Кыргызстандын карама-каршы блокто болушу элдин аң-сезиминде душмандык сезимдерди орнотуп кеткенин божомолдойт [Молдалиев О. А., 2012].

Кыргызстандын Анкарадагы толук жана ыйгарым укуктуу элчилик кызматын өтөгөн М. Абылов (2009) Фергана Ньюс кабар агенттигине берген интервьюсунда кабыл алуу айырмачылыгы жана стеоротиптер боюнча төмөндөгүдөй көз карашын билдирген: "... кыргыздар жана түрктөр тарыхты эки башка кабыл алышууда жана бул өз кезегинде мамилелерге кедергисин тийгизген жок деп айтуу кыйын. Түркиянын эли кыргыз, казак, өзбек, түркмөн жана азерилердин баарын түрк катары кабыл алышат. Бирок, бардык бул элдер түрк тилдүү элдер гана болуп саналат. "Түрк" дагы - бул тилди колдонгон бир улуттун аты" [www.fergananews.com/articles/6375.].

М. Абылов байланыштарда жана жолугушууларда бул айырмачылык таасын байкалгандыгын, бири-бирибизди жакшылап тыңдабай эле өз көз карашыбызды таңуулап киргендиктен, өлкөлөрдүн жана элдердин ортосундагы байланыштарда мындай абал да бир катар тоскоолдук жаратып жатканын айткан. Ал, ошондой эле, өз элинин тарыхын эстен чыгарып коюу мүмкүн эместигин, кыргыздар кыргыз эле бойдон калууну каалары билдирген. Давутоглу (2013) башка тармактардагы инфраструктураларды калыптандыруу менен бирге интеллектуалдык инфраструктураны калыптандыруу зарылдыгын да белгилейт. Мындай инфраструктура маселелерди чечүүнү жеңилдетерине ишенет.

Ар башка кабыл алуу менен катар терс имидж пайда кылган дагы бир топ көйгөйлүү маселелер дагы бар. Расмий жана расмий эмес жыйындарда орток маданият жана баалуулуктарга жасалган шилтемелер эл арасында оң имиджди пайда кылат. Бирок, коомдогу терс көрүнүштөр терс таасирлерге алып келген учурлар көп кездешет. Жөнөкөй эле саламдашуу салтындагы айырмачылыктарды туура эмес кабыл алуу да түшүнбөстүктөргө алып келиши мүмкүн. Мисалы, түрк ишкери кол астындагы жумушчуларына салам бербегендиги жумушчулар арасындагы терс таасирди жаратаары ырас. Мындан

тышкары, түрк жаранынын Кыргызстандын атуулуна кол көтөрүшү өңдүү көрүнүштөр, албетте, коомдогу терс пикирдин жаралуусун шарттайт. Массалык маалымат каражаттары аркылуу калктын калың катмарына тараган мындай окуялардан улам эл арасында түрктөр тууралуу терс имидж пайда болууда. Ошол себептен, Кыргызстандын элинин көзүндө Түркия жана түрктөрдүн имиджи төмөн экенин жашырууга болбойт. Мындай терс имидждин калыптанышына Түркиянын кээ бир атуулдары менен катар экономикалык себептер дагы болушу мүмкүн.

Белгилүү болгондой, Кыргызстанда чарба жүргүзүп жаткан түрк ишканалары, негизинен, чакан жана орто ишканалар болгондуктан, жергиликтүү ишканалар менен атаандаштыкта иш алып барышууда. Бул маселе өз алдынча изилденүүгө тийиш болгон темага кирет.

Кыргызстан менен Түркия ортосундагы билим берүү багытындагы кызматташтык башка тармактарга салыштырмалуу бийик деңгээлде болгону менен кээ бир структуралык жана экономикалык маселелер дагы жок эмес. Бул маселелер катары менен, так жана толук эмес кызматташтык келишимдери, докторантурага баргандардын илимий даражасын эки өлкөдө бирдей таануу маселеси, окуу жайды таштап, бүтүрө албай калган студенттердин болушун көрсөтүүгө болот. Кызматташтык келишимдери кыска мөөнөттө, толук талдоого алынбастан, даярдалып, кол коюлгандыктан, аларды ишке ашырууда бир катар көйгөйлүү маселелерге жол ачууда. Учуру келгенде келишимдерди өзгөртүү аракети көрүлгөнү менен кээ бир түшүнбөстүктөр жаралып, эки өлкө тең кайсыл бир тараптардын сын пикирине кабылууда. Мисал катары кыргыз-түрк “Манас” университети жана Түркиядан доктор даражасын алган Кыргызстандын атуулдарынын абалын көрсөтүүгө болот.

1995-жылдын 30-сентябрында Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда кол коюлган келишимге ылайык Бишкек шаарында кыргыз-түрк “Манас” университетин куруу чечими кабыл алынган, ошол эле жылы бул келишим эки өлкөнүн парламенттери тарабынан ратификацияланган [T.C. Resmi Gazete, 23 Haziran 1996, Sayı: 22675].

Түркия 1992-жылдан тартып КМШ өлкөлөрүнөн келген студенттерге бюджеттик негизде окуу орундарын сунуштап келет. Бакалавр студенттери үчүн айына 270 лира (болжол менен 150 АКШ доллары), магистрлер үчүн 340 лира, докторантурадагылар үчүн 400 лира стипендия берилет. Мындан тышкары, өкмөт кийим-кечек үчүн 160 лира жана китеп-кагаз үчүн 180 лира чейин төлөмдөрдү жүргүзүп келүүдө. 7500 дөй мүчөсү бар чет элдик студенттердин коому стипендиянын көлөмүн эң аз дегенде 373 лирага чейин жогорулатуу талаптарын Өкмөт башчысына, Билим берүү министрлигине, Жогорку билим берүү уюмуна жиберишкен. Тышкы иштер министри болуп турганда Абдуллах Гүл стипендиянын көлөмү 450 лира болот деген сөз берген, бирок бул ишке ашкан эмес. Стипендиядан тышкары Кыргызстандан барган студенттерге бекер виза, саламаттыкты сактоо камсыздандырылуусу жана жатакана мүмкүнчүлүктөрү берилет [Ergin&Turk,2010.– Б.37.]. Кыргызстандык студенттердин маселелери президент Алмазбек Атамбаевдин жана прьемер-министр Өмүрбек Бабановдун Түркияга жасаган иш сапарында күн тартибине кирген [URL: www.kyrgyzstan.org .tr.]. Бул программаларга байланыштуу окуу жайды бүтүрө албай таштап кеткен студенттердин абалы дагы бир кыйла көйгөйлүү маселе болуп саналат.

Ошондой эле Түркияга келген студенттердин кайрадан өлкөлөрүнө кайтып барбагандыгы болуп саналат. Себеби, бүтүрүп баргандар өз өлкөлөрүндө көптөгөн көйгөйлүү маселелерге дуушар болууда. Кыргызстанда жана Түркияда докторантура багытында билим берүү системасы бири-биринен кескин айырмалангандыктан, өзгөчө, докторантураны бүтүргөндөрдүн илимий даражасы өз өлкөсүндө таанылбагандыгы да чоң маселени жаратууда.

Жыйынтыктай турган болсок,

- Жыйырма жылдан ашуун уланып келе жаткан экономикалык байланыштар аймактык масштабдагы экономикалык интеграциянын жоктугу, транспорт жана материалдык инфраструктуранын чабалдыгы, инвестициялар боюнча келип чыккан келишпестиктер, коррупция өңдүү маселелерден улам тиешелүү деңгээлге чыга албай келет. Сөз болгон көйгөйлүү маселелерден улам

эки өлкөнүн элинде, мамлекеттик уюмдарында жана парламенттеринде бири-бирине карата ишенимдин төмөндөшүнө алып келүүдө. Экономикалык байланыштар башка бардык тармактарга түздөн-түз таасир бергендиктен, жогоруда каралган маселелердин өз убагында жана укуктук нормалардын чегинде чечилиши эбегейсиз зор мааниге ээ болуп саналат.

- «Түрктөр» («турки») жана «түрк тилдүү башка элдер» («тюрки») деп аталган түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды ажырата билбөөчүлүктөн улам эки өлкөдө “түрк” деген түшүнүктү кабыл алуу эки башка болуп, бул маселе дагы бир топ тоскоолдуктарды жаратып келүүдө. Түркиядагы улутчулдар бардык түрк тилдүү элдерди түрк катары кабыл алса, Кыргызстандагы улутчулдар «кыргыздар түрк эмес, алар кыргыз гана болуп саналат» деген пикирди карманышат. Улутчулдук сезимдер биринчи планга чыккан учурларда социалдык байланыштардагы бул абал да бир катар көйгөйлүү маселелерди жаратып келүүдө. Бул болсо Түркия жана түрк тилдүү мамлекеттер арасындагы орток тил, тарых жана маданият менен байланышкан зарылдыкты шарттоодо.

- Алгачкы жылдарда алмашуу программасы менен барган студенттердин жарымынын тандоосу ийгиликсиздикке алып келген. Мындай абалдын негизги себеби жиберилгендерди тандоодо кетирилген катачылыктар болушу мүмкүн. Анткени, барган студенттер чет өлкөдө билим ала тургандай деңгээлде болгон эмес деген тыянак чыгарсак болот. Түркиялык ишканалар Кыргызстанга салыштырмалуу эмгек акыны жогорку деңгээлде төлөгөндүктөн, кээ бир студенттер окуу жайларды таштап, туризм тармагында эмгектенүүнү туура табышкан. Мындай проблемалар Кыргызстанга келген түрк студенттерге дагы тиешелүү.

## § 2. Кыргызстан жана Түркия: өз ара алакалардын келечеги

**ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕР ОРТОСУНДАГЫ ИНТЕГРАЦИЯНЫН КЕЛЕЧЕГИ.** Кыргызстан менен Түркия бири-биринен абдан алыс жайгашкан мамлекеттер болгондуктан, Кыргызстанда деңиз жолунун жоктугундугунан Түркиянын БА жана Кавказ аймактары менен экономикалык интеграцияны калыптындырууга демилгечи болуусун шарттайт. Бирок, диссертациянын башталыш бөлүктөрүндө Орусия баштаган глобалдык күчтөрдүн БА менен Кавказ артындагы түрк тилдүү мамлекеттерге байланышкан саясаты абдан маанилүү болуп саналаарын бир нече жолу басым жасоо менен айттык. Орусия колдоого албаганын эске ала турган болсок, БА менен Кавказиядагы түрк тилдүү мамлекеттердин Түркиянын жетекчилиги астындагы интеграциясын элестетүү эч мүмкүн эмес. Ошол себептен, Орусияны саясый өнөктөш кылууну артык көргөн БА менен Кавказияга карата жасаган саясый жүрүштөрү ийгиликсиз болуп калгандан кийин Түркия бул чөлкөмдөргө карата бир кыйла солгун мамиле жасай баштаганын байкаган орус тилдүү изилдөөчү М. Калишевский Түркиянын түрк тилдүү мамлекеттер менен кол койгон келишимдери кагаз бетинде гана калып жаткандыгын белгилейт [URL:www.arunion.info/news/tjurkskoe_edinstvo_protiv_evrazijskogo_sojuza/2012-10-14-1514]. Ал түрк тилдүү мамлекет башчыларынын туруктуу түрдө өткөрүлбөй келе жаткан жыйындарын мисал келтирип, Түркия Европа биримдигине кирүүнү приоритеттүү максат кылгандыктан, БА чөлкөмү экинчи планда калгандыгын, Өзбекстан БАда лидер болууну көздөгөндүктөн, интеграция процессине кошулбай тургандыгын жазат. Р. С. Терехов дагы аймактык интеграция боюнча түрк курултайы да кагаз бетинде калганын аны ишке ашыра турган уюм болбогондугу менен түшүндүрөт [URL: http://www.topreferat.znate.ru/docs/index-23013.html?page=125]. К. Токаев болсо Тургат Өзалдын демилгеси менен түптөлгөн “Түрк өнүгүү банкы” жана түрк

орток рыногу долбоорлору 1992-жылдагы жолугушууда эле ишке ашпагандыгын жазат [Токаев, К., 1997. – С. 500.].

Түркиянын жетекчилиги астында БА жана Кавказ аймагындагы түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы төмөнкү жагдайлардан улам ишке ашуусу оңой-олтоң иш эмес экени көрүнүп турат:

- Кавказ артындагы (Закавказье) чөлкөмдөгү Азербайжан менен Арменияныn ортосундагы Тоолуу Карабах маселеси;
- Түркмөнстан менен Азербайжандын ортосундагы Каспий деңизине байланыштуу келишпестик;
- Түркия менен Ирандын ортосундагы аймактык атаандаштык;
- Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек ара маселелери.

Тоолуу Карабах маселеси түрк тилдүү мамлекеттердин экономикалык интеграциясына тоскоол болгон негизги маселе экени Түрк консейининин чечимдеринде чагылдырылган. Айтсак, 2010-жылы Стамбулда өткөн Түрк консейинин жыйынтык билдирүүсүнүн мазмуну төмөндөгүдөй: “Түштүк Кавказиядагы туруктуулук маселеси менен аймактык интеграцияга жолтоо болуп жаткан көйгөйлөрдүн бири Армения менен Азербайжандын ортосундагы Тоолуу Карабах болуп саналат. Бул маселени чечүүдө Азербайжандын эгемендигин, чек араларынын бүтүндүгүн эске алуу жана ошондой эле маселени тынчтык жолу менен чечүүгө маани берүү зарылдыгы жазылат. Бул маселенин оң жагына чечилиши Евразия аймагындагы тынчтыкка, туруктуулукка жана жашоо деңгээлинин жогорулоосуна алып келээрине ишенгендик билдирилген [URL: www.mfa.gov.tr.].

Эми Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы экономикалык жана соода байланыштары тууралуу айта турган болсок, анда эки мамлекет ортосундагы алаканы жаңы деңгээлге алып чыгуу үчүн БА чөлкөмүндөгү аймактык экономикалык интеграциянын болушу зарыл шарт. Мындан тышкары, темир жана кара жолдорун куруу долбоорлорун ыкчамдатып ишке ашыруу керек. Диссертациялык иштин жогорку бөлүгүндө айтылгандай, кээ бир изилдөөчүлөр түрк тилдүү мамлекеттердин ортосунда маалыматтык

платформа түзүү үчүн түрк тилин орток тил катары колдонуу зарылдыгын айтканы менен [URL: http://www.mekam.org. ] бул иш-чара бардык маселелерди чечпей тургандыгы анык жана анын реалдуу эмес экендиги айтпаса да түшүнүктүү.

Постсоветтик геосаясый мейкиндиктин изилдөөчүлөрү Советтер Союзунун кулашы менен ички жана тышкы күчтөрдүн ортосунда саясый, экономикалык, диний, маданий, геосаясый ж.б. таасир көрсөтүү аракети күч алгандыгын баса белгилеп келишкенин мурдагы баптарда айттык. Акыркы жыйырма жыл ичинде аталган эки боордош мамлекеттин аймагында толук экономикалык интеграция ишке ашпай, чек ара маселелери, суу ресурстарына жана башка маселелерге байланыштуу пикир келишпестиктер орун алып келүүдө.

Түркия БА, анын ичинде, Кыргызстан менен болгон байланыштарында аймактагы ички интеграцияга чоң маани берип келет. Анткени, Түркиянын Чыгыш менен Батыштын ортосундагы геосаясый жана геоэкономикалык көпүрө боло алуу дарамети жана өз мамлекетинин кепилдикке алынган коопсуздугу Кавказ жана БА чөлкөмдөрүндөгү интеграциядан көз каранды болуп саналат. Ошол себептен, Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы расмий жыйындар жана келишимдерде интеграцияга көп орун берилгендиги бекеринен эмес [Бейбутова, Р., 2012].

Эки тараптуу келишимдердин ичинен эң маанилүүсү болуп саналган “Түбөлүк достук” келишиминин 10-беренесинде “Тараптар БА жана өзгөчө түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты жандандырууга колдоо көрсөтөт” [Кыргыз Респупликасынын Президентинин архиви Д.17-13 Т.1. Ф1.Оп1. 957], - деп жазылган. Архивдик материалдар көрсөткөндөй, аймактык интеграцияга Түркия менен катар Кыргызстан дагы терең маани берет. Түркия Республикасынын тышкы иштер министри Исмаил Жемдин 2001-жылы Кыргызстанга жасаган расмий иш сапары учурунда ал Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев менен жолугуп, аймактык интеграция маселеси талкууланган. А. Акаев өз сөзүндө БАда аймактык интеграция боюнча

бир катар барьерлердин бар экенин жана бул барьерлер аймактагы кызматташтыкты жалпы жонунан басаңдатып жатканын айткан [Кыргыз Республикасынын Тышкы иштерминистрлиги архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845.]. Жолугушууда башка жол жоктугуна байланыштуу Кыргызстан үчүн биринчи кезекте Казакстан жана Өзбекстан менен тез арада интеграцияга баруу зарыл экени айтылган.

Интеграция маселеси аймактык уюмдардын алкагында ишке аша турганын эске алсак, уюмдарга мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы атаандаштык жана келишпестиктер дароо чечиле калчу маселе эмес экени ачык. БАнын интеграциясында Түркиянын мааниси зор экенин баса белгилеген экономикалык кызматташтыктын жыйынына Түркиядан мамлекеттик министр Мехмет Кечежилер катышкан [Кыргыз Республикасынын Тышкы иштерминистрлиги архиви Ф. 1. Оп. 1. Д. 1845.]. Тилекке каршы, жогоруда белгиленген ар кандай объективдүү жана субъективдүү жагдайлардан улам Түркия бул уюмдун жыйындарына үзгүлтүксүз кызыгуу менен мамиле кылбагындыгы белгилүү.

**КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ: САЯСИЙ-СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНӨК-ТӨШТҮКТҮН КЕЛЕЧЕГИ.** Эгемендик жылдар аралыгында Кыргызстандын тышкы саясаты көп векторлуу мүнөзгө ээ болуп келгенин дагы бир жолу баса белгилөөгө болот. Республиканын тышкы саясый векторлоруна айрым саясатчылар менен катар эле өлкөнүн географиялык жайгашкан орду да олуттуу таасирин тийгизип жатканы талашсыз. Тактап айтканда, Кыргызстандын географиялык жайгашкан орду тышкы саясатты жана ички саясатты иштеп чыккандарга түздөн-түз таасир берүүчү фактор болуп саналат. Бул өңүттөн алганда Кыргызстандын тышкы саясатына анын коңшулары, жакын жайгашкан күчтөр жана глобалдык күчтөр менен болгон байланыштар үч тараптуу таасирин тийгизип келген. Бул таасирлер Кыргыз Республикасынын тышкы саясатта төмөнкүлөрдү эске алуусун шарттайт:

Биринчиден, Кыргызстан тышкы саясатты иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда коңшу өлкөлөрдүн саясый жана геосаясый багыттарын эске алууга

аргасыз. Кытай, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан мамлекеттеринин тышкы саясаттагы багыттары Кыргызстанга түздөн-түз таасир берүү күчүнө ээ. Алардын ичинде заманбап дүйнөдөгү бирден бир глобалдык күчкө айланып бара жаткан Кытай Эл Республикасы Кыргызстандын тышкы саясаты үчүн чечүүчү таасирге ээ.

Экинчиден, аймактагы жакынкы күчтөр катары Орусия, Индия, Иран жана Түркия дагы Кыргызстандын көп векторлуу тышкы саясатын аныктоочу күчтөрдүн катарына кирет. БА чөлкөмү үчүн өтө таасирдүү күч жана ошол эле учурда Кыргызстандын тышкы саясатында өзгөчө орду бар, мааниси зор болгон тарыхый, социалдык-экономикалык күч катары Орусияны атоо мыйзамченемдүү нерсе экени талашсыз.

Үчүнчүдөн, АКШ, Кытай, Еврошериктештиги өңдүү глобалдык күчтөр дагы Кыргызстандын тышкы саясатынын калыптанышында чечүүчү ролду ойноору жашыруун эмес.

Жалпылап айтканда, жогорудагы үч фактор Кыргызстандын тышкы саясатынын көп векторлуу багытта өнүгүшүн шарттаган десек жаңылыштык болбойт.

Постсоветтик Кыргызстан Орусия, Кытай, АКШ өңдүү глобалдык күчтөр, ошондой эле Түркия, Иран, Индия, Түштүк Корея сыяктуу аймактык күчтөр менен болгон байланыштарын тең салмактуу улантып келүүдө. Кыргызстандын тең салмактуу саясатынын негизинде Америка Кошмо Штаттары менен ОФнын аскердик базалары алакандай өлкөдө бири-биринен 60 км узактыктагы аралыкта жайгашып, дүйнө жүзүндөгү прецендентсиз алгачкы үлгүлөрдөн болуп калды. Бул жагынан алганда кыргыз мамлекетинин ички саясатында Американын базасын өлкөдөн чыгаруу маселеси талкууланып келсе дагы, Кыргызстан тең салмактуу саясатты ийкемдүү деңгээлде жүргүзүп келе жаткан өлкөлөрдүн катарында болуп саналат. Орто деңгээлдеги өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстандын көп векторлуу саясатында аймактык күч катары Түркиянын өзгөчө орду бар. Түркия да 1990-жылдан кийин тышкы саясатында

БАдагы жана дүйнө жүзүндөгү түрк тилдүү мамлекеттер менен тең салмактуу саясат жүргүзүүнү алдыңкы планга койгон.

Бир катар бөгөттөргө кездешкенине карабастан, Түркиянын эл аралык аренадагы абалы көп жолу чыңдалып, өлкө ал бөгөттөрдү ишенимдүү багынта алган. Өзгөчө мындай ишенимдүүлүк акыркы мезгилдерде, башкача айтканда, «Стратегиялуу тереңдик» деп аталган эмгектин автору жана Түркиянын заманбап тышкы саясый доктринасынын чыгаан идеологу Ахмет Давутоглу Түркиянын тышкы иштер министри кызматына дайындалгандан тарта бир кыйла байкалаарлык мүнөзгө ээ. Түркия өз таасирин Осман Империясы учурунда да салттуу калыптанган чөлкөмдө гана эмес, андан сырткары аймактарга да жайылтып, акырындык менен глобалдык масштабдагы саясый оюнчуга айланган. Президент А. Гүл, премьер-министр Р. Т. Эрдоган, тышкы иштер министри А. Давутоглу сыяктуу түрк лидерлери эл аралык ареналарда (анын ичинде Жакынкы Чыгышта) алардын сиңирген эмгенинин символу катары бааланган ар кандай престиждүү титулдар менен наамдарга ээ болуп жатышы кокусунан эмес. Акыркы жылдары таасирлүү эл аралык уюмдарда да түрк өкүлдөрү жогорку кызматтарды арбын ээлеп бара жаткандыгын да белгилеп кетүүгө болот. Жалпы жонунан, түрк «үнү» уламдан улам «таасын жана ишенимдүү» чыгып, эл аралык аренада өзүнө көңүлдү уламдан улам бурдурууда.

Айтылгандарга байланыштуу кийинки кездерде Түркиянын тышкы саясатында айрым өзгөрүүлөр байкалат. Айтсак, айрым маселелер боюнча Түркия АКШ жана Еврошериктештиги менен олуттуу пикир келишпөөчүлүккө барса, Орусия менен бир кыйла жакындашуу үстүндө. Мисалы, 2013-жылдын апрелинде Түркия Шанхай кызматташтыгынын уюмунда (ШОС) диалогдош өнөктөш (партнер по диалогу) деген статуска ээ болгон. Ошондой болсо да, Түркиянын тышкы иштер министри Ахмет Давутоглу Түркиянын Шанхай кызматташтыгынын уюму (ШОС) менен болгон кызматташтыгы анын Еврошериктештиктеги мүчөлүгүнө альтернатива жарата албайт деп билдирген [URL: http://www.haber.gazetevatan.com/sio-alternatif-degildir/533849/1/gundem].

Мындай геосаясый маневрду Түркия эл аралык аренада бир кыйла көз каранды эмес роль ойноого умтулуусу катары кароого болот. АКШнын мамлекеттик департаментинин пресс кызматынын башчысы В. Нуланд айымдын пикири боюнча ТАКУ блогуна мүчө болуп саналган Түркиянын Шанхай кызматташтыгынын уюмуна (ШОС) кошулуусу акылга сыярлык иш эмес. Анын үстүнө, Түркияны диалогдош өнөктөш катары Шанхай кызматташтыгынын уюмуна (ШОС) кабыл алуу бул уюмга катышкан мамлекеттер тарабынан кандайдыр бир саясый шарттарды аткарууга мажбурлабайт. Бул болсо Анкаранын чөлкөмдүк жана кадыр-барктуу держава катары өз алдынчалуулугун дагы бир ирет ырастайт.

Айтылгандардан, түрк саясатчылары перспективалуу келечек Азияга таандык, ал эми ШОС уюмунун чегиндеги активдүүлүк түрк товарларын сатуу үчүн жаңы рынокторду ээлөөгө жана жаңы энерго-транспорттук долбоорлорго катышууга мүмкүндүк берээрин ачык-айкын түшүнө баштады деген корутундуга келүүгө болот.

Азия-Тынч океан чөлкөмү (АТР) жана Евразия менен алакалашуу ишинде Түркия өзүнө медиатордун ролун алууга далалат кылып жатат. Бирок, орто мөөнөттүү келечекте Түркия ШОС уюмунун толук кандуу мүчөсү боло калаары аз ыктымалдуу. Түркиянын бул уюмга мүчө болуусуна Өзбекстан, ошондой эле ШОСко байкоочу катары катышып жаткан Индия менен Иран сөзсүз түрдө каршы чыгаары шексиз. Ошондой эле БА мамлекеттери Түркияны АКШ менен Евросериктештиктин кызыкчылыктарын ишке ашырган далдалчы же ортомчу деп түшүнүшөт. Буга төмөнкү маселелер боюнча Түркиянын ээлеген позициясы айкын күбө:

1. Орусия менен Кытайдын БАдагы таасирин начарлатуу;
2. Орусияга караганда АКШ менен Евросериктештикке майдай жаккан «Түрк союзу» деп аталган геосаясый долбоор.

Эксперт К. Маликов адилет белгилегендей, европалык жана ислам маданияттарынын синтези Түркияга ислам дүйнөсүнө жана жалпы эле Батыштын ортосуна көпүрө болууга, ошондой эле бейдиний (светтик) бийликти

сактап калууга умтулса да, калкынын арасында ислам дининин таасири уламдан улам жогорулап бара жаткан жана демократизация процесстерине терең чалдыккан БА мамлекеттери үчүн жаркыраган витринанын ролун ойноого мүмкүндүктөрдү берет. Бул жаатта Түркиянын тикелей таасиринин астында түркиялык саясый моделге окшош түзүмгө ээ Кыргызстан да коңшу мамлекеттер үчүн Борбордук Азиядагы жаркыраган витринанын ролун ойноого аргасыз болот [Мураталиева, З. Взаимодействие Турции и Кыргызстана: геополитичсеский аспект // Специально для “Prudent Solutions”].

**КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ: ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШ-ТЫКТЫН КЕЛЕЧЕГИ.** Ар кандай баалоолор боюнча өз алдына «хайтектүү», башкача айтканда, бийик технологиялуу же «ресурстарга мол» жана ушул эки сапатты өз ара жуурулуштурган өлкөлөрдү гана өткөрүп, экономикасы боюнча Түркия дүйнөдөгү мамлекеттердин ичинен он бешинчи – он жетинчи орунда турат [URL: http://www.en.wikipedia.org/wiki/List_of_countries_by_GDP_(PPP).]. Албетте, табигый ресурстарга анча бай эмес жана технологиялык өнүгүүсү орточо болгон өлкө үчүн мындай көрсөткүчтү ийгилик деп атоого болот [URL: www. iso. org. tr/tr/web/statiksayfalar/index.aspx]. Анын үстүнө, Түркиянын экономикалык өнүгүүсү Кытайды гана алдына өткөрүп, «аномалдуу» бийик темптери менен айырмаланат [URL: www. iso. org. Tr / tr / web / statiksayfalar / index.aspx]. Экономикадагы түрк феноменинин тамырлары катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

- Өлкөнүн өнүгүшүнүн тиги же бул өңүттөрүн аныктаган бардык стратегиялык документтер боюнча Түркия өзүнүн конкуренттик (атаандаштык) артыкчылыктарын так жана даана аныктай алган да, аны эффективдүү пайдалана билген (башкача айтканда, өз алдына койгон максаттарды ишке ашырууда Түркия көшөргөн мүнөзү жана ырааттуу аракети менен өзгөчөлөнгөн).
- Түркия «керектүү убакытта керектүү жерде» болгон деп айтсак болот. СССРдин кулоосу, анын экономикасынын толук түрдө талкалануусу, анын курамына кирген республикалардын эгемендүүлүктү алуусу, алардын

товар сатып алууга болгон чексиз мүмкүндүктөрү түрк өндүрүшчүлөрүнө тарыхта чанда кездешчү сейрек мүмкүндү берген десек жаңылышпайбыз. Тактап айтканда, СССР аймагындагы геосаясый, саясый жана экономикалык трансформация Түркиянын өнөр жайы, анын ичинде кичи жана орто бизнес тез арада көтөрүлүп кетүүсүнө негиз болуп калып, бул мүмкүндүк түрк ишкерлери тарабынан толук кандуу пайдаланылган.

Мындай жагымдуу шарттардын натыйжасында Түркия индустриализация чөйрөсүндө зор ийгиликтерге жетишкен. Айтсак, XX кылымдын 80-жылдарында Түркияда болгону 12 уюмдашкан өнөр жай зонасы болсо, бүгүн алардын саны 150дөн ашык. Түрк өндүрүшчүлөрү дүйнөлүк рыноктордо ишенимдүү орун-очок алып калышты. Чет өлкөлөрдөгү түрк жеке секторунун инвестициялары 20 млрд АКШ доллары өлчөмүндө бааланат. Мында кеп «Стамбулга» эле эмес, өлкөнүн башка шаарларына да таандык болгон кичи жана орто бизнес жөнүндө болууда. Изилдөөчүлөрдүн маалыматы боюнча ислам дүйнөсүнө таандык 100 ири компаниялардын 24ү түрктөргө таандык. Эгер «мунай менен газды эсепке албай турган болсок», анда ислам дүйнөсүндөгү 10 ири компаниянын 8и түрктөрдүкү болуп саналат. Европалык рынокторго текстиль өндүрүмүн (продукцияларын), автомобилдерди, телевизорлоду жана тиричилик техникасын сатууда да Түркия лидерлик позицияны ээлейт [Erdal Bahçıvan, İstanbul Sanayi Odası Meclis Başkanı.].

Жогоруда аталган сейрек мүмкүндүктү туура жана эффективдүү пайдалана билүүнүн натыйжасында 1990-жылдардын 2-жарымында жана 2000-жылдарда бүткүл дүйнөлүк масштабда болуп өткөн экономикалык кризистерден түрк экономикасы «азыраак кан төгүп» жапа чексе да, «ийкемдүүлүк жана туруктуулук» маселесиндеги сынактан эч кыйынчылыксыз өтүп кете алды [Erdal Bahçıvan, İstanbul Sanayi Odası Meclis Başkanı.]. 2009-2010-жылдардагы кризистин терс кесепеттери (ВВПнын ылдыйлоосу, инфляциянын өсүшү, экспорттун кыскарышы, өнөр жай өндүрүмүнүн төмөндөөсү, жумушсуздук проблемасынын курчушу) толугу менен оң жагына чечилип, өзүнүн макроэкономикалык көрсөткүчтөрү боюнча Түркия кризиске

чейинки деңгээлге кайра кайрылып келе жатат жана экономикалык өсүш жогору карай жолго түшөт деген терең ишенич бар.

2009-жылдын аягында Түркиянын калкынын саны 72 млн адамдан ашкан жана өлкөнүн демографиялык көрсөткүчү жылдан жылга өсүп бара жатат. Калкынын саны өздөрүнө карата өтө көп, төрөлүү темптери жогору жана эмгекке жөндөмдүү жаштардын саны арбын болгон Түркияны жеп алгандан калкы карып, төрөлүүсү эң төмөн болгон Еврошериктештиктин ашказаны иштебей калаарын түшүнгөн айрым европалыктардын Түркиянын Еврошериктештикке ыктымалдуу киришинен чочулашы бекеринен эмес [Албетте, бул жерже бул көйгөйдүн маданий, диний ж.б.өңүттөрүнө кенен токтолгон жокпуз.]. Адилеттик жана өнүгүү партиясынын социалдык жана арзан турак-жай, түрк үй-бүлөлөрүнө карата мурункудай үч эмес, беш балалуу болуу чакырыктары менен коштолгон саясатына ылайык географиялык алган орду менен катар эле жаш жана эмгекке жарамдуу калкты Түркиянын «табигый» конкуренттик (атаандаштык) артыкчылыктарынын бирине айлантууда.

Түркияда жашоо стандарттары ишенимдүү өсүүдө. Өлкөдө орто таптын чоң катмары бар. Мындан сырткары, Түркия коомдук керектөөнүн аракеттеги модели катары киреше деңгээлинин кеңири диапазондоруна ээ керектөөчүлөргө товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн чоң спектрин сунуш кыла алат. Керектөө корзинасы туруктуу түрдө өсүүдө. Диверсифицирленген керектөө коомдун өнүккөндүгү менен, кандайдыр бир деңгээлде, анын келечектеги өнүгүүсүн аныктоочу «лакмус кагазы» болуп саналгандыктан, керектөө корзинасынын өсүшүн да ийгиликтүү экономиканын көрсөткүчү деп бааласак болот.

Өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн перспективаларын төмөнкүчө жыйынтыктоого болот: Түрк Республикасынын 100 жылдык юбилейине, башкача айтканда, 2023-жылга карата дүйнөдөгү эң өнүккөн он мамлекеттин катарына кирүү. Бул жерде өлкөнүн премьер-министри Р. Т. Эрдогандын төмөнкү сөздөрүнө токтолуу максатка ылайыктуу деген пикирдебиз: «2023-

жылы эл аралык аренада Түркия өтө эффективдүү жана таасирдүү өлкөгө айланат, ал коңшу мамлекеттер менен болгон өз алакаларын максимум абалына чейин жакшыртат, өлкөбүздө дүйнөлүк ири экономикалардын ондугуна кирүү мүмкүндүгү жаралат. 2023-жылы Түркиянын калкынын саны 82 млн адам болот, ар бир жанга эсептегенде ВВП 25 миң АКШ долларын түзүүсү тийиш болсо, экспорт 500 млрд жана суммардык тышкы соода 1 триллион АКШ долларын түзмөкчү» [TEBAnews 1492 – 3 January 2011. 2011 Central Administration Budget Ratified in the Parliament]. Жалпы жонунан, түрк коомунда өлкөнүн сегизинчи президенти Тургут Өзалдын эгер Түркия өз энчисине берилген шансты туура пайдаланса, анда XXI кылым Түркиянын кылымы болууга тийиш деген пикири ооздон түшпөй келет. Айрым аналитиктер да бул шансты «миң жылдык» деп атап келишүүдө.

Дегеле, Түркиянын мындан аркы өнүгүшү үчүн олуттуу шарттар жок деген пикирлер менен макул болуу таптакыр мүмкүн эмес. Албетте, колдо болгон нерсе менен ойдо болгон нерсенин ортосундагы жол «узак жана ийри-муйру», анын үстүнө, заманбап дүйнөдө бул жолду Түркия глобалдык масштабдардагы, анын ичинде технологиялык чөйрөдөгү, конкуренттик (атаандаштык) артыкчылыктарын түзүү аркылуу басып өтүүнү ниет кылууда.

Түркиянын өнөр жай жана соода министри Нихат Эргүн тарабынан өлкөнүн өнөр жайын 2014-жылга карата өнүктүрүү Стратегиясына карата айткан сөздөрүнүн айрым негизги моменттерин өзүнчө пункт катары баса белгилеп айткыбыз келип жатат. Министр мырзанын сөздөрүнө караганда бул Стратегия үч жылга эсептелген 72 иш-чарадан турат. Мындай иш-чаралар келечекте Түркияны Евразиянын «орто жана жогорку технологиялардын» өндүрүмдөрүн (продуктыларын) өндүргөн өнөр жай борборуна айландыруу максатын көздөйт. Күтүлгөндөй, Стратегиянын 20 пункту технологиялык өнүгүүгө багытталса, 15 иш-чара жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү колдоого арналган. Стратегияга киргизилген иш-чаралар катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

- компанияларды каттоо процедураларын жеңилдетүү;

- жумушсуздук менен күрөшүү ;
- кесипкөй (профессионалдык) билим берүү;
- салыктарды стимулдаштыруу;
- кичи жана орто бизнести каржылоо;
- илим менен билим берүүгө инвестицияларды кылуу;
- өнөр жайдын импорттон көз карандылык арбын байкалган тармактарын колдоого алуу;
- мамлекеттик-жеке менчик өнөктөштүгү схемаларын өнүктүрүү;
- уюмдашкан өнөр жай зоналарынын жана технопарктардын санын өстүрүү;
- жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өндүрүмүн (продукциясын) пайдаланууга стимул берүү (мамлекет сатып алып жаткан мезгилде жергиликтүү өндүрүүчүлөргө баа преференциясын караган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү күтүлүп жатат).

Бул иш-чаралардын бардыгы өлкөнүн экспортундагы технологиялык товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшүн 5%дан, жок дегенде, 20%га чейин көтөрүүгө багытталган.

Мындан сырткары министр мырза түрк экспортерлору Еврошериктештиктин комфорттуу жана ачык (прозрачный) шарттарында иштөөгө көнүп калышкан, бирок, тобокелге салып Африка менен Латын Америкасына барууга мезгил жеткенин баса белгилеген. Бул үчүн динамикалуу, конкуренттикке (атаандаштыкка) жөндөмдүү жана ийкемдүү өндүрүш түзүү жана жеке сектордун конкуренттикке (атаандаштыкка) жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу зарыл. Ошондой эле география, демография, өнүккөн кичи жана орто бизнес сыяктуу Түркиянын конкуренттикке (атаандаштыкка) жөндөмдүү артыкчылыктарын эффективдүү пайдалануу абзел [M. Rifat Hisarcıklıoğlu, TOBB Yönetim Kurulu Başkanı].

Бул диссертациялык иште, жогоруда каралган кыргыз-түрк мамилелериндеги экономикалык маанайдагы көйгөйлүү маселелер массалык

маалымат каражаттарында кеңири орун алгандыктан, Кыргызстанда дагы, Түркияда дагы көптөгөн адамдарга жакшы белгилүү. Биздин максат аталган келишпестиктерде тараптардын кимиси туура же туура эмес экенин талдоо эмес, эки ишкананын деңгээлиндеги пикир келишпестик өсүп олтуруп, эки өлкөнүн байланыштарына таасир тийгизе турган деңгээлге жеткенин себептери менен натыйжаларын көрсөтүү, ошондой эле алардын келечегине прогноз жасоо өтө маанилүү болуп саналат.

Экономикалык иш-аракеттерге байланыштуу келип чыккан көйгөйлүү маселелердин негизги себептеринин биринчиси болуп либералдуу экономиканын укуктук базасы толук түзүлбөгөндүгү жана либералдуу экономикага таандык коомдук аң-сезимдин толук калыптана электиги эсептелет. Экономикалык либерализм мамлекеттин алдында жергиликтүү жана чет элдик баардык ишканалар бирдей болушун жана мамлекеттин обьъективдүү позицияны ээлөөсүн талап кылат. Өзгөчө “Ак-Кеме – Пинара” маселесинде Түркия дагы, Кыргызстан дагы, тилекке каршы, объективдүү позицияны ээлей алган эмес. 1999-жылы өкмөт гарант болгондугуна байланыштуу эки жеке менчик ишкана ортосунда чыккан келишпестик өкмөттөр аралык маселеге айланып олтурат. Тактап айтканда, бул жагымсыз окуя экономикалык көйгөй болуу менен эле чектелбестен, саясый маселеге да айланып бара жаткандай сезилет. Өкмөттөрдүн бул маселеге жакындан кийлигишүүсүнүн бирден-бир себеби Түркияга таандык “Түрк эксимбанк” аркылуу Кыргызстанга берген кредити болуп саналат.

Ал эми экинчи себеп мейманкананы курулушу үчүн берилген Түрк эксимбанктын кредитин кайтарып төлөөгө байланыштуу келип чыккан абал болуп саналат. Кыргызстандын Түркиядан алган кредитин кайсыл тармактарга колдоноору жана кайтарымдуулугу боюнча шарттар терең изилденип, пландалбаганы көрүнүп турат.

Үчүнчү бирден-бир маанилүү себеп “Импашта” дагы, “Ак-Кемеде” дагы процедуралар колдонулган эмес. Анын себеби: чечимдер жогорудан алынгандыктан, эксперттик топтордун пикирлери жана жасаган иштери эске

алынбай калган. “Импаш Холдинг” жер тилкесин сатып алып жатып укукчуларына келишимдин мыйзамдык актыларга туура келээрин талдатпаган сыяктуу, Кыргызстандын Ички иштер министрилиги дагы сатуу иш-аракетин Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык процедуралардан өткөргөн эмес. Президенттин деңгээлиндеги маселелер чечилип жаткандыгына байланыштуу “Ак-Кеме” мейманканасынын курулушуна карата Мамлекеттик архитектура тиешелүү текшерүү ишин жүргүзгөн эмес. Пикир келишпестиктерди алдын алуу боюнча Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда эл аралык келишимдин жоктугу дагы түрткү болгон десек жаңылыштык болбойт. Оптимистик жана рационалдуу эмес жүрүм-турум да көйгөйлүү маселелердин келип чыгышына шарт түзүү менен эки тарапта тең укуктук жана психологиялык жактан даярдыктын жоктугун көрсөттү десек болот.

Төртүнчү маанилүү себеп - бул мамлекеттик уюмдар дагы, жеке менчикке негизделген ишканалар дагы биргелешкен экономикалык инвестициялык долбоорду баштап жатып, экономикалык, техникалык жана финансылык анализдерди тиешелүү деңгээлде жүргүзгөн эмес. Чоң үмүт жана реалдуу эмес долбоорлор эки ишкана эле эмес, эки элдин да аң-сезиминде терс пикирлер менен көз караштарды калтырууда.

Бешинчи себеп катары “Импаш Холдинг” жана “Ак-Кеме” ишканалары акционердик коом болгондугун көрсөтүүгө болот. Келишпестиктерди жана көйгөйлүү маселелерди талдап жатып тараптардын ар бири акционердик коом экени аныкталган. Акционердик коомдордо чарбалык иш-аракеттер ишкананын ээси эмес, кызматкер-менеджер тарабынан жетекчиликке алынып, тескелгендиктен, ката кетирүү көбүрөөк кездешет. Буга кошумча, мындай келишпестиктерге көп үлүштүү ишканалар жана мамлекеттик уюмдардын кийлигишүүсү эки өлкөнүн дипломатиялык байланыштарына жана имиджине залакасын тийгизээри анык.

“Ак-Кеме” мейманканасынын курулуш баасынын жогору болушу, стадиондун сатылышы өңдүү себептерде коррупциялык схемалар бар деген сын кездешкени менен иш жүзүндө тастыкталган бир дагы далил жок. Чарба

жүргүзүп жаткан ишкерлердин бири билдиргендей, укуктук кемчиликтер менен өксүктүктөрдү жеке кызыкчылыктарын көздөгөн мамлекеттик кызматкерлер колдонуп жатканы жашыруун эмес.

**ТҮРКИЯ МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРТОСУНДАГЫ МАДАНИЙ-ГУМАНИТАРДЫК КЫЗМАТТАШТЫКТЫН КЕЛЕЧЕГИ.** Бул багыттагы кызматташтыктын келечегин билим, идеялар жана долбоорлор, инновациялар деп аталган 3 өзөктүү категория аркылуу туюнтсак болот.

*«Билим» категориясына:* 1) Еврошериктештик жана башка өлкөлөр менен бирдикте технологиялык кызматташтыкты, технопарктарды жана илимий шаарчаларды, стандартизация, экспортту өнүктүрүү, сапат менен эффективдүүлүктү жогорулатуу багытындагы ар кандай илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу; 2) өнөр жайын (анын ичинде кичи жана орто бизнести), кредиттик-каржылык (финансылык) институттарын, мамлекеттик мекемелерди (өнөр жай жана соода Министирлиги, коргоо өнөр жайынын Ведомствосу), чөлкөмдөрдөгү өкүлчүлүктөрдү (айтсак, Мерсинди) ж.б. колдоого алууну уюштуруу кирет;

*«Идеялар жана долбоорлор» категориясына*: 1) университеттер; 2) илимий-изилдөө мекемелери кирсе,

*«Инновациялар» категориясына*: 1) жеке бизнес кирет.

Еврошериктештикке кирүү процессинин өзү эле түрк өнөр жайынын өнүгүшүнө жана анын өндүрмдөрүн (продукцияларын) Еврошериктештиктин технологиялык деңгээли менен стандарттарына ылайык келтирүүгө карата эбегейсиз зор импульс берүүдө. Мындай процесстин динамикасын Еврошериктештиктин тигил же бул продукцияга ылайык колдонуу директиваларынын талаптары ырааттуу жазылган AİA (Enterprise Europe Network) деп аталган басмасынын өнөр жай сектору боюнча макалалары [Nihat Ergün, T.C. Sanayi ve Ticaret Bakanı.] жана бул талаптарды ишке ашыруу багытындагы түрк өндүрүүчүлөрүнүн кадамдары ачык көрсөтөт. Мындан сырткары, Түркия Еврошериктештиктин мүчөлүгүнө кирүүгө кандидат өлкө катары ар кандай багыттагы, анын ичинде илимий-изилдөө иштерин колдоого

багытталган европалык программаларга катышуу мүмкүндүгүнө ээ. Айтсак, алардын арасында бюджети 53,2 млрд евро түзгөн «Framework Program» деп аталган жарандык изилдөөлөрдү колдоого багытталган дүйнөдөгү эң ири программанын [URL:http://www.cordis.europa.eu/fp7/home_en.html.] түрк тараптагы координотару болуп илимий жана технологиялык изилдөөлөрдүн Түрк агенттиги (Tübitak) саналат [URL: www.tubitak.gov.tr/].

Түркияда билимдерди «өндүрүүнүн» (өлкөнүн патенттик жөндөмдүүлүгүнүн) жана интеллектуалдык менчикти укуктук жактан сабаттуу жактоонун маселелерине өзгөчө көңүл бөлүнөт. Мындай жагдай патент, пайдалуу модель, өнөр жай дизайны, марка ж.б. коргоонун ар кандай түрлөрүн түшүндүргөн өтө көп сандагы таратма (раздаточный) материалдардын, аталган коргоо механизмдерин Түркиянын патенттик институтунда каттоо процедураларынын жана орто жана кичи бизнеске таандык мекемелерге карата интеллектуалдык менчиктен пайда болгон жеңилдиктердин болушу менен түшүндүрүлөт [URL: www.turkpatent.gov.tr/portal/default.jsp.] [URL: www.turkpatent.gov.tr/portal/default.jsp.]. Дегеле, кийинки кездерде Түркиянын өзүндө өлкөнүн юридикалык ЖОЖдору патенттик коргоо боюнча атайы адистерди даярдоо зарылдыгы бардыгы тууралуу пикирлер арбын айтыла баштады.

Акыркы жылдары түрк товарларынын сапаты бир кыйла жакшырууда. Экспорттук багыт алган Түркия тарабынан сапат маселелерине берилген өзгөчө маанини бул чөйрөдөгү лидер компанияларга ыйгарылган ар кандай сыйлыктар боюнча да баалоого болот. Ушуга байланыштуу 1993-жылдан тарта негизделип, жыл сайын ыйгарылып турууучу сапаттын Улуттук сыйлыгы жана түрк уюмдарынын ар кыл европалык жана чөлкөмдүк программаларга катышуусун айтуу максатка ылайык [URL: www.koyk.kalder.org/][ URL: www.koyk.kalder.org/]. Түркиянын өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга карата ниети күчтүү болгондуктан, бул проблематика боюнча окутуунун эбегейсиз көп программалары бар [URL: www.mpm.org.tr/].

Дагы бир маанилүү багыт болуп өнөр жайы үчүн интеллектуалдык иштетмелерди (разработки) тезирээк ишке ашыруу максатында техникалык чечимдерди иштеп чыгуу максатында окуу жайлары жана мекемелердин ортосундагы өнөктөштүк эсептелет. Мындай программалар жалпы мамлекеттик гана эмес, чөлкөмдүк, о.э мамлекеттер аралык деңгээлдерде да ишке ашырылууда [Mersin İnovasyon Stratejisi. 2006-2016, Mersin.].

Азыркы күндө Кыргызстан жана Түркия ортосундагы өлкөлөр аралык эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштар либералдуу эркин рынок экономикасына таянган саясат аркылуу колдоого алынып, өнүктүрүлүүдө. Бул багытта билим берүү тармагы түздөн-түз инвестиция салуу жана пайда алуунун бир бөлүгү болуп саналат. Квалификациялуу адам ресурстары заманбап экономиканын эң маанилүү баалуулугу катары каралгандыктан, көптөгөн эл аралык жана жергиликтүү ишканалар билим берүү тармагына түздөн-түз инвестиция салууда же билим берүү иш-аракеттерин колдоого алууда.

Либералдуу экономика өлкөлөр арасындагы чек аралардан капиталдын жана продукциялардын эркин айланышы үчүн ачык-айкындуулукту талап кылат. Мындай тенденция экономика менен билим берүү тармактарын бири бирине карата мурда тарыхта болуп көрбөгөндөй көз каранды абалга алып келди. Көп улуттуу ишканалардын пайда болушу бул ишканаларда эмгектене турган адам ресурстарына болгон муктаждыкты да жогорулатты. Бул болсо, өз кезегинде, жеке (физикалык) жана юридикалык жактарды чет өлкөлөрдүн билим берүү тармагына инвестиция салууга стимулдаштырууда. Калкынын санын жана жалпы аянтын эске ала турган болсок, Кыргызстан БА өлкөлөрүнүн ичинен билим берүү тармагына эң көп инвестиция тарткан өлкө болуп саналат. Мурунку баптарда айтылгандай, учурда Кыргызстанда эл аралык алты университет жана ар кайсыл университеттерге тиешелүү 14 филиал иш жүргүзүүдө.

Жогорку билим берүүгө кеткен чет элдик инвестицияларды эсептөө татаал болсо дагы, анын өлчөмү чоң экени талашсыз. Мисалы, Европа биримдигинин “Темпус” программасынын алкагында азыркы күнгө чейин 6

миллион евро менен бааланган 17 ири долбоор ишке ашырылган [Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Konuşması www.youtube.com]. Ал эми кыргыз-түрк “Манас” университети үчүн 2012-жылга чейин 230 миллион АКШ доллары өлчөмүндө инвестиция келген. Акыркы 2012-2013-жылдарда салына турган имараттар үчүн 40 миллион доллар инвестиция жумшалган [AUCA Academic Review.-2008. -186-192-б]. Айрыкча, эл аралык университеттерде чет өлкөдөн келип, окуган студенттер дагы өлкөнүн экономикасына кыйыр түрдөгү салымын кошууда. Кыргыз-түрк билим берүү кызматташтыгы Кыргызстанда чарба жүргүзүп жаткан түрк ишканалары тарабынан колдоого алынып келет.

Кыргызстандагы түрк фирмалары орто жана чакан өлчөмдө, негизинен, өндүрүш, курулуш жана тейлөө тармактарында чарба жүргүзүшөт. Андыктан, эл аралык соода менен алектенген башка ишканаларга салыштырганда көбүрөөк жумушчу орундарын түзүшөт. Кыргыз-түрк жогорку окуу жайлары жана лицейлери сапаттуу адистерди даярдоо менен катар жергиликтүү бир катар атуулдарды жумуш орду менен камсыз кылууда. Бирок, бул багыттагы кызматташтыктын оң натыйжаларына карабастан, Кыргызстандагы билим берүүнүн Түркияга таандык мекемелери кээ бир чөйрөлөр менен кээ бир изилдөөчүлөрдүн сын пикирине дагы кабылып, коомчулукта айрым бир шектенүүлөрдү жаратууда.

Билим берүү тармагындагы кызматташтыкка карата шектенүү жана курч мүнөзгө ээ сын пикирлер жүйөлүү эмес экенин далилдеген эки себеп бар:

- биринчиден, айрым изилдөөчүлөр азыркы Кыргызстандагы Түркияга таандык билим берүү мекемелерин XVIII жана XIX кылымдарда, башкача айтканда, колониялаштыруу мезгилинда батыштыктар тарабынан ачылган миссионер окуу жайларына окшоштурууда. Бирок, БА элдери мусулман болгондуктан, мындай тыянак чыгаруу туура эмес;
- экинчиден, заманбап Кыргызстандагы Түркияга таандык окуу жайлар тууралуу изилдөө жүргүзгөндөр Кыргызстанга жана Кыргызстандагы Түркияга таандык окуу жайларга келбеген, ал эмес, бул өлкө менен андагы окуу жайларды такыр көрбөгөн адамдар экенин байкоого болот [Balcı, B., 2003]. Бул

жагынан алганда, алар тарабынан жазылган маалыматтар илимий принциптерге таянбастан, саясый өңүттө жасалган, айтылган сын пикирлер геосаясый жана геоидеологиялык көз караштардан улам келип чыккан деп коркпостон эле айтууга болот. Бардык билим берүү мекемелери белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлгөнүн эске ала турган болсок, айтылып келе жаткан сын пикирлердин орунсуз экени ачык эле көрүнөт.

Айтылгандар төмөнкү корутундуларга негиз боло алат:

1. Кыргызстандын тышкы байланыштарына карата Москва башында турган мурдагы метрополиянын саясый тескөөсү четке кагылгандан кийин көз карандысыз жаш мамлекет үчүн сырткы дүйнө менен байланышуунун жаңы, тааныш эмес мүмкүнчүлүктөрү тышкы саясаттын ар кыл багыттарын калыптандырууга алып келген. Көз карандысыздык жылдар ичинде Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын артыкча (приоритеттүү) деп табылган багыттары катары Орусия менен КМШ, Батыш Европа өлкөлөрүн, Түркия, Иран, Пакистан сыяктуу ислам дүйнөсүнүн мамлекеттерин атоого болот.

2. Өлкөнүн дипломатиялык жүрүм-турумдун анализинин негизинде Анкаранын реалдуу геосаясый ниеттерин аныктоо кыйын экенин эске алсак, анда геосаясый диспозициялардын амбиваленттүүлүгүнүн планында Түркия кандайдыр бир деңгээлде БА мамлекеттерине абдан окшош. Ошол эле учурда дал ушул аныксыздык касиети Орусия же Кытай сыяктуу объектти тандап алып, андан соң геосаясый БА мамлекеттеринин саясый элиталары менен мамиле куруудагы балансты издеп таап, ошондон кийин гана тандалып алынган объект менен макулдашууларды жүргүзүү үчүн зарыл болуп саналган убакытты утуп алууга мүмкүндүк берет.

3. Иш жүзүнө келгенде Орусия, Кытай жана АКШ сыяктуу дүйнөлүк державалар өз кызыкчылыктарынын пайдасына БАда кагылышып жаткан учурда Түркия күрөштүн соңунда кайсы оюнчу бул чөлкөм үчүн таасирдүү болуп калса, ошону менен мамилелерди түзүү сыяктуу сак стратегияны жактайт. Ошол себептен, Түркиянын ШОС уюмунун багытына карата ишке ашырылып жаткан тышкы саясатынын диверсификациясы анын заманбап

кызыкчылыктарына дал келет. БАда акырындык менен алыскы келечекте Анкаранын пайдасына кандайдыр бир дивиденддерди берүүгө жөндөмдүү болгон дүйнөлүк күчтөрдүн геосаясый орун которуулары акырындык менен бышып келе жатат.

4. Түрк өкмөтү өлкөнүн өнөр жайын андан ары өнүктүрүүгө, анын диверсификациясын, технологиялуулугун жана эффективдүүлүгүн жогорулатууга өзгөчө көңүл буруп, бул максатта мамлекеттик стимулдаштыруу иш-аракеттеринин бүтүндөй бир комплексин даярдоодо. Экономиканы инновациялык жолго которуунун маанилүүлүгү күмөнсүз экени ачык-айкын түшүнүлүүдө.

5. Түркия «орто технологиялык деңгээлдеги» өлкөгө айланды, ал чыгарган продукция диверсификацияланган, өлкө өнөр жай потенциалына жана жетишерлик сандагы адам ресурстарына ээ. Бул факторлордун баардыгы Түркия тең жакынкы келечекте жаңы сапаттык деңгээлге өтүүсүн шарттаган мыкты мүмкүндүктөргө ээ экенинен кабар берет. Кредит жөндөмдүүлүгүнө ээ жеке менчик секторунун жана туруктуу банк системасынын болушу ылайыктуу мамлекеттик колдоонун таасири астында бул мүмкүндүктөрдү толук кандуу пайдаланууга көмөк бермекчи.

6. XX кылымдын 90-жылдарында Россия менен мурунку Советтер Союзунун республикаларына карата болгон экспорттук жарылуу Түркиянын өнүгүшүндөгү секирик трамплини болгон сыяктуу азыркы шарттардагы сапаттык жаңы деңгээлге өтүү түрк продукциясын экспорттоонун багыттарын Африка, Латын Америкасы өлкөлөрү ж.б. жаңы багыттарга жайылтып, анын Жакынкы Чыгыштагы позицияларын бекемдеп, дүйнөлүк рынокторго таанылган «глобалдык маркаларды» түзүү, башкача айтканда, түрк продукциясынын бренддигинин эсебинен АКШ менен Евробириктештиктин чектерине чыгуу мүмкүндүгүнө ээ.

7. Бүгүнкү күнгө чейин Түркия илим менен билимдерди өндүрүү чөйрөсүндө жогорку орундарга ээ болбой келсе да, өлкө башка мамлекеттердин тажрыйбасы менен таанышып, анын негизинде өз өнүгүүсүнүн программасын

даярдоого жана аны ишке ашырууга, чет өлкөлүк окумуштууларды ишке тартууга, ошондой эле Батыш өлкөлөрүнөн билим алган студенттерди Түркияда иштөөсү үчүн кайтарып алууга далалат кылууда.

8. Түркиянын изилдөөлөрдү колдоого алган европалык программаларга уламдан улам көп катышуусуна өзгөчө токтолууга болот. Анын даңгыр келечекке жол ачып берүүгө жарамдуу илимий-изилдөө базасы (технопарктар менен илимий шаарчалар) бекемделип, илим менен бизнестин ортосундагы өнөктөштүк программалары түзүлүүдө, инновациялык багыттарды өнүктүрүүгө акча каражаттары бөлүнүүдө. Кыскартып айтканда, түрк экономикасынын инновациялуулугун жакынкы келечекте көрсөтүүгө жана аны тез өстүрүүгө мүмкүндүк берген олуттуу потенциал түзүлүүдө.

# КОРУТУНДУ

Кыргызстан-Түркия ортосундагы эки тараптуу байланыштар жыл өткөн сайын жаңы деңгээлге чыгып, улам жаңы багыттар менен толукталып келүүдө. Өзгөчө, 2010-жылдан тарта эки тараптуу байланыштар расмий бийлик өкүлдөрү тарабынан стратегиялык деп бааланууда.

Муну менен катар, маселелерди ачыкка чыгарбай, аларды изилдебей коюу узак мөөнөткө созулган байланыштардагы пайдага караганда зыянды көбүрөөк алып келээрин дүйнөлүк практика күбөлөйт. Анткени, эл аралык байланыштарда чечилбеген маселелер убакыттын өтүшү менен өөрчүп олтуруп, коомдун аң-сезиминдеги жаңы стеоротиптердин келип чыгышына себеп болот.

Көйгөйлүү маанайдагы жалпы проблемалардын катарына экономикалык, саясый жана социалдык маселелер кирээрин көрүүгө болот. Экономикалык маселелер, бир жагынан, эки өлкөнүн ички маселеси катары каралса дагы, эл аралык масштабга ээ маселе экени талашсыз. Өзгөчө, эки өлкө ортосундагы соода жана экономикадык иш-аракеттердин өнүгүшү үчүн темир жолу жана кара жол сыяктуу натыйжалуу транспорттук тармактардын жоктугу, укуктук жана материалдык инфраструктуранын жетишсиздиги, өлкөлөр аралык чек ара маселелери жана БАдагы ички экономикалык интеграциянын жоктугу негизги тоскоолдуктардын катарында болуп саналат. Эл аралык деңгээлдеги маселелер менен катар эки өлкөнүн ортосунда чечиле турган, тилекке каршы, жеке менчикке негизделген ишканалардын деңгээлинде башталып, чыңалып олтуруп, мамлекеттик деңгээлге чейин жеткен айрым маселелер да бар.

Осмон мамлекетинин жана Түркия Республикасынын тышкы саясаттагы биринчи приоритети дайыма Батыш болгон. Түрк мамлекетинин Чыгыштын түрк жана ислам өлкөлөрү менен болгон маданий байланыштары уланган күндө дагы, алар менен болгон алаканын саясый жана экономикалык багыттары ар кыл себептерден улам үзгүлтүккө учурап келген. Айтсак, 1990-жылдарда Түркиядагы саясый туруксуздук жана экономикалык кризис, 2005-, 2010-

жылдардагы Кыргызстандагы элдик көтөрүлүш жана анын натыйжада келип чыккан баш аламандыктар түрк инвесторлору үчүн ишенимди азайткан. Натыйжада, эки өлкөнүн соода жана экономикалык байланыштары өзүнүн толук потенциалын колдоно албай келүүдө.

Кыргызстандагы түрк ишканалары, негизинен, чакан жана орто ишканалар болуп саналат. Аба жолдорун эсепке албаганда, ири ишканалардын инвестициялары сейрек кездешет. «Импаш Холдинг» жана «Ак-Кеме – Пинара» мейманканасы өңдүү ири инвестициялар дагы укуктук базанын чабалдыгы, инвесторлордун жана өлкө жетекчилеринин мамлекеттин мыйзамдарын колдонбогондугу өңдүү себептерден улам чыр-чатактуу маселеге, ал гана турсун, эл аралык деңгээлдеги көйгөйгө айланган. Экономикалык маселелер менен катар эле, аз деңгээлде да болсо да, социалдык маселелер бар экени жашыруун эмес.

Эки өлкөнүн интеллигенциясы “түрк” деген терминди эки башка кабыл алат. Кээ бир изилдөөчүлөр «кансыз согуш» маалында эки өлкө карама-каршы блоктордо болгондуктан, элдин аң-сезиминде душмандык сезимдердин орноп калганын айтып келишерине токтолдук. Мындан тышкары, Кыргызстанда бир катар себептерден улам Түркиянын жана түрктөрдүн имиджи терс экенин белгилөөгө болот. Мындай көз караштардын келип чыгышына Түркиянын кээ бир атуулдары жана, аны менен катар эле, экономикалык атаандаштык шарттары себеп болууда.

Учурдагы проблемаларды илимий талдоо, аларды кыска жана узак мөөнөттүү иш-аракеттер менен четтетүү эки өлкөнүн узак мөөнөттүү дипломатиялык байланыштары үчүн зарыл деп эсептейбиз. Боордош эки өлкөнүн соода жана экономикалык байланыштарын чыңдоо, инвестицияларды тартуу, жумуш орундарын түзүү дипломатиялык байланыштардын тереңдешине жол ачат. Андыктан, келип чыккан маселелерден сабак алуу менен эки тараптуу байланыштарды илимий жактан изилдөө, маселелерди алдын алуу маанилүү болуп саналат.

Эл аралык либералдуу экономика жана либералдуу эл аралык мамилелер түзүлүшүнө улуттук мамлекет жана улутчул экономиканын жактоочулары тарабынан каршылык көрсөтүлүп келет. Бул кырдаал ички жана глобалдык экономикалык кризис маалында өзгөчө күч алууда. 2009-жылы башталган глобалдык кризис жана Евросоюздун аймагындагы терс таасир экономикалык интеграция маселесин кайрадан карап чыгуу зарылдыгына алып келди. Экономикалык жактан либералдык эл аралык мамилелер өлкө ичинде либералдуу экономика толук кандуу жүзөгө аша элек өлкөлөрдө бир катар маселелерге жол ачууда. Бул абалга жеке менчик ишканалардын ортосундагы соода жана экономикалык келишпестиктерге байланыштуу укуктук процесстерге мамлекеттердин кийлигишүүсү себеп болууда. Кыргызстан – Түркия экономикалык байланыштарынын мисалында бул абалды ачык айкын көрүүгө болот.

Жалпысынан Кыргызстан – Түркия мамилелери Орто Азия мамлекеттери менен Түркиянын мамилелерине салыштырганда жогорку деңгээлде болушуна геосаясый, геомаданий жана геоэкономикалык факторлор менен катар, эки өлкөнүн коомчулугу жана жогорку жетекчиликтери өз салымын кошууда. Бирок, бардык жетишкендиктерге карабастан бир катар экономикалык, социалдык – маданий проблемалар дагы жок эмес. Экономикалык маселелерде тышкы факторлор катары төмөндөгүлөрдү белгилеп кетүү зарыл: эки өлкөнүн ортосундагы географиялык узактык, транспорттук тармактардын укуктук жана материалдык инфраструктурасынын жетишсиздиги экономикалык маселелерге жол ачууда. Андыктан эки өлкө үчүн Жаңы Темир Жибек Жолу долбоорун жүзөгө ашыруу маанилүү болуп саналат жана колдоого алынып келет. Бирок, Кавказиядагы туруксуздук жана коопсуздук маселесинен улам долбоор аксап келүүдө. Саясатчылар тарабынан Кыргызстан – Түркия мамилелерин стратегиялык мүнөзгө ээ деп атоодо Жибек Жолу долбооруна эки өлкөнүн бирдей маани бериши жана Кыргызстандын долбоор үчүн негизги өлкө болушу түрткү болууда. Дагы бир маанилүү маселе

Орто Азия мамлекеттеринин ортосунда ич ара экономикалык интеграциянын толук кандуу ишке ашпагандыгы болуп саналат.

Ички проблемалар: өзгөчө 2000 – жылга чейин кол коюлган экономикалык келишимдер жогорудан төмөнгө карай жүргүзүлгөндүгү жана министрликтердин деңгээлинде тиешелүү жумуштар аткарылбагандыктан бир катар проблемаларга жол ачкан. Айрыкча, Түркиянын Евросоюзга кирүүгө басым жасаган учурларында Орто Азия, анын ичинде Кыргызстан менен болгон мамилелери солгундап кеткенин байкоого болот.

Алгачкы берилген кредит боюнча келишим тиешелүү алдын ала даярдык көрүлбөстөн түзүлгөндүктөн, кайтарып төлөөдө бир катар маселелер келип чыккан. Мындан тышкары кээ бир ири капиталдуу инвестициялык долбоорлордо келишпестиктердин болушу эки өлкө ортосундагы ишенимге залакасын тийгизген. Келишпестиктердин негизги себептери катары:

а) Ири инвестициялуу түрк ишканалары президент жана премьер министрдин деңгээлинде кабыл алынышы жана натыйжада укуктук жана бюрократиялык процесстерде эсепке албагандыгы болуп саналат. Тактап айтканда ички укуктук процесстер эске алынбагандыктан инвестициялар ийгиликке жеткен эмес. Бул маселелердин кийинчерээк сот процесстерине кириши жана парламентте талкууланышы коомдо аталган ишканаларга каршы көз караштын калыптанышына жана ири инвесторлордун өлкөгө киришине тоскоол болгон абалды жараткан;

б) шериктик инвестициялар тиешелүү экономикалык, техникалык жана финансылык анализден өткөрбөй туруп башталган;

в) инвестицияларды жасоодо зарыл болгон консалтингдик кызматтан пайдаланылган эмес. «Импаш Холдинг» мисалында стадиондун курулуш жайы катары тандалып алышы жогоруда айтылгандарды далилдеп турат.

Экономикалык келишпестиктерди тереңдеткен эң негизги фактор эки өлкө өкмөттөрүнүн укуктук процесстерге кийлигишүүсү болуп саналат. Жеке тармактын субъекттеринин ортосунда чыккан келишпестик мамлекеттер аралык деңгээлге чыгарылган.

Бул тармакта тиешелүү илимий изилдөөлөр, билим берүү иш аракеттери жолго коюлбагандыктан кээ бир кабыл алуу айырмачылыктары келип чыгып, социалдык – маданий маселелердин катарын толтурууда. Түркиянын коомчулугу жана саясатчыларынын аң сезиминде бардык Орто Азия бир бүтүн катары каралат. Ал эми Түрк тилдүү өлкөлөр улуттук мамлекетти куруунун зарыл шарты катары айырмачылыктарга дайыма басым жасашат. Бул өз кезегинде тарыхый процессти өзүнө камтыйт. Акыркы жылдарда бул маселе кайсыл бир деңгээлде чечилгени менен толук изин жогото элек. Бул багыттагы дагы бир орчундуу маселе, кээ бир уюмдарда, ишканаларда болуп өткөн жагымсыз окуялардын массалык маалымат каражаттары аркылуу жарыяланып, терс коомдук пикирди пайда кылуусу болуп саналат. Мындай терс коомдук пикир коомчулукта бир катар стереотиптердин пайда болушуна жол ачат. Ошондой эле маданий нормаларга төп келбеген жүрүм - турум көрсөткөн кээ бир атуулдар дагы коомчулукта терс пикирлердин пайда болушуна түрткү берүүдө.

Эки өлкөнүн мамилелери мындан ары тереңдеп өнүгүшү үчүн кабыл алынган чечимдер жана келишимдер чындыкка жакын жана турмушка ашырууга мүмкүн болушу зарыл. Андыктан, келишимдерге шашылыш түрдө эмес, тиешелүү анализдер жүргүзүлгөндөн кийин кол коюлушу талап кылынат. Мамилелердин рационалдуу нукта өнүгүшү үчүн илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий иш-чараларды өткөрүү, эки өлкөнүн илимпоздорунун биргелешип иштөөлөрүнө жакшы шарттарды түзүү мезгилдин талабы. Бул багытта эки өлкөнүн элчиликтери коомдук дипломатияны активдүү колдонууга өтүшү зарыл. Натыйжада, мамилелерди мындан ары дагы жакшыртууга жана келип чыга турган маселелерди туура чечүүгө салым кошууга болот.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. 28 апреля 2000 года Азербайджан, Грузия и Турция подписали в Вашингтоне рамочное соглашение о строительстве трубопровода Баку-Тбилиси-Джейхан [Текст] // "Зюддойче цайтунг". – 2000. - 2. 05.

2. Аалиева, Н.К. Китай во внешней политике Кыргызстана: проблемы и перспективы [Текст] / Г.К.Аалиева, Н.К.Аалиева, Ш.К.Аалиева. - Бишкек, 2010.

3. Абдакимов, А. История Казахстана [Текст]: с древнейших времен до наших дней - учебное пособие / А.Абдакимов, ред. Д. Шаймуханов. – Алматы , 1994. – 235 с.

4. Абылов, М. Не нужно считать киргизов турклерами! [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.fergananews.com/articles/6375. - Загл.с экрана. Кирген күнү: 26 Май 2013.

5. Адарчев, О. В. Западноевропейский союз в системе европейской безопасности [Текст] / О.В.Адарчев. – М.: Изд-во Акад. ГШ ВС РФ, 1998. – 99 с.

6. Алмазбекова, А. Билим очогу «Айчүрөк» II [Текст] / А.Алмазбекова // Эркин Тоо. – 2003.- 20-март.

7. Асипова, Н. Түрк тилдүү мамлекеттердин билим тармагындагы кызматташтык түрк цивилизациясынын кайра жаралуусундагы орчундуу бир багыт катары [Текст] / Н.Асипова // Түрк цивилизациясы жана мамлекеттик салты. - Бишкек, 2004.

8. Астахова, М.А. «Турецкая модель развития» и причины ее несостоятельности для постсоветских стран Прикаспийского региона (1992–1993 годы) [Текст] / М.А.Астахова // Известия Саратовского университета. – Сер.Ист. Междунар.отн. - 2011. - Вып. 1. - С. 87-91.

9. Ахундова, Л. Р. Азербайджан – Европейский Союз: эволюция сотрудничества /МГИМО (Ун-т) МИД РФ [Текст] / Л.Р.Ахундова. – М., 2000. – 25 с.

10. Абакумов, А. В. Туранцы не тюрки [Текст] / А.В.Абакумов // Экономическая газета. - 2002. - № 40.

11. Ашнин, Ф. Д. Репрессированная тюркология [Текст] / Ф.Д.Ашнин, В.М.Алпатов, Д.М.Насилов. – М.: Вост.лит., 2002. - 296 с.

12. Бажанов, Е. П. Современный мир [Текст] / ЕП. Бажанов// Избр. труды. – М., 2004.

13. Баракелде. Түркия Кыргызстанга $21 млн грант берүүгө даяр [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://clixi.ru. www.barakelde.kg/news:3145. – Загл.с экрана. 07 июнь 2010.

14. Баракелде. Түркия Кыргызстанга 10 млн доллар өлчөмүндөгү грант бөлүп берди[Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.barakelde.org/news:20622. – Загл.с экрана. 28 октябрь 2011.

15. Бартольд В. В. Работы по истории и филологии тюркских и монгольских народов [Текст] / В. В. Бартольд, подгот. к изд. С. Г. Кляшторный, отв. ред. А. Н. Кононов. – 1968. - М.: Вост. лит., 2002.

16. Бзежинский, 3. Великая шахматная доска. Господство Америки и его стратегические императивы [Текст] / З.Бзежинский. – М.: АСТ, 1998. – 702 с.

17. Биобиблиографический словарь востоковедов - жертв политического террора в советский период (1917-1991) [Текст] / Изд. подготовили Я. В. Васильков, М. Ю. Сорокина. – СПб.: Петербургское Востоковедение, 2003. – 496 с.

18. Большая советская энциклопедия1969-1978 [Текст] / гл.ред. А.М.Прохоров, 3-е изд. – М.: Сов.Энц., 1969-1978. — 672 с.

19. Борко, Ю. А. Отношения России с Европейским Союзом и их перспективы [Текст] / Ю.А.Борко. – М.: Издательский дом "Экслибрис-Пресс", 2001. – 99 с.

20. Борко, Ю. А. Что такое Европейский Союз? [Текст] /под ред.О.В. Буториной, Ю.А.Борко. – М.: Деловая литература, 2006. — 568 с.

21. Бургонов, О. В. Международная интеграция – тенденция XXI века [Текст] / О.В.Бургонов. - СПб.: Изд-во Спбгуэф, 1999. – 97 с.

22. Вечерний Бишкек (13 декабря 1996 г.) [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.vb.kg/ . - Загл.с экрана.

23. Гаджиев, А. Г. ШОС глазами турецких экспертов. Институт Ближнего Востока [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.iimes.ru/rus/stat/2012/30-05-12.htm#top.– Загл.с экрана.

24. Гаджиев, К. С. Геополитика [Текст] / К.С.Гаджиев. – М.: Международные отношения, 1997. – 383 с.

25. Гаджиев К. С. Геополитика Кавказа [Текст] / К.С.Гаджиев. – М.: Международные отношения, 2001; 2003. – 463 с.

26. Гасанова, О. Ю. Общественная мысль в Турции [Текст] / О.Ю.Гасанова // Народы Азия и Африки. - 1965. - № I. – С. 26-34.

27. Глобализационные приоритеты экономической политики Евросоюза [Текст] / Э.А. Грязнов, К.Х. Крахт, Н.Н.Ливенцев и др., под общ. ред. В.В. Перской, Б.И. Фролова. – М.: Изд-во РАГС, 2000. - 159 с.

28. Дыйканова, Ж. Түркия 10 млн. Доллар грант берет [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.erkintoo.kg/news4874. - Загл.с экрана.

29. Жоробеков, Ж. Ж. Этнодемографические процессы в Кыргызстане [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.lib.ua-ru.net/diss/cont/328548.html. - Загл.с экрана.

30. Еремеев, Д. Е. Кемализм и пантюркизм [Текст] / Д.Е.Еремеев// Народы Азии и Африки. – 1963. - №3. – С. 58-70.

